ТОКТОШ АБЫКЕЕВ



# Кайберендин көз жашы

## ЖОМОКТОР

Токтош Абыкеев

# Кайберендин көз жашы

(Жомоктор жыйнагы)

Бишкек - 2013

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**
**А 17**

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы М. Р. Назарбековдун жалпы редакциясы астында чыгарылды.

**А 17** Абыкеев Т. “Кайберендин көз жашы”: жомоктор жыйнагы. Б.: 2013. – 160 б.

**ISBN 978-9967-457-56-0**

Бул китептеги жомоктор балдай таттуу шыңгыр тил менен жазылып, балалыктын бай кыялына канатташ болуу менен, кыргыз элинин улуу жомок казынасын байытат деген ишеничтебиз. Бул жыйнак балдардын китеп текчесинде татыктуу орун ээлери шексиз.

**А 4702300100-13**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

**ISBN 978-9967-457-56-0**

© ИМ Мамлекеттик фонду, 2013
© Абыкеев Т., 2013

# АРАП МЕРГЕН

Илгери-илгери өткөн заманда, Арап мерген менен Үсөн мерген деген эки мергенчи дос, ак кар, көк муздуу аска зоодо илбирс уулап жүрүшүп, Арап мерген тайып, терең бир муздун жаракасына түшүп кетет экен. Сыртта калган Үсөн мерген ары чуркап, бери чуркап, досун чакыра берип үнү бүтөт. Акыры эч бир жооп уга албаганда, аны өлдү деп ойлоп, айылына кабарга кетет.

Дал ошол мезгилде эси оогон Арап мерген өзүнө келип, Үсөн досун жардамга чакырат. Ал да жогортон эч жооп уга албай үмүтү үзүлгөндө:

- Жаракада жалдырап,
Мында тоңуп өлгөнчө,
Аркар кууп баратып,
Аскадан учуп өлсөмчү,
Кулжа кууп баратып,
Же куумайдан кулап өлсөмчү ай! – деп арман кылып отуруп калат. Ошентип канча отурганын билбейт, кантсе да тирүү жан болгондон кийин акыры ордунан туруп, муздун жаракасы менен жылып жөнөйт.

Бир жерге келсе, шырылдап аккан суунун үнү угулат имиш. Доош чыккан жерге барса, билектей суу агып жатат дейт. "Аккан суу акыры бир жерден чыгаар," - деп агын менен кошо өрмөлөп жөнөйт. Барган сайын жер менен муздун арасы ачылып, адам эңкейип жүрсө болчудай кеңейет. Дагы бир аз жүргөндөн кийин суу көбөйүп, муз менен жердин арасы адам бою баткыдай кеңдикке жетет. Чарчаган мерген жээкке чыгып отуруп, уктап кетет. Бир маалда, күтүр-күтүр деген доош менен кошо, кандайдыр бир тирүү жандын бышылдаган үнүнөн улам чочуп ойгонуп, үн чыккан жакты акырын аңдып жөнөйт. Муздун алды таптакыр караңгы эмес, а таңкы үрүл-бүрүлдөй жарык болот имиш. Ошондуктан, анча алыс эмес жердеги нерсени ажыратып тааныса болот дейт.

Канжарын колго кармаган Арап мерген акырын келип караса, ой тобо, кадимки эле уйдун торпогу, бир нерсени күтүрөтүп жеп жүрөт имиш! "Чын эле торпокпу же көзүмө бир нерсе көрүнүп жатабы?" - деп көргөн көзүнө ишенип-ишенбей турганда, торпок да Адамды сезип, "Мөө,"- деп башын көтөрүп түз эле Арап мергенге келип, бети башын жыттагылап, жанында туруп калат.

Кулак мурун кескендей жалгыздыкта, мал болсо да тирүү жан эмеспи, бир боорундай жөлөк сезип, торпокту кучактап алып көпкө ыйлаптыр. Бир маалда өзүнө келип, торпокту караса, териси жылтырап, өтө семиз имиш. "Бу муз алдында чөп өспөсө, эмне жеп семирди экен?" - деп торпок күтүрөтүп жеген нерсени колуна алып караса, кадимки эле саратандагы уйларды сайгактаткан көгөндөр, муздун алдын чээн кылып, ушул жерде кышташат окшойт. Ал жерде жаткан көгөндөрдүн уюгунун калыңдыгы, үч карыштан ашат экен.

Муз алдында тирүү жолуккан бул торпок, ага өтө чоң таасир этип, - "Демек, бул жаныбар суукка тоңуп, ачкадан өлбөгөн соң, мени да кудай

өзү сактаар," - деп торпокту айдап, суу бойлоп жөнөп калат. Жүрүп отуруп бир жерге келсе, козу-улактарын ээрчитип, кырк чакты кой-эчкилер да жүрөт имиш. "Ээ, эл көчкөндө көп эле мал-мүлк ашуудагы муздун жаракасына тайып кетчү эле, көрсө, өлбөй калганы ушинтип көгөн жеп жашай берет турбайбы," - деп аларды да алдына салып, андан ары жөнөптүр. Жүрүп-жүрүп отуруп, дагы бир төө, беш алты ат таап алат. - "Бул да болсо кудайдын бергенидир" - деп, аттын бирин кармап минет экен, калганын айдап отуруп, дагы бир жерге келгенде, эс алмакчы болот. Жатканга жумшак болсун деп, көгөндөрдөн алдына калың шилеп, эми жамбаштап жатканда, бир кереметтүү окуя башталат...

Кайдан экени белгисиз, бир маалда муз алдында жапжашыл нур пайда болуптур. Ал жашыл нур бара-бара көк, сары нурга айланып, анан эле кызыл-тазыл түстөгү нурлар менен айкалышып, асмандан түшкөн Асан Үсөндөй, нур бийлери башталыптыр. Азыркы эле күүгүм тарткан муз алдындагы үңкүрдө, ар кыл боёк менен миң түркүн түстө шоола чачкан нурлар, бири бирине оошуп, бирин бири коштоп, кудум эле жомоктогу сыйкырдуу Алтын сарайдай, адам акылы жетпеген кооз көрүнүштөр муз алдын жаркыратып жиберет! Ал эми төбөдөн салаңдаган муздар да бири бирине чагылышып, көктөн жылдыз жаагандай жылт-жулт этип, көз жоосун алган керемет башталыптыр.

Үч уктаса да түшкө кирбеген, муз алдындагы мындай ажайып көрүнүштүн болору, бир топтон кийин кайдадыр бир жакка сиңип, акырын барып көздөн кайым болуптур. Мерген эмне болуп кеткенин түшүнбөй да калат. Көрсө, муздун бир жаракасынан тайып түшкөн күндүн нуру, мөлтүрөп аккан сууга тийип, суудан музга, муздан музга чагылышканынан, бул ажайып көрүнүш пайда болгон турбайбы! Арап мерген муну жакшылыкка жоруп, атты минип, малды айдап, андан ары жөнөйт. Ал бара бериптир, бара бериптир. Ийри-буйру аккан сууну жээктеп жол басып, жүрө бериптир, жүрө бериптир. Курсагы ачкан жерлерде, кой эчкиге кошулуп, көгөндөрдөн кочуштап жей бериптир, жей бериптир. Кудай колдоп ал дагы жашай бериптир, жашай бериптир.

Ошентип жүрүп отуруп, Арап мерген муз алдында канча күн, канча түн, канча ай жүргөнүн билбей, эсебинен да адашат. Ал бойлоп бараткан суу күн өткөн сайын көбөйө берет. Көбөйүп, көбөйүп отуруп акыры төрт тегирмен суу болот экен. Аны көрүп, "Жер бетине чыгаарга, эми аз эле калгандыр," - деп баратса, суу келип-келип, бир көбүк чачып кайнап жаткан, муз алдындагы көлгө кирип кетиптир. "Олдо атаңдын көрү ай!" - деп, бөлтүрүгүн алдырган бөрүдөй, көктү карап улуп-улуп ыйлайт экен. Алынбай жүрүп саксайган сакалын жулуп-жулуп ыйлайт экен. Кайнаган көлдүн жээгинде көзүнүн жашын тыя албай же өзүнүн жанын өзү кыя албай, башын мыкчып отуруп калат экен. Бир кезде өзүн токтотуп, "Бу мен кандай балээ көлгө туш болдум?" - деп, жакын келип караса, көл кайнабай эле, көлдөгү балыктын көптүгүнөн көл кайнап жаткандай көрүнгөн экен. "Эх-ээ, бул да болсо ырыскы," - деп бир балыкты тутуп караса, эки көзү жок, башы тултук, сокур балык имиш. Оой! - деп чочуп кетип колундагы балыкты таштап ийип башкасын тутса, анын да көзү жок,

сокур балык экен. "Кудурети күчтүү кудай ээй, караңгы көлдүн балыгын, көзү жок жаратканын карачы! Көрбөгөн кишиге айтсаң ишенбейт. Анан да, көзү жок балыктын ыраңы да суук болот турбайбы. Биринчи көргөндө, бир чочуп алат экенсиң, баччагар. Мейли, ачкалыкка айып жок, сокур болсо да ырыскы," - деп аны бышырып жеп, малын айдап, андан ары көлдү айланып жөнөйт.

Бир жерге келсе, күркүрөгөн эле добуш чыгат - "Мунусу дагы эмне болуп кетти экен?" - деп ошол жакка жөнөйт. Бир маалда, добуш чыккан жактан жылтыраган жарык көрүнөт. Шашкан бойдон атына камчы уруп жакын келсе, мөңгү бүтүп, көлдүн суусу тоо боорунан атып чыккан, Апшыр-Ата шаркыратмасына келип калыптыр! Ал жерден эки ай бою сыртка чыга албай, үңкүрдүн оозун кеңейтип казыптыр. Акыры төө баткандай тешик болгондо, бүт малын айдап чыгып үйүнө келсе, эл чогулуп Арап мергенди былтыр эле өлгөн деп, кара ашын берип жатышкан экен, өлдү деген Арап мерген күтүрөтө мал айдап, жүгү менен төө жетелеп келгенин көргөндө, элдин оозу ачылып, Гүлжан деген аялынын эси ооп, аш дегени тойго айланып,чөйчөктөргө шарап куюлуп, сыр кеседе кымыз сунулуп, Арап мергендин айдап келген малы бүт түгөнгөнчө той болгон дешет.

Анын тоюна, Мадылык Манас мерген, Самарканддан Сапар мерген, Алайдан Алым, Карим мергендер, Чечмелик Чебич, Шарип мергендер келишкен экен. Ал тойдо, алыстан келген конокторду Арап мергендин жан досу Үсөн мерген тейлеп жүрүптүр. Мен дагы ал тойдо болуп, Арап мергендин шарабын ичип, башынан өткөн ошол окуясын өз оозунан укканмын.

Менмин деген мергендер да ал окуяны Арап мергендин өз оозунан укканда, ооздору ороодой ачылып, "Оо! Элеман байдын Эр Төштүгү жер түбүнөн келсе, сен муз алдынан келген биздин Төштүк болдуң!" - деп айтышты.

Эмесе балдар, ушуну менен Арап мергендин айтып берген бул жомогу аягына чыкты.

# БҮБҮАЙША-КУУРЧАК

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен. Илгери-илгери өткөн заманда бир байдын Айзада, Гүлзада деген эки кызы болуптур. Күндөрдүн биринде Айзада кыз сайма сайып отуруп, өзүнүн эски топусунан кооз бир куурчак жасап, Гүлзада сиңдисине берет экен. Гүлзада кыз ал куурчагына Бүбүайша деп ат коюп, калем менен бакырайган көз тартып, карлыгачтын канатындай каш чийип, комуздай мурун, оймоктой ооз жасаптыр. Анан, боз үйдүн артындагы чоң бир аткулактын түбүнө үй жасап, куурчагы менен ошол жерде ойночу экен.

Күндөрдүн биринде эл журт которуп, башка бир жакка көчүп калышат. Шашылышта Гүлзада кыз, Бүбүайша куурчагын аткулактын түбүндөгү үйгө унутуп кетиптир. Ошентип, Бүбүайша куурчак түнү менен өзү жалгыз аткулактын түбүндө жатат. Ал аткулак жөнөкөй эле аткулак эмес, а сыйкырдуу аткулак экен. Ошондуктан, эртеси таң агарып, акын торгой сайраганда, аткулактын жалбырагында сыйкырдуу шүүдүрүмдүн тамчысы пайда болуп, ошол тамчы агып келип, куурчактын бетине "тып" этип тамат. Ошол тамчы тамганда эле, Бүбүайшага жан кирип, чоочуп ойгонот экен. Туруп эле эки жагын караса, кыбыр эткен бир да жан жок, ээн журтта өзү жалгыз калган имиш. Бүбүайша куурчак эми эмне кылаарын билбей ыйлап-ыйлап отуруп, анан, "Ии, Гүлзада эжем чоңоюп, күйөөгө тийип кеткен турбайбы. Эми өзү бөбөк төрөп алып, ошону ойнотот. Ошондуктан мени таштап кетиптир," - деп дагы көпкө ыйлайт. Анан көзүнүн жашын аарчып: "Кой, минтип отура берсем, мени чөө-бөөрү келип жеп кетээр. Андан көрө эми мен да чоңоюп калдым, жолго чыгайын да, жакшы бирөө жолукса, ага кыз болуп алайын," - деп жолго түшөт тыпылдап. Ал жүрүп, жүрүп отуруп, бир жылкычыга жолугат.



- Ай Бубүайша куурчак, сен каякка жөнөдүң? - дейт, жылкычы.

- Жакшы бирөө жолукса, ага кыз болуп алайын деп баратам - дейт Бүбүайша.

- Анда мага эле кыз болуп албайсыңбы?

- А сенин ачууң келгенде, эмне менен сабайсың? - дейт куурчак-Бүбүайша.

- Укурук менен. - дейт жылкычы.

- Жоок, анда сага кыз болбойм - деп, андан ары жөнөйт. Бара берет, бара берет, акыры бир кой кайтарган койчуманга жолугуп калат.

- Оой, Бүбүайша куурчак, жолдун чаңын ызгытып, сен каякка жөнөдүң? - дейт чабан.

- Жакшы бирөөгө кыз болуп алайын деп баратам, – деп жооп берет Бүбүайша.

- Анда, мага эле кыз болуп албайсыңбы? - десе,

- Эгер сага кыз болсом, ачууң келгенде, эмне менен сабайсың? - дейт Бүбүайша.

- Таяк менен, - дейт чабан.

- Жоок, анда сага да кыз болбойм, - деп Бүбүайша андан ары жөнөйт.

Жүрүп, жүрүп отуруп дагы бир жерге келгенде, бир Келемишке жолугуп калат.

- Оо, Бүбүайша куурчакжан, кырда өскөн гүлгө окшоп, сен каякка жөнөдүң? - дейт, Келемиш.

- Жакшы бирөөгө кыз болуп алайын, - деп баратам.

- Оо, анда мага эле кыз болуп ал.

- А сенин мага ачууң келгенде, эмне менен сабайсың? - дейт ага да Бүбүайша.

- Ой, сендей данек кызды мен кантип гана сабайын! А мен сени такыр сабабаймын. Жөн гана куйругум менен сылап уктатам, - дейт акырын куйругун кыймылдатып.

- Оо аның жакшы экен. А бирок, сен мага, эмне берип багасың?

- Оо, сен ал жагынан кам санаба! Мына бул жакын жерде, өтө бир сараң бай бар. Мен ошол сараң байдын куржунундагы курутун, карындагы сары майын, сүрсүтүп койгон жылкынын эттеринен уурдап келип багамын, - дейт Келемиш.

- Оо, анда мен макулмун, - деп Келемишти ээрчип жөнөйт.

Чын эле Келемиш күн сайын байдын үйүнөн курут, сары май, сүрсүгөн эттерден уурдап келип, Бүбүайшаны багат экен.

А түн ичинде кантип уурулукка баргандарын жомоктотуп айтып берип, анан куйругу менен сылап уктатып коёт. Келемиштин мунусу жакшы дечи, бирок бир жаман жери, Келемиш ага бир күндө бир гана жолу сыртка чыкканга уруксат берет. Анда да сөйкөдөй болгон эки чакага суу алып келиш үчүн гана чыгарат. Бүбүайша бир чака сууну эшик оозуна себет да, бир чакасын ийинге алып кирет. Болду анан, ийри-буйру ийиндин ичинде жүрө берет. Күн нурун көрбөй ийиндин ичинде жүрө берип, Бүбүайша куурчактын кызыл өңү саргарып, байдын үйүнөн уурдап

келген тамактарын жесе аш болбой, дарманы куруй баштайт. Келемиштин уурулук жөнүндөгү жомокторун кайра-кайра уга берип, көңүлүнө көк таштай тийет. Эми жомок да уккусу келбей калды.

Күндөр өтүп жатты. (Баса, жер алдында жашагандар, “Күндөр өттү дешпей, түндөр өттү” - дешет экен). Бүбүайшага түндөр өтүп жатты.

Ошентип жүрүп, күндөрдүн биринде жамгыр аябай катуу жаап, жол ылай болот. Ал күнү Келемиш уурулукка барбай, ийинде жатып уктайт. А Бүбүайша куурчак суу алганы кечүүгө келип, буту баткакка батып, ылайга тыгылып калат. Ошол маалда Айтжигит деген бир бала атын сугарайын деп кечүүгө келсе, бирөө эле:

- Айтжигит, Айтжигит,
Атыңдын башын тарт жигит
"Бүбүайша сууга кетти" - деп,
Келемишке айт жигит, - дейт имиш.

- Ой, үн каяктан чыгат, - деп эки жагын караса, эч ким көрүнбөйт. Анан жакшылап тыңшаса:

- Айтжигит, Айтжигит, Атыңдын башын тарт жигит," - деген үн тээ аттын туягы жактан чыгат имиш.

- Э кокуй! - деп, эңкейип үн чыккан жакты караса, аттын эки туягынын ортосунда, ылайга тыгылып Бүбүайша куурчак туруптур.

- Ой Бүбүайша куурчак, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң? - дейт, Айтжигит.

- Мени Гүлзада эжем таштап кеткенде, мен Келемишке кыз болуп алган элем. Анан сууга келип, ылайга тыгылып калдым, - деп ыйлайт.

- Кой ыйлаба куурчак, Гүлзада эжекең сени издеп, күн сайын төрт маал ыйлап жатпайбы. Жүр артыма учкаш. Мен сени Гүлзада кызга алып барып берейин, - дейт Айтжигит.

Бүбүайша сүйүнгөнүнөн эки колун Айтжигитке сунат. Айтжигит болсо аттан эңилип, Бүбүайша куурчакты ылайдан тартып алып, Гүлзада кызга алып келип берет. Гүлзада кыз жоголуп кеткен Бүбүайша куурчагын көргөндө сүйүнүп, экинчи аны жалгыз таштабай, дайыма өзү менен кошо ала жүрүп, түнкүсүн жомок айтып, экөө кучакташып жатып алчу болушуптур.

# КАЙЫПТАР АЙЫЛЫ

**(Сыр-жомок)**

Сиз астейдил сурап калдыңыз, айтса айтып берейин. Бисмиллахи рахман рахим! Астах фирулло ал азиим.

Бул сырдуу окуя болбогон эле нерседен башталды. Иш кызып, баш кашыганга чоло жок убак. Абдивалиден бир сары чебич сатып алып, эчкилерге кошуп койгом. Дайыма келип жүргөн сары чебич, эки күн катары кезүүдөн келбей калды.

- Ой, Абдиштикине баргылачы, үйрөнгөн үйүнө кетип жаткандыр, - деп, балдарымды жөнөттүм.

- Абдивали аяш атамдыкына барбаптыр. Анан биз айылды үймө-үй кыдырып чыктык, эч кимдикинде жок дешип, эки уулум караңгы киргенде үйгө келишти.

- Жалгыз неме көргө кетет дейсиңби, саар менен өзүм карайынчы, - деп жатып калдым.

Эртеси эртең менен эчкилерди кошкончо, элдин малы топтолчу, Коно аксакалдын үйүнүн жанынан бир сыйра карап чыктым, жок. - "Ташта түнөп жүргөн окшойт, адырды карап келейинчи," - деп Ортокызылды карай жөнөдүм. Узун-Мурун менен өрдөп, Келин-Ташка чыктым. Көрүнбөйт. "Эми болсо болду, Кара-Таштан чыгат,"- дедим. Себеби, адырда бөлүнүп калган эчки, сөзсүз ташта түнөйт.

Ошентип Кара-Ташты да айланып чыктым жок. "Жатандыктардын эчкилерине кошулуп кетти бекен," - деп кыр менен күн чыгышты карай жөнөдүм. Кичине бир дөңдөн чыга бергенимде, муундарым калчылдай түшүп, көздөрүм караңгылап кетти. Денемди муздак тер басып, буттарым чалыштай баштаганынан, жыгылып кетпейин деп отура калдым...

- "Ой атаңдын кана көрү десе, бу Кара-Таш менен Келин-Ташты, бир эле саатта эки айланып чыкчу эмес белем... Аа, кыйладан бери адырга чыкпагандыкы го..." - дедим, буга анчейин маани бербей.

- "Чайдын эле, кумары, бир аз эс алайын," - деп көчүк баскыча дарыя жакты карадым.

Тээ төмөндөгү капчыгайдын оозуна, жыйырма чакты боз үй тигилип калыптыр... - "Каапырай!" - дедим ичимден. Жашым элүүгө чыгып, бул капчыгайдын оозуна жыйырма эмес, бир да боз үй тигилгенин уккан да, көргөн да эмес элем...Малчыларбы десем окшобойт... Баса, азыр малчылар жайлоодо, Карагойдо да. "А-аа, кино тарткан немелер окшойт" - деп ойлодум кыялымда. Оо кайсы бир жылы "Бuктурма" деген кинону, мына бул Каапыр-Башыда тартканда, аттарыбыз менен барып, бир күн кызыл аскер болсок, эртеси басмачы болуп катышкан элек... Антейин десем бир дагы машина көрүнбөйт...

Эмнеси болсо да бир сураштырып өтөйүн деп, кырдан ылдый түшө баштадым. Мен бир аз төмөндөгөндө эле, жаштардын ойноп жаткан ызы-

чуусу, аттардын кошкуруп, кишинегени угула баштады. Арадан он, он беш мүнөт өтүп өтпөй эле түшүп бардым.

Катар тигилген боз үйлөрдүн бери жагында, көк майса бир жайык бар эле, ошол жерде жигиттер ордо атып жатышыптыр. Жакын келип, "Ассолому алейкум!" - десем эле, үнүм жок!.. Мына ушул жерде айтып кете турган негизги бир нерсе, үнүм чыкпай калганы менен, айткан саламым кандайдыр бир аркамдагы адыр жактан жаңыргансыды... Ооба, ооба! Жаңырыкты даана уктум. Бул күтүүсүз окуядан өзүм да селт этип чочуп кеттим окшойт, артыма кылчайа бергенимде, денем "дүрр" деп, таманымдан чачымдын түбүнө чейин муздак тер сыяктуу быжыраган майда толкундар "дуу" дей түштү. Кой-эчкилердин жүнү суу болгондо кандай силкинсе, мен да кадимки айбандар силкингендей эле силкинип жибердим. Ооруганда, же үшүгөндө титирегенмин, бирок өмүрүмдө айбандардай бир да жолу антип силкинген эмесмин.

Анан ошол эле мезгилде кандайдыр таманым жерден бир элидей көтөрүлүп, өзүмдү абада тургандай жепжеңил сезип кеттим да, адатта жок көңүлүм эргий түштү.

Ал күнү менин акыл эсим, түнкү сааттын тыкылдаганындай баарын даана сезип турган. Азыр дагы күнү бүгүнкүсүндөй баары эсимде. Асманда токумдай да булут жок, күн чайыттай ачык болчу. Саат он жарым, он бир эле...

Ордо атып жаткан он беш чакты жигиттердин (арасында төрт кыз жүргөн) бири да, үнүм чыкпай калган соң, албетте саламымды алик алышкан жок. Мен эмне кыларымды билбей ыңгайсыз абалда туруп калдым. Же тигилердин бирөө жарымы чоочун киши келди эле деп, мен жакка көңүл буруп койсочу! Бирок менин ал ыңгайсыз абалым, Ала каакымдын аппак башын үйлөгөндөй, беш секундда жок болду. Себеби, бул оюндун бир кызыгы, жигиттер аткан томпой чийинден чыгып кетсе, аны сөзсүз кыздар алып, кезеги келген оюнчуга берип турушту. Жашымда мен деле ордону көп ойночу элем, бирок мындай эрежени, кыздардын ордо оюнуна аралашканын өмүрү уккан эмесмин. Булардын дагы бир өзгөчө эрежеси, ашыкты тооруп чыгаргандар, сөзсүз оң бутун, сол буту менен чалып тооруп жатышты. Бул албетте көпчүлүк оюнчулар үчүн ыңгайсыз эле...

Ошентип оюндун кызыгына кирип кетип, ошол жерде бир топко туруп калдым. Тартип бузуп, чыр чыгарган эч ким жок, оюн көңүлдүү жүрүп жатты. Ошондонбу, жанагы ыңгайсыз абалдан кымындай из жок, ордо аткандарды айланып өтүп, боз үйлөрдү аралап жөнөдүм. Айылдын орто ченинде, эки казанда эт кайнап, үчүнчү казандагы этти, эки жигит чыгарып, дагы бири эт бузуп жатыптыр. (Бул айылдын дагы бир кызык нерсеси, бул айылда бир да ит аттуу нерсе жок болчу! Албетте, бул кызык көрүнүш эле). Жаш келиндер үй ичине чай, шорпо ташып, берки эки казанга бир жигит от жагып отурат.

Ушул жерде мени аябай таң калтырган дагы бир өзгөчө окуя болду!... Эки чыны ысык шорпо көтөргөн жаш келин менен сүзүшүп кала жаздадым. Баса... сүзүшүп калдым... Тиги келин капыстан алдыман чыкканда, шорпону төгүп албасын деп кетенчиктей бергенимче, жанагы келин маңдайынан чыккан мени көрбөй, түз эле үстүмөн... жоок, үстүмөн эмес, анткени мен туруп

турган элем да... жерде жатсам бир жөн, токтой туруңуз, кандай десем... Кыскасы ал келин мени аба сыяктуу, жо-ок түтүн же буу сыяктуу эле аралап өтүп кетти. Түшүнбөй калдыңызбы?

Мисалы, адам бак-дарактын көлөкөсүн эч бир каршылыксыз, байкабай, жөпжөнөкөй эле аралап жүргөндөй, келин да мени аралап өтүп кетти! Ал менин буттарыма же өзүмө чалынган да, же анын басыгынан эч кандай өзгөрүү да болгон жок. Мен эмне болуп кеткенин түшүнмөк түгүл, эмне деп ойлоорумду да билбей, күлүп жибердим. Күлкүм кайрадан арка жагымдан жаңырды. Ооба, ооба! Ошол күнкү бардык окуялар куду бүгүнкүдөй, мына сизди азыр кандай көрүп турсам, ушундай даана, ар бир кыймыл аракеттери, ал гана турсун кирпиктерине чейин эсимде...

Жана сизге күлүп жибердим дедим го, а ал келин менин күлкүмө кылчайган да жок. Ишенесизби, мен капчыгай оозун жаңыртып күлгөн бойдон артка кайттым. Мен канчалык күлгөн сайын, куду жомоктогудай арка жагыман күлкүнүн жаңырыгы күчөп жаңырат. Бул жолу жаңырыктан чочумак түгүл, кайра жаңырган күлкүм өзүмө өтө жагып турду.

Мен артка кайтканда, астыңкы боз үйдөн чыга калган келин бери жөнөдү. Эмне болсоң ошо бол дедим да, астын торой бассам, ал да жалтанып койбой түз эле мени көздөй жөнөдү. Так сүзүшөөрдө эрксизден колум менен калкаланып, чалкалай бергенимде, ал мени аралап өтүп бараткан эле. Мен дароо ордуман аны менен кошо бурулдум. Ал менин көкүрөгүмдөн ары, эчтеке болбогондой узап баратты... Мен түшүндүм! Демек, мен булар үчүн көлөкө.. жок, а көлөкөдөн да начар, "нөл" нерсе экенмин да! Анткени, көлөкөдөн да чыга калсаң, Күн нуру көзүңдү жүлжүйтө коёт... - "Мейли, байкабаганыңар абдан жакшы экен!" - дедим да, бойдок кездеги шоктугум кармап кетти окшойт, алдыман чыккан кыз-келиндерге атайылап барып аралап өтүп, отургандарын тебелеп тепсей баштадым!.. Менден башка эч бир жан өмүрүндө андай шерменделик иш жасабаса керектир... Ошентип жүрүп кайрадан ордо аткандардын жанына келип калган экенмин, мен жандап өтө бергенимде, кайсы балакет басты, атылган томпой бутумдун астына келип токтоп калды. Өмүрүм өткөнчө, эс учуман кетпей турган ошол табышмактуу окуянын чиелешкен түйүндөрү, ошол жерден, ошол каргашалуу томпойдон башталды окшойт.

Же, мурда эле башталган бекен ким билет, эмдигиче эсиме келе элекмин...

Ошентип, томпой бутумун астына келип токтоп калды. Баягы төрт кыздын бири чуркап келип, томпойго эңилип колун суна бергенде, эмне кылар экен деп бутум менен томпойду басып калдым. Кыздын колу сунулуу бойдон токтоп, элеңдеп чочуп кетти да, азыр эле көз алдындагы томпойду шашкалактап издей баштады. Э, чын эле көрбөй калдыбы?!.. Жоок, жарым метрге жетпеген аралыктагы нерсени, колун сунуп келе жатып, кантип эле көрбөй калсын. Антейин десем, чын эле кыздын чый-пыйы чыга баштады. Ушунчалык үрөйү учуп, жер сыйпалап издей баштады деңиз, карап тургандардын да өңдөрү үрпөйө баштады. Бул көрүнүш мен үчүн эч табылгыс тамашага айлана баштагандыктан, акырын эңкейдим да, томпойду алып, чөнтөгүмө катып алдым.

Жанараакта эле мени көзүнө илбей секирип жүргөн сары кыз, чачтарын жулуп чыркырап:

- Аш ичкенче папак жок! Аш ичкенче папак жок! - деп кайра-кайра кайталап ыйлай баштады. Булардын мындай күтүүсүздөн чаң тополоңго түшкөн жоруктарына бир чети күлкүм келсе, бир чети таң калдым да, ары барып тамаша кыла баштадым.

Үрөйлөрү учкан жаштар эмне кылышаарын билбей, акыры боз үйлөрдү карай сүрүлүп жөнөштү. Мындай кызыктын аягы эмне менен бүтөөр экен деп, мен да кошо бастым. Кажы-кужу, ызы-чуу күчөп, үйлөрдөн катын-калачтар менен аксакалдар дүргүп чыгышты. Баягы сары кыз дагы эле ыйлаган бойдон чачтарын жулуп, "Аш ичкенче папак жогун" кайталап жатты.

Элдин үрөйү учту. Адам күчү, адамдын акылы токтото алгыс чоң бир табийгаттын кырсыгы башталаарын алдын ала сезгендей, же адырлар сүрүлүп, жер түбүнөн  дабыштар угулуп, а төбөңдөгү зоолор мына көчүп түшкөнү саланңдап калгандай көздөрү алаңдап, эмне кылышаарын билбей алдастай башташты.

... Баятан бери көрбөмүш, билбемиш болуп, катындары эркек кишини тебелеп тепсеп, мени буу, түтүн, көлөкөчөлүк көрбөй аралай басып... Ха... Мени!.. Шарипти!.. Адам катарына теңебей! Ох-оо! Же ордону жөн ойнобой, каяктагы жок эрежелерди чыгарып, кыздарды аралаштырган мына бул макоо чалыштарга жиним келип, азыркы үрөйлөрү учкан кейиптерине табам каныр каткырып, тиштенип, жинденип, өч алып, рахаттана карап турдум. "Аа!.. Менин сары чебичимди мына ушулар эле союп жеп коюшкандыр... Албетте ушулар! Булар болбогондо, ким болмок эле? Теги-түбү жок, качып-бозуп жүрүшкөн бир тентимиш келгиндер окшойт. И-ии, мен силердин кытыгыңарды гана таптымбы?! Жоголгон бир томпойго ушунча кунуңар учуп, ызы-чуу түшөт экенсиңер, демек сары чебичимдин куну үчүн, али көп нерсеңерди жоготосуңар!.." - дедим ичимден.

Жашым элүүгө барып, төрт баланын атасы экенимди да унутуп коюп, кадимки эси жок боз балдардай, булардын мындан бетер чаң-тополоңун чыгаргым келип, дагы эмне кылып ийсем экен деп эки жагыма карай баштадым. Кимдир бирөөнүн шашылышта кийбей кеткен көлөчү турган экен, алдым да бирөөн оңго, экинчисин сол жакка ыргыттым. Эт кайнап жаткан очокко чуркап барып, отундун баарын казан түбүнө тыгып салдым. Анан... кермеде токулуу турган аттардын баарын бошотуп ийгени баратсам эле, кадимки Албарстыдан үркөндөй бардык аттар кишинеген бойдон так секирип, такыр жакындатпай койсо болобу!.. Тыягынан келсем да, быягынан келсем да өмүрү адам көрбөгөнсүп, окуранып, тепкилеп болбой койду! "Э өлүп кеткилечи!" - дедим да кайра келип, казанда турган жыгач чөмүчтү алып, күйүп жаткан отко таштап ийдим. "Эми башкасын кой, чөмүчтүн эле жоголгонун билишкенде, чыныгы алаамат башталса керек!" - дедим алаканымды шак чаап.

Элдин ортосуна сакалы аппак, бирок көздөрү балбылдап турган, сексен, сексен бештердеги абышка чыкты да, эки жигитке колу менен ишаарат кылып, "Тез бакшы энеңерди алып келгиле," - деди.

Токулуу турган аттарга эки жигит ыргып минишип,үчүнчү атты жетелеген бойдон сайды кечип өтүштү да, капчыгайдын ичине кирип кетишти... "Аякта кандай бакшы кемпир бар экен?" - деп таң калдым. Себеби, капчыгайга кирген жалгыз аяк кыя жол, эки жүз метрге жетпей эле бүтөт. Андан ары бир эле жыгачты туура таштап койгон көпүрө болчу эле. Ал жерден эч ким өмүрү ат менен өткөн эмес. Ат түгүл жөө адам да, "кыл көпүрөдөн" өткөнсүп араң өтөт. Кокус, жер шартын билбеген бирөө жарым, атчан ошол жол менен капчыгайдын ичине кирип калса, атын артка бура турган жер таппай, акыры өзү жөө чыкмак. “Эмне болсо ошо болсун, булардын бакшы энелерин да көрө кетейин," - дедим да, күн ысып кеткенинен, бир боз үйдүн көлөкөсүнө барып отурдум.

Турган элдин бири көчүк баспай, капчыгай жакты карап, тунжурап турушту. Бир гана томпой жоготкон кыздын үнү менен дарыянын күркүрөгөнү угулуп турду.

Ошентип, жарым саат өтүп өтпөй, капчыгай оозунан эки атчан көрүндү. Алдыда келе жатканы, бая кеткен экөөнүн бири, аны дароо тааныдым. А экинчиси аял киши. Демек, "бакшы эне" дегендери ошол окшойт. Эмне үчүн жигиттердин бирөө жок!.. Менин башым маң болду. Антип-минтип ойлорумду топтогончо, эки атчан дарыядан өтүп, бизге жакын келип калышты. Аттардын таноолору дердеңдеп, катуу келгендери билинип турду...

Бакшы бир ооз да сөз сүйлөбөй, саламдашпай эле аттан түштү. Анын жашы мен элестеткендей, жетимиштен ашкан кемпир эмес, отуз бештин ары берисиндеги, басканы тың, бирок токтоо, көздөрү болсо кыймылсыздай бир чекитке кадалган аял экен.

Ал жакындай бергенде дodoлогон эл жарыла берип, ортону ачты. Бакшы ортого келип, күн чыгышка карап чөгөлөп отурду. Эл да жапырт тегеректеп чөгөлөй калышты.

Бакшынын оң колундагы эки кулачтай таягында, төрт кичинекей жез табакча менен муштумдайдан тартып, тырмактайга чейинки он беш чакты жез коңгуроолор илинип туруптур. А экинчи колунда болсо, электей алкакка тери капталган, кадимки дап бар эле.

Бакшы күтүүсүздөн көз ирмемге келбей, колдорун эки жакка жая берип, таяк менен дабын чаап жиберди да, эки колун асманга созгон бойдон катып калды. Аны тегеректеген эл да тиги жасаган кыймылды жапырт жасап, былк эткен кыймыл, шырт эткен дабыш жок, тым-тырс болуп калышты.

Мага тигилер дем алгандарын да токтотуп, жер каймактагандан бери ушинтип катып тургандай сезилип кетти. Ошол тирүүлүктөн кымындай жышаан билинбеген жымжырттыктын чеги жоктой көрүнө баштады. Көөдөнүмө ысык аба толуп кеткендей, демим кыстыгып баратты. Билесизби, "Күтүү - жан берүүдөн кыйын" деген сөз бар. Ошол туура экен. Мен өмүрүмдө, ошол жымжырттыктын аягын күткөндөй эч нерсени күткөн

эмес элем. Маселен, душманың, баары бир сени өлтүрө турган болгон соң, октолуу мылтыгын далыңа кезеп тура бергенден көрө, тарс атып салганы жакшы эмеспи. Бара-бара мен өзүмдү учу-кыйры жок түпсүздүккө кулап бараткандай сезе баштадым.. Ооба, таптакыр түбү жок орго... Бир нерсеге качан күрс этип тийериң белгисиз төмөн кулап кете берүү эң оор. Адам пендеси чыдагыс нерсе экен. Андан көрө үйдүн үчүнчү кабатынан чокуң менен секирип, жалп этип жатып калганың бакыт турбайы!

Азыр эми, кез-кезде, "Оо айланып кетейин жер эне! Сен бир менин жөлөк таянычым экенсиң го! Сени өмүр бою тебелеп жүрсөк да, сен биз үчүн эмне экениңди, жок дегенде бир жылда бир эле жолу эстеп койгонго да жарабайт экенбиз го!" - деп калам өзүмчө.

Менин бактыма ошол кезде кайдан экени белгисиз, алыстан алыстан, чиркейдин чыңылдаганындай шыңгыраган үндөр угула баштады. Ал үндүн каяктан чыгып жатканын биле албай, кулак түрүп тыңшап калдым. Мен кайсыл тарапка кулак салсам, үн ошол жактан чыккансыйт. Бүт дитимди коюп ал үндү издей баштадым. Ооба, ал асман менен жер түбүнөн, сай менен кыймылсыз отурган адамдардан, иши кылып, түндүк, түштүк, батыш менен чыгыштан угулуп жатты. Эгерде, адамдардын жогору сунулган колдору, билинер билинбес кыймылга келип калганын байкай койбогонумда, мүмкүн, ошол нес болгон абалда, дагы канча турарымды ким билсин. Мен жалпы термелүүнү аңдып калдым. Бакшы, бая кандай турса, ошол калыбында катып, бирок, асмандагы торгойдун жердеги жыланга арбалып, бир ордунан жыла албай турганындай, анын бүт денеси майда дирилдеп турган экен. Көрсө, мен издеген үндөр, таякка илинген ар түрдүү коңгуроолор менен тиги жез табакчалардын титирегенинен чыгып жаткан турбайбы! Мен муну байкаарым менен.

- "Аа -ху!" - деген кыйкырык менен шаңгыр дедире таягын жерге бир уруп, бакшы жай кыймыл менен бийлей баштады.

Мен бий башталары менен, орбитадагы космонавттардай салмагымы жоготуп, абада каалгып калгандай башым айланып баратты. Өзүмдү канчалык кармайын десем болбой, эми белгисиз бир ызы чуунун ичине сүңгүп бараттым...

Сүңгүгөндө да, аткан октой тездик менен сүңгүдүм десеңиз, тим эле көздөрүм тунара, кулактарым ызы чуудан тунуп кетти. Көптөгөн добулбастар кагылып, ага удаа чиркөөнүн коңгуроолору коркунучтуу заңылдап, жер титиреткен дүбүрткө, толкундардын сүрдүү күр-шары менен асман айрылып кеткендей күн күркүрөп, чагылгандын жалын чачкан жебелери чакчалакей чачырап, миллион, миллиарддаган сигналдар ийне учундай тызылдап, кулак-мээни сайгылап, уйгу-туйгу жол талашып учуп жатты. Сигналдар, сигналдар!!! Кулакты жеген сигналдар! Кулактарым зыңылдап, башымды жарып кетчүүдөй чатырап баратты.

Мен өзүмдү сел суусунун түрмөктөнгөн шарында тоңкочук атып, өңгүл-дөңгүл жер менен икир-чикирге аралашып кеткендей жан талашып жатканымда, "Курмандыкка сары эчкини сойгула!" - деген үн кулагыма шак этти.

Көзгө сайса көрүнгүс караңгыны жарк этип жарып өткөн чагылгандын жарыгындай, көздөрүм шак ачылып, өзүмдү мурдагыдай, эч нерсе болбогондой сезе түштүм. Менин биринчи эле көргөнүм, астындагы өңөрүп турган эчкини бир жигит жерге түшүрүп жаткан экен. Оболу кандай эчкини түшүрүп жатканын, бул жигиттин ким экенин, ал качан келгенин түшүнө бербей туруп, анан гана, бул эчки, эртең менен издеп чыккан өзүмдүн сары чебичим экенин, а бул жигит, бая бакшыга кеткендердин экинчиси экенин тааныганымда, оозум ачылып, таң калганымдан эмне дээримди билбей селейип калдым. Чебичтин төрт буту байлануу экен. Жерге түшөөрү менен башын күн чыгышка каратып, мурда эле даяр турган окшойт, буйдамга келтирбей, бирөө бычак тартып жиберди. А мен, "Болоору болду, дагы кандай өнөр көрсөтүшөт экен, көрөйүн," - деп күтүп калдым. Шымаланган эки жигит заматта терини чанач кылып сыйрып, ичеги карынын оодарып жиберишти.

Ушул учурда, бакшы тигилерге жакын келип, кыска гана бир нерсе деп шыбырады. Экөө макул дегендей баш ийкешти да карынды көтөрүп, айылдан төмөн жөнөштү. "Эгер карынды жөн гана төгүп кел деген болсо, эмне үчүн шыбырап айтты?.. Жо-ок, мында бир жашыруун сыр болуу керек," - деген ой кайра кайра башыма келе бергенинен, тынчым кетип бир жерде отура албай, тигилердин артынан аңдып жөнөдүм.

Алар карынды көтөрүп сайдын боюндагы сел жеп кеткен жардын кырына барышты да, эки-үч күүлөп туруп карынды ыргытканда эле, куюн үйлөгөн кагаздай буттарым жерден көтөрүлүп кетти! Ошол замат кулагым чып бүтүп, тең салмагым жоголду! Мен абада асылып калдым!... Сизге түшүнүктүү эле айтып берип жатамбы? Бул мага ушунчалык күтүүсүз болгондуктан чочуп кетип, сормо сазга буту бата түшкөн адамдай шак аркама бурулдум! Азыркы эле жап-жарык жердин бетин бозомтук туман каптап калган экен...

Эртең менен эле эчтекеден бей капар той өткөрүп жаткан айыл, чаң тополоңго түшүп, төрдөн жылан чыккандай конуштарын таштап, жүктөрүн артып, кача башташыптыр. "А-аа!!! Аа! Токтогула!" - деп кыйкырып ийсем, көмөкөйүм оозума тыгылып, үнүм чыкпайт! Мен кургакка ыргытылган балыкка окшоп оозумду ачып жаап, буттарым жерге тийбей бир эле ордумда туйлап, жаттым! Мени коркунуч басып, төбө чачым тик туруп, сууга чөккөн адамдай энтигип жаттым... Себеби,.. асман менен жердин арасында, көзгө көрүнбөгөн кыя жол бар сыктуу, абаны кадимки катуу жерди баскандай тебелеп, жанагы айылдын эли, ат-паты менен асманга чыгып баратышкан эле!... Алдыда бараткандардын буту жерден үзүлүп, улам кадам таштап жогорулаган сайын, түтүн сыяктуу абага сиңип, көздөн кайым болуп жатышты...

Бул өтө таң калыштуу да, өтө коркунучтуу да көрүнүш эле. Себеби, мен турган, биз жашаган бул жер планетасынан бир гана булар качкан жок. Алар менен кошо, тээ илгери жер бетин суу каптап турганда, Сулайман пайгамбар ушул капчыгайларды каздырып, сууларды кетиришкен дөөлөр да кылымдар бою мекен кылышкан бул капчыгайды таштап, асманга көтөрүлө башташты. Береги азирети Алинин кылычы

тийген Кара-Таштан кадимки перилер да асманга көтөрүлдү! Оң-солдогу Кызыл-Зоо менен Кара-Зоодогу жин шайтандар тополоңго түшүп, көккө көтөрүлдү! Тамандарынан от чыгып, кайберендер үркtү зуулдап...

Демек, мен жер бетиндеги кайыптар дүнүйөсүнө бүлгүн салып коюпмун!!!

Демек мен, мени менен жанаша жашаган дагы бир ааламдагы рухтар жашоосунун тынчын алыпмын!..

Мен буларды азыр, дароо, сөзсүз токтотуп калбасам, жарык дүйнө кайыптар качкан сайын чексиз караңгылыкка айланып, өзүм, учу кыйырсыз, чук эткен дабыш жок, какыраган ээн мейкиндикте, жападан жалгыз калчудай, бүткүл жан дүйнөм эңшерилип кетип, "Токтогула!.. Кетпегиле!.. Мына томпоюңар, томпоюңар менде,.. алгылаа!" - деп, үнүмдү чыгара албай боздоп-боздоп жалбарып, шашканымдан томпой салган чөнтөгүмдү таба албай, жамбашымды өйдө ылдый сыйпалап жаттым... Томпойду алган колдорум, эми өзүмө баш ийбей, ооба, ооба, алганга элпек колдорум, өзүмдүн колдорум өзүмө баш бербей, башка эле жакты сыйпалай берди...

Менин өмүрүмдүн акыркы минуттары, акыркы секунддары келип калды. Ошондо гана башыма бир ой кылт этип:

- Ашшадуанна илаа илааха иллоллоху, Ашшадуанна Мухамадаро суролло!- деп келме келтирип жибергенимде, "ык" этип жерге отуруп калдым.

Көзүмдү ачып, обол өзүмдүн каерде экеними түшүнө албай, эки жагыма карадым. Күн чайыттай ачык бойдон. Сайдын гана күркүрөгөнү болбосо, айланам тыптынч бойдон. Эмне үчүндүр эки жагым менен арка тарабым жар экен...

Мен кайерге келип калгамын деп, эчтекеге түшүнө албай жатып, кандайдыр бир курсагымдын дардайып кеткенин сезе койдум да ичиме карасам, оозу кайыш жип менен буулуу, үйлөп койгон карынды кучактап отурупмун. Чочуп кеткенимен карынды ыргытып ийдим. Бүгүнкү окуялар көз алдыма элестей түштү.

Денемди калтырак басып, билген келмемди кайра кайра кайталап, энтиккен бойдон жар түбүнөн качып жөнөдүм. Менимче, он кадам жерди бир аттап, мүдүрүлүп, чалынып, кайсы бир жерде төрт аяктап да келе жаттым окшойт, билбейм...

Үйгө кантип келгеним эсимде жок, бир гана аялымдын, "Ии, алкаш, бир улакты шылтоо кылып, үч күн каякта тентип жүрдүң? А сен издеп кеткен сары чебич, ошо күнү эле түштөн кийин келип калган," - дегени бир эсимде, анан эстен таныптырмын.

(Көрсө мен издеп кеткен сары чебич мен жардын түбүнө түшкөн күнү эле үйгө келип калыптыр...)

## ЭПИЛОГ

Арадан бир ай өтүп, өзүмө келе баштаганда эле аксакалдарды чакырып түлөө (кудайы) өткөрдүм. Албетте, кээ бирөөлөр сары чебичти соёлу дешти... Мен такыр каршы болуп, сойдурбай койдум. А томпойду болсо кайыптар алып кетишкенби биле албадым, чөнтөгүмдө жок ...

Эки ай өткөндө, өзүмдү жакшы эле сезип калганда, жаныма айылдын чоң молдосу Сапар карыны алып, баягы сырдуу айыл конгон капчыгай оозуна бардым. Чөптөр саргарып, баягы көк-ала майсандын куну учуп калган экен, эки-үч жерде мал жебеген тикенектер сороюп турат.

Биз баягы мен үч күн, үч түн үйлөп койгон карынды кучактап турган жарды таптык. Бирок, мен отурган жер шагыл болгондуктан, изим калбаптыр. А мен ыргытып ийген карын сууга түшүп кеткенби билбейм, жок. Эгер суу менен агып кетсе, мүмкүн аравандыктардан бирөө жарым кармап алгандыр, ким билет...

Молдо экөөбүз үйгө кайтып келе жатканда, "Эмне үчүн алар молдо чакырышпай, бакшы чакырышты!..." - деген ой башыма келе берди.

Кийинчерээк ошол чечиле элек сырдын мындан да табышмактуу уландысы башталган. Албетте сизди кызыктырса, Кудайым өзү аман коюп, ичээр суубуз түгөнбөсө, дагы бир кол бошогондо уландысын айтып берээрмин. Азыр мага руксат берсеңиз, бүгүн менин ал капчыгай оозуна бара турган күнүм эле, көрүшкөнчө аман туруңуз...

# АМАТБЕК МЕНЕН ЖУСУПБЕК

Илгери-илгери өткөн заманда бир хан болуптур.

Ал үч аял алып, бирок бирөөнөн да балалуу болбоптур. Сакал чачын ак аралап, жашы улгайып калган хан, күндөрдүн биринде капа болуп жалгыз отуруп, уктап кетип түш көрөт. Түшүндө сакалы аппак, башына ак селде ороп, үстүнө ак чепкен кийген Кызыр келип:

- Ээ, ханым, эмне мынча капасыз? - дейт.

- Оо, азиз жолоочум, мен кырк жыл хандык кылып, элимди жоодон сактадым. Эми карыдым, арыдым. Мен өлсөм, ордумду басаар, аркамда калчу перзентим жок, ошого капамын, - дейт.

- Оо, улуу урматтуу ханым, сиз башкарган хандыктын Кут тарабында чоң бир дарыя бар. Ал дарыянын эки өйүзүндө, эки шаар эл жашайт, ортолорунда көпүрөнүн жоктугунан, эки эл бири менен бири катташа албай жүрөшөт. Эгерде сиз ошол дарыяга көпүрө салдырсаңыз, мен кудай тааладан сизге эки уул тилеп берээр элем, - дейт.

Хан чочуп ойгонуп кетсе, түшү. Дароо кырк жигитин чакырып түшүндөгү Кызыр айткан дарыяга жөнөп, жети күн, жети түн дегенде жетишет. Чын эле дарыянын эки өйүзүндө эки шаар эл жашап, көпүрөнүн жоктугунан бири менен бири катташа албайт экен. Хан эң мыкты деген усталарды чакыртып, ошол жерге көпүрө салдыра баштайт. Көпүрө кырк күн, кырк түн дегенде бүтөт. Көпүрөнүн бүткөнүнө хан чоң той бердирет. Эки шаардын эли чогулуп ыр ырдап, күүлөр чертилет. Көпүрөдөн ары-бери өтүп кубанган элди карап отуруп, хандын көзү илинип кетсе,баягы аппак сакал Кызыр чал кайрадан түшүнө кирет.

- Оо, ханым, көпүрөнү бүтүрдүңүзбү?

- Бүтүрдүм,  - дейт хан.

- Андай болсо мен да сөзүмдө турдум деп, койнунан эки кыпкызыл алма алып чыгат.

- Мунун бирин өзүңүз жеп, экинчисин эң жакшы көргөн аялыңызга бериңиз. Эмки жылы эгиз уулду болосуз. Бирок балдарыңыз эр жетип, эми урматын көрөөрдө, кайра келгис сапарга аттанат экенсиз. Ошого ыраазысызбы? - дейт Кызыр.

- Ыраазымын, ыраазымын!.. Иши кылып артымда туяк калса болду,- дейт хан.

- Анда мынакей, алыңыз! - деп, эки алманы берет да.  Балдардын аты Аматбек менен Жусупбек болсун деп, көздөн кайым болот.

Хан ойгонуп кетип караса, башында кыпкызыл эки алма туруптур. Алмаларды алат да, бирин өзү жеп, Кызыр айткандай экинчисин эң жакшы көргөн үчүнчү аялына берет.

Кудайдын кудурети менен арадан тогуз ай өтүп, убакты-сааты жеткенде, хандын айымы эки эркек бала төрөйт. Хандын төбөсү көккө жетип бүт элин чакыртып, отуз күн оюн, кырк күн тоюн бердирет. Ошондо

Кызыр айткандай балдардын улуусуна Аматбек, кичүүсүнө Жусупбек деп кулагына азан айттырып, ат коюшат.

Күндөр айга айланып, жылдар өтөт. Аматбек менен Жусупбек эл башкаруу, жылдыз саноо, согуш өнөрлөрүн, дагы, дагы башка илимдин түрлөрүн үйрөнүшүп, он сегизге толушат. Ошол жылдын бир күнү, хандын башы ооруп калат да, түшүндө алма берген Кызыр чалдын: - "Балдарыңыз эр жетип, сизге үзүр-урмат көрсөтөөрүндө кайта келбес сапарга аттанат экенсиз, ошого ыраазысызбы?" - деген сөзү эсине түшүп, эки уулун чакырат.

- Менин ичээр суум, көрөр күнүм түгөнүп калды окшойт балдарым, көзүмдүн тирүүсүндө хандыгымды тең бөлүп, экөөң ынтымакта, элиңерди адилет башкаргыла! - дейт.

- Оо, ата, кичине эле башыңыз ооруса ушинте бересизби? - дешет балдары.

Хан айтканынан кайтпай:

- Көзүмдүн тирүүсүндө хандыкты тең бөлүп алгыла! - деп болбойт.

- Анда элиңизди экиге бөлбөй, агам хан болсун. Эгер агам эп көрсө, мен вазир болуп берейин - дейт Жусупбек.

Хан буга өтө ыразы болуп, бүт элин чакыртып, Аматбекти хан көтөртүп, Жусупбекти вазирликке дайындап, балдарына батасын берет экен да, өзү кайра келбес сапарына, көңүлү тынч аттанып кетет. Эки уулу атасын ак кепиндеп, ак жууп узатышат. Атасы айткандай элин адилеттүү башкарып, ынтымакта жашашат. Эми булар ушул жерде тынч жашай беришсин, биз алыскы, алыскы бир жердеги, Кызылбаш деген хандан кабар алалы.

## Кызылбаш хандын түшү

Күндөрдүн биринде, чак түштө Кызылбаш хан тактысында отуруп уктап кетет да, түш көрөт. Түш көрбөй эле, мүшкүл иш көрөт. Жаны алкымына, алкымы оозуна тыгылып, муундарын калтырак, денесин кара тер басып, чочуп ойгонуп кетет да, коңгуроосун койгулап, кырк жигитин чакырып, мындай дейт:

- Канча жылдан бери казынамдагы тамактын катуусун эмес, таттуусунан жедиңер. Канча жылдан бери казынамдагы кийимдин жаманын эмес, жылуусунан кийдиңер. Мен бүгүн бир алаамат түш көрдүм, түш көрбөй эле мүшкүл иш көрдүм. Түшүмдө, бир табак кызыл алтын башымдан чачылып кетти, бул эмнеси? Оозумдан бир кара куш учуп чыкты, бул эмнеси? А эки жанымдан эки жолборс мени жара тартканы тап берип турат, бул эмнеси? Кана түшүмдү жоруп бергиле! - дейт.

Түштүн жандырмагы эмне экенин биле алышпай, кырк жигит аңырайып туруп калышат. Ошондо каары катуу Кызылбаш алтындан кылган доолун тарс эткизе бир коюп, күмүштөн кылган доолун күрс эткизе бир коюп:

- Кыркыңа кырк күн мөөнөт берем! Кырк күндө түшүмдү жоруп бересиңер же түш жоруган кишини таап келесиңер! Болбосо башыңар өлүмдө, малыңар талоондо! - дейт.

Ошентип кырк жигиттин башына кыйын иш түшүп, кыркы кырк жакка кетип, барбаган жери, сурабаган адамы калбай суй жыгылышат. Кызылбаш түш көргөндөн бери туура отуз тогуз күн болгондо, чымындай жандан түңүлүп, кырк жигиттин эң жашы, жакында алган жары менен бир ыйлап, бир коштошуп, эки ыйлап эки коштошуп, үйдөн чыкпай отуруп калат. Жигит менен аялынын күбүр-шыбыр сүйлөшүп, элге кошулбай капалангандарын баамдап калган бир кулу:

- Оо, кожоюн, түндөн бери эле күбүр-шыбыр сүйлөшүп, кабагыңыздар ачылбайт, бир нерсе болдубу? - деп сурайт.

- Кара курсагынын камынан башка кайгысы жок жаман кул десе, биз менен ишиң болбой, бар жумушуңду кыл! - деп кагып коёт жигит. Ошондо бейкүнөө кулду бекеринен капа кылган күйөөсүнө:

- Айтса айтып эле койбойсуңбу, башыңа кайгы түшүп турганда, бечара кулду капа кылбай, - дейт.

- Чын эле өзүм эмне акыбалда турам да, бул бечара кулду эмне капа кылам? - деп Кызылбаштын түш көргөнүн, анын жообун табалбай, эртең кырк жигиттин баштары алынаарын айтып ыйлайт.

- Оо, улуу урматтуу кожоюн, сиздин башты сактап кала турган адам, бүгүн ушул шаарга келип түштү! - дейт кул.

- О, оозуңа май! Ал ким?! - деп аялы экөө тең тура калышат.

- Бүгүн эртең менен базарда жүрсөм, мен туулуп-өскөн шаардан, кырк төөгө жүк жүктөп, Баба Камбар деген соодагер келип калды. Баба Камбар чал алты кабат асмандагы, жети кабат жер түбүндөгү түштү жооруйт, - дейт кул.

- Эгерде ошол түш жоруган адамды таап берсең, башыңа азаттык берем! - деп, атына учкаштырып, кербен сарайды көздөй чаап жөнөйт.

Келишсе, жүктөрүн жаңы эле түшүрүп болуп, кербенчилер эс алганы тараганы турушкан экен.

- Баба Камбар деген тээтиги турган адам, - деп кербен сарайдын ортосунда турган көздөрү шаа кеседей, мурду Орто-Кызыл тоосунун сеңириндей, аппак сакалы киндигине түшкөн кишини көрсөтөт.

- Алты кабат асман менен жети кабат жер түбүндөгү түштү жоруган Баба Камбар сенсиңби? - дейт жигит ага келип.

- Ооба, мен! - дейт көздөрү шаа кеседей, сакалы киндигине түшкөн чал.

- Анда тез Кызылбаш хандын алдына жүрү! - деп шаштырат.

- Жоок, мен азыр Кызылбаш хандын алдына бара албайм. Себеби, биринчиден мен сатканы алып келген мал-мүлктөрүм али сатыла элек. Аны сатышым керек. Экинчиден, бул жерден кайрадан жүк алышым керек. Али аны ала элекмин. Үчүнчүдөн, ушул сода-сатыгымды бүткөндөн кийин гана Кызылбаш хандын алдына баргым келсе барармын, болбосо өз сапарымды улап кете берермин. Анткени, мен бөтөн элден келген эркин соодагермин. Менде, Улуу жибек жолундагы ар бир элде эркин

соода кылууга уруксат берилген, башкы кербен ордонун алтын мөөрү басылган уруксаат кагазы бар, - деп эс алганы кербен сарайга кирип кетет.

Ал мезгилде башкы кербен ордонун мөөрү басылган уруксаат наамасы бар соодагерге, бөтөн хандардын өкүмү өтчү эмес экен. Ошондуктан, көз көрүнөө өлүмдөн башын сактап калчуу жападан жалгыз бул чалды, күч менен хандын алдына алып бара албасын түшүнүп, кырк жигитке келет да, өз-ара кеңеш куруп, эртеси таң даардан бүт базарга мындай жар салышат:

- Уккула! Уккула! Бүткүл элге жарыя! Кызылбаш хандын бул буйругун уктум, укпадым дебегиле! Кийин куруңарды моюнга салып, кечирим сурап хан алдына келбегиле! Бүгүн, Баба Камбар чал малын саткыча, кимде ким мал сатса, башы өлүмдө, малы талоондо!

Базарда бир да жан малын сатпай турат. Бир гана Баба Камбар чал, он пулдук малын кырк пулга, кырк пулдук малын жүз пулга сатат.

Ошондо кырк жигит кайрадан жар салат:

- Уккула! Уккула! Укпадым дебегиле! Эми Баба Камбар чал мал алганча, кимде ким мал алса башы өлүмдө, малы талоондо!

Жанынан корккон калың элдин бири да мал албай, Баба Камбарды гана карап калышат. Баба Камбар кырк пулдук малды он пулга, он пулдук малды бир пулга алып, бүгүнкү соода сатыгынан көп пайда таап, көңүлү кушубак болуп:

- Эми ханыңарга барса баралы, - деп Кызылбаш хандын ордосуна жөнөйт. Ошентип, Баба Камбар Кызылбаштын алдына келет.

- Сени алты кабат асман менен жети кабат жердин түбүндөгү түштү жоруй алат дешти, чынбы? - дейт Кызылбаш хан.

- Чын, - деп жооп берет Баба Камбар.

- Анда менин көргөм түшүмдү жоруп бересиң.

- Куп болот. Айта бериңиз, ханым.

- Түшүмдө, башымдан бир табак кызыл алтын чачылып кетти. Оозуман бир кара куш учуп чыкты. Эки жагыман эки жолборс, мени жара тартканы тап берип турду. Бул эмине болот?

- Оо, улуу урматтуу хан! Түшүңүздүн жообун уккандан кийин, чымындай жанымдын аман калышына кепил болсоңуз гана айтам, - дейт Баба Камбар.

- Чымындай жаның кепилмин, - дейт хан. - Айт!

- Эмесе мындай. Башыңыздан чачылып кеткен кызыл алтын - ал сиздин каныңыз. Демек, каныңыз төгүлөт экен. Оозуңуздан учуп чыккан кара куш, ал сиздин жаныңыз. Демек, жаныңыз чыгат экен. А эки жагыңыздан сизди жара тартканы тап берип турган эки жолборс - алар Аматбек менен Жусупбек. Ошолор келип, сиздин тактыңызды талкалап, буддий бутканаңызды бузуп, мечит, медресе салышат экен, - дейт.

Мындай суук кабарды укканда, Кызылбаштын төбө чачы тик туруп, бүткүл денесин калтырак басат.

- Түшүмдү тескери жорудуң! - деп өлүм жазасына буюрат.

- Э, хан, хандын да сөзү эки болчу беле? Чымындай жанымдын сакталышына кепил болгонсуз, - дейт Баба Камбар.

Кызылбаш эмне деп жооп берерин билбей. Чымындай жаның кымбат болсо, зынданда чири! - деп, кырк кулач аркан бойлобогон, түбү жок зынданга салдырып ийет.

- Оо, менин малым каякта калды, пулум каякта калды?! - деген бойдон Баба Камбар зынданга түшүп кетет.

Эми Баба Камбар зындан түбүндө, "Элим каякта калды, жерим каякта калды?!" - деп, зар какшап ыйлап жата турсун, биз Кызылбаштын ордосунда кандай иштер болуп жатты экен, мына ошондон кабар алалы...

## **Магядай сээрчи** *(Сыйкырчы)*

Кызылбаштын жаны жай таппай, бардык баатырмын деген балбандарын, илимпоз менен билимдүүсүн, сыйкырчы менен аярларын, ордо кызматындагы бардык жарандарын алдына чакыртып:

- Оо, менин нанымды жеп, тонумду кийгендер. Оо, менин тулпарымды минип, төрүмдө жүргөндөр! Кимиңер мага Аматбек менен Жусупбекти тирүү алдыма алып келип берсеңер, жалгыз кызым Каракөз сулууну кара сууга нике кыйып берем, - дейт.

Эч ким "мен" деп баш көтөрбөйт. Хан айтканын экинчи жолу кайталайт. Кайрадан эч ким ордунан турбайт. Кызылбаш үчүнчү жолу:

- Кимде ким, мага Аматбек менен Жусупбекти алдыма тирүү алып келип берсе, жалгыз кызым Каракөз сулууну, кара сууга нике кыйып берем. Ага кошумча жарым хандыгымды алат. Кана, ким бар?! - дегенде:

- Мен! - деп элдин эң артында отурган Магядай деген, сээрчиликтин дубасын билген, бир сыйкырчы аяры ордунан турат.

- Сен эмне үчүн биринчи жолу чакырганда турбадың?! - дейт Кызылбаш ачууланып.

- Оо, улуу урматтуу ханым, Сиздин биринчи чакырганыңызга Сиз менен бирге отуруп, колуңуздан күн сайын даам татыгандар бар, ошолордон турабы деп жол койдум эле.

- Андай болсо, эмне үчүн экинчи жолу чакырыгымда да турбадың?! - дейт хан.

- Экинчи жолку чакырганыңызда турбаганымдын себеби - күн сайын алтын ордоңузда Сиз менен жүз көрүшүп турган жакшылардан турабы деп, ыйбаа кылдым эле, - деп жооп берет.

- А үчүнчү жолку чакырганымда гана турганыңдын себебин түшүндүрчү?

- О, улуу урматуу ханым! Бул отурган жакшыларыңызга окшоп, сиздин жарык жүзүңүз менен Алтын ордоңузду күн сайын көрмөк түгүл, алтын сарайыңызды алыстан бир көрүүгө зар болгон канча карапайым бурадарларыңыз бар. Мен ошолордун арасында чоңойуп, сээрчилик

өнөрдү үйрөнгөндөн кийин, бүгүн ак ордоңузга келген элем. Ошондуктан үчүнчү жолку чакырганыңызга гана, араң батынып ордуман турдум, - дейт Магядай сээрчи.

- Сенин берген жоопторуң мени кубандырды. Эми сага канча атчан, канча жөө аскер керек айт! - деп Кызылбаш хан ордунан турат.

- Мага аскердин кереги жок. Аматбек менен Жусупбекти согушуп жеңе албайсыз. Мен аларды айла менен алып келем. Мага кырк казынанын ачкычтарын эле берсеңиз болот, - дейт сээрчи.

Кызылбаш Магядай ал сураган ачкычтарын дароо бердирди. Кырк казынанын ачкычын белине байланып, шаардын четине чыгаары менен, сээрчилердин тетири батасын үч кайтара окуп, көз ачып жумганча Аматбек менен Жусупбектин шаарында болуп калат. Үч күн шаар менен таанышып, төртүнчү күнү таңга маал Аматбектин эшик алдына чөк түшүп, ыйлап отуруп калат.

Эртең мененки намазга даарат алганы сыртка чыккан Аматбек ыйлап отурган адамды көрүп:

- Оо, бурадар, менин хандыгымда ыйлаган пенде жок эле. Не мүшкүл түштү башыңа? - деп сурайт.

Ыйлап отурган мусапыр Аматбектин бутун кучактап:

- Оо, Улуу урматтуу адилет хан! Мен Кызылбаш деген хандын кырк жылдан бери казыначысы элем. Мына ачкычтары деп, белиндеги кырк казынанын ачкычын көрсөтөт.

- Мен кырк жыл бою ак ниетим менен адал кызмат кылдым эле. Жакында жалган жалаага ишенип, мени өлүм жазасына буйруду. Мен акмын. Сиздин алдыңызга баш калкалап келдим, - дейт.

- Оо, бурадар, тур өйдө. Сендей мусапырга менин эшигим ачык, - деп үйүнө киргизет.

Ошентип Магядай сээрчи Аматбек менен Жусупбектин ак сарайында туруп калат. Арадан үч күн өткөндө, таңга маал күндөгүдөй сыртка чыгып, коногунун кайрадан ыйлап отурганын көрүп;

- Оо, менин азиз коногум! Сени ким капа кылды? Эмнеге ыйлап жатасың? - дейт Аматбек.

- Оо, Улуу урматтуу, мээрман ханым! Сиз турганда, ким менин мышыгымды "пыш" демек эле. Мен өмүр бою улуктарга кызмат кылып, ишке көнгөн адаммын. Мына үч күндөн бери Сиздин сыйыңызда жүрүп, бекер отурганга зеригип, жашып кеттим. Эгерде айып көрбөсөңүз, мага эрмек да болмок, бир кызмат бериңиз, - дейт жалооруп.

- Кандай жумуш кылгың келет? - деп, тигинин далысынан таптап жанына отурат.

- Мен кырк күн таптаган жоор ат-жорго, кашаң ат тулпар болот. Дагы чоң тойлордо дасторкон салып, мейман узата алам, - дейт сыйкырчы.

- Аның жакшы экен. Менин жылкыларыман каалаганыңды тандап алып, таптагын. Туура кырк күндөн кийин, ууга чыгып сынайбыз - дейт Аматбек.

Магядай хандын кырк үйүр жылкысынан, кырк кашаң ат тандап алып, ийненин көзүндөй жарык кирбеген караңгы жайда, жан адамга көрсөтпөй

кырк күн таптап, кырк биринчи күнү Аматбек менен Жусупбектин алдына, “Аттар даяр болду", - деп барат.

Эки бир тууган Магдай таптаган тулпарларды сыноо үчүн, ай-хайлаган алтымыш айдоочу менен ууга жөнөйт. Ошондо чын эле,

- Алдынан чыккан кайберен болсо:
Ат менен кууп калышат булар.
Ашпештеп качып кеткенче аны,
Шыйрактап тутуп алышат булар.
Тоого бир качкан кээ бири болсо,
Торой бир тутуп алышат булар,
Ойго бир качкан тобу бир болсо,
Орой бир барып ортого алып,
Онусун дагы тутушат булар.
Шаштысы кетип шагылга качса
Шамалдай желип, жакындай келип,

Шар эле аны, шап илип кетип, моокумдары канганча жети күн катар уу кылышат. Жети күн катар чапса да кулак түбү нымшып койбой, кайра арыштары ачылат аттардын. Буга өтө ыраазы болушкан Аматбек менен Жусупбектин көңүлдөрү көтөрүңкү, ак ордого кайтып келишсе, Аматбектин аялы уул төрөп, дагы бир кубаныч күтүп турган экен.

Аматбек уулуна чоң той бермекчи болот. Тойго элдин алды кылып, шибери белден буралып, учу кыйрына көз жетпеген, кең талааны жердеген, бир тууган таякеси Төлөгөн ханды, андан кийин кулак угуп, көз көргөн элдин учу-кыйырына чабармандарды чаптырып, тойго чакырат.

Айткан маалы келип, той башкарууга дасторкончу болуп, Магдай сээрчи дайындалат. Тойго келе жаткан Төлөгөн таякесин үч күндүк жолдон утурлап, шаан-шөкөт менен күтүп алышат. Ак ордодогу Аматбек отурчу алтын тактысына, кырк тепкич менен чыкчу экен. Эки жээни, Төлөгөн таякесин ошол жакка баштап жөнөшөт. Тактынын биринчи тепкичине чыга бергенде, дасторкон салып, той башкарып жүргөн Магдай сээрчини, Төлөгөн хан көрүп калат да:

- Бул ким? - деп жээндеринен сурайт.

Ал мурда Кызылбаш хандын казыначысы болгонун, баш калкалап качып келгенин, жоор атты жорго, кашаң атты тулпар кылган чоң саяпкер экенин айтып макташат. Анда таякеси баш чайкап:

- Бул кишинин көзү бүтүк, бою пас экен, кетиргиле! - дейт.

- Ой таяке, кайдагыны айтасыз, - дешип эки жээни Төлөгөндүн айтканына кулак салбай, Магдайды мактап киришет.

Төлөгөн хан тактынын жыйырманчы тепкичине чыкканда, кайрадан токтоп, Магдайга көз салат да:

- Оо, менин бир боор жээндерим. Бул адамдын жылмайганы жылмайган да, бирок адамга тике карабай көзүн ала качып турат экен. Мындайдын колунан жакшылык келбейт, кетиргиле! - дейт.

Жээндери кайра эле жан алдары калбай тигини мактап, таякесинин экинчи жолку айткан кебине да кулак салбай коюшат. Ошондо, тактынын отуз тогузунчу тепкичине чыгып туруп:

- Оо, менин сүйүктүү жээндерим! Тиги адамдын көздөрү бүтүк, бою пас экен. Акыр түбү силерге кыянаттык кылат. Кетиргиле дейт.

- Оо, таяке, бизди башпаанек тутуп, өлүмдөн качып келген бул бейкүнөө мусапырды: “Сенин көздөрүң бүтүк, боюң пас экен, жылмая берет экенсиң" - деп эле жөнү жок айыптап, үйүбүздөн кууп чыксак, жок жерден журтка уят болбойбузбу? - дешип "Кетиргиле" дегенине көнбөй коюшат.

- Айткан акылымды аңдап баалабадыңар да, душманга колтук ачып, тууганды байкабадыңар - деп, бир тепкич калган тактыга чыкпай, той нанынан ооз да тийбей, "Тарт атты!" - деп таякеси таарынып, артына кайтып, кырк жигити менен кетип калат.

- Таякебиздин бул кылганы, ушундай саяпкерди көралбай, бизге ичи тардык кылганы да, - деп таарынып, булар бул жакта кала беришет, той уланат.

## Азгыруу

Күндөрдүн биринде Аматбек менен Жусупбек дагы ууга чыкмай болушат. Бардык даярдыктары бүтүп, таң эртең менен жөнөп баратышып, дарбаза түбүндө ыйлап турган Магядай сээрчини көрүп калышат да, ат тизгинин тартып:

- Сен эмне ыйлап жатасың? - деп сурашат.

- Оо, улуктардын улугу! Сиздер ордодо экениңиздерде, мен аттарга алаксыйт экенмин. Сиздер ууга кеткенде, кылаарга иш таппай бош калат экенмин, - дейт сээрчи.

- Андай болсо тулпардан бирди тандап мин да, биз менен кошо жүр, - деп ээрчитип алышат.

Болжогон жерге келишип аскадан аркар, куумайдан кулжа атып жүрүшүп, күн кечтеп калганын да байкабай калышат. Ошондо, Магядай сээрчи, сээрчилердин бир дубасын окуп, шамал айдаган булутка "Алты тоону ашканча акмарал бол, сүф!" - дегенде, асмандагы ак булут жерде жүргөн акмарал болуп көрүнүп, Аматбектердин алдынан качып жөнөйт. Аны, "Ана атабыз, мына атабыз" - деп артынан кууп отурушуп, алты тоону ашканда, акмарал көздөн кайым болот. Көзгө сайса көрүнбөгөн караңгыда, акмаралды таппай калып, мергендер эптеп ошол жерде түнөп калышат. Эртең менен турушул, бөтөн эле бейтаныш жерге келип калгандарын көрүшүп:

- Биз каякка келип калганбыз? - деп бири-биринен сурашат.

Анда Мягадай сээрчи:

- Биз Кызылбаш хандын жерине өтө түшкөн турбайбызбы. Бул тоолорду адам буту баса элек десе да болот. Бул элде, мына бул көрүнгөн тоону Текели дешет. Себеби, ал тоонун күңгөйүнөн туруп "Чаа!" десең, тескейдеги эчки менен текеси качып берсе, зоонун бети көрүнбөй калат. Андан ары дагы бир тоо ашсаң, Сонолу деген көл бар. Жээгинде туруп "Күш" десең, өрдөк менен соносу учуп берсе, көлдүн бети көрүнбөй

калат дешчү эле. Акмарал себепчи болуп бир келип калыппыз, көрө кетпейсиздерби? - дейт.

Кумарчы менен мергенчинин ышкысындай ышкы болбостур.

Бөтөн эл, бөтөн жерде экенбиз дешпей:

- Көрүп кетели, ханым? - деп кырк жигити кырк жактан чурулдап жиберишет. Аматбек менен Жусупбек да жок дебей макул болушуп, Текелиге жөнөшөт. Мелжеген жерге келгенде, күңгөйдө туруп "Чаа!" дешсе, тескейдеги эчки менен текеси качып берет, зоонун бети көрүнбөй калат. Мергендер ал күнү эчки менен текесин аралап жүрүп атышып, аябай кумардан чыгышат да, кечинде жатканга жайлуу бир жерде түнөп калышат.

Эртеси: "Эми мынча болду, Сонолу көлдү да көрө кетели," - дешип дагы бир тоону ашып Сонолуга жетишет. Көлүндө сүзгөн балыктын көптүгүнөн, суунун бети кайнап аткандай, "Күш" десең өрдөк менен соносу учуп берсе, көлдүн бети көрүнбөй калган, не бир ажайып жер экен. Ал күнү да куш салганы куш салып, балыкчысы балык уулап, аябай кумардан чыгышат. "Кечкисин көл үстүнөн шамал жүрүп, түнкүсү суук болоор," - деп тоо үстүнөн бир ыңгайлуу жерди тандап, өтө чарчаган мергенчилер, алп уйкуга киргенде, Магядай сээрчилердин тетири батасын окуп, "сүф" дегенде, Кызылбаш хандын алдында болуп:

- Оо, Улуулардын улуусу! Сиздин берген тапшырманы аткарып, Аматбек менен Жусупбекти алып келдим. Азыр Сонолу көлдүн жайыгында, бири жүз баатырга, жүзү миң баатырга татыган, кырк жигити менен уктап жатышат. Аларга күрөшүп күчүңүз, алышып алыңыз жетпестир. Андыктан, калкыңыздын жети жашар баласынан тартып, жетимиштеги чалына дейре эркек аттуусунан аскер курап, тоо түбүндө буктурмада туруңуз. Мага кырк качырга алтын менен күмүш жүктөтүп бериңиз, Мен Аматбек менен Жусупбекти алтын менен азгырып, алдыңызга алып түшүп берем. Ошондо, сиз ал экөөнү байлап аласыз - дейт.

Кызылбаш макул болот, мөөр басат.

Хандын буйругу көз ачып жумганча аткарылып, Магядай сээрчиге алтын, күмүш жүктөлгөн кырк качырды берип, калкынан жети жашар баладан жетимиштеги чалына чейин аскерге алып, Кызылбаш хан Аматбек менен Жусупбекти тоо түбүндө күтүп турсун, биз Магядай сээрчиден кабар алалы.

Магядай сээрчи кырк качырдын жарымын тоо түбүнө калтырып, калганын ар жерге бирден таштап, эки үчөөнү гана тоо башына чыгарат да, Аматбек менен Жусупбек уктап жаткан чатырга кирип, аларды акырын ойготот:

- Оо, улуу ханым! Сиздерге айтпай бир чекилик иш кылдым. Ак жерден мени каралап, өлүмгө буйруганы үчүн Кызылбашта кетпеген кегим, албаган акым калган эле. Кудайдын амири, акмаралдын шылтоосу менен Кызылбаштын жерине келип калганда, ошол эсиме түшүп кырк казынасын ачтым да алтын күмүштөрүн кырк качырга жүктөп, Сиздерге

алып келдим. Качырлардын алды тоого чыгып калды, көрүп келиңиздер, - дейт.

Алтын дегенде эки бир тууган да акылдан адаша түшөт:

- Кырк жигитти ойготуп алалы, - дейт Жусупбек.

- Алар өтө чарчашты, уктай беришсин. Эртең деле көрө беришет, - дейт Магядай сээрчи.

- Анда кийинип алалы, - дейт Аматбек.

- Кийинип, курал-жарак менен баргыдай, жоо бар беле. Тигине, качырлардын алды жонго чыгып турбайбы, көрүп коюп кайра келе калабыз? - деп, экөөнү ак көйнөк, ак дамбалчан эле ээрчитип жөнөйт.

Жонго чыгып турган кап-кап толо алтын жүктөлгөн качырларды көрсөткөн соң:

- Калгандары жүктү көтөрө албай тигинде турат биротоло калгандарын да көрүп кайталы, - деп утур төмөнкүсүнө азгырып, экөөнү ылдый алып түшө берет.

Бекер олжого алкымдары ачылгандан ачылып, тоо түбүнө түшүп келгенде, Кызылбаштын буктурмадагы даяр турган аскери, ал экөөнү көчкү алгандай лап эле басып калышат да, колу-буттарына кишен салышып, Кызылбаштын шаарын карай жөнөп калат.

Кызылбаш бул экөөнү алып жөнөй берсин, эми биз кырк жигиттин башчысы, Бозжигиттен кабар алалы.

## Бозжигит менен кырк жигит

Аматбек менен Жусупбек колго түшөөрү менен кырк жигиттин башчысы Бозжигит жатып түш көрөт, Түшүндө, Аматбек менен Жусупбек бир арстандын ачылган оозунда турушат имиш.

Түшүнөн чочуп ойгонуп, хан жаткан чатырга чуркап келсе, ордуларында жок. "Бир жамандык болгон го," - деп отко койгон атына шап секирип минет да, жигиттерин ойготуп алыш да эсине келбей, из кууп жөнөйт.

Түздөн түшө бергенде, кылкылдаган көп колдун так ортосунда, кол-буттары байлануу бара жаткан Аматбек менен Жусупбекти көрүп, ач айкырык сүрөөн салып, жалгыз өзү:

Кылкылдаган көп колго,
Кынга салса кылт эткен,
Сууруп алса жылт эткен,
Алдынан чыккан аскерге,
Шилтегенде жалт эткен,
Катары менен отузу,
Ошол жерде жалп эткен,
Кырк бир уста,
Кырк бир күн,
Кызыл канга сугарган.

Кылычын суурул Бозжигит,
Алдынан келген аскерди,
Аябай кырат Бозжигит.
Оң жактан келген отузун,
Оодара кырып Бозжигит,
Сол жактан келген душманды,
Солойто кырат Бозжигит.

Ошентип таң атканча согушса да сансыз колду жарып өтө албайт. Аматбек менен Жусупбекке жете албайт.

Ошондо жалгыз өзү Аматбек менен Жусупбекти бошотуп ала албасына көзү жетип, аттын башын бурат.

Кырк жигитке келсе, кыркы кырк жерде эчтекеден бейкапар, алп уйкуда жатышат экен. Аларды карап ат үстүндө буркурап:

- Оо, кырылып өлгүр, кырк жигит! Оо, союлуп өлгүр, сан жигит. Аматбек менен Жусупбек, эрлерди алдырып койдук - деп казал айтып ыйлап келет. Кырк жигит көздөрүн ачса, кызылдан кийим кийген, өзү да кызыл, минген аты да кыпкызыл бирөө турат дейт.

- Ой сен кимсиң? - дешет кырк жигит.

- Мен шору каткан Бозжигитмин! - дейт.

Кырк жигиттин башчысы Бозжигит, дайыма боз ат минип, боз кийим кийип жүрчү экен. Таң атканча кан кечип, согушта жүрүп, аты, кийим-кечесинен бери чылгый кызыл кан болгон экен.

Бозжигит башка түшкөн балакетти айтат.

Кырк жигит шапа-шупа жоо кийимин кийишип, жоо жарагын алышат, басмайылды бек тартып, куюшканды кыскартып, темир тапан үзөңгү, теппей ыргып минишип, жоо артынан түшүшөт да Кызылбаштын аскерине жеткенде, кыркы кырк жактан ач кыйкырык чуу менен,

- Арыстан келип калгандай атырылат кырк жигит;
Жолборс кирип келгендей,
Жарып кирет кырк жигит.
Карышкыр койго тийгендей,
Качырып кирет кырк жигит.
Кыргый тийген таандай,
Ошондо, кырып кирет кырк жигит.
Арстанды көргөндөй,
Алдастай түшөт Кызылбаш.
Жолборс жонго мингендей,
Жапырылат Кызылбаш.
Карышкыр жарган койлордой,
Калтырап калат Кызылбаш.
Кыргый тийген таандай,
Кырылып кирет Кызылбаш.
Сойсом сени соол деп,
Союп кирет кырк жигит.
Сайсам сени соол деп,
Сайып кирет кырк жигит.

Чапсам сени сооп деп,
Чоюн баштуу чокморду,
Чаап кирет кырк жигит.
Сойгон сайын сан колу.
Дагы келет Кызылбаш.
Сайган сайын санаксыз,
Колу келет Кызылбаш.
Чапкан сайын саны көп,
Колу келет Кызылбаш.
Өлгөнү кайра тургандай,
Дагы, дагы келет аскери...

Ушинтип жети күн, жети түн согушуп, кыркынан жетөө эле калганда, Аматбек менен Жусупбек:

- Эми болбоду. Алышкан менен алыңар, күрөшкөн менен күчүңөр жетпейт. Бөөдө баарың кырылгандан көрө, аман калганың артка кайткыла. Бизди жоого кетти деп, элге кабар айткыла, - дешет.

"Аа" дегенге алдары, "Ба" дегенге дармандары калбай жетөө жети жерде соксойуп кала беришет да, Кызылбаштын колу Аматбектерди алып кете берет. Ошондо, кырк жигиттин башчысы Бозжигит башын көтөрө албай шылкыйып,

- "Аматбек менен Жусупбекти жоого алдырып ийдик," - деп эли-журт-ка кантип барабыз. Андан көрө ар кимибиз ар жакка кетип, талаада тентип өлгөнүбүз артык, - дейт.

- Ханына калкан боло албаган биздейлерге, ээн талаа, эрме чөлдө каңгып калуу, биз үчүн тагдырдын адилет өкүмү дешип, биринин көзүн бири тике карай албай, жетөө жети жакка тентип кетишет.

## Каракөздүн махабаты

Кызылбаш хан Аматбек менен Жусупбекти өз шаарына алып келээри менен:

- Эртең, менин түшүмө кирип, тынчымды алган Аматбек менен Жусупбек дарга асылсын! - дейт.

Мындай кабар бүт шаарга дароо тарап, эртеси дар орнотулган жерге эл быкылдап батпай кетет.

"Атамдын түшүнө кирип, түн уйку бербеген, алар кандай немелер экен" - деп, Кызылбаштын жалгыз кызы Каракөз сулуу да келет көргөнү. Жусупбек айлуу түндө асмандан Айдын нурун төккөндөй, эки көзү балбылдап, таңкы Чолпон жылдыздай, өтө сулуу жигит экен. Каракөз сулуу бир көрүп эле Жусупбекке арбалгандай ашык болуп калат. "Ушундай да сулуу жигит болобу?" - деп акылын жыя албай, өлүмгө кыя албай алдастап айласы кетип, акыры ашыктык айла таптырып, атасына минтет:

- Капастагы жолборстон корккон коендой, буларды мынча шашылыш дарга асканы жатасыз. Атагы далайга кеткен Аматбек менен Жусупбектей

баатырларды, "Кызылбаш хан туткунга алыптыр," - деген кабар тараганда "Калппы, чынбы, кана көрөлү", - дешип, Сизге касын тиккен коңшулаш хандар келишээр. Сиз түнкү уурудай шашылбай, ошолордун көз алдында дарга ассаңыз, аброюуңуз эле ашпайбы?" - дейт. "Чын эле Аматбек менен Жусупбекти кошоктоп аскан бизди эки чайнап эле бир жутпайбы" - деп алдымдан кыя өтө албай калышат. Буларды колу-бутунан кишенди чечпей Оймок-Ооз зынданыма сала турайын" - деп, кырк кулач аркан бойлобогон, оозу оймоктой зынданга таштатып жиберет.

Аматбек менен Жусупбек зындандын түбүнө түшсө, алты кабат асман менен жети кабат жер түбүндөгү түштү жоруган Баба Камбар чал отурат экен, сакал-башы саксайып:

- Ой, силер кайдан?

- Сен кайдан? - деп бири-биринен сурашып, караңгы зындан түбүндө жердештер отуруп калышат.

Каракөз сулуу хандар жечү тамактан бышыртып, түн жарымы болгондо, асманга жылдыз толгондо, жашыруун төтө жол менен зынданга келип тамак таштайт. Жусупбектин алдына түшкөн тамакты көрүшүп, "Муну ким таштады?" - деп жогор жакты караса, асмандагы Айдын эгизиндей болуп, Каракөз сулуу туруптур зындан оозунда. Жусупбектин жүзүн көрүп алып, шашкан бойдон кетип калат. Ошол күндөн баштап, Каракөз күн сайын тамак алып келип, аны Жусупбек тутуп, алып турат. Күндөрдүн биринде:

- Хандын Каракөз сулуусу эмне үчүн бизге тамак алып келип турат? - деп Аматбек таң калса:

- Ээ балдар, хандын Каракөз сулуусу мага ашык болуп калган, ошол үчүн мага хандар жечү тамакты өз колу менен бышырып, мен бул жерге келгенден бери тамак ташып жүрбөйбү, - деп күлөт, Баба Камбар чал.

- Андай болсо, Каракөз бүгүн келгенде, тамакты сиз барып алып келиңиз, - дейт Жусупбек.

Кечинде Каракөз тамак алып келгенде сакалы киндигине түшкөн чалдын зындан оозунда турганын көрүп:

- Сен эмне турасың, - дейт.

- Каракөз сулуу, сен алып келген тамакты алганы турам, - дейт чал.

- Көзүмө көрүнбөй жогол ары. Мен тамакты алып келгенде, экинчи зындан оозунан көрсөм, тамак эмес таш менен уруп, мээңди чачырата коём, карыган как баш десе! - дейт.

Тамашалайм деп, таза мээден ажырап кала жаздаган Камбар чал куру кол келип:

- Ээ балдар, силер келгенден бери жаш экен деп, Каракөздүн көңүлү силерге ооп калыптыр. Эң жашыбыз сен эмессиңби, Жусупбек, мындан ары сен эле барып турчу, - дейт.

Беркилер күлүп калышат. Ушинтип, түбү жок түпкүрдө да кээде күлкү менен үмүттүн оту жылт этип күндөр өтө берет.

## Күтүүсүз байланыш

Ошол күндөрдүн биринде, Жусупбек зындан оозунда туруп, асмандагы булуттарга карап:

- Оо, асманда айланып учкан ала булут,
Апама айта барчы дубай салам.
Оо, асманда эркин учкан кара булут,
Элиме айта барчы дубай салам.
Оо, асманда айланып учкан ала карга,
Апама айта барчы дубай салам.
Оо, асманда эркин учкан ала карга,
Элиме айта барчы дубай салам! - деп, асмандан эмнени көрсө ошого жалынып, эли-жерин сагынып турса, асмандан бир топ өрдөктөр учуп баратып, зындандын тушунда айланып эле калат, айланып эле калат... Аларды көпкө карап туруп, Жусупбек агасын чакырат да:

- Тээгиги өрдөктөр асманда айланат эле, айланат. Биздин өрдөктөр эмеспи? - дейт.

- Койчу, биздин өрдөктөр бул жакка каяктан келишсин - дегенде, асмандагы өрдөктөр, зындандагы экөөнү карай тик ылдый сайылып түшүп, колдоруна келип конот. Караса, чын эле өздөрүнүн бакма өрдөктөрү экен.

- О, бечаралар, бизди сагынып, издеп келишкен турбайбы, - деп боорлоруна басып, көпкө чейин ыйлап-сыкташат. Өрдөктөрдүн бирөө, Аматбектин колунда туруп жан берет.

- О, байкушум, бизди тапканча эптеп чыдаган экенсиң да, - деп мойну-башынан сылап жатса, колуна апасы жазган кат урунуп калат.

Катта: "Айланайын эгиздерим! Жер бетинде тирүү болсоңор, кабарыңарды билдирип койгулачы?" - деген гана куш тилиндей кат экен. Эки бир тууган апасы менен Аматбектин аялына жооп кат жазып, өрдөктөрдүн моюндарына байлашып, "Эсен-аман элиме жеткиргиле!" - деп кайра учурушат.

Кат алып бараткан өрдөктөр узаккы жолдо аябай чарчашып, Сонолу көлгө келгенде: "Канатыбызды дем алдырып, суусунубузду кандырып алалы," - деп көлгө конушат.

Дал ошоп мезгилде, Кызылбаштын мергени да Сонолуда өрдөк атып жүргөн болот. Жаңы эле сууга конгон өрдөктөрдү байкап калган мерген: "Ушул өрдөктөрдү атып, Кызылбаш ханга алып барсам, бир теңгелик алтын берээр", - деп аңдып жөнөйт. Жакындап келе жаткан мергенди байкап калышып, өрдөктөр көлдүн аркы жээгине өтүп кетишет.

- Атаармын сени атаармын, кеч киргенче атаармын, - деп мерген көлдү айланып, кечке маал аркы өйүзгө араң өтсө, аны өрдөктөр дагы байкап калып, берки жээкке учуп кетишет.

- Оо, атаармын сени атаармын, эми таң атканча атаармын, - деп таң атканда бери өтсө, өрдөктөр ары өтүп, ары өтсө бери өтөт. Мергендей өжөр жан барбы.

- Атаармын сени атаармын,

Түш болгондо атаармын,-...

Кеч киргенде атаармын... - деп үч күн, үч түн өрдөктөрдү уктата койбой, соңунан сая түшүп, төртүнчү күнү таңга маал, өрдөктөрдүн көзү куш уйкуга илине түшкөндө, бирөөн атып алат. Калганы өз жерине учуп кетишет.

Мерген атып алган өрдөктүн жүнүн тазалап жатып, мойнуна байланган катты таап алат: "Оо, өрдөктүн мойнунан табылган бул кат үчүн, хан Кызылбаш мага эки дилделик алтын берээр," - деп өрдөк менен кошо Кызылбаш ханга катты алып барып берет.

Кызылбаш хан Аматбектин аялына "Жалгыз уулум Нусупбекти мен барганча этият кыл!" - деген катын окуп: "Ээ, булар зынданда жатып, эли менен кат алышып турган болсо, бир балээни баштаары бышык. Тезинен көздөрүн тазалайын," – деп,

- Аматбек менен Жусупбекти, эртең алып келип, дарга аскыла! - деп желдеттерине буйрук берет.

Кызылбаш Аматбек менен Жусупбекти дарга асканы даярдана берсин, биз, кат алып кеткен өрдөктөрдөн кабар алалы.

Өрдөктөр андан ары бир да жерге конбой учуп отуруп, Аматбектин апасына, аман-эсен жетишет, уулунан келген катты алып окуса: "Айланайын, апа! Биз Кызылбаш хандын зынданында туткундабыз. Төлөгөн таякебиз "Сен кой, мен жанчам" деген жигиттерден кол курап келип, бизди бошотуп алсын. Баягында жаштык кылып, тилин албай койгонубузду кечирсин?" - деп жазышыптыр. Туткунда болсо да тирүү экендерин билээри менен, дароо Төлөгөн агасына келип:

- Уулдарымды бошотуп кел? - дейт,

- Айткан акылымды укпай, мени душмандай көрүп, душманга колтук ачып, душманын тууган туткан, менин аларга окшогон жээндерим жок" - деп, Төлөгөн тескери карайт.

- Балалык кылып бир жолку жаңылганын кечирбей, балдарымды бошотуп келбесең анда өз колуң менен балдарымдан мурда мени өлтүрүп сал! - деп ыйлай бергенде, бир боорун кыя албай, сен кой, мен жанчам деген жигиттерден тандап алып, ичтеринен жоо кийимди кийгизип, жоо жарагын жашырып, сыртынан соодагерче кийинишип, Кызылбаштын шаарын карай жол тартышат.

Булар жолдо келе беришсин, биз эми кайра, дарга асыла турган Аматбектерден кабар алалы.

- Аматбек менен Жусупбекти зындандан алып келгиле! - деп Кызылбаш желдеттерин жөнөтөт. Алар келип:

- Эй, Аматбек менен Жусупбек, зындандан чыккыла! Кызылбаш хан силерди чакырып жатат, - дешет.

- Жок, биз чыкпайбыз, - дешет бир туугандар.

- Эмне үчүн?

- Бул зынданга бизден мурда түшкөн миңдеген бечаралар бар. Кызылбашың ошолорду мурда чыгарып, чачтарын алып, сакал муруттарын кырдырсын. Мончого түшүрүп, башка кийим бердирсин, анан биз чыгабыз, - дешет.

Желдеттер бул кабарды Кызылбашка жеткиришет. Башка айла жок, Кызылбаш мончо, чачтарач курдуруп, миңдеген туткундарды жуунтуп-тарантып, кайра зынданга салгандан кийин:

- Эми чыккыла, - дейт.

- Жок! - дешет кайрадан.

- Дагы эмне керек? Айтканыңар аткарылды го, – дешет желдеттер.

- Биз жети жыл жер алдында жатып, чучук сөөктөрүбүзгө сыз өтүп кетти. Кызылбашыңарга айткыла. Зынданга кырк тепкичтүү шаты жасатып, ар бир тепкичине, бойго жеткен бирден кыз койдурсун, болбосо чыкпайбыз, – дешет. Анткени, жер түбүндө жети жыл жатып, чучук сөөктөрүнө сыз өткөн адам, бойго жеткен кырк кыздын мүрүсүнө колун коюп, жөлөнүп чыкса, денеге сиңген жети жылдык сыз, кырк кызга таркап кетет экен.

Ошентип, Аматбек менен Жусупбектин койгон жаңы талабын айтып, желдеттер кайрадан Кызылбаш ханга келишет. "Тезирээк эле зындандан чыкса болду," – деп, Аматбектердин бул талабын да орундатып, кырк бакана тепкичтүү шаты жасатып, ар бир тепкичине бирден бойго жеткен кыз койдуруп, желдеттерине мындай буйрук берет:

- Аматбек менен Жусупбек зындандын оозуна чыкканда айткыла, менин динимди кабыл алып, ак ниеттери менен мага кызмат кылышса, баштарына азаттык берип, ага кошумча жарым хандыгымды экөөнө бөлүп берип, экөөнү эки жерге хан көтөрөм. Эгерде биринчи жолу айтканыңарда макул болушпаса, жарым жолго келгенде, экинчи жолу кайра кайталагыла, - дейт.

Ошентип кырк тепкичтүү шаты зынданга түшүрүлүп, кырк кызды кырк тепкичке койгон соң, Аматбек менен Жусупбек тепкичтеги кыздарга бирден таянып жогору чыгып келишет. Ошондо желдеттердин башчысы:

- Эй Аматбек менен Жусупбек! Биздин улуу ханыбыздын динин кабыл алып, ага ак ниетиңер менен кызмат кылсаңар, башыңар азатта болот. Ага кошумча, жарым хандыгын тең бөлүп берип, экөөңдү эки жерге хан көтөрөт. Буга эмне дейсиңер? - дейт.

- Биз Кызылбаштын бутканасын бузуп, мечит, медресе салабыз да, Кызылбаштын башын алабыз! - дешет экөө тең.

Аларды алып жөнөп, жарым жолго келгенде, Кызылбаш хандын жарлыгын экинчи жолу кайталашат. Бир туугандар баягы эле жообун айтышат.

Эми булар жолдо келе беришсин, а биз Төлөгөн хандан кабар алалы.

# Төлөгөндүн жардамы

Соодагердин кийимин кийген Төлөгөндүн жигиттери, эч кимге шек алдырбай, Кызылбаштын шаарына келип киргенде, Төлөгөн хан мындай дейт:

- Менин жээндеримди өз динине киргизип, өзүнө кызмат кылдырууга Кызылбаш хан аракет кылаар. Себеби, аларды өз динине киргизип, ак ниети менен кызмат кылууга ант ичирип алса, алар гана эмес, алардын эл-жери да Кызылбаш каапырга баш ийгени эмеспи. Ошондуктан, Аматбек менен Жусупбек каапырдын динин кабыл алып, ага кызмат кылабыз дешсе, эң биринчи ал экөөнүн башын алып, анан Кызылбашка уруш салабыз, - дейт.

Аматбек менен Жусупбек асыла турган дарганын түбүндө эл быкылдап батпайт.


Төлөгөн жигиттерин көпчүлүктүн ичине аралаштырып ийип, жээндерин күтүп турат.

Көздөрү таңылуу Аматбек менен Жусупбекти дар түбүнө алып келип, моюндарына сыйыртмак салганда, Кызылбаш хан өзү ордунан туруп:

- Эй Аматбек менен Жусупбек! Мен силерге акыркы жолу мээрим кылып айтам. Эгерде силер менин диниме кирип, мага ак ниетиңер менен кызмат кылууга ант ичсеңер, башыңарга азаттык берип, жарым хандыгымды тең бөлүп, экөөңдү эки жерге хан көтөрөм. Макулсуңарбы? - дейт.

Мойнуна сыйыртмак илинип, эми чындап өлөөрүн билген Жусупбек, акыркы жолу Каракөз ашыгын бир көрүп калайын деп:

- Оо Кызылбаш, көзүмдү чечтир, анан жооп берейин! - дейт.



Кызылбаш уруксат берет. Жусупбек көзүн ачып, Каракөз ашыгын караса, көзүнүн жашы он талаа болуп ыйлап турган экен. Каракөздүн көз жашын көрбөйүн деп бери бурула берип, жарданып турган калың элдин ичинен, шымаланып даяр турган бир боор таякесин көргөндө:

- Ыйлаба, Каракөз! Биз Кызылбаштын бутканасын бузуп, мечит, медресе курабыз! Кызылбаштын башын... - дей бергенде, Кызылбаш чыдабай кетип:

- Тарт арканды! - деп бакырат.

Ага удаа, кындагы кылыч жарк этип:

- Тарт!!! - деген Төлөгөндүн каардуу үнү жаңырганда, салаңдаган кыл аркан кыя чабылып, Кызылбаштын башына кыямат акыр түн түшүп, кызыл кыргын башталат.

Ошондо, түшүндөгү төп келип:
Жанындагы тап берген,
Эки жолборс секирип.
Жара тартып курсагын,
Башын жулуп алганда,
Кызылбаштын башынан
Кызыл каны чачылат.
Оозундагы кара жан,
Учуп чыгып пырпырап,
Күйүп турган тозокко,
Түшүп кетет чыркырап.

Ошентип Кызылбаш өлгөндөн кийин, Аматбек менен Жусупбек анын буддий бутканасын бузуп, мечит медресе салдырат. Зынданда жаткан туткундарды бошотуп, Баба Камбарды ак ордого алдырып, малы-пулун түгөлдөтүп, өз элине жөнөтүшөт.

Анан, Аматбек Магядай аярды таптырып, дарга аскыла дегенде:

- Жок, ханым. Мени дарга аспай эле, ушул элге хан көтөргүлө, - дейт тайманбай тике карап.

- О, жүзүкара каапыр десе!!! Сен жүзүкара биздин тузубузду татып, туз баштыгыбызга сийдиң! Сен жүзүкара, наныбызды жеп, наадандык кылдың! Сен каапырдын айынан, буту колубузга кишен салынып, көрбөгөн кордукту көрдүк. Эми сени дагы кайсы эрдигиңе хан көтөрөт экенбиз?! -дешсе,

- Оо, Улуулардын улугу, хандардын ханы, Мухаметтин үммөттөрү, бир кудайдын кулдары! Куран китепти ачып көргүлөчү. Анда мындай деп айтылат: "Бул жарык дүйнөдө, бардык нерсе, бир кудайдын кудурети, каалоосу менен гана болот". Демек, кудайдын кудрет каалоосу болбогондо, башын жеген Кызылбаш түш көрүп, мен себепчи болуп, сиздерди бул жерге алып келбейт элем. Кудай амир кылбаганда, сиздер Кызылбаштын буддий бутканасын бузуп, мечит, медресе курбайт элеңиздер го. Кудай өзү амир кылып көңүлүмө салбаганда, мен акыйкат динди кабыл алып, сиздер менен бир динде болбос элем. Дагы бир нерсе, кудай таала буйрубаганда, Каракөз сулуу Жусупбекти сүйүп

калбай, жети жыл мурда мага жар болмок. Буга эмне дейсиздер? - деп, Курандан жол таап, жарга камагандай айлаларын кетирет.

- Магядайдын дегенине "жок" деген жооп таба алышпай, акыры аны хан көтөрүшүп, Каракөз ашыгы Жусупбекке жар болуп, эки бир тууган Каракөз менен өз элине кайтышат.

## Эне

Алар жолдо аз жүрдүбү, көп жүрдүбү, акыры өз жеринин чегине кирип келишет.

Жолдо келе жатып, ээн талаада торпок кайтарган, көзү азиз кемпирге жолугушат.

- Оо, эне, Аматбек менен Жусупбектин шаарына кайсыл жол менен барсак жакын? - деп сурап калышат.

- Оо, азиз жолоочулар! Аматбек менен Жусупбегимдин атын атап жатканыңарга караганда, бөтөн элден, алыскы жерден окшойсуздар?

- Эмне үчүн алардын атын атасак, бөтөн элден болобуз?

- Өзүн-өзү хан шайлаган кара ниет Карабай: - "Кимде ким Аматбек менен Жусупбектин атын атаса, оозуна кайнаган коргошун куюлат"- дегенден бери, эч бир жан, кулундарымдын атын атай албай калышкан эле, - деп ыйлайт аял.

- А сиз ким болосуз? - деп үчөө сурашса,

- Оо, азиз жолоочуларым! Жакшылыктын жышааныбы, үнүңөр эле назик угулат, Аматбек менен Жусупбегим аман-эсен келип калышат окшойт. Мен алардын апасы болом. Эки бирдей уулдарым ууга кеткен бойдон дайынсыз жоголгондо, Карабай деген алыс бир кара ниет тууганыбыз өзүн-өзү; "Мен ханмын!" - деп тактыга отургандан баштап, мени торпок кайтартып койгон. Балдарымдын жолун карап ыйлай берип, эки көздөн да айрылдым. Кайгы үстүнө кайгы басып, канкор Карабай - бүгүн Аматбегимдин аялы Карачачты, зордук менен аялдыкка алганы той өткөрүп жатат ордодо, - деп, дагы ыйлайт.

- Ыйлабай туруңуз, энеке. Аматбек менен Жусупбекти жолдо келе жатат деп уктук, бүгүн-эртең келип калышат деп, үч жолоочу өздөрүн таанытпай, аттарына камчы уруп, шаарды карай шашып жөнөшөт.

Акыры шаарга жетип, ак ордого кирип келишет. Ушул учурда казан-казан эт кайнатып жаткан чочкодой семиз ашпоздон, жылаң аяк жети жашар бала:

- Ой аке, мага кичине эт берип коюңузчу? - деп колун сунат.

- У, жолбун иттей тентип жоголгон тексиздин жетими десе! Ме сага эт! - деп, чөмүч менен баштан ары бир коет.

- Жаш баланы эмне урасың? Хан тоюнда карып менен жетимге бир тиштем эт берип койсоң, ханыңдын казынасы кемибейт эле го, - деп Аматбек аттан эңиле түшүп, казанга камчысын салып кайра алса, устукандын улугу, чоң жамбаш илинип чыгат.

- Ой, бала, ме! - деп жиликти балага берет.

- Кадырлуу Карабай өзү ооз тийе элек этти, каяктагы жетимге алып берген кандай адамсың?! Жүр хандын алдына! - деп ашпоз Жусупбекке асыла бергенде:

- Турчу нары! - деп маңдайына бир чертсе, ашпоздун башы жарылып, чалкасынан кетет.

Бала этти көтөргөн бойдон көшөгөдө ыйлап отурган апасына жүгүрүп кирип барганда:

- Айланайын кулунум, атадан калган жалгызым! Бул этти сага ким берди? - деп сурайт.

Баласы болгон окуяны айтып бергенде:

- Атаң адамды чертчү эмес, чертсе соо койчу эмес эле. Атаң келип калган окшойт! - деп, тойго деп Карабай зордоп кийгизген үлпүлдөк узун шөкүлөсүн башынан алып ыргытып, жети жашар Нусупбекти көтөргөн бойдон, Аматбектин алдынан чуркап чыгат. "Аматбек келди", деген кабарды угаары менен, коён жүрөк, кара ниет Карабайдын жүрөгү жарылып, ээлеп алган тактыдан как чокусу менен сайылып түшүп өлөт. Ошондо Карабай канкордон аябай азап чеккен эли келип:

Кана ханым, аттан түшүп, тактыңызга отуруңуз? - дешкенде.

- Жок, азап тарткан апам алдыма келмейинче, аттан түшпөймүн - дейт.

Торпок кайтарган жеринде сүйүнчү сурашып, апасын алып келишет.

- Бүгүн мен силерди кайрадан төрөгөндөй болуп турам. Кана карактарым, мамагыңарды бирден жыттап койгулачы, - дейт.

Эки уулу эки эмчекти жыттап ийишкенде, эненин эт жүрөгү элжиреп кетип, эки көзүнө жан кирип, бактылуу жашап калышкан экен.

# АПЕНДИ УУРУЛУК КЫЛГАНДА

Апендинин жалгыз тоогу менен жалгыз эле бир улагы болуптур. Күндөрдүн биринде улагы калып, тоогу жоголуп кетет. Тоогун түтүлөп издеген Апенди, тоокту карабаган жери калбай, кечке маал үйүнө келип:

- Тоокту ууру алыптыр, ууру албаганда жер жутту дейсиңби, эми мен да ууру болом, - дейт капыстан эле.

- Эмнеге ботом, койчу болбогон кепти? - дейт кемпири чочуп.

- Эмне үчүн койчу?! Жер бетиндеги адамдардын бардыгы эле маңдай тери менен жашап жатат дейсиңби. Адам жаралгандан бери канча уурулар өттү бул ааламдан. Уурулукту жараткан соң, Кудайга ууру да керектир. Мен бүгүндөн баштап ууру болом, сөз бүттү! - деп, сыртка чыгып ойлоно баштайт.

- Түндүктөн түшө калган уурулардай ууру болуш үчүн, албетте, машыгуу керек. Кечээ тоокту уурдаган ууру, бүгүн улакты да уурдайт. Бөөдө бирөө алып кеткенден көрө, өзүм уурдап, биринчи көнүгүүнү баштайын,- дейт да, кечинде кемпирин уктатып коюп, өз улагын өзү союп, терисин жерге көөмп, жатып алат.

Эртеси кемпирине:

- Түндө мен улак уурдап келгемин. Бирөө-жарым үйгө кирбесин, сен эшикти сыртынан кулпулап, тезек терип кел. Сен келгенче, мен этти жиликтеп, казанга салып турам, - дейт.

Кемпири Апендинин айтканындай кылып, эшикти сыртынан кулпулап, тезек тергени кетет. Апенди этти жиликтеп казанга салат. Бир кап тезек көтөрүп кемпири келгенде:

- Ууру этти эч кимге көрсөтпөй, түн жарымында жейт. Ошондуктан казанга отту жагып коюп, эшикти сыртынан кулптайлы да, ачкычты эч ким таба албаган жерге бекитип, түн киргенче атаңдыкына барып келели, - дейт.

Кемпири очокко отту жагып, тезектен көп калап койгон соң, эшикти кулпташат. "Жолдо жоготуп койбойлу," - дешип, ачкычты күл дөбөгө көөмп, белгилүү болсун деп, үстүнө суу куюп коюшат да, Апендинин кайнатасыныкына жөнөшөт.

Жолдо келе жатышса, ызы-чуу болуп, көп балдар ойноп жатышыптыр.

"Ээ, бул балдар күл дөбөдөгү ачкычты таап, үйгө киришип, этти жеп коюшпасын," - деген ой Апендинин башына кылт эткенде токтоп калат да, балдарды чакырып:



- Ой балдар, эч ким билбесин деп, күл дөбөгө ачкычты бекитип, белги кылып, үстүнө суу куюп койдук. Силер барып, ал жерден ачкычты таап алып, эшикти ачып, үйгө кирип, биз түн жарымында кайнатамдыкынан келгенче казандагы этти жеп койбогула! - дейт.

- Жо-ок, антпейбиз! - дешет балдар чурулдашып.

- Эми жакшы болду, - деп сүйүнүп, Апенди менен кемпири андан ары жөнөшөт.

Алар биринчи эле белди ашканда, топ балдар тобу менен чуркаган бойдон күл дөбөгө келишип, суу төгүлгөн жерден ачкычты таап, үйгө киришет да, казандагы эттин баарын жеп, эттин ордуна Апенди менен кемпиринин чокой, өтүк, кепичтерин салып, казанды дымдап, эшикти кулпулап, күл дөбөгө ачкычты көөмп, белги кылып үстүнө сийип коюп кетип калышат.

Апенди менен кемпири түн жарымында келип, нымдашкан жерден ачкычты таап, үйгө киришет.


- Ууру этти чырак жакпай караңгыда жейт. Чырак жакпай этти салып кел! - дейт Апенди.

Караңгыда карбаластап жүрүп, кемпири казандагы этти чыгарып, ортого коёт. Табактагыдан бирден алып жейин десе, тиш өтпөйт. Тиштеп алып ары тартып, бери тартып, бир тиштем эт үзө албай аябай убара болушат.

- Бычак алып келчи? - дейт Апенди.

Караңгы үйдө ар кайсы жерди сыйпалап, кемпири бычакты таппайт.

- Бычак жок болсо жок болсун. Эмгек кылып араң уурдаган улактын этин баары бир жейбиз, - деп кайрадан тиштеп алып ары чоюп, бери чоюп жатып, бир үзүмдөн бирдеме үзүп алышып, чайнай берип жаактары карышат. Оозундагыны жута албай, кемпири түкүрүп салып кутулат.



- Эмгегим бекер кетпесин, - деп Апенди көздү жумуп, мойнун созуп, зордук менен жутуп ийсе, тамагына тыгылып, деми чыкпай тыбырап атып араң ары өткөрсө, кызыл өңгөчүнөн кетпей кусуп ийип, ал да араң аман калат.

- Эх, өзүбүздүн жармадан жакшысы жок экен. Эми эч жанга көрсөтпөй күл дөбөгө көөмп салалы, - деп алдындагынын баарын алып барып көөмп салып, ал түнү ачка жатышат.

Эртеси кийели десе, кепич, чокой же өтүк жок, ал гана эмес, короодогу кара кашка улак да жок, экөө бирин бири тиктеп отуруп калышат.

Ошондо:

- Эх-ээ, уурдалган этти сиңирип ийүү кыйын дешчү эле, сиңирип эмес, бир эле тиштем үзүп алуунун өзү кыйын экен. Бир тиштемин үзүп алсаң, аны чайнаганың тозок тура. Жаагың карышканча чайнасаң да жумшабай, жутмагың бир эле балээ турбайбы. А мойнуңду тоокчосунан бурап атып араң жутсаң, аның артка кайтып, тамашаны ошондо көрөт экенсиң. Аны менен эле бүтүп калбай, эртеси жылаң аяк калып, ага

кошумча жалгыз улагыңдан да айрылат экенсиң. Кой ууру эмес, Апенди эле бойдон жүргөнүм жакшы экен, - деп уурулугун коюптур.

Арадан бир ай өткөндө Апенди сыртка чыкса, он эки жөжө ээрчитип, жоголуп кеткен сары тоогу жоголбой эле саман тепкилеп жүрөт имиш...



# АКЫЛДУУ ЭШЕК

Бир кедей адам бир байга жалчы болуп жүрүп, бирок акысын ала албай жүрчү экен. Күз келгенде баягы кедейди бай кайрадан жалдап алып, кырман сапыртып коет.

Быйыл да жарытып акы ала албасын билип, кырмандан алыс бир буудай аңызга ороо казат да, күн сайын кырмандагы буудайдан эшекке жүктөп барып, ошол ороону толтуруп, оозун бекитип коет.

Ошол жылы кыш эрте түшүп, кар жаап коет. Талаанын баары тегиз аппак кар болуп, алиги кедей ороосун таппай калат. Күн сайын талаага кетип, кеч келет. Ороосун таппай, кедейдин айласы кеткенде, "Мунун айласын тапса, бир гана Апенди табат," - деп Апендиге келип:

- Ээ Апенди... - деп байдан бекиткен ороосун таппай жүргөндүгүн айтып берет.

- А сен буудайды эмне менен ташыган элең? - дейт Апенди.

- Эшегим менен, - дейт кедей.

- Ии, эшек менен ташыганың жакшы болгон экен... А кырмандын ордун билесиңби?

- Билем.

- Анда эмесе эшегиң менен эки кап алып, кырмандын ордуна жүр. Ушу сен таппаган орону, эшегиң таап берет, - дейт Апенди.



- "Мен таппай калган ороону, кантип эле эшек тапсын, - деп ойлойт да, - "Бирок Апендинин бир билгени бардыр," - деп эшеги менен эки кап алып кырманга келишет.

Апенди эки капка таш толтуруп, эшекке жүктөйт да:

- Сен казган ороо, кайсы тарапта эле? - дейт.

- Бул тарапта болчу, - дейт колу менен көргөзүп.

- Анда, ошол жакка эшегиңди айдап жөнө. Эшек кайсы жерге токтосо, ошол жерде ороо бар, - дейт Апенди.

Кедей эшегин айдап жөнөйт. Эшек жүрүп отуруп, бир жерге келгенде токтоп калат. Ошол жерди казса, чын эле ороо бар экен. Кедей бир четинен өтө сүйүнсө, бир четинен аябай таң калып:

- Ой, Апенди, бул эшек ороону кантип тапты? - десе:

- Ээ, досум, биз эски кырмандын ордунан эки кап таш жүктөгөндө, - "Дагы мага буудай жүктөп, өткөндөгү жерге алып барат экен," - деп ойлоп, бул оронун кайсы жерде экенин эстеди да, ал жерге келгенде токтоп жатпайбы, жаныбар. Мына, досум! Эшек, эшек дешет, а эшектей эстүү жан барбы. Эмгекчил да, анан калса бул эстүү да макулук, - деп эшектин маңдайына келип, көкүлүнөн сылаган экен.



## АПЕНДИ УУДАН КАЙТКАНДА

Күндөрдүн биринде Апенди тайганы менен ууга чыгып, бирок уудан жолу болбой келе жатса, бир чала молдо элди топтоп, о дүйнө жөнүндө апыртып-сапыртып маселе айтып жатыптыр. Молдо, тайган ээрчиткен Апендини көрүп:

- Ии, Апенди, итиң экөөңө эч нерсе жолукпадыбы? - деп калат.

- Жок молдо аке, жолукту, жолукту...

- И, Апенди, эмне жолукту? - дейт Апендини шылдыңдай.

- Ээ, молдо аке, итим экөөбүз чер токойдун ичи менен баратсак эле, сиздей жерден бир чоң доңуз чыкса болобу, молдо аке!

- Ии, анан? - дейт молдо.

- Бизди көрө коюп, шарт артына качып берсе болобу, капыр! Доңуз качып берди, ит кууп калды! Ой, молдо аке, доңуз менен иттин аралыгы,

кудум ушул сиз экөөбүздүн ортобуздай жакын! Экөө куушуп баратат деңиз. Доңуз сиздей, ит мендей. Доңуз сиздей, ит мендей. Доңуз сиздей, ит мендей -, деп колу менен жаңсап. "Доңуз сиздей!" - дегенде молдону, "Ит мендей!" - дегенде өзүн көрсөтүп, "Доңуз сиздей, ит мендей!" - деп кайталай берет. Карап турган эл күлүп жиберишет. "Доңуз сиздей!" - дегенде, молдо териге түшүп,

- Э, "доңуз" дегенде мени көрсөтпө, - деп молдо кол шилтеп калат.

Анда Апенди:

- Э, кечиресиз, молдо аке! Анда эмесе, доңуз мендей, ит сиздей, доңуз мендей, ит сиздей - куушуп баратат деңиз! - деп баштаганда сөздүн төркүнүн түшүнгөн эл кайрадан күлүп, сандарын чаап калат.

Бир маалда эстерин жыйып молдону издешсе, иттен качкан доңуздай, молдо эчак эле житип жоголгон экен.

## АПЕНДИ КАРООЛ БОЛГОНДО

Апенди өзү сыяктуу кедей достору менен дөңдө отурса, бай төрт малайына экиден өгүз кошулган соко менен жерин айдатып калат. Анда Апендинин бир досу:

- Эх, биздин да жерибиз менен өгүздөрүбүз болгондо... - деп калат.

- Эмне, байдын өгүздөрүнө көзүң күйүп жатабы? - дейт экинчиси.

- Күйбөй анан. Бизде жегенге нан жок, а сараң байга кудай баарын берип салган, - дейт дагы бирөөсү.

- Жегенге тамак жок болсо, тиги өгүздөрдүн бирин союп берейин жейсиңерби? - дейт Апенди.

- Оо, андай болгондо этке тоюп, ысык шорпо ичип бир жыргабайт белек, - дейт бир досу.

- Ой, анда эле бизди ууру тутуп, бай көргүлүктү көрсөтпөйбү! - дейт дагы бирөөсү.

- Ал жагынан кам тартпагыла, байга мен жооп берем, - дейт Апенди.

Ошентип түш болот. Байдын малайлары өгүздөрдү отко коюп, өздөрү түштөнгөнү кетишет.

Апенди барып, өгүздөрдүн семизинен бирди айдап келип, "Үнүңөрдү чыгарбай, бул өгүздү соё бергиле, а мен тамдын төбөсүнө чыгып, кароол болуп турам," - дейт.

Апендинин достору өгүздү мууздап, терисин сыйрып киришет. Апенди болсо, жер тамдын үстүнө чыгып, кароолчулук кылып калат.

Бай малайлары менен келип, жер айдайын дешсе, бир өгүз жок! Ары карашат, бери карашат, таппайт. Атын минип, бай өзү да өгүздү издей баштайт. Бир маалда тамдын үстүндө отурган Апендини көрө коюп:

- Эй, Апенди, менин өгүзүмдү көрбөдүңбү? - десе,

- Ооба, бай, көрдүм...

- Көрсөң айт, кайда кетти? - дейт бай сүйүнүп.

- Мына бул менин эшигимде союп жатышат. А мен бул жерде кароол болуп отурам, - дейт Апенди.

- Бу сен кишиге жөндүү жооп бербейт экенсиң го, - деп жөнөп калат.

- Оо, бай аке, анда эмне, өгүздү жей берелиби? - десе,

- Жей бер, жей бер, - деп коюп, атын чапкан бойдон кетет.

Бай кеткен соң, байдын үнүн угуп жүрөктөрү түшкөн беркилерге:

- Мына уктуңар, бай өзү уруксат берди, эми жиликтей бергиле, - деп көзүн кысып коёт.

А бай болсо атын кара шалтак тер кылып, айылды кыдырып, өйдө-төмөн чапкылап, кайра Апендинин жанынан өтүп баратып:

- Ой, Апенди, чын айтчы, өгүздү көрдүңбү? - десе,

- Ээ байым менин эшигимде союшту деп жана айттым го. Эми жиликтеп жатышат, - дейт Апенди каткырып.

- Сенден сураган мен да акмак! - деп бай жөнөп калат.

- Оо, бай, токтоңуз, демек өгүздү жей берелиби?! - деп кыйкырса.

- Ии-ии, сен эле болсоң жей бер... - деп жолуна түшөт.

Байкуш кедейлер ошол түнү бир этке тоюшат.

Арадан күндөр өтүп, сөздөн сөз чыгып, "Байдын өгүзүн Апенди сойдурган экен", - деген имиш-имиш кеп байга жетет. Бай казыга арызданат. Казы Апендини чакыртып:

- Бул байдын өгүзүн союп жегениңер чынбы? - дейт.

- Чын, - деп жооп берет Апенди. - Бирок бай өзү жей бергиле деп уруксат берген да, - дейт.

- Кантип уруксат берген, айт, - дейт.

- Бай мага келип: "Өгүзүмдү көрдүңбү?" - деп, бир эмес, эки жолу сурады. Мен: "Өгүзүңдү менин эшигимде союп жатышат, а мен бул жерде кароол болуп отурам", - деп эки жолу тең жооп бергем.

Эми казы байга кайрылып:

- О, бай, сен Апендиден өгүзүңдүн дайынын сураган белең? - дейт.

- Ооба, урматтуу казы, сураганын сурагам деңизчи.., бирок мен муну тамашалап жаткан экен деген элем.

- Өгүздү жей берели, - деп сураганы да чынбы?!

- Ошентип сураган деңизчи..

- Соболго түз жооп бер, бай! "Жей бер" дегениң чынбы?!

- Чын... бирок..

- Эч кандай бирок-сирогу жок! Оoздон чыккан сөз - учкан куш. Демек Апенди ак. А сен бай, казынын убактысын алганың үчүн, бул ишти иликтөөгө кеткен казынын кызмат акысына, эки өгүз жана бир кой төлөм төлөйсүң, - деп өкүм чыгарып, а Апендини болсо ошентип актап жиберген экен.

# АПЕНДИНИН НАСИПКЕ ТААРЫНГАНЫ

Күн сайын эле тамак даяр болгонун аңдып туруп, Апендинин бир кошунасы салам айтып кирип келет экен да:
- Э, Апендим, насип да насип, - деп төргө чыгып отуруп калат экен.

Акыры кошунасынан тажайт да, бир күнү коргондун дарбазасын тиреөч менен тактап, бекитип келет. Апенди балдары менен дасторконго отуруп, эми тамак алдыга келгенде, "кыйч" этип эшик ачылып:

- Насип да, Апендим, насип, - деп шып этип кошунасы дагы кирип келгенде:

- Э, ошол дубалдан да ашып түшкөн насиптин оозун урайын!!! - деп жибериптир.

# АПЕНДИНИН ТЕЛЕВИЗОРУ

Апенди жалгыз отуруп телевизор көрүп жатса, өтө күлкүлүү бир кино башталып калат. "Ээ, бул күлкүлүү кинону балдарым келгенде көрүшсүн," - деп телевизорду өчүрүп коёт.

Күн батып, балдары топтолгондо:

- Ээ, балдарым, мен силерге бир комедия кино коюп берейинби?! - деп телевизорду койсо, баягы сактап койгон кино жок, аба-ырайы тууралуу маалымат берип жатыптыр.

# МОЛДОЛОР ЖОЛДОН ЧЫКПАСЫН

Апенди уулдуу болуп, майрамдап келе жатса, алдынан айылдын молдосу чыгып калат:

- Ой, Апенди, жолдун тиягына бир, быягына бир чыгып мас болгонуң уят эмеспи?! - деп калат.

- Ээ молдо аке, жалгыз менин жолдон чыкканым эчтеке эмес, а бирок сиз жолдон чыга көрбөңүз! Эгер сиз жолдон чыксаңыз, өткөндөгүдөй эки уруу элди да кошо жолдон чыгарат турбайсызбы, - дегенде молдо акеси эмне дээрин билбей туруп калыптыр.

## АСАНДЫН АТЫ КИМ ЭЛЕ?

Күндөрдүн биринде Апенди жер айдап жатып курсагы ачат да, жолдон өтүп бараткан бир балага:

- Ой, бала, барып менин уулума айтып койчу, мага тамак алып келсин, - дейт.

- А балаңыздын аты ким? - дейт тиги бала.

Же чарчаганданбы, же курсагы аябай ачканданбы, ким билсин, тарс эле уулун атын таппай калат да:

- Сен мында күтө турчу, мен үйгө барып кемпиримден сурап келе коёюн, - деп үйүн көздөй чуркап кетет.

Күйүп бышкан Апенди жарым жолго жеткенде, ага тамак алып келе жаткан кемпирин көрө коюп:

- Ой, кемпир, Асандын аты ким эле?! - деген экен.

## БЕТИ ЧОТУР ЧАЙКАНАЧЫ

Бала кезинде бетине чечек чыгып, ошол чечектен беттери уңкул-чуңкул чотур болуп калган Апендинин бир азилкеч чайханачы досу бар экен.

Күндөрдүн биринде, Апенди ошол бети чотур чайханачы досунун чайканасында отурса, жанындагы бирөө:

- Ой, Апенди, тиги чайханачынын бети эмнеден чотур болгон? - деп калат.

- Ээ, бурадар, бир периште топурактан ылай кылып, бул кишинин сөлбөтүн жасап жатканда, Асмандан мөндүр жаап ийет экен. Периште качып үйгө кирип кетет. Мөндүр басылганда чыкса, мунун бети ушундай уңкул-чуңкул, чотур болуп калган имиш. Муну көргөн башка периштелер тиги периштеге:

- Ой периште, тиги немеңдин бетин уңкул-чуңкул кылбай оңдоп койсоң! - дешсе:

- “Ээ, боло берет. Муну качан оңдоп бүтөм. Анын үстүндө иш убак да бүтүп калды,” - деп жер бетине жөнөтүп ийген экен, - дептир.

Муну угуп турган бети чотур чайканачы Апендинин азилкечи экен да, ал күлүп, башын чайкап коёт имиш.

## АПЕНДИНИН ЖУУЧУЛУГУ

Апенди да картаят экен. Анын кемпири өлгөндөн бир жыл ашкандан кийин: "Бу карыган кишиге бир кемпир зарыл экен. Кошуна айылдагы Бурулчанын чалы өлүп, ал да мага окшоп жалгыз калды. Бала кезде Бурулча экөөбүз кошуна туруп, "Кемпир-Чал" ойночу элек. Ошого эле барып, "Мага тий," - деп айтайын деп жаңы тонун кийип, эшегин токуп минип, Бурулча кемпирдин айылына жөнөйт.

Келсе Бурулча кемпир үйүндө экен. Апендинин эшегин алып отко коёт. Өзүн үйгө алып кирет. Чай үстүндө өткөн кеткенди кеп куруп отурушуп, күн да кечтейт.

- Оо, күн да кечтеп калыптыр, а эшек болсо тойгондур. Мен кайтайын Бурулча, жакшы кал, - деп Апенди эшегин минип, үйүнө кайтат.

Жолдо келе жатып, Апенди желкесин кашып: "Мен бул айылга бир нерсеге келдим беле?.. Эмнеге келдим эле?.." - деп көпкө ойлонуп, эмнеге барганын такыр эле таппай коёт экен.

## БАЙДЫН "БИТ", "ИТ" УУЛУ

Апенди бир кап ун көтөрүп базардан келе жатса, артынан Абит деген байдын уулу арабачан келип калат.

- Ээ, Абит мырза, жакшы гана болбодубу? Бул капты үйгө чейин арабаңа сала кетчи, - десе,

- Кабың арабадагы жүктүн баарын агала ун кылып булгайт, - деп капты албай кетип калат.

А Апенди өлгүдөй чарчап үйүнө келет да унду таштап, түз эле байдын үйүнө барат. Келсе, үй толо коноктор менен Абит отурган экен, Апенди эшиктен баш багып:

- Ээ, коноктор, мен бул Абитти адам экен деп жүргөм. Көрсө, бул Абиттин "А" сын алсаң, Бити калат экен, "Б" сын алсаң, Ити калат экен. Кой-э, А-бит-ит, сен түк эле адам эмес турбайсыңбы? - деп шарт артына бурулуп, кетип калган экен.

# КӨКӨТАЙ МЕРГЕН ЖАНА
# АНЫН ЭКИ УУЛУ
## ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, кылоосу кызыл экен, бул жомоктун куйругу узун экен.

Ошентип, байыркы өткөн заманда, бир Көкөтай деген, бир колу сынык, бир буту аксак мерген жашаптыр. Анын эки аялы болуптур. Ал бир күнү Ак-Тоого барып, ак аркар атат экен. Ок тийген ак аркар зоодон-зоого тийип, зоодон ташка кулап, өрөөнгө түшкөндө, кыйналып жатып аны атына араң артып үйүнө жөнөйт. Келгенде олжосун эшик оозуна таштаган Көкөтай:

- Эй, катындар, мен баатырлык кылып, муну атып келдим! Эми мага түгөнбөс азык, жыртылбас чарык даярдагыла! Мен Акдөөгө барып, Акдөө менен алышып, алымды көрсөтөмүн! Көкдөөгө барып, Көкдөө менен күрөшүп, күчүмдү көрсөтөмүн! Антпесем, ал Акдөө адинен ашып, алты ай мурун Ала-Белдеги алтымыш үйүр жылкыма тийди! Кошуна дедим, жөн койдум, унчукпадым. Анан, төрт ай мурун Көкдөөсү келип, кошуна айылды чаап, кыз-келиндерди көгөндөп кетти! Дагы унчукпадым, тим койдум. Эми, эки айдан бери, эки жолу Эшменин белин ашып, эки Дөө менин жеримди, элимди аңдып жатышат. Ошондуктан, мен эл четинде, жоо бетинде болушум керек!- деп бакырат.

- А, көр чал, барсаң Акдөөнүн Акдаңгытына, Көкдөөнүн Көкдаңгытына бөөдө жем болосуң. Көчүгүңдү басып, жөн отурсаңчы! - дешет катындары.

Алар Көкөтайга азык да, чарык да даярдашпай коюшат. Көкөтай мерген арына келип, бир күнү кайрадан ууга чыгат. Ал Көкзоодон көк теке атса, көк теке да зоодон-зоого кулап, таштан ташка тийип, алдына түшкөндө, муну да кыйналып жатып араң атына артып келип, эшик оозуна токтоп, минтет:

- Эй, катындар, мен дөөлөргө барамын! Алардын сазайын колуна бербесем, ким берет?! Мага, түгөнбөс азык, жыртылбас чарык даярдагыла! Акдөө менен алышып, алымды көрсөтөмүн! Көкдөө менен күрөшүп, күчүмдү көрсөтөмүн! - десе,

- Оо, көр чал, барсаң Акдөөнүн Акдаңгытына, Көкдөөнүн Көкдаңгытына жем болосуң. Көчүгүңдү очокко кактап жөн отурсаңчы... - дешет катындары.

Ошондо Көкөтай аттан ыргып түшүп, эки катынын тең сабап:

- Мага каяша айткан силерсиңерби?! - деп,

Даражадан көйнөгүн
Дал-далынан бөлүптүр!
Кырмызыдан көйнөгүн
Кыр-кырынан бөлүптүр!

Ошентип, эки аялы тең аябай таяк жегенден кийин, бир жагынан Көкөтайдан коркуп, бир жагынан ага өчөшүп,

- Э, бармактан бамырайып өл! - дешип, түгөнбөс азык, жыртылбас чарык даярдашат. Акдөө менен Көкдөөгө Көкөтайды атказышат. Ошондо Көкөтай мергендин эки аялы тең кош бойлуу экен. Ошондуктан, ал жөнөп баратып, эки аялына кайрылып, мындай керез айтыптыр:

- Ой, катындар, экөөң уул туусаңар, улуусунун атын Алтынкөкүл койгула, кичүүсүнүн атын Геркөкүл койгула. А кыз туусаңар, өзүңөр билгиле. Эгерде, балдарым жетилгенче мен кайрылып келбей калсам "Атабызды табабыз, аркасынан барабыз," - деп балдарым изимди кууп бара турган болушса, мен кебиш-туяк кээр ат менен, кырдың-кырдың жер келсе, кырча-кырча бастырып кетем. Ойдуң-ойдуң жер келсе, ое-ое бастырып кетем. Ошол жол менен издеп барышсын. Чу, жаныбарым! - деп атын камчыланып кете берет.

Ошол кеткен бойдон жүрүп отуруп, дөөлөрдүн төө кайтарган төөкерлерине барып:

- Эй, төөкерлер, мага Акдөө менен Көкдөөнүн үйлөрүн көрсөтүп бергиле! - дептир тигилерге.

- Бүгүн мында жатып, эртең барасың, - дешет алар.

Ошентип, Көкөтай мерген төөкерлердикинде конок болуп калат. Кечинде төөкерлер бир төөнү бүтүн бышырып, Көкөтай мергендин алдына коюптур. Көкөтай мерген бир кабырганын жарым этин жеп, мурутун сылап отуруп калыптыр. "Аа, күчү жок экен," - дешип төөкерлер Көкөтай мерген жатканда, эки тегирмен ташты кулатып келип, буту менен башынан бастырып салышат. Эки ташты жылдыра албай, Көкөтай мерген өлөйүн деп калганда, төөкерлер кайра келип:

- Кой, ушу да бир үмүт менен баратат да, бекер арманда өлбөсүн. Өлтүрсө да дөөлөр өлтүрсүн, - дешип үстүндөгү таштарды алып салышат.

Көкөтай эртең менен туруп, атын өзү токунуп, дөөлөрдүн үйүн карай жөнөйт. Жүрүп отуруп, Акдөөнүн үйүнө келсе, анын бир кароол ити алдынан үрүп чыгыптыр. Үйдө жүзгө чыккан дөөнүн энеси бар экен. Ал:

- Кара кыз, кара кыз, итти карачы, куйругун чатына салып үрүп жатабы же куйругун чамгарактатып үрүп жатабы? - дептир.

Кара кыз сыртты карап:

- Эне, эне, куйругун чамгарактытып үрүп жатат, - деп келет.

- Анда көпүрөнү салып кой, - дейт кемпир Кара кызга.

Үй менен жолдун ортосунда чоң суу бар экен. Ага Кара кыз көпүрөнү салыптыр. Көкөтай мерген көпүрөдөн өтүп, атын байлап, үйгө кире бергенде, дөөнүн энеси Көкөтайдын оозуна эмчегин сала коет экен. Эмчекти эмем деп какап-чакап атып, Көкөтайдын эси оогондо, кемпир аны алып, көчүгүнө басып отуруп, өлтүрүп коюптур.

Кечинде дөөлөр уудан келгенде, Көкөтайды тең ортосунан бөлүп, Акдаңгыт, Көкдаңгыт деген иттерине салып беришиптир.

Ошентип, Көкөтай мерген Акдаңгыт менен Көкдаңгытка жем болуп, о дүнүйөгө кете берди. Ал эми биз анын эки аялынан кабар алалы.

Айы-күнү жеткенде, Көкөтайдын эки аялы тең уул төрөп, улуусунун атын Алтынкөкүл, кичүүсүнүн атын Геркөкүл коюшат. Күндөр өтүп, эки

бала чоңоюптур. Бир күнү ага-ини чүкө ойноп жатышып, Геркөкүл аткан домпой учуп барып, бир кемпирдин жүн ийриген чарыгына тийип, бузуп коет. Кемпир чыгып, ачууланат:

- О, өлүк тиригиңди көрөйүн куру чирендер, менин чарыгыма күчүңөрдү көрсөткөндөн көрө, дөөлөргө кетип жок болгон атаңардын кунун куубайсыңарбы?! - деп айтат.

Аны уккан эки бала:

- Ой, эмне дедиң, энеке?! Оозуңа май, энеке! Айланайын энеке, үргүлөйүн энеке! Атам жөнүндө айтып бериңиз, - дешип кемпирге чап жармашышат.

Кемпир болгон ишти айтып коет. Ошол жерден эки бир тууган үйлөрүнө чуркап келишип:

- Буудай бир кууруп берсеңчи, апа.

Буурул куш келсе аталы

Жүгөрү кууруп берсеңчи, апа,

Таранчы келсе аталы, апа, - дешет.

- Ай-и-ий, балдарыбыздын буудай жегилери келип калыптыр, оой-иий, балдарыбыздын жүгөрү жегилери келип калыптыр, - дешип буудай, жүгөрү куурушат, депкир менен сузуп балдарга сунушат. Балдар:

- Жоок, эне, колуңуз менен алып бериңиз, - дешет эки бала энелерине.

Колу менен кочуштап сунганда, балдары алардын колун сыртынан кошо кармап, куурулган ысык жүгөрү менен буудайга күйдүрө кыстап сурашат:

- А-ай, апа, атабызды жөн кеткен дедиң эле го, дөөлөргө кеткен экен го. Эмне үчүн айтпадың чынын? Бу не деген сырың? Кана айтып бер? - дегенде:

- Ай, кан оозуңа кан толгур! Жин оозуңа жин толгур! Кайсы пенде айтты экен? Ов! Мейли, мейли, колубузду кое бергиле. Айталы, айталы! - дешип апалары болгонун болгондой айтып беришет.

- Андай болсо биз атабыздын артынан барабыз, атабызды табабыз, - дептир эки бала.

- Жок, жок али жетиле элексиңер, - дешет апалары.

- Жок, барабыз! Тирүү болсо табабыз, өлгөн болсо өчүн алабыз! - деп айткандарынан кайтпай, балдары катуу турушат.

Ошондо алар он беш, он алтыга чыгып калышкан кези экен:

- Атабыздын жылкысы каякта? - дешет.

- Тээ баланча тоодо, түкүнчө жерде, - деп айтып берет апалары.

Көкөтай мерген бай адам болгон экен. Барышса, атасынын жылкылары жүргөн экен дейт, баш аягына көз жетпей, жайылып. Жакындап барышса, бир тай энесинин үстүнөн ары секирип өтүп, бери секирип өтүп, ойноп турат имиш. Карап туруп, Геркөкүл айтат экен:

- Ага, кел жарышалы, кимибиз ошол тайга биринчи жетсек, ошонубуз алалы.

- Макул, - деп жарыша кетишет.

Жарышта Геркөкүл мурда жетет. Алтынкөкүл кышылдап-бышылдап бир топтон кийин араң келип:

- Оо, жаман көкүл эле жаман көкүл, тай сеники эмес, меники! - деп чыр сала баштаптыр.

Анда, Геркөкүл:

- Ой, ага, сиздики болуп сиз алып кетет белеңиз же меники болуп мен алып кетет белем. Тай экөөбүздүкү деп барып, тайды токуй баштайт.

Тайга токум салса толук ат болуптур, ээр салса эгиз ат болуптур, куюшкан салса кууш ат болуптур, жүгөн салса жүгүрүк, күлүк ат болуптур. Ошентип аны токуп бүтүп, жылкынын арасынан дагы бир ат кармап, үйлөрүнө алып келишет.

- Оо, энелер, атабыздын белгиси бар беле, – дешет уулдары.

- Ооба, атаңардын белгиси бар эле. "Кебиш туяк кээр ат менен, ойдуң-ойдуң жер келсе, ое-ое бастырам," - деген. "Кырдың-кырдың жер келсе, кырча-кырча бастырам," - деген. "Ошол из менен кууп барышса, мени табат," - деген эле, дешет.

Аны угуп алып, Көкөтайдын эки уулу жолго чыгышыптыр. Алар жол жүрө бара жатып, бир жерге келгенде Геркөкүл:

- Оо, ага, апаларыбыз кандай абалда калды экен? Кайра барып байкап көрбөйлүбү? Апаларыбыз капа болуп калышкан болсо, азырынча барбай эле туралы. А курсант болуп калган болсо, анда атабызды издеп баралы, - дейт.

Алтынкөкүл ага макул деп, экөө кайтып үйлөрүнө келет. Акырын акмалап карашса, алты кулач ала байталдан бирден минип алып, эки кемпир оодарышмак ойноп атышыптыр.

- Оой, биздин балдарыбыз эр жетиптир, бой жетиптир! Дөөгө барат экен, Дөөнү алат экен! Жоого барат экен, жоону чабат экен! Душманга барат экен, душманды алат экен! - деп курсант болуп атышыптыр.

- Оо, булар курсант экен, кайра кеттик! - дешип анан экөө атасынын жол белгиси менен из кууп олтуруп, баягы аталары жолуккан төө кайтаргандарга барышып:

- Эй, төөкерлер, бизге дөөлөрдүн үйүн көрсөткүлө, - дешет.

- Бүгүн түнү мында жатып, эртең саар барасыңар, - дептир төөкерлер.

Ошентип, эки уул ал күнү ошол жерде түнөмөк болушат. Кечинде экөөнө эки төөнү бышырып келип, алды алдыларына бирден коюп беришиптир. Геркөкүл алдындагы төөнүн этин шапылдатып жеп бүтүп, сөөктөрүн жогору карай бүркүп ийген экен, боз үйдүн үстүн жылдыз-жылдыз кылып тешип кетиптир. Дагы барбы дегендей эки жагын каранып, омсоңдоп коет имиш. Геркөкүлдүн балбандыгы, ушундайда бир билиниптир. А агасы Алтынкөкүл болсо, бир төөнүн этин жарымдата жеп, калганын жей албай, кекирейип туруп калыптыр. Геркөкүл агасынан ашкан жарым төөнүн этин да жеп, анан колун аарчыптыр. Ошентип курсакты куп тойгозуп, ага-ини жатып калышат.

Алар уктаганда, төөкерлер тегирмен таштан төрттү кулатып келишип, экөөнү экиден бастырган экен, бир маалда Геркөкүл ойгонсо,

башы эле оорлошот имиш. Алып караса эле тегирмен таш! Анысын ары тегереткен экен, боз үйдү жарып кетиптир. Аягындагы тегирмен ташты бир тээп, тегиз жердин тереңине чимирилтиптир. Агасын караса, тумчугайын деп калган экен, үстүндөгү таштарды алып ыргытып, жерге чаап талкалап, Анан:

- Мен силерди өлтүрөм! Мен силерди житирем! - деп коркутуп, аттарын төөкерлерге апкелдирип токутат.

- Кана эми айткыла, дөөлөрдүн кимиси күчтүү? - дешет эр жигиттер.

- Акдөө күчтүү, Акдөөдөн кийин Көкдөө күчтүү, - дептир төөкерлер.

Ошентип эки бир тууган аттарын минип, дөөлөргө карай жөнөшөт. Жүрүп, жүрүп отуруп, акыры дөөнүн үйүнө келгенде, баягы ит дагы үрүп калыптыр.

Дөөнүн энеси:

- Кара кыз, кара кыз, ит үрүп жатат карачы. Куйругун чатына салып үрүп жатабы же куйругун чамгарактатып үрүп жатабы? - дейт.

Кара кыз сыртты карап:

- Ээ, эне, куйругун чатына кыпчып алып үрүп жатат, аябай чый-пыйы чыгып, каңшылап үрүп жатат! - дейт экен.

- Ээ, анда көпүрөнү тарт! - дептир.

Кара кыз чуркап барып көпүрөнү тартканда суу тосмо ачылып, шаркырап суу ташып кетиптир, тал башынан ашып кетиптир.

Дөөлөр сууну тосмо кылып тосуп койгон экен, Дөөлөрдүн үйүнө эки бир тууган өтө албай туруп калышканда Геркөкүл минген тайга тил бүтүп:

- Оо, Геркөкүл, тиги талдан эки союл жасап, эки союл тең сынып кеткенче, мени аябай сабагын. Чыкпаган жеримден тер чыксын. Жамгырдай терим төгүлсүн, торгойдой этим бөлүнсүн, оозумдан ак көбүгүм көрүнсүн. Ошондо мага мингин да, суурга салып ийсең, агаңды жетелеп өтүп кетебиз, - дептир.

Геркөкүл тай айткандай сары талдан эки союл кыркып, жамгырдай тери төгүлгөнчө, торгойдой эти бөлүнгөнчө, оозунан ак көбүгү көрүнгөнчө сабап туруп, темир таман үзөңгүнү теппей ыргып минип, агасынын атын жетелеп суура кириптир. Тай жаныбар айткандай, эсен-аман аркы жээкке сүзүп өтүшүп, дөөнүн үйүнө келишсе, дөөнүн энеси эки эмчегин эки жигиттин оозуна сала коюптур. Экөө лукулдатып өпкө жүрөгүн үзө соргондо, кемпир чыдабай жан бериптир.

Ал өлгөндөн кийин үйдүн ичин карашса, көптөгөн күңдөрү бар экен. Алардын кулактарына мык кагып, дубалга асып койгон имиш. Күңдөрдү бошотуп жатып:

- Эмне үчүн силерди мындай кылган? - дешсе,

- Ээ, айран сүткө колун салып, тамак-аштан жеп коюшат деп, дөөлөр ууга кетээрде кулагыбыздан мыктап, дубалга асып кетишет, - деп айтышыптыр.

- Акдөө каяктан келет?

- Акдөө ак көпүрөдөн өтүп келет.

- Көкдөө каяктан келет?

- Көкдөө көк көпүрөдөн өтүп келет, - дешет.

- Удан жолу болгондо кантип келет?

- Оо, уудан жолу болгондо ырдап, куштары да шаңшып келет.

- Жолу болбогондо кантип келет?

- Жолу болбогондо өңү үтүрөйүп, өз алдынча күңгүрөнүп, сүйлөнүп келет.

- Куштары кантип келет?

- Куштары шаңшыбай, канаттары шалбырап, буттары салбырап келет, - дешет.

- Анда биз келгенче мында тура тургула, - деп эки баатыр эки көпүрөгө барып, Акдөө келчүү ак көпүрөнүн астына Геркөкүл жатып, Көкдөө келчүү көк көпүрөнүн астына Алтынкөкүл агасы жатып, дөөлөрдү күтүп калышат.

Дөөлөрдүн жолу болгон эмес окшойт, өңдөрү үтүрөйүп, өз алдынча күңгүрөнүп сүйлөнүп, келатышыптыр. Дөөлөр жакын келгенде, бир туугандар тура калышып:

- Кана айтчы, Акдөө, кана айткын, Көкдөө, атабыз атаңды өлтүрдү беле же энебиз энеңди өлтүрдү беле?! Атышалыбы, күрөшөлүбү?- дешет экен.

Анда дөөлөр:

- Ээ, атышкан атаңдан калган, а биз күрөшөбүз, - деп дардайып тура калышат.

Эки дөө менен эки бир тууган күрөшө кетет. Алар алты күн, алты түн, жети күн, жети түн алышып, бирин бири жыга алышпайт. Ошондо, "Сен боюңду коюп бер, сен боюңду коюп бер," - деп отурушуп, акыры Геркөкүл боюн коюп берген экен. Акдөө көтөрүп чапканда, Геркөкүл кызыл ашыгына чейин жерге бата түшүптүр. Бир копшоп, эки бутун тең чыгарып алыптыр. Эми Акдөө боюн коюп берет экен. Геркөкүл белинен орой кармап, көтөрүп чапканда, Ак-Дөө тизесине чейин жерге баткан экен, башын кайрып кесип алаарда Акдөө айтыптыр:

- Менин ичимде кара чаар жыланым бар, аны белиңе курчангын баатыр. Анан баатыр, жүрөгүмдө кара чаар ташым бар, аны алып жүрөгүңө баскын. Менин баардык күчүм сага өтүп, менден үч эсе күчтүү балбан болосуң, - дейт.

Дөөнү союп, ичиндеги кара чаар жыланын алып, белине эми курчанайын дегенде, баягы аты чуркап келип:

- О, баатыр, ушул жерде бир түп чынар терек бар, жыланды ошого курча, - деп айтат.

Баатыр жыланды чынар терекке курчай салат, ошондо жылан шарт этип чынарды кесип өтүптүр. Ал жөнөкөй жылан эмес, ушундай бир ок жылан экен. Анан жүрөгүндөгү чаар ташын алганда, аты дагы сүйлөп:

- Биерде дагы кудук бар ушуга ташта, - дейт.

Геркөкүл кудукка чаар ташты таштап ийсе "чауу!!!" этип кудуктан буу атып, түбүн кургатып коюптур.

Ошентип, Акдөөнү өлтүрүп Геркөкүл агасына келсе, ал да Көкдөөнү жыгып, Көкдөөнүн ичин жарып жаткан экен. Анын да кара чаар жыланын алып бир чынар терекке оросо, ал чынар терек чарт эле экиге

бөлүнүптүр. Анан жүрөгүндөгү кара чаар ташын алып, дагы бир кудукка салып ийсе, "чауу!!!" этип ал да кургап калыптыр. Ошентип, Акдөө менен Көкдөөнүн акыркы айла амалдарын жок кылып, Алтынкөкүл менен Геркөкүл жеңиш менен дөөлөрдүн үйүнө келип, кул күңдөрдү бошотуп, мал-мүлкүн олжолоп, өз элине кайтып, тынч аман жашап калышат экен.

## ГЕРКӨКҮЛДҮН ЭКИНЧИ ЖОРТУУЛУ

Өз айылына кайтып келгенден кийин, "Эми тынчыдык," - деп жоро бозого кошулушат. Бозокорлор Алтынкөкүлдү жоро бозого "бек" кылып шайлашат. Жоро бозого бек шайлангандан баштап, күндө бозого тоюп мас болуп эч нерсе менен иши жок, сайран кура беришет...

Эми булар бул жерде бозо ичип, мас болуп тура турушсун, а биз Акдөө Көкдөөнүн тууган-уругунан кабар алалы.

Алтынкөкүл менен Геркөкүлдөн ажалы жеткен эки дөөнүн беш иниси, карындашы, анан да тайенеси бар экен. Алар чогулуп мындай кеңеш курушат.

- "Көкөтайдын эки уулу эр чыгып, атасынын кунун кууп калыптыр. Аларды союп тынбасак, бизди тукум курут кылышаар. Жоого минчү жети чаар атты көк чөп өскөн жайытка коюп семиртип, анан кышы менен таптайлы да, жайында барып Алтынкөкүл менен Геркөкүлдүн айылын чаап, аял аттуусун көгөндөп күң кылалы да, эркек аттуусун кишендеп кул кылалы. Алтынкөкүл менен Геркөкүлдүн жонунан кайыш тилип, баштарын кесип шыкка саялы. Ошентип, атасы Көкөтайдын жерин ээлеп, малын ээлеп, Акдөө менен Көкдөөнүн өчүн алалы," – дешип, курал-жарактарын камдашып, чоң казатка даярдана башташат...

Булардын мындай арам оюн, кайыптан бүткөн жаныбар, адамдан артык эси бар Геркөкүлдүн касиеттүү тайтулпары далысынан билет экен да, бир күнү келип Геркөкүлгө мындай дейт:

- Ой, Геркөкүл, силердин минтип жүргөнүңөр болбойт. Дөөлөр жети бир тууган эле, а силер экөөнү гана өлтүрдүңөр, дагы беш бир тууган калды. Алар чоң жоо. Андан кийин дөөлөрдүн жети чаар аты бар, алар да өз алдынча бир душман. Анан дагы дөөлөрдүн тайенеси бар, ал деген баарынан күчтүү жоо. Булардан кийин, дөөлөрдүн карындашы калат, ага алышып алыңар, күрөшүп күчүңөр жетпейт. Бирок анын бир бош жери, күйөөсү жок. Эгерде анын агаларын жайлагандан кийин аялдыкка алса, анда баш ийет. Ошондуктан, алардын алдын алып, бир жолу тукум курут кылмайынча, силердин жаныңарга тынчтык жок! Кечээ жакында алар чогулушуп, кеңеш курушту, Акдөө менен Көкдөөнүн кунун кууп, элиңди чаап, малыңды тоноп, Алтынкөкүл экөөңөрдү соймокчу, - дейт.

Ат мындай дегенден кийин, "Анда кандай кылсам?" - деп, Геркөкүл ойлонуп турганда, ат кайрадан сүйлөйт:

- Сен агаңа барып, мени сурап минсең, экөөбүз барып, аларды тындым кылып келет элек, - дейт.

Геркөкүл агасына барып:

- Ой, ага, атты мага бере турсаңыз. Баягы эки дөөнүн ага инилери бар экен. Алар Акдөө менен Көкдөөнүн кунун кууп, жаз алды менен бизди чапканга аттарын таптап, куралдарын камдап жатышыптыр. Мен өзүм барып, алардын баарын тындым кылып, жападан жалгыз карындашын сизге алып келип берейин, - дептир.

- Э, андай болсо ала кой, ал дөөлөргө бара кой! - деп атты берет.

Геркөкүл атты минип, жолдо келе жатса, аттары арып чарчаган кербенди көрүп калышат. Ат айтат:

- Сен ушул жерде тура тур, мен тигилерге барып сага азык оокат алып келейин, - деп ат жерге бир оонап, бир башка узун ат болуп алып, кербенге жакын барат.

Алар бул шумдук атты тутуп, азык оокаттарын бүт жүктөп, үстүнө дагы бири минип алыптыр. Узун ат жортуп, жортуп койсо:

- Оо, жакшы ат экен! - дейт имиш үстүндөгүсү каткырып.

Дагы жортуп-жортуп койсо, кербенчилердин баары сүйүнө каткырышат шарактап.

- Ой, жаныбар, жакшы ат экен, эми ээси келсе да бербей эле койолу, - деп алар кеңешет имиш.

Ошентип жүрүп отуруп бир жерге келгенде, узун ат алдыга бир мөңкүп, бир силкинип койсо, үстүндөгү соодагер учуп түшүптүр. Ат болсо азык оокаты артынган бойдон качып келип, ээсине муну айтат:

- Сен эми мына бул азык оокатты жеп, ушул жерде жата бер. А мен барып, дөөлөрдүн жети чаар атын жайлап келейин, - деп ат жолго түшүптүр.

Жүрүп-жүрүп отуруп, бир дарыянын жээгине келсе, койчумандар койлорун дарыядан өткөрө албай турушкан экен, Геркөкүлдүн тайы жерге бир оонап, дагы узун ат болуп, алардын жанына келет. Алар бул шумдук атты кармап алып:

- Ээ, жаныбар, жакшы ат экен, - дешип төрт-бештен койлорун өңөрүп, аркы өйүзгө өткөрө башташат.

Койлорду өткөрүп бүтүп калганда узун ат акырын сууга жатып агымыш болуп, төмөн жылып агып, агын менен кошо ылдый кетиптир да, дөөлөрдүн аттары оттоп жаткан жерге барганда, суудан башын чыгарып:

- Оо, акелер, мен бир койчумандын карып аты элем, койлорду суудан өткөрүп атып, дарыяга агып кеттим. Сиздер менен кошо чогуу оттоп, кошо жүрсөм болобу? - деп сурайт.

Чаар аттардын бири “макул” десе, бири “жок” дешет экен. Ошондо эң улуусу, "Койчумандарга барып сурап келчи," - деп бирөөсүн жумшайт. Койчумандар:

- Ээ, бир жаман атыбыз бар эле, суудан койлорду өткөрүп жатсак, дарыяга агып кеткен, - деп айтышат.

- Айтканы туура чыкты. Чын эле бул ат койчумандардын аты экен. Койлорду өткөрүп атып, суугa агыптыр, - деп барган ат кайтып келет.

Ошентип, эптеп чаар аттарга кошулуп, алар менен чогуу жүрүп калат Геркөкүлдүн аты.

Күндөрдүн биринде:

- Оо, акелер, бул жердин оту аз экен, а биз жактын оту ушундай бир өскөн, тим эле бел курчоого жетет. Ошол жакка барып оттобойлубу?- дептир жаңы кошулган ат.

Аттардын эң улуусу эң кичүүсүнө:

- Бар, сен кошо барып көрүп келчи, - дейт.

Жолдо келе жатып "Чаар атты сынап көрөйүнчү," - деп:

- Ой аке, жарышалыбы? - дептир Геркөкүлдүн тулпары.

- Жарышса жарышалы, - деп жарыша кетсе, чаар аттын чаңына да жетпей калыптыр.

- Ой, токто эле, токто! - деп атып, араң токтотуп, жетип келиптир да, бир бурум жерге келгенде, шап алкымдан алып, көтөрүп чаап, чаарды өлтүрүп, аны бир аңга кулатып ийип, кайра үйүргө келиптир.

- Эй, ат, үкөбүз кана? - дешет чочуган аттар.

- Ээ, ал жердин отун көргөндө, отко кызыгып келбей койду, - дейт берки.

- Ой, сен барып, көрүп келчи, - деп улуусу экинчи атты кошуп берет экен.

Аны да кудум баягыдай кылып өлтүрүп, тигил ат кайра келет. Ошентип бирден алып барып отуруп, алтоону өлтүрөт экен.

Жетинчиси кексе экен, алкымынан алдыра койбой, бири-бирине тиш салыша кетишет. Алар, алты күн, алты түн кармашыптыр. Ошондо да бирин бири жыга албай, аябай күрөш болуптур. Жетинчи күнгө барганда чаар ат Геркөкүлдүн атын басып алып, жарадар кылып эзип, бир жарылган жерге тыгып, эми өлдү деп кетип калат.

Бирок ал өлгөн эмес экен. Таң агарып атканда, акырын жан кире баштаптыр. Оболу араң көзүн ачыптыр. Акырын, акырын башын көтөрө турган болуптур. Анан, башын көтөрүп оттой турган болуптур. Анан жылып-жылып оттоп калыптыр. Анан туруп оттоптур. Кийин басып оттоптур. Анан, анан ошентип жүрүп өз күчүнө келиптир. Ошондон кийин чаар атты издеп бир жерге келсе, баягы чаар ат жалгыздыктан жүдөп жүргөн экен. Бирин-бири көргөндө эле кайрадан тиш салышып, алыша кетет. Ошондо, оңдой берди болуп, чаар аттын бир буту эски кемегенин ордуна түшүп кетип, мүдүрүлө түшкөндө, Геркөкүлдүн аты дароо баса калып, чаар аттын терисин шапалактайдан тиштеп үзүп атып өлтүрүптүр. Чаар аттардын окуясы ошону менен бүтүптүр.

Ошентип, Геркөкүлгө келсе, анын бир эле күндүк азыгы калган тура.

- Жүр эми, - дептир ат. - Алардын аттары өлдү. Ушул тапта, Акдөө менен Көкдөөнүн инилери бири менен бири уруш баштап, бирин-бири өлтүрүп, эми экөө эле калды. Азыр барып, алардын бирөөсү өлүп, бири жалгыз калганча күтүп турасың. Анан барып анын башын кыя чабасың, - дейт.

Ошентип, аттын айтканындай акыркы дөөнү өлтүрүп, эми дөөлөрдөн кутулдум деп турганда, ат Геркөкүлгө келип:

- Эми дөөлөрдүн тайэнеси бар, ошого барабыз, - дейт экен.

Алар бир жерге келишет. Ал жерде көк түтүн буралып эле асманга чыгып атат имиш. Ат токтоптур да:

- Мен көргөндү көрдүңбү, баатыр, мен билгенди билдиңби, баатыр? - дейт акырын.

- Жоок, сен көргөндү көрбөдүм, тулпар, сен билгенди билбедим, тулпар - деп тиги жооп берип,

- Атам бир болуп үйрөтчү, тулпар, энем бир болуп сүйлөчү, тулпар, - дейт экен Геркөкүл.

Анда ат:

- Тээтиги көк-ала зоонун ичинен көккө чыккан көк түтүндү көрдүңбү? Ал көк түтүн жөн түтүн эмес, дөөлөрдүн тайэнесинин оозунан чыгып жаткан деми, азыр уктап жаткан мезгили. Сен коркпой кирип, кылыч менен тең ортосунан экиге бөлө чапсаң кутулдук дегин, а жок, бөлө чаба албай калсаң, анда экөөбүз тең тутулдук дегин.

Геркөкүл барып, үйгө кирсе, кемпир уктап жаткан экен дейт, тим эле оозу-мурдунан чыккан деми, көөрүктөн чыккан жалындай атырылат имиш. Мындай балээни өмүрү көрбөгөн жаш баатыр апкаарый түшөт. Кылычты чала шилтеп алып, кемпирдин бир эле бутун үзө чаап калат экен. Ушунда тоодой кемпир козголуп, бир буту менен Геркөкүлдү кууп жөнөп, тим эле аттын куйругун чала сермеп, жаза кармайт. Беркилер качып олтуруп, акыры айлалары калбай баратканда, ат кыркылган карагандын чөңөрлөрүнө салат экен. Бир буту менен секирип, кыркылган карагандын ортосуна түшкөндө, жалгыз бутуна чөңөр кирип, баса албай, кылыч кескен бутунан да кан көп кетип, кансырап отуруп калат Дөөкемпир.

- Ой, Геркөкүл баатыр, кантсе да сен бизди жеңе алдың. Чыныгы баатыр экенсиң! Оомиин, менден да үч эсе күчтүү балбан бол! - деп Геркөкүлдүн эрдигине таң калып, батасын берип, өзү өлүп кете берет.

Алар жолдо келе жатканда айтат:

- Эми дөөлөрдүн жалгыз карындашы калды. Азыр ошого барабыз. Сен салам айтып киресиң. Ал алик алып тосуп чыгат. Кыз менен кошо үйдөн бир кара чаар жылан сойлоп келет. Ал сага жетип, оозуңдан кирип, мурдуңдан чыгат, мурдуңдан кирип, оозуңдан чыгат. Койнуңдан кирип, кончуңдан чыгат, кончуңдан кирип, койнуңдан чыгат. Ошондо кымындай бир ичиркенип же коркуп кеткен болсоң, ошол жерде сени жан таслим кылат, өлтүрөт. А сен коркпогун!

- Макул, - деп Геркөкүл кыздын үйүнө барып салам айтып кирет.

Кыз алик алып, алдынан тосуп чыгат. Кыз менен бир кара чаар жылан кошо чыгып, Геркөкүлдүн оозунан кирип, мурдунан чыгат. Мурдунан кирип, оозунан чыгат. Койнунан кирип, кончунан чыгат, кончунан кирип койнунан чыгат. Геркөкүл ат айткандай эчтеке болбогондой тура берет. Жылан жерге сойлоп түшүп, үйгө кирип кетет. Кыз Геркөкүлдү үйгө алып кирип, алдына дасторкон жаят.

Кеч кирип, жатаар маал болгондо кыз экөөнө чогуу төшөк салып коет экен. Геркөкүл болсо кынынан кылычын сууруп, ортого коет экен да:

- Мен карасам, мени кессин! Сен карасаң, сени кессин! - деп жатып алат.

Геркөкүлдүн мындай дегенине, дөөлөрдүн карындашы такыр түшүнбөйт. Бир жагы ачуусу келип, бир жагынан кыжаалат болуп: "Эмне үчүн мындай деди? ... Эмне үчүн мындай кылды? ... Жети агамды өлтүрдү, мен үчүн өлтүрдү! Энемди өлтүрдү, мен үчүн өлтүрдү! Тайэнемди өлтүрдү, мен үчүн өлтүрдү! Ал эмес, жети чаар атты да мен үчүн өлтүрбөй, анан ким үчүн өлтүрдү? Анда эмне үчүн мага түз карабайт!!!" - деп Геркөкүлдү кылыч менен чаба турган болот да, кайра сабыр кылып, "Таң ата берсин, сырын сурап көрөйүн. Болбосо, буга эртең деле күчүм жетет да," - деп кыз да жатып калат. Эртең менен турат да:

- Оо, Геркөкүл баатыр, кана айтчы, сен эмне үчүн ушундай кылып, түндү беймаза өткөрдүң?! Эң оболу жети агамды өлтүрдүң, анан энемди өлтүрдүң, аттарды өлтүрдүң, акыры келип, тайэнемди өлтүрдүң! Ушунун баарын мен үчүн өлтүрдүң эле го! Мен үчүн болбогондо, анан ким үчүн болмок эле! Акырында келип, эмне үчүн ушундай иш кылдың, кана айтчы, - дегенде:

- Жоок, дөө-периси, мен сени өзүм үчүн эмес, агама деп койгон элем, - дейт экен.

"Аа, иниси ушунчалык болсо, анда агасы мындан да баатыр окшойт," - деп:

- Анда макул. Мен чачымды жууп алайын, а сен мына бул кол капты колуңа кийип барып, менин атымды кармап кел. Этият бол, менин атымдын жалындагы ар кылына, жүздөн назик өткөрүлгөн, бирөө жарымы түшүп калбасын! Ушул кол капты көрсөтсөң, ат өзү келет, - дептир.

Геркөкүл атка келип, кол капты көрсөтсө окуранып, жер чапчып, такыр карматпай коет. Ал жагынан келсе, бул жагына качып, бул жагынан келсе, ал жагына качып, Геркөкүл кыздын атын тута албай суй жыгылып, куру кол кайра келсе, дөөнүн карындашы чачын жууп бүткөн экен.

- Ушундай-ушундай болду, такыр карматпай койду, - дейт жаш баатыр.

- Ай, ай, ай! Оомат менен дөөлөттүн баары ошол атта эле,.. акыр түбү кандай гана болоор экен... - деп аттын ал жоругун жамандыкка жоруй албайт, бушайманда башын чайкап, үшкүрүп, анан өзү барып атын кармап келип, ээр токумун токуп, Геркөкүлдүн элине көчүп жөнөйт экен.

Алар жүрүп-жүрүп отуруп, акыры Геркөкүлдүн жерине келгенде, бир түзөңгө боз үйдү тигип, ошол жерде конуп калышат.

- Эми сен мында тура тур, а мен агама кабарга барып келейин, - деп кызды ал жерге калтырып, өзү агасына келсе, Алтынкөкүл агасы дагы эле ичкени бозо, өзү мас!

- Ой, ага, мен сизге дөөлөрдүн карындашын алып келдим, - дейт.

- Кана?!

- Баланча жерде. Эми сиз ал кыздын көзүнчө, мага агалык сүр көрсөтүп: "Эмне үчүн тез келбедиң?! Эмне үчүн кечигип келдиң?! - деп, анча-мынча какыс-кукус кылып, опузалап коюңуз," - дейт экен Геркөкүл.

Ошентип, эки бир тууган, дөөлөрдүн карындашына келишет. Дөөнүн карындашын көргөндө, Алтынкөкүлдүн мастыгына дагы мастык кошула кетип:

- Эмне үчүн тез келбедиң?!!! Эмне үчүн кечигип келдиң?!!! - деп кыздын көзүнө бир көрүнүп коеюн деп, кылычын сууруп, Геркөкүлгө шилтеп, - мастык менен Геркөкүлдун бир жак ныптасын колу менен кошо шылый чаап коет экен.

Ошол мастыктын кесепетинен, Геркөкүлдүн биржак колу жок, чолок болуп калат. Арадан көп өтпөй эле эч кимдин кабары жок, башка бир жактагы дөөлөр, Геркөкүл чолок болуптур дегенди угушуп, бастырып киришет экен. Анан алар Алтынкөкүлдү да, Геркөкүлдү да өлтүрүшүп, эли журтун чаап, катын кыздарын олжолоп, жалына назик өткөрүлгөн, баягында Геркөкүл кармай албай койгон тулпарды кармап минишип Акдөө менен Көкдөөнүн карындашын алып биз билбеген өздөрүнүн жерине кетип калышыптыр...

Ооба, мындай армандуу бүткөн жомок бул ааламда жоктур... Бирок арга канча, кээде жомок да турмуштагыдай эле кайгы-муң менен аяктайт экен да-аа...

# ӨҢГӨН ДАНЕК

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен. Качанкы бир өткөн заманда, кайсы бир жерде, кайсы бир элде бир айыл калк жашаптыр.

Ошол айыл ичинде, жалгыз уулу менен жалгыз түп өрүгү бар бир кемпир да жашачу экен. Ал айылда ошол жалгыз түп өрүктөн башка өрүк болбоптур. Кемпир жыл сайын ал өрүгүнөн как салып, анысы туура бир кап болчу экен. Көчөдөн өткөн жаш балдарды чакырып, топуларына толтура өрүк берип, "Менин жаман уулум да, ушул өрүктөй мөмөлөп, көп балалуу болсун!" - деп тилек кылчу. Жаш балдар канчалык көп келип өрүк кактан алышса, кап бөксөрбөй эле кайра толуп, ашып-ташып тура берчү. Ал гана эмес, жылына ар бир үйдү кыдырып, "Жегениңер аш болсун!" - деп бир чарадан как өрүк таркатчу экен. Адамдар ал өрүктү түнү жешсе, данектери эртең менен кайра эле өрүк болуп, келерки күзгө чейин такыр түгөнчү эмес экен.

Мунун сырын эч ким биле албай, кемпирдин кабын сыйкырдуу кап дешчү. А чындыгында кеп башкада эле...

Күндөр өтүп, бала бойго жетет. Бул айылдагы бойго жеткен кызы бар ар бир ата эне, колу ачык, боорукер ал кемпир менен куда-сөөк болууга макул эле. Бирок, бала өз айылынан кыз жактырбай, алыскы жолго камынат.

Ошондо энеси:

- Оо, балам, ээлигип калыпсың, кой дегенге көнчүдөй эмессиң. Барсаң барып көр. Бирок бул үч насаатымды эсиңден чыгарба. Биринчи - катын албай, кайын ал. Экинчи - күлүн үйүнө жакын жерге төккөн аялдын эшигине токтобо. Үчүнчү - энесин көрүп, кызын ал, - деп ак батасын берип узатат.

Бала узак-узак жол жүрөт. Айылдан айыл кыдырат. Кыздан кыз тандайт. Эч ким жакпайт. Ошентип жүрүп, акыры бир ээн жерде аябай чаңкап келе жатса, эшигинин алдын чөп баскан, күл дөбөсү очогунун артына үйүлүп, айланасы акыр-чикир, жалгыз түтүн, жарты алачык турат имиш.

Бул алачык көзү түшкөн немени койнуна катып жымырган, кой деген сөз кулагына кирбей, уурулугун тыйбай, колу туткактыгынан калк ичине батпай, акыры айылдан айдалып чыккан, бир жаман аялдын алачыгы эле.

Ал аял ууру гана эмес, сыйкырчы да экен. Сыйкырдуу кабы бар кемпирдин уулу кыз издеп жүрөт деп угуп, кур бакадай ыраңы суук кызынын бетин дубалап, өңүн өзгөртүп, баланы жолдон күтүп жаткан кези экен.

Аны бала каяктан билсин, алачыкка жакындаганда эле кыздын апасы алдынан тосуп чыгып:

- Мырзажигит, атың ыргайдай, өзүң торгойдой. Алыс жол жүргөн окшойсуң. Аттан түш, суусунуңду кандыр, атыңды чалдыр, - дейт.

Аркы-беркини андабай эле аттан түшөт бала. Ушул жерден апасы айткан акыл сөздү эске албай, алгачкы жаңылыштык кетирет.

Аял алачыкка ээрчитет. Астананы аттап, ичкериге баш бакса, Ай десе Ай эмес, Күн десе Күн эмес, бир чүрөк кыз отурган экен. Эх, мал аласы тышында, адам аласы ичинде го. Бала аны көрөөрү менен, энесинин сөзүн эске албай, экинчи жолу жаңылат да, "күлазык" деп энеси берген баштыгы да колунан түшүп, ичиндеги өрүктөр чаң жерге чачылат. Нандан кийинки тамак деп, апасы алпештеген өрүккө да карабай, дуба менен өңүн өзгөрткөн кыздан көзүн албай, акыл-эстен айрылып, ашык болдум деп отуруп калат. Энесин көрүп кызын ал, - деген үчүнчү насаатын да унутуп, ууру аялдын эси жок кызын учкаштырат да айылына жөнөйт. Той өткөрөт. Эне байкуш жалгыз уулу, эки баш болгонуна жетине албай:



- Менин жаман уулум да силердей көп балалуу болсун, - деп тойго келген балдардын топуларына толтура как өрүк салып берет.

Алгандан башка бир жанга бир сындырым нан берип көрбөгөн ууру аялдын кызы, топуларга толтура өрүк салып берген кайын энесин көргөндө, ичи тарып, ага кас болот да калат.

Кемпир ары басса акырайып, бери басса чакырайып, же отурганын, же жатканын жактырбай, купкуу эриндери күбүр-шыбыр боло берет. Аны байкаган кемпир: "Жаш эмеспи, оңолуп кетээр. Менин болсо эчкинин

жашындай жашым калды, экөө ынтымактуу болуп, өздөрүнөн көгөрсө болду, келиндин көзүн көп өгөөлөй бербей, далдоороок болоюнчу," - деп, жалгыз түп өрүктүн түбүнө барып, - "Билген кишиге өрүктүн кагы нандан кийинки тамак.

Жаанда калбай жакшы кургаса, келиним менен уулум кышында жешет,"- деп өзү менен сүйлөшүп, өрүктөрдү терип, как сала берет. "Менин балам да жалгыз, өрүк да жалгыз эле. Эми минтип балам экөө болду, куда кааласа көп балалуу да болот. Жалгыз өрүк да данегинен көбөйсүн. Аны неберелерим терип жесин. Күнгөй жердин өрүгү, жеген адамга жагымдуу да, кагы даамдуу да болот," - деп данектердин жакшыларын тандап, үйгө жакын күнгөйдөгү жан боордун ар кай жерин чукулап, данектерди отургузуп жүрө берет. Жаан суусу, бейчеки кетпесин деп, кыйгачынан арыкчалар казат. Күндөр өтүп, күркүрөгөн күз да бүтөт. Жылдагыдай эле кемпир салган өрүк как бир кап болот.



- Бисмиллаа рохман рахиим, кудай берекесин берсин, - деп каптагы өрүктөн бирди алып оозуна салат. Анан,

- Өмүрбегимин өрүгүнөн ооз тийгиле, - деп бир чарадан өрүктү үймө үй тарката баштайт.

Муну көрүп келиндин ичи тарыйт. Кемпир канча ташыса да, кап бөксөрбөй, алган орду кайра толуп турат.

Кемпир өрүк таркатканы кеткенде, келини бир чарадан өрүк уурдап, ээн жердеги жашыруун казган ороосуна ташый баштайт. Кемпир алганда кайра толуп калчу кап, келини уурулук кылган күндөн баштап өзгөрөт. Ал

бир чара уурдаса, кап, эки чара алгандай бөксөрөт. Уурулук бар жерден, береке качат эмеспи. Ошондуктан, "сыйкырдуу кап" эмес, береке-кешиктүү каптан ырыс кача баштайт.

Күндөр өтөт.

Жыл сайын келерки күзгө жетчү бир кап өрүк, кыш ортосунда эле түгөнүп, кап бош калат. Ошол күнү бала уудан келип, дайым жечү өрүгүнөн жейин десе, кап бош турат. Таң калган бала аялын чакырып,

- Каптагы өрүк кана? - дейт.

- Энеңдин оозу тынбай, күнү-түнү жегени өрүк болду. Ошол тойбогон апаң жеп түгөттү, - дейт.

Бала ишенбейт.

- Ишенбесең жүр, - деп күйөөсүн жетелеп барып, алыстан көрсөтүп.

- Оозун карасаң, күнү- түнү жаагы тынбайт - дейт.

Караса, чын эле энесинин ээги эмшеңдеп, бир нерсени жеп отурган экен. Аялынын сөзүнө кирип, акылынан адашкан бала түштө, кечинде, жатаарда да апасын аңдыйт. Чын эле качан карабасын, тиши жок ээги тынбай кемшиңдегенин көрөт. Анда аялы,

- Мына, көрдүңбү, ушинтип эле эки жаактап жеп турса, бир кап эмес, он кап болсо да түтпөйт экен да, - дейт.

Эс тартканы өрүк жеп чоңойгон бала, бош капты биринчи көргөндөн өзүн жоготтубу же аялынын алакүшүнө акылын алдаттыбы, айтор:

- Жалгыз уулуңа жарым ууч өрүк калтырбай кемшиңдеген как баш экенсиң! - деп, энесин желкеден нары бир коет. Кемпирдин оозунан как өрүктүн данеги ыргып, мурдунан шүүкүм кан чыга түшөт. Бала ага да карабайт.

- Жалгыз уулуңа ыраа көрбөй, бир кап өрүк кантип тамагынан өттү, оо, чоку! - деп апасын желкеден алып кыйкырат.

- Айланайын, кулунум, күзүндө кап толгондо сүйүнүп, үйдүн улуусу катары, бир даана өрүк какты оозума салган элем. Ал үчүн айып этпе. А береке толо каптагы ырыс-дөөлөттүн качканына бир кудай өзү соттур... - деп, оозунан түшкөн данекти жерден алып, уулуна суна берээрде башы шылк эте түшөт.

Баласы чочуп кетип, энеси сунган данекти караса, күздөн бери тиши жок оозунда жүрө берген данек кабыгын жарып бөртүп, өнүп калган экен... "Даат!" - деген Өмүрбек өмүр бою кечирилгис ката кетиргенин ошондо гана билип, апасын жерден ала коюп, бооруна басат да өңгүрөп ыйлап, башын ташка урса да орду толгус өкүнүчтө, апасын оо дүйнөгө узатат. А береке толо үйдүн кутун кетирген, колу туткак, ичи тар, эч күнөөсүз периштедей энесинин өлүмүнө себепчи болгон кара бет аялын кетирет.

Өзү болсо бул ааламдын жарыгын сезбей, караңгыда калган жалгыз жолоочудай каңгып калат.

Күндөр өтөт. Жаратылышта жашоо токтобой, кыш өтүп, жаз келет. Жан боорго эккен апасынын данектери, тегиз өнүп чыгат. Бала аны да байкабайт. Күн ысып, жаңы чыккан көчөттөр соолуй баштаганда, бала түш көрөт. Түшүндө, аппак элечек кийген апасы, аны башынан жөлөп:

“Айылымдын балдарындай менин неберелерим да жесин деп тилек кылып, күнгөй бетке данектерди таштаган элем, баары тегиз чыгыптыр. Демек, менин жашоом уланат экен. Өмүрбек, жалгызым, сен да тур, өмүр ула балам,” - деп эле көздөн кайым болот экен.

- Апа! - деп чочуп ойгонсо, түшү...

Жаштык кылып бир жаңылганы болбосо, негизинен дээринде бар бала да, апасынын арбагы эмне айткысы келгенин дароо түшүнүп, апасы эккен көчөттөрдүн арыктарын кеңейтип, аларга суу жүгүртөт. Анан айылындагы акылдуу бир кызга үйлөнүп, Асан, Үсөн, Батма, Зуура, Капар, Сапар, Айбек, Нурбек, Айзада, Азамат деген уул кыздардын атасы болот. Алар чоң энеси эккен кечөттөр менен кошо бой тартып чоңоюшат.

Күндөр гана эмес, жылдар өтүп, муундар алмашат. Баягы Өмүрбек бала эми Өмүрбек чоң ата болот. А күнгөйлөрдө болсо өрүкзарлар көбөйүп, өрүкзар жөнүндө ырлар ырдалат.

Өрүкзардагы өрүктөрдүн көпчүлүгү аппак гүлдөсө, эмнегедир кээ бирөөсү кызыл гүл ачат. Аны көргөндө мурдунан шүүкүм кан аккан апасы менен, оозунда жүрүп бөрткөн данектин окуясы Өмүрбек чалдын көзүндө азыр болуп жаткандай жүрөгүн мыжып, боорун эзип турат экен.

Мына бул жомокту уккандан кийин, өрүк жегенде, өрүк какты көргөндө, өрүкзарда болгондо, өрүк как салган кемпир менен Өмүрбек баланы эстей жүргүлө.

Мына ушуну менен бул жомок да бүттү. Тынч жатып, жакшы түш көргүлө.

# КУМУРСКА МЕНЕН ЖАЛКОО

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен. Илгери бир Жаталак деген жалкоо адам жашаган экен. Аялы аны бир ишке жумшаса эле:

- Оф, кудайдын күнү кумдан көп, эртең бүтүрөм, - деп көлөкө жерге көмкөрөсүнөн, салкын жерге чалкасынан жатып алып, уйку-соонун ортосунда күнүн өткөрөт.

Ошондой күндөрдүн биринде эмне кылаарын билбей, эчтекеге көөнү чаппай зеригип жатып, ары-бери чуркап жүргөн кумурскалардын бирин сөөмөйү менен астын тосуп:

- Эй, кумурска, эмнеге башың чоң? - дейт.

- Ал башымда акыл, идирек бар, - дейт кумурска, жалкоонун жол тоскон сөөмөйүн ашып баратып.

- А эмнеге белиң ичке? - дейт кайра жолун тосуп:

- Кубат менен чыдам бар, - дейт экен сөөмөйду айланып баратып.

- Буттарың неге тартагай? - дегенине,

- Күн менен жарышам, өмүр менен жарышам, - дептир да, өз сапарын улантып кете баштайт.

Кумурсканын табышмактатып берген жообун жакшы түшүнө бербеген жалкоо аны кармап:

- Эй, таң заарынан күн батканча бир тыным албаган макулук, айланаңды карачы. Жер бетине канча чөп чыкса, сен үчүн ошончо көлөкө. Бир жалбырактын түбүнө жатып алып эс ала бербейсиңби? - дейт.

- Күн эс алмайынча, мен да эс албайм, - дейт кумурска, жалкоонун алаканында ары-бери чуркап.


- Эх, жер бетинде чөптөй калың дарак өссө, мен көлөкө издеп убара болбой, жатып алып жыргап гана эс ала бермекмин, - дейт жалкоо, кыялданып.

- Жата берүү - эс алуу эмес, - дейт кумурска, - ал - өмүрдү текке кетирүү.

Деги издегениң эмне?

- Издегеним - жашоонун маңызы менен сырлары - деп, жалкоонун колунан секирген бойдон жерге түшүп кетет.

Жалкоо таң калат. "Бул кумурскалар акыл менен идиректи, кубат менен чыдамды кайдан алат? Күн менен жарышып, жашоонун кайсы сырларын издейт экен, сурайынчы," - дейт да, көрүнгөн чөптүн түбүн аңтарып, кумурсканы издейт. Таппайт. Кумурсканы таба албай чоң иш жасагансып көл-шал тердейт.



Акыры аны таап:

- Уф, кумурскабай, сени издей берип аябай чарчадым. Жанагы өзүң айткан акыл-идиректи, кубат менен чыдамды каяктан аласың? Күн менен кошо жарышып, жашоонун кайсы маңызы менен кайсы сырларын издейсиң? - дейт.

- Аны сенин жаныңда отуруп алып түшүндүрө албайм.

- Чындап билгиң келсе, мени менен кошо жүр, - дейт кумурска.

Жалкоо макул болуп, тогуз айлык баладай төрт аяктап жөрмөлөп, ээрчип жөнөйт. Кумурска алдынан жолуккан ар бир чөпкө токтоп:

- Биз мына бул чөптү "Кубат чөп" дейбиз. Ал жаз алды менен эң эрте чыкчу чөп. Он беш күндө эле бышат. Кышы менен чээнде жатып алсыраган курт-кумурска анын уругун жесе, кубат алат. Ал эми бул чөптү "Жыпар чөп" дейбиз. Мунун жыты эле кырк ооруга эм болот.

- Бул болсо "Сүт" чөп. Анын уругу жумшак жана даамдуу келип, жумурткадан жаңы чыккан чимелилерге жагымдуу тамак. А бул калдайган чоң жалбыракты "Соргок" дейбиз. Себеби, сууга тойбойт. Жамгырдын суусун калдайган жалбырактары менен тосуп алып, өз тамырына куя берет, өзү өскөн жерге башка чөптөрдү өстүрбөйт.

- Анткени менен мунун да пайдасы чоң. Мунун сөңгөгүндө дайыма суу көп болгондуктан, кургакчыл айларда биз суусунубузду ушул Соргоктон кандырабыз. Эми мына булар жөнүндө айтсам, бул "Тамак" чөп, мунусу "Кышкы" чөп, тиги "Мээр" чөп, - деп ар бир чөптүн өзүнө

жараша мүнөзүн, дарылык касиеттерин айтып отурат. Ошентип жүрүп, Жаталак жалкоо күндүн кандай өткөнүн да байкабай калат. Бир маалда кумурска:

- Мына, Күн да уясына кирди, биз да эми эс алалы. Эгер кааласаң эртең дагы кел, бүгүнкү саякат-маегибизди улантабыз, - деп Тамак чөптүн уругунан бирди көтөрүп, уясына кетет. Жалкоо ордунан туруп, кумурска экөө саякат кылган жерди караса, болгону бир чарчы гана жер экен. Ал айланасына көз чаптырып, "Бир чарчы жерде жашоонун ушунча кызык сырлары бар болсо, жер бетинде дагы канча сыр болду экен?" - деген ой менен үйүнө келет. Түн жарымына чейин уктабай жатып, өмүрүндө биринчи жолу таң заардан ойгонуп, кумурскага келет.

Ошол күндөн баштап кумурска менен Жаталак жалкоо ынак дос болуп калышат. Кумурска менен кырк күн бирге жүрөт. Кумурска ал күндөрү жалаң эле чөптөрдүн түрлөрү эмес, жердин кыртышы, жамгырдын качан жааш-жаабасын, курт-кумурскалардын пайда-зыяндары тууралуу да айтат.

Кырк күндөн кийин жалкоонун башында да акыл-идирек пайда болуп, дардайган курсагы тартылып, белине чыдам менен кубат орноп, солдоюп жатчу буттары күн менен кошо жарышка чыгып, күн дем алмайынча өзү да дем албай көчөт эгип, бак тигип, кумурска досунан үйрөнгөн дары чөптөрдү жыйнап, сыркоо адамдарды айыктырып, мурдагы Жаталак жалкоо аты калып, Багбан Табып атка конуп, эл урматтаган кадыр барктуу адам болуп калган экен.



# БОЗКОЁН МЕНЕН ЖАЛИЯР

Бар экен, жок экен, ач экен ток экен. Кылоосу кызыл экен, бул жомоктун да куйругу узун экен.

Илгери-илгери өткөн заманда, бир чал-кемпир болуптур. Алардын Жалияр менен Бозкоён деген коендой окшош уул-кызы бар экен. Бозкоён агасына окшоштуруп эркекче кийим тиктирип, такымына түшкөн кундуздай кара чачын төбөсүнө түйүп, калпак кийип, агасы менен кошо ууга чыгып, ата-энесин багып жүрүшүптүр.

Күндөрдүн биринде этке тоюп, эсирген чал кемпир мындай дешет экен:

- Экөөлөп ууну көп кылып, этти көп жеп чычкан болуп кеттик. Уулубузду өлтүрүп эле коелу. Бозкоёндун атып келгени деле экөөбүзгө жетет, - дешип үйдүн төрүнө ор казып, үстүнө килем салып коюшат.

Жалияр менен Бозкоён уудан келишип, Бозкоён чачын жууганы кетип, Жалияр дем алганы үйгө кирсе, ата-энеси калп эле бөйпөңдөшүп:

- Кел уулум, чарчап келгендирсиң, төргө өтүп, дем ал, - деп килемдин үстүн көрсөтүшөт.

Ал эчтекеден бейкапар килемге отурааары менен орго түшүп кетет. Чал-кемпир дароо килемди орой салып, оозун кыл аркан менен бууп, сүйрөп барып, дарыяга таштап жиберишет.

Ушул учурда чачын жууп жаткан Бозкоёндун жүрөгү "болк" этип, бир жамандыктын болгонун билдирет. Үйгө чуркап келсе агасы жок.

- Агам кана? - дейт ата энесине.
- Билбейбиз, - дешет чал кемпир.

Бозкоён ары чуркап, бери чуркап, акыры дарыянын жээгине барса, кыл аркан менен буулган бир килем дарыянын ортосунда агып баратат имиш. Кайра чуркап келет да, Жалиярдын атын минип, күркүрөп агып жаткан дарыяга кирет. Шар аккан суу килемди төмөн агызат. Ана жетем, мына жетем менен Бозкоён артынан калбайт.

Суу сиңип, килем сууга чөгө баштап, аттын кулагындай гана учу көрүнүп калганда араң жетет. Ат жаныбар килемдин учунан тиштеп, жээке сүйрөп чыгат. Бозкоён белиндеги канжарын сууруп алып, байлануу килемди жарып ийсе, шар эткен суунун ичинен тумчугуп өлгөн агасы чыгат.

Уялашынан айрылган неме ыйлап отуруп, акыры арчадан сандык жасап, Жалиярды салат да, чымын чиркей жете алгыс бийик тоонун чокусундагы үңкүргө алып барып, жашырат. "Караңгынын жарыгы, кайгынын кубанчы болот. Демек, өлүмдүн да бир шыпаасы табылаар," - деп үйүнө келет да, ырыскы тепкен ата энесине:



- Этти көп жеп чычкак болсоңор, эми бириң чычып, бириң же, бириңдин богуң дагы же, - деп эки кулач темир таяк алып, темирден өтүк тиктирип, эркекче кийим кийинип жолго чыгат экен.

Бозкоён ашуусу бийик тоодон өтөт, токою калың коодон өтөт. Түбү жок терең жардан өтөт экен. Кыскасы, аз жүрдүбү, көп жүрдүбү, иши кылып эки кулач темир таягы желип, бир кулачы калып, темирден тиктирген өтүгүнүн өкчөсү тешилгенде бир шаарга келет экен. Караса эл батпай быкылдайт.

- Оо, бураадарлар, бул жерде эмне болуп жатат ? - дейт Бозкоён.

- Оо, азиз жолоочу, ушул жердин ханы менмин деген мергендерди сынап, жамбы аттырып жатат. Ар бир адам үч гана жолу атканга акылуу. Эгерде кимде - ким жамбыны атып түшүрсө, ханыбыз жалгыз кызы Жөнайымды, кара сууга нике кыйып берем деген. "Кызыма кошуп, өлгөн адамды түртүп койсо, өлгөн адам тирилип, ары-бери кыймылдап калчу, сыйкырдуу таягымды да кошуп берем," - деген. Үч күндөн бери эч кимибиз жамбыны атып түшүрө албай жатабыз, - дешет.

- Мен дагы атсам болобу? - дейт Бозкоён.

- Болот, - дешет тургандар.

Бозкоён ортого чыгып биринчи огун атканда, батыштан куюн келип, жаанын огу, бир эли сол жагынан өтүп кетет экен. Ошондо:

- Мен эмине деп жүрөмүн,
Сен эмине деп жүрөсүң?
Арсыз куюн сен болсон,
Бороондуу тоодо көзгө аткан,

Бозкоён мерген мен болом! - деп жаанын жебесин тартып туруп атып жибергенде, оролуп чыккан куюнду, жаанын жебеси так ортосунан жарып өтүп, жамбыны үзүп түшүрөт.

- Болду эле, болду! - деп, хан өзү ордунан тура калып, Бозкоёнго Жөнайым кызын кара сууга нике кыйып берип, отуз күн оюн, кырк күн тоюн бердирет.

Той бүтүп, кыз күйөө төшөккө жатаар күнү:

- Мен бир жерге барып келем. Анан сени өз элиме алып кетем. Ага чейин белдигими чечпөөгө ант берген элем, - деп Бозкоён жолго чыгат.


Куму күйгөн чөлдөн өтөт, суусу ташкан жерден өтөт. Иши кылып аз жүрдүбү, көп жүрдүбү ким билет, кыскасы эки кулач темир таягынан жарым кулачы калып, темир өтүгүнүн таманы тешилгенде, дагы бир шаарга келет. Бул жерде да адамдар кумурскадай кайнайт экен.

- Буп жерде эмне болуп жатат? - дейт Бозкоён.

- Ушул шаардын ханы менмин деген мергендерди сынап, жамбы аттырып жатат. Ар бир кадамга үч жолу ок атканга уруксаат берилди. Эгерде кимде-ким үч аткандын биринде жамбыны атып түшүрсө, жалгыз кызы Гулайымды кара сууга нике кыйып берем деген. "Кызыма кошуп, өлгөн адамды түртүп койсо, өлгөн адамга жан кирип, эки жагына карап, жылмайта турган сыйкырдуу таягымды да кошуп берем," - деген. Мына жети күндөн бери, эч кимибиз жамбыны атып түшүрө албай жатабыз, - дешет турган эл.

- Мен да атсам болобу? - дейт Бозкоён.

- Болот, - дешет.



Бозкоён ортого чыгып, биринчи окту атаарда кара ниет ата-энеси эсине түшүп, колу калтырап кетет да, ок жамбынын бир эли жогору жагынан өтүп кетет. Экинчи огун атаарда Жалияр агасы эсине түшө калып, дагы колу калтырап кетет да, ок жамбынын бир эли төмөн жагынан кетет. Үчүнчү жолу атаарда агасын тирилтүүчү сыйкырдуу таякты эстеп,

- Мен эмине деп жүрөмүн,

Эсимде дайым жүрөсүң.

Жолумдан жолборс чыкканда,

Жоготпогом өзүмдү.

Дабаа табам деп чыккан,

Аткарамын сөзүмдү, - деп жаанын жебесин кере тартып, атып жибергенде, жамбынын жиби үзүлүп кетет.

- Болду, болду, болду!! – деп, бул хан да өзү тура калып, Гулайым кызына отуз күн оюн, кырк күн тоюн өткөрүп, Бозкоёнго кара сууга нике кыйып берет экен.

Кыз күйөө жатаар маал болгондо,

- Сен мени күтө тур, мен бир жерге барып келем. Анан сени өз элиме алып кетем. Ага чейин белдигими чечпөөгө ант берген элем, - деп Бозкоён дагы жолго чыгат.

Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү иши кылып ашуусу бийик тоодон өтөт, ташы каттуу зоодон өтөт, жоосу каттуу элден өтүп, эки кулач темир таягынан эки карыш калганда, темир - өтүгүнүн essencial кончу эле калганда, дагы бир шаарга келет. Бул жерде да көчөгө эл батпай бықылдайт имиш.

- Оо, бурадарлар, эмне үчүн көчөгө эл батпай бықылдайт? - дейт Бозкоён.

- Оо, азиз жолоочу. Биздин хан, менмин деген сиздей жигиттерди жамбы аттырып, сынап жатканына мына бүгүн кырк күн болот. "Ар бир адам үч атканга гана акысы бар. Кимде ким жамбыны атып түшүрсө, ойгоо адамдын али көрө элек түшүн билген, жалгыз кызы Митайым сулууну кара сууга нике кыйып берем. Кызыма кошуп, өлгөн адамды түртүп койсо, кадимкидей тирилип, ат чаап кеткен сыйкырдуу таягымы да кошуп берем," - деген. Мына отуз тогуз күндөн бери, эч кимибиз жамбыга тийгизе албай убарабыз, - дешет.

- Мен да атып көрсөм болобу ? - дейт Бозкоён

- Албетте, болот. Өзүн сынап көрбөгөн сенден башка эч ким деле калган жок, - дешет турган эл.

Бозкоён ортого чыгып, биринчи огун атаарда Жөнайым таякты эмне кылды экен деп эсине түшө калып, жаанын огу жамбыдан бир эли жогору кетет. Экинчи огун атаарда Гүлайым таякты жоготуп койбосо экен деп эстей коюп, жаанын огу бир эли жамбыдан төмөн кетет.

Үчүнчү жолу атаарда Жалиярдын жатканын эстеп, жолдо тарткан азабын, издеп чыккан максатын эстеп, колдогон кызыр бабаны, жараткан Алла тааланы эстеп, өзүн өзү токтотуп, жаратканга жалбарып туруп, жаанын жибин кере тартып, атып жибергенде жамбынын жиби үзүлүп түшөт.

- Болду эле, болду! - деп хан ордунан тура калып, жалгыз кызы Митайымдын тоюун баштап жиберет.

Отуз күн оюн, кырк күн тоюн өткөрүп жатканда ойгоо адамдын али көрө элек түшүн билген Митайым сулуу апасына мындай дейт экен:

- Мунуңар жигит эмес, кызбы дейм. Себеби каштары керме-каш экен, - дейт.

- Койчу, балам, кыз киши да аял алчу беле, - дейт апасы.

- Ишенбесеңер, сынап көргүлө. Түнү жатканда, алдына күл салгыла. Эгерде кыз болсо, күл нымдашып калат, а эркек болсо, кургак бойдон турат, - дейт.

Апасы кызынын айтканындай кылып, Бозкоён жата турган төшөктүн астына күл салып коет.

Бозкоён кечинде келип төшөгүнө жатканда агасын эстеп, такыр уктай албай кыйналат. "Мага төшөктү өтө жумшак салып коюшуптур, "- деп астындагы төшөктү көтөрсө, түбүндө күл бар экен. "Али көрө элек түштү жооруган Митайым сулуу, менин ким экенимди билейин деген экен," - деп орун которуп башка жерге жатып алат да, таң атканда туруп кетет.

Митайымдын апасы эртең менен келип караса, күл купкургак экен.

- Мына, көрдүңбү, кызым, күйөө бала эркек эле, - дейт апасы.

- Жо-ок, апа, каштары керме каш экен, дагы бир сынап көрөлү. Күйөө балаңар жата турган бөлмөгө менин куурчагым менен атамдын күмүш капталган ээр токумун койдуруп коюң. Кыз болсо, куурчакты алат колуна, а эркек болсо, ээр токумду алат, - дейт Митайым сулуу.

Кызынын айтканындай кылып, Бозкоён жата турган бөлмөгө күмүш капталган ээр токум менен Митайым сулуунун куурчагын койдуруп коет.

Кечээки сыноодон кийин, Митайым сулуудан шекшип калган Бозкоён, Митайымдын күң кызына кырк дилде берип, бүгүнкү сыноосун билип алат да, кечинде жатаар бөлмөсүнө киргенде, куурчакка карап да койбостон, ээр токумду колуна алып, тияк-биягын көрө баштайт. Анан, ээр токумду башына жазданып жатып калат. Жашыруун тешиктен карап турган апасы.

- Мына, эми анын чын эркек экенине ишендиңби? - дейт.

- Баары бир күмөнүм бар. Мунуңардын каштары керме каш экен... - дейт кызы.

Ушул күнү отуз күндүк оюну менен кырк күндүк тою да бүтүп калган экен. Митайым сулууну Бозкоёнго кара сууга нике кыйып жиберишет. Кыз-күйөө төшөккө жатаарда.

- Мен колуктумду эли журтума алып барып, ата энеме көрсөтмөйүнчө белдигимди чечпеймин деп ант берген элем. Ошондуктан, уруксат берсеңиздер, колуктумду алып, эли журтума кайтайын, - дейт.

Хан менен аялы жалгыз кызы Митайымга бере турганын берип, өлгөн адамды түртүп койсо кадимкидей тирилип, ат чаап кетчү сыйкырдуу таягын да кошо берип, жолго узатышат.

Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү, акыры экинчи шаарга келишет. Ал жерден Гүлайым сулууну алып, Гүлайымга кошуп, өлгөн адамды түртүп койсо жан

кирип, эки жагына карап жылмайта турган сыйкырдуу таягын да кошо алып, эң биринчи шаардагы Жөнайым сулууга келишет. Аны да өлгөн адамды түртүп койсо, ары бери кыймылдай турган сыйкырдуу таягы менен кошо алып, өз ата мекенине жөнөйт.

Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү, акыры бир жерге келгенде, Бозкоён үч аялына мындай дейт:

- Мен силердин алдыңарда жолду чийип кетем. Акыры бир жерге барганда үч жерге үч төгөрөк чийип коем. Үчөөң үч төгөрөк чийинге үйүңөрдү тигесинер. Мен анан келем, - деп атын минип, жолду чийип алдыга кетет.

Бара берет, бара берет да, Жалияр жаткан жерге жакындаганда, үч жерге үч төгөрөк чийип коюп, өзү Жалияр агасы жаткан үңкүргө барат. Агасын үңкүрдөн алып чыгып, атка мингизип, башынан өткөн окуяларынан кат кылып жазып, "Эми сиз ошол үч аялыңыз менен жашай бериңиз. Сиз экөөбүз коендон окшош эмеспизби, сизди мен экен дешет. А мен сиздер менен чогуу жашасам болбойт, ошондуктан боз коен болуп, бозтомуктун түбүнө кирип кетем деп жазып, катты ээрдин кашына илип, үч аял боз үйлөрүн тиге турган жакка аттын башын буруп коет.

Үч аял үч төгөрөк сызылган жерге өз үйлөрүн тигишип, күйөөлөрүн күтүп калышат. Жалияр минген ат түз жүрүп отуруп, биринчи үйгө келип токтойт. Аттын келип токтогонун уккан Жөнайым сыртка чыкса, күйөөсү аттан түшпөй эле турат эмиш.

- Ой, буга эмне болгон, түшпөйсүзбү? - деп, сыйкырдуу таягы менен түртүп койсо, Жалиярга жан кирип, ары-бери кыймылдап коет экен.

Ат андан ары барып, Гүлайымдын эшигине токтойт. Аттын добушун угуп, Гүлайым да сыртка чыкса, күйөөсү аттан түшпөй, ары-бери эле кыймылдайт экен.

- Ой, буга эмне болгон, аттан түшпөйсүзбү? - деп сыйкырдуу таягы менен түртүп койсо, эки жагына карап, жылмайып коет.

Ат андан ары барып, үчүнчү аялы Митайымдын эшигине токтойт. Митайым да сыртка чыкса, күйөөсү эки жагына карап, жылмайып эле турат экен.

- Ой, буга эмне болгон, аттан түш, - деп ал да сыйкырдуу таягы менен түртүп койсо, Жалиярга толук жан кирип, атын чапкан бойдон кетет.

Бир кыйла жерге чаап барып, атын токтотот да, ээрдин кашындагы катты алып окуйт. Бир тууган карындашынын башынан өткөргөндөрүн түшүнүп, өксүп-өксүп ыйлайт. Эми кандай гана болбосун, бир тууганын табыш үчүн, кайра келип, үч аялына сыр билгизбей жашайт.

Күн сайын ууга чыгып, бозтомуктардын түбүнөн, боз коенду издейт. Күндөр өтөт.

Ошентип жүрүп, бир күнү уудан келе жатса, бир боз коен, бозтомуктун түбүнө кирип кетет экен. Артынан барса, Бозкоён!!! Экөө кучакташып көрүшүп, ыйлап-сыкташат.

- Ээн талаада жалгыз отурбай, биз менен чогуу жаша, - дейт Жалияр.

- Менин ал жакка барганым болбостур, бозтомуктун түбүндө эле жашай берейин, - дейт карындашы.

- Мен тирүү турганда сени жалгыз калтырбайм, - деп, боз коёнду койнуна катып, үйүнө келет да, биринчи аялы Жөнайымга берип,

- Бул коёнду этият кылып бак, - дейт.

Үч-төрт күн боз коён жакшы эле жүрөт. Төртүнчү күнү Жалияр уудан келсе, боз коёну күл дөбөдө, бозала болуп отурат имиш.

- Жөнайым болбоду, Гулайымдыкына алып барайын - деп, экинчи аялына келет да:

- Бул коёнду этият кылып, жакшы бак, - дейт.

Үч күн боз коён жакшы эле жүрөт. Төртүнчү күнү Жалияр уудан келсе, боз коёну мурдагыдан беш-бетер бозала болуп, Гүлайымдын күл дөбөсүндө отуруп калыптыр.

- Бул да болбоду, - деп үчүнчү аялы Митайымдыкына алып барат.

Аныкында болсо, бир эле күн жакшы жүрөт да, эртеси Жалияр уудан келсе, үстүнө жугунду төгүлгөн боз коён Митайымдын күл дөбөсүндө отуруптур.

- Булар сага күн көрсөтпөйт экен, бир айласын тапканча, бозтомуктун түбүндө жашай тур, күн сайын кабар алып турам, - деп боз коёнду, бозтомуктун түбүнө алып барып коет.

Күн сайын ууга баратканда бир жолугуп, кайра кайтканда дагы жолугуп, атып келген эттин чүйгүнүнөн карындашына таштап жүрөт.

Күндөрдүн биринде ойгоо адам али көрө элек түштү билген Митайым эки күндөшүн чакырып,

- Силер бир нерсени байкадыңарбы? - дейт.

- Жок, - дешет Жөнайым менен Гүлайым.

- Өткөнкү күйөөбүз алып келген боз коён биздин үйдөн кайра кеткенден баштап, күйөөбүз алып келген эттин чүйгүндөрү жоголуп, жалаң гана салкынчак менен куймулчак жеп калдык. Мында бир сыр бар. Ошону билишибиз керек, - дейт.

- Кантип? - дешет берки экөө.

- Эртең менен күйөөбүз ууга жөнөп жатканда экөөң аттын оң жагынан келип, эркелемиш болуп алаксытып тургула. Мен сол жагынан келип, кылычтын учуна ичке жибек жипти байлап коем. Ал жөнөп кеткенден кийин жиптин учун кармап алып, ал каякка барса, биз да артынан жүрүп, бул сырдын түйүнүн билип алабыз, - дейт.

Берки экөө макул болушуп, эртеси Жалияр ууга жөнөп жатканда бири колунан, экинчиси атты жылоолоп алаксытып калганда, Митайым узун жибек жипти кындын учуна байлап коет.

Жалияр бир кырды ашкандан кийин, жиптин учун кармап алып, үчөө артынан аңдып жөнөшөт. Жалияр күндөгүсүндөй эле бозтомукка жетип, атынан түшөт да кылычын чечип, ийиндин оозуна жөлөп коюп, өзү боз коёндун жанына кирип кетет. Берки үчөө акырын келип кындын учундагы жипти чечип алышып, өздөрү жашынып калышат. Жалияр карындашы менен учурашып, бир кыйла сүйлөшүп отургандан кийин кылычын тагып, атына минет да ууга кетет.

Ошондо үч катын коён кебин чечип коюп отурган Бозкоёндун үстүнө кирип барышат да:

- Ой-ийй, бул жерде эмне жалгыз отурасың? Биз сенин жеңелериң болобуз. Келчи чачынды өрүп, башыңды карап берели - дешип, башын карамыш болуп атып, төбөсүнө ийнени кагып жиберишет.

Бозкоён жыгылып калганда, үчөө "Эми эттин чүйгүндөрүн өзүбүз гана жейбиз," - дешип үчөө кетип калышат.

Жалияр ууну мол кылып, кечинде бозтомукка келсе, Бозкоён өлүп жатыптыр. Бир боорун кучагына алып, боздоп ыйлап буркурап, жүрөк боору зыркырап, кырк күн, кырк түн ыйлап:

- Акыры бир айла табаармын, - деп аскалуу зоого чыгат да, мүйүзү алты кулач буралган бир аркарды ташка камап:

- Мен сага жана сенин үйүрүңө тийбейин. Сен менин жалгыз карындашымды мен анын жанына шыпаа тапканча көтөрүп жүрөсүң, - дейт.

Аркар макул болот. Жалияр арчадан сандык жасап, Бозкоёнду жаткызат да, аркардын мүйүзүнө таңып коет. А өзү жүз жылда бир гүлдөп, өлгөн адамды тирилте турган касиеттүү мээр чөптү издеп, Улуу тоого жөнөйт. Ал кайсы жерге барбасын, аркар күн сайын бир көрүнүп ээрчип жүрөт.

Күндөрдүн биринде аркар аябай суусап, суу ичкени чоң дарыяга түшүп келет. Эңкейип суу ичейин дегенде, сандыкты көтөрө албай мүйүзү сынып, сандык дарыяга түшүп кетет экен. Ошондо башындагы мүйүзү жок, мүйүзү сынган аркар ботодой боздоп, буркурап ыйлап, Жалиярды тосуп чыгып:

- Алтымыш жашка барганым, мерген,
Аркайтып мүйүз алганым, мерген
Кайрылып түшүп, картайган мүйүз,
Айрылып калдым алдыңда, мерген,
Сактай бир албай, аманат жүгүң.
Айыбым болсо алдыңда, мерген,
Аяба, сыйры тээримди, мерген.
Ташка бир жайып, талпак кыл, мерген,
Күнөөм бир болсо кымындай, мерген,
Күттүрбөй сыйры теримди, мерген,

Таманга салган талпак кыл, мерген, - деп болгон окуяны айтып берет.

- Сенде күнөө жок, аркарым, үйүрүңө бара бер. Бул менин тагдырым экен, - деп дарыяны бойлоп, Бозкоёнду издеп жөнөйт.

Жалияр элден элге, жерден жерге өтүп, карындашын издеп кете берсин, а биз суу менен агып кеткен Бозкоёндон кабар алалы.

Сандык агып олтуруп, бир тегирмендин барасына такалып, токтоп калат.

Ал тегирмен, кызы да, уулу да жок бир кемпир-чалдын тегирмени экен.Тегирмен токтоп калганда, чал сыртка чыкса, чоң бир сандык барага такалып турат имиш. Чал кемпирин чакырып, экөөлөп сандыкты суудан

алып чыгышып, ичин ачса, Ай десе Айдай, Күн десе Күндөй, кундуз чачы жайылып, бир сулуу кыз өлүп жатыптыр.

- Оо, кудай, сен бизге перзент бербедиң, акыры карып-арыганда минтип бир ай чырайлуу кыз жөнөтүпсүң, анын да өлүү экен, - деп ыйлап, кемпир бечаара Бозкоёндун башынан кучактап, кундуздай чачтарынан сылап жатса, колуна бир нерсе урунуп калат. "Бул эмне экен?" - деп чачтын арасын ачып караса, ийненин көзү жылт эте түшөт.

- Ай, төбөсүндө ийне сайылып турабы? - деп сууруп алса,

- Ух-х, мынча көп уктадым, - деп кыз көзүн ачат.

Чал кемпир аябай сүйүнүшүп, Бозкоёнду кыз кылып алышат. Бозкоён үй тиричилигине жардамдашып, чал-кемпирдин мазардай үйү, базардай болуп, күндөр өтө берет.

Ошол күндөрдүн биринде хан ошол аймакка куш салып жүрсө, кушу качып кетип, тегирменге келип конуп калат. Кушун издеп келген хан Бозкоёндун баскан издерин көрүп, "Тообо, адамдын изи да ушундай сулуу болобу? Бул из аял кишиники болсо үйлөнөм, эркек кишиники болсо, вазир кылып алам," - деп Бозкоёнду көрө элек эле, изине ашык болуп калат экен.

- Бул жерде ким бар? Бери чыгып, менин кушумду алып бер! - дейт хан.

Атасына жардамдашып жаткан Бозкоён сырттагы үндү угуп, эшикке чыгат. Бая изине ашык болсо, эми Бозкоёндун өзүн көргөндө, анын сулуулугунан көзү уялып, эси ооп аттан кулап түшөт. Хан эсине келгенде Бозкоёндун уруксаты менен чалды-кемпирдин ак батаасын алып, ааламда болуп көрбөгөн чоң той өткөрүп, Бозкоёнго үйлөнөт.

Күндөр айга айланып, айлар жылга жармашат. Бозкоён уул төрөп, уулу бирге чыгат.

Ошол күнү бир боору Жалияр агасын эстеп отуруп, уктап кетсе, түшүндө, ал дубананын кийимин кийип, айыл аралап, Бозкоёнду издеп жүрөт имиш. Бозкоён уйкусунан чочуп ойгонот.

- "Чын эле дубана болуп, мени издеп жүрбөсүн," - деп бир малай баланын колуна үч дилде берип,

- Менин уулумду көтөрүп, Бозкоёндун баласы, Жалиярдын жээни, Алдей үкам, алдей, - деп эртеден кечке чейин, көчөнүн башынан баштап аягына, аягынан баштап көчөнүн башына чейин тынбай алдейлегин,- дейт.

Үч дилдени өмүрүндө көрбөгөн малай бала, Бозкоёндун уулун көтөрүп алып,

- Бозкоёндун баласы,

Жалиярдын жээни,

Алдей үкөм, алдей, - деп көчөнүн бул башынан ал башына, ал башынан бул башына кыйкырып жүрсө, бир дубана, баланы алдейлегенин угуп, артынан ээрчип алат. "Бул кандай киши? Бир балакет болуп, ханышанын каарына калбайын" - деп малай бала ордого жөнөйт. Дубана да артынан калбайт. Малай бала ордого кирип кетет. Баланын артынан дубана да ордого кирип келгенде бир жакшылыктын жышаанын

билгизип, Бозкоёндун жүрөгү туйлап жиберет. Чуркап эле сыртка чыккан Бозкоён дубана болуп кийинген агасын таанып, Жалияр болсо карындашын таап, ыйлап-сыктап кучакташып калышат.

Ошол жерде хандын бир куйту малайы бар экен, ханга чуркап жетип:

- Аялыңыз бир дубана менен кучакташып жатат, - дейт.



Хандын каны башына тээп:

- Мени чанып, дубана менен кучакташса, экөөнү тең дарга асып салгыла! - дейт желдеттерине.

Даяр турган желдеттер дароо барып экөөнүн колу буттарын байлап, дар түбүнө алып келишет. Экөөнүн моюндарына арканды салып, эми жипти тартаарда, желдеттердин бири Бозкоён менен Жалиярдын коендой окшош экенин көрүп таң калат да:

- Токтогула! Хан ачуу үстүндө "Дарга аскыла!" - деп буйрук берсе, биз анын ак карасын билбей асып салсак, булардын убал-сообу хандын эмес, биздин мойнубузда болоор. Мен ханга барып келейин, ага чейин тура тургула, - деп ханга кетет.

- Оо, Улуу урматтуу ханым. Мен бейадептик кылып, сиздин алдыңызга бир суроо менен келгенimi кечирсеңиз экен. Сиз дарга ас деген ханыша менен дубана коендой окшош экен. Мүмкүн, биз билбеген

турмуштун эпкини менен бир-биринен ажырап, эми табышкан эгиздерби дейм. Кокус бейкүнөө пенделердин убалына калып жүрбөйлү, ханым - дейт.

- Тегирменчинин жалгыз эле кызы болгон. Анан каяктан жүрүп эгиздин шериги болот, дарга аскыла! - дейт.

Ошондо желдет чекесин жерге тийгизип:

- Оо, Улуу адилет ханым! Мен сиздин атаңызга кырк жыл, мына сизге он жылдан бери кызмат кылып, ар бир буйругуңузду ак көңүлүмөн, ак ниетим менен аткарчу элем. А мына бул экөөнө, эмнегедир такыр колум барбай жатат. Ал экөөнү, сиз өзүңүз бир көрүп, акыркы сөзүн уксаңыз экен. Анан кандай буйругуңуз болсо да кыңк этпей аткарайын!, - деп ыйлайт.

Канчалаган ууру-кескилердин башын алганда былк этип койбогон желдетинин көз жашын биринчи көргөн хан ойлонуп калат.

Анан:

- Сен өмүрү менден эч нерсе суранган эмес элең, бир өтүнүчүңдү аткарайын, - деп дар жанына келет. Чын эле Жалияр менен Бозкоёндун коендой окшош экендерине өтө таң калат. Анан эки бир туугандын баштарынан өткөн азап тозокторун, көргөн күндөрүн угуп:

- Силердей бирин бири урматтап, силерчелик бир тууганы үчүн азап-тозокту башынан өткөрүп, ажалга каршы тура алгандар, бул ааламда эч болгон эмес. Бозкоён, сен менин бир жолку жаңылганымды кечир. Сиз, азиз кайнага, ак ордого ракым этиңиз, - деп ээрчитип жөнөйт.

Жолдо келе жатып, Бозкоёндун изине опокшош Жалиярдын изин көрүп:

- Мындай изди калтырган адам, мага кайнага гана болбостон, оң кол вазирим да болуш керек, - деп Жалиярды вазир көтөрүп, ордодогу эң сулуу, эң акылдуу кызды алып берип, Жараткандын буйруган өмүр сааты менен ичээр суулары түгөнгөнчө, алар бактылуу жашай беришиптир.

# ӨЗ АТАМ ТУУЛА ЭЛЕКТЕ...
**(Апыртма)**

Менин өз атам туула электе мен чоң атамын жылкысын кайтарчу элем.

Бир күнү жатып, уктап калган экенмин, турсам, жылкыларым жок. Алтымыш кулач ала укуругум бар эле, аны жерге сая коюп, учуна чыктым. Жатан жакты карасам жок. Көтөрмө жакка көз салсам көрүнбөйт. "Болду болбоду Аралдан чыгат," - деп Арал жакты карасам, жылкынын жарымы сайдан өтүп, жарымы берки өйүздө оттоп атыптыр.

Жылкыларды көздөй чуркап жөнөдүм. Барсам, бир ала бээм бар эле, дарыянын чок ортосуна тууп коюптур, кулунун жалап турат жаныбар. Чарыгым суу болбосун деп буттарымды колтуктадым да, сууну кечпей бээге жетип, кулунун минип, энесин өңөрдүм да жээкке чыктым.

Качкан жылкылардын башын кайрып, Орто-Кызылга келе жатсам, алдыман алты кулач ала коен качып берди. Жаңы тууган кулунума камчы уруп, аркасынан кууп калдым. Алты кулач ала коендун айласы кеткенде, адырга качты.

Мен да артынан салдым. Эми жетип эңип кетээрде, так секирип, кырдагы көлгө чумкуду. Көлгө кирчү эшигин таппай же өзү батчу тешигин таппай, көлдүн үстүн чаңытып, кулунум чуркап жүрөт. "Ээ, эми өзүм түшпөсөм болбой калды," - деп жерге түшүп, алтымыш кулач ала укуругумду кайырмак кылып, көлгө ыргытсам, кулагынан коенду илип чыкты.

Терисин сыйрып ташка жайдым. Ташбаканын табагын тараза кылып, куурайга илип, эттен бөлүп майын тарттым, ишенсең койсоң өзүң бил, сага жалган мага чын, алтымыш кадак май чыкты, жетимиш кадак эт чыкты. Алтымыш кадак майды алып, чарыгыма сыйпасам, бир чарыгыма жетип, бир чарыгыма жетпей калды. Кечинде үйгө келип, уктап калган экенмин, түн жарымында кажы-кужу үн чыгат. Чочуп ойгонсом, майлу чарык менен майсыз чарык мушташып жатыптыр.

- Ой, силерге эмне болду?- десем:

- Майдын баарын бул сүйкөнүп алып, мен куру калдым, - дейт майсыз чарыгым.

Ачуум келип, шапалак менен экөөнү эки жаака бирден коюп, майсыз чарыкты баш жакка, майлуу чарыкты аяк жака ыргытып, жатып калдым. Тан заар турсам, майлуу чарыгым турат, майсыз чарыгым жок. Таарынып качып кеткен экен, майлуу чарыкты кийдим да майсыз чарыкты издеп жөнөдүм.

Ар кимден сураштырсам, "Адылбек зергердин үйүндө жүрөт," - дешти. Барсам, чын эле майсыз чарыгым кесе күл болуп ишке кирип алыптыр. Бозокорлорго бозо ташып жүрөт. "Жүр," - деп жакшылыкча

айтсам, кыйыктанып болбойт. Шак кулактан алдым да, эки жаагынан чойо кармап бутума кийип, үйүмө жөнөдүм.

Мээ сызгырган саратан эле, жолдо келе жатып, тилим кургап, суусап чыктым. Суу ичейин десем, Жатаңдын сайы тоңуп калыптыр. Ары-бери карасам, музду сындырып тешкенге таш жок. Таш жок болсо мына деп, башымды жулуп, башым менен музду уруп тешик жасадым. Жатып алып сууну тойгуча ичип, үйүмө жөнөдүм.

Жолдо келе жатсам, беш-алты аял айылчылап баратышкан экен, мен жакты көрсөтүп, бири-бирин түртүп:

- Ой, тиги кишини карасаңар, башы жок экен...

- Ай-иий, башы жок адам кызыктай көрүнөт экен, - дешип кыткылыктап күлүшөт.

Мен айран таң калып, эки жагымды карасам, эч ким жок. "Э, мени айтып жатышат окшойт," - деп башымды кармасам, чын эле башым жок! Уялганыма чыдабай, өзүм да өлө каткырып күлдүм. Көрсө, муз сындырып суу ичкен жерде, башым калып калган экен да!

Артыма жүгүрүп, сайга жеттим. Келсем, мен суу ичкен тешиктен, суудагы балыктарды тамаша кылып, башым беймарал отурат. Алдым да ордуна коюп, үйгө келсем, өз атам туулуп, чоң атам той берип атыптыр. Атам бешикте жатыптыр, көрүп эле мени тааныды. Мен да атамды тааныдым. Ошондо мен атама бир оюнчугумду бергемин.

Менин бул айткандарымдын кымындай да калпы жок. Ишенбесеңер карганып берейинби? Эгер мен калп айтсам, кашыктагы сууга калкып өлөйүн, чөмүчтөгү сууга чөгүп өлөйүн. Күлбөгүлө да. Анда баскан изим аркамда калсын! Эми ишендиңерби? Ии, ушундай окуялар да болот...

Негизи, калп айтпа, калп айтсаң, унутпа!

*(Улуунун сөзү)*

# КУЛАГЫН ЖЕГЕН ЭКЕН
**(Айтым кеп)**

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, кылычтын орду кын экен, бул жомоктогу чын экен.

Илгери-илгери өткөн заманда, бир өтө бай адам ааламдан өтүп, анын бүт байлыгы каардуу, менменсинген байбичесинин колунда калат. Эми мурдагыдай тескей турган байы жок, эки чылбыр, бир тизгин колуна тийген ал каардуу байбиче андан бетер менменсинген кези экен...

Кыш өтүп, эл жайлоого көчкөн маалда байбиче да айылы менен жайлоого көчүп, кыздын кашындай тунук суусу бар, Карагой деген дарыянын боюна конуп калышат.

Жайлоонун шибери белден буралат. Эл кубанат. Мал отко тоюп, төрт эли болуп, сүттүн каймагы коюлат. Казысы салаңдаган жылкыдан союлат. Эл көк ала майдан, көк дөбөдө кымыз ичип жамбашташат. Түмөн түркүн үн менен булбул, куштар сайрап, төмөндөн касиеттүү Карагой суусу күркүрөйт.

Ошол күндөрдүн биринде, бал чайкап ичкен кымызга мас болгон байбиче дөөлөтүнө чиренип, отургандардын оозун ачырып, мындай дейт экен:


- Мына бул Карагой дарыясы шаркырай берип, кулагымдын кужурун алып, мээмди жеп салмай болду! Шаркырабай жым аксынчы, баарың барып сайдын ташын тергиле!

Каардуу кемпирдин бул обу жок жоругун "чеки" деп эч ким айта албай, эл тоонун муздак суусун кечип, сайдын ташын тере баштайт. Мөңгүдөн түшкөн муздак суу, жыңайлак буттан чучукка өтүп, мээге чыгат. Муздап, тоңгон адамдар: "Сайдын шаркыраганы кантип кулактын кужурун алсын, тообо?!" – дешсе, дагы бири: "Ошону айтсаң, шаркырап аккан дарыя көңүлдү көтөрүп, жүрөктү эргитет эмеспи, ботом!" - дешет.

Ошондо безгек болуп титиреген немелер: "Суунун шары жакпаган ошо кулагыңды жеп кал ылайым!" - деп каргашат экен.

Жайлоонун мезгили өтүп, күз келет. Эл кыштоого көчөт. Келерки жылы кайрадан жайлоого барышат.

Жайлоонун шибери белден буралат. Мал отко тоюп, төрт эли болуп, сүттүн каймагы коюлат. Казысы салаңдаган жылкыдан союлат. Эл Көкдөбөдө кымыз ичип отурушат. Жайыттан кайткан кой-эчкилер козу-улактарын издеп маарап, короого кирип келишет. (Жайлоонун ушул кечки ызы-чуусу не деген гана керемет?!) Ошондо төрдө отурган байбиче, маарап жаткан кой эчкилерге таң кала карап:



- Ой, тообо, илгерки кой-эчкилер короого маарап келчү эле... Азыркылар жөн эле ооздорун ачып келчү болуптур, ботом! - дейт элдин оозун ачырып.

Отурган элдер байбиченин бул сөзүнө адегенде түшүнө бербей, анан гана бирин бири түртүп, "Ии, акыры касиеттүү Карагойдун кусуру уруп, бул кемпир кулагын жеген экен," - дешип шыбыраша түшүшкөн экен.

Мына, балдар, колдун кириндей байлыгына чиренген ал байбичени табийгаттын кусуру уруп, элдин каргышы да тийип, эки кулагы тең укпай, дүлөй болуп калган экен.

Жыл сайын эл жайлоого көчүп, кыздын кашындай тунук суусу бар дарыянын боюна конушат. Түмөн-түркүн үн менен булбул куштар сайрап, төмөндөн касиеттүү Карагой суусу күркүрөйт да шаркырайт, эл кубанат!

# КАЙБЕРЕНДИН КӨЗ ЖАШЫ
**(Жомок-новелла)**

Илгери өткөн заманда, тоо бооруна бой тиреше өскөн карагай, кайың аралашкан жайлоонун төрүндө, шаркырап, таштан-ташка бой уруп аккан тоо суусунун жээгинде, бир жаш чаарчык жашап жүрчү экен. Адамдын буту анда-санда гана аралаган бул бетегелүү жерде, эчтекеден бейкапар чаарчыктын оттоп жүргөнү, мемиреген тыптынч жайлоонун ажайып көркүнө куп гана жарашып турчу экен.

Күндөрдүн биринде шыгыр этип кулаган таштан чочуган сак сагызган шакылыктап, карагай учунан көтөрүлгөндө, оттоп жаткан чаарчык серең этип оозундагы чөбүн тиштеген бойдон таш кулаган жакка кулак түрүп, быйпыйган таноолорун желге тосуп жыт искеп, мурда мурдуна эч бир урунбаган үч төрт жыт желп эткенде, эмне үчүндүр чочуп качкан жок. Тескерисинче, “Буп эмне экен?" - деп кызыга жыт келген жакка шырп алдырбай, этият басып келатты. Тиги бoордон чыга берип, карагай түбүндө оозунан түтүн булатып отурган адамды көрдү. Бул кездешүү жаңыдан бой тартып калган жаш чаарчыктын адам менен болгон эң алгачкы жолугушуусу эле. Табийгаттын мыйзамы боюнча адамды көргөндө кайберен алыс качат. Азыр андай болгон жок. Аны адамдын отурганы, оозунан чыккан түтүнү, карагайга жөлөнүп турган мылтыгын алып, бир жерин чукулаганы, ал гана турсун, адам жактан келип жаткан, үч-төрт кычкыл жыт да ага кызык көрүнүп, жаштыктын керемет азгырык күчү кармап, кетирбей турду.

Албетте ал мылтыктын, чылымдын эмне экенин билбейт эле. Мылтык, чылым түгүл, адам затынын жырткыч же жөнөкөй жаныбар экенин да ажыратып билчү эмес. Же ошондонбу, кыскасы аны адам кызыктыра баштады...

Бир маалда адам ордунан туруп, эки буттап басып жөнөдү. Кайберен буга өтө таң калды. Анан, барган сайын адамдан келген жыт да ага жага баштагансыды... Мына эми адам каптал менен төмөн түшө баштаганда, чаарчык анын артынан кошо ээрчип жөнөдү.

Адам ага өтө сымбаттуу, сырдуу, тайманбас да болуп көрүнүп кетти. Себеби, өзү мурда көрүп жүргөн башка жаныбарлардай элеңдей бербей, башын бийик көтөрүп, буттарын да бекем таштап, өзүн ушул чөлкөмдүн жалгыз кожоюнундай эркин сезип бара жаткан эле.

Чынында эле төмөн түшкөндө, арсылдап үрүп, жүрөктүн үшүн алчу иттер да адамдын алдынан жойпулана тосуп чыгышып, куйруктарын шыйпаңдата кошомат кыла артынан ээрчип жөнөштү.

Оо, демек, адам баарынан улуу экен!

Ушул күнү жаш чаарчыктын адамга болгон кызыгуу таризи күтпөгөн жерден балалыктын эң алгачкы тунук сүйүүсүнө айланып, Кайберен Адамзатын сүйүп калат!

Эми ал мурда оттоочу жайытына барбай, адам жашаган жерди акмалап, алыстан болсо да күн сайын адамды бир көрбөсө, кең ааламга батпай кусаланчу болду.

Кайберендин бактысына адам эки-үч күндө бир жолу токойду аралап келет. Ал күндөр чаарчык үчүн айтып бүткүс бакыт! Себеби, ажылдашкан иттер жок, экөө гана ээн токойду аралашат. Адам отуруп эс алганда, ага көрүнбөй туруп, кумары канбай карай берет...

Бул жарык дүйнөдө аны сүйүп калган кайберендин бар экени адамдын оюна да келген жок. Буга тескерисинче, чаарчыктын түшүндө да адам кошо жүрдү. Анын ийнедей узун кирпиктери ийилип келип, жоодураган эки көзү уйкуга кетээри менен, адам анын маңдайынан сылап, таноосунан жыттагылайт. Экөө бар жерде, чексиз бейпилдик гана өкүм сүрөт. Алар таштан ташка секирип, куушуп ойношот. Чачырата суу кечишип, дарыя бойлоп чуркап калышат. Анан эле адам карагайга жөлөнүп, чылымын түтөтүп отурган болот. Чаарчык анын тизесине башын коюп, карагайдын учтарынан учуп өткөн булуттарга тигилип, моймолжуган көздөрү сырдуу күлмүңдөп, каректери коюуланат...

Күндөр өтүп жатты. Эми чаарчык адамсыз жашай албасына көзү жетип, бир күнү адам жашаган жакка дагы жөнөдү. Бүгүн адамга сөзсүз жолугуп, ага түшүндөгүдөй эркелеп, чылым жыттанган төшүнөн жыттап, ак кайыңды аралай, чын эле куушуп ойногусу келди...

Тигине, жонуна асынган мылтыгы менен адам токой жакка келе жатты! Чаарчыктын кубанганын айтпа! Аны көргөндө кайберен өзүн коёорго жер таппай, турган жеринде бир секирип алып, "Бүгүн!" - деди. Чынында, мындан ары күтүүгө анын алы да, башка бир айласы да калган эмес болчу...

Кайберендин акыбалы ошончолук болсо да, адам ага сырдуу да, сүрдүү да сезилип турду. Ошондуктан, дароо эле алдынан чуркап чыгууга түрсүлдөгөн жүрөгү даай албай, бир топко чейин акмалап жүрүп отурду. Ал утур адамды көргөн, аны ойлогон сайын, адамзаты баарынан сымбаттуу да, мээримдүү да, улуу да экенине ынана берди! Акыры ал, - "Жок, адам гана чыныгы сүйүүгө татыктуу зат!" - деп жиберди.

Ошол учурда эмне үчүндүр адам toктой калды. Ушул гана шылтоо ага жетпей турган беле, чаарчык адам алдынан чуркап чыкты!

Койкойгон мойну созулуп, балбылдаган капкара көздөрү адамзаттын каректерине кадалды!

Мындай сулуулукту, адамдын гана жан дүйүнөсү, адамдын гана акыл толгоо кудурети сезе алаар эле.

Мына эми адам кайбергенге, кайберен адамга тигилди! Көз ирмемге бүткүл аалам кыймылы токтоп калгандай болду.

Карагай кайыңдуу бул төрдөгү адам менен кайберендин тиктешкени, бетме-бет тургандары, өзүнчө эле бир бүтүн гармониянын башталышы да, аягы да жок, бир бүтүн симфонияга биригип, өмүр,

жашоо аралашып, анан калса, тирүүлүктүн чиелешип чечилбеген чексиз философиясы да тургандай эле...

Кайберенди чоочутуп албайын деди окшойт, адам акырын бир колун алга созду. Кайберен качкан жок. Ага колдун жай сунулуп жатканы жагып турду. Ал гана эмес, экинчи колду да каалап жатты. А, экинчи кол, ийиндеги кайыш жипке сунулуп, мүрүдөгү мылтыкты бери тартты. Адамдын ар бир кыймылы кайберенге жагып турду. Тигинин акырын жасаган ар бир кыймылы, ага таазим кылып жаткандай туюлуп, эт жүрөгү эзилип баратты. Мылтык сунулду! Кайберен ага мээленген мылтыкты, адамдын үчүнчү колу, же бир мүчөсү деп түшүнүп, көздөрү жалжылдап, сүйүү толгон жүрөгү дүкүлдөп чыкты...

Тарс!!!

"Тарс" эткен дабыштан, аска чоочуп жаңырды!

"Тарс" эткен дабыштан, тоонун жели силкинип кетти!

"Тарс" эткен дабыштан, сүйүү толгон ысык жүрөк адамды көздөй атылып...

Эх-хх... бирок ал адамга жетпей, майда-майда жылдызчаларга бөлүнүп, апапакай тоо гүлдөрүнө кыпкызыл шүүдүрүм болуп чачылып кетти...

## ЭПИЛОГ

Дубалдагы килем бетинде бир чаарчыктын башы илинип турду. Түн жарымы. Адам уйкуда. Дубалдагы эки көздөн, эки тамчы жаш мөлт этип кулап, адамдын бетине тып этти. Ал бир чоочуп, анан ары оодарылган бойдон сулк уйкусун улантты. Ал пенде күн сайын бир чоочуйт. Кайра эле уйкуга кирет... Күн сайын эки тамчы тып этет... Күн сайын... Күн сайын...

# АКЖЫЛАН БЕРГЕН АЛТЫН КУШ

Илгери-илгери өткөн заманда, бир жесир кемпирдин жалгыз уулу болгон экен. Ошол жалгыз уулу жалгызмын деп жалжактабай, энесине жардамчы, эмгекчил, боорукер, жакшы бала чыгат. Күндөрдүн биринде:

- Апа, кылычын алып, кыш келатат. Кысталышта кыйналбай, эмитен кышка отун даярдап коеюн, - дейт.

- Жакшы кыласың, балам, - дейт энеси, сүйүнүп.

Бала балта-тешесин алып, тоого чыгат. Кулураган арчалардан отун жыйнап жүрүп, бир арчанын түбүнөн жарадар болгон кичинекей бир жыландын баласын көрүп калат. Куйругу жанчылган жыланга боору ооруп, аны калпагына салат да үйүнө алып келип, акырга жумшактап уя жасап, эч кимге айтпай, эртели-кеч эчкинин сүтүнө мумия кошуп берип, жарадар жыланды бага баштайт. Арадан кырк күн өтөт. Сүт менен мумиянын дарылык касиети өз таасирин тийгизип, жыландын жараты айыгат. Кемпирдин уулу ошол күнү да жыланга бир чөйчөк сүтүн берип, өзү отунга кетет.

Күн сайын отунга кетээрде, отундан келгенде, атканага бир кирип чыкчу адат таап алган баласына таң калган энеси "Ал жерде эмне кылып жатты экен," - деп атканага кирет да, курултайдын уясындай уяда, сүт ичип жаткан жыланды көрүп, көчөгө качып чыгат. Отундан келген уулу, апасынын жыландан коркуп, көчөдө жүргөнүн билгенде "Каап, апамды капа кылып койгон турбаймынбы. Жыландын жараты айыгып деле калды. Тапкан жериме алып барып койсом, үйүн өзү таап алаар,"- деп жыланды койнуна салып, тоону карай жөнөйт.

Кудайдын кудурети чексиз да, жолдо келе жатканда, жыланга тил бүтүп:

- Ой, жигит, сен мени өлүмдөн алып калдың. Эми мени таап алган жерге эмес, Акжылан атама алып барып бергениң оң. Мага кылган жакшылыгың үчүн, атам сени максатыңа жеткирет, - дейт.

Адамча сүйлөгөн жыланга таң калган бала адегенде эмне кылсам экен деп арсар болуп туруп, акыры тобокел деп, макул болот. Анда жылан:

- "Баламды бирөө өлтүрүп койгон окшойт," - деп Акжылан атам каттуу кайгырып, капчыгайдан жан өткөрбөй, көрүнгөндүн баарын оп тартып жутуп жаткандыр. Азыр биз барганда, ал сени да оп тартып жутат. А сен коркпо, анын оозуна кирээриңде мени койнуңдан алып жерге таштап жибергин да, өзүң Акжылан атамдын ичине кирип кете бер.



А мен сенин мага кылган жакшылыгыңды атама айтканымда, атам сени кайра кусат. Азыркы айтканымды жакшылап эстеп кал. Атамдын тилинин астында Алтын кушу бар. Оозунан чыгып келе жатып, ошол Алтын кушту ала чык. Ал Алтын куш жөн эле алтын эмес, сыйкырдуу Алтын куш! Сен аны тилиңдин астына салып, кандай буйрук берсең да, айтканыңдын баары аткарыла берет. Демек, максатыңа жетесиң. Атам сени кускандан кийин сага кырк жолу оролуп, "Балама кылган жакшылыгың үчүн, каалаганыңды сура," - дейт.

- Сен: "Оозуңдан түшүп келе жатып, мына бул Алтын кушту таап алдым эле, балаңдан артык көрбөсөң, ушуну бер, - дегин," - дейт.

Бала макул болуп, Акжыландын үңкүрүн карай жөнөйт.

Бир жерге келгенде, чайыттай ачык асмандан жамгыр жаап кирет.

- Бул эмне болгон жамгыр? - дейт бала.

- Атамдын көз жашы, - дейт жылан.

Дагы бир жерге келгенде катуу шамал башталат.

- А бул эмне болгон шамал, - десе,

- Даяр бол, атам оп тартып жатат, - дейт жылан.

Куюн аралаш шамал баланы учуруп жөнөйт. Койнундагы жылан айткандай, Акжыландын оозуна жеткенде, баласын жерге таштап, өзү

Акжыландын ичине кирип кетет. Акжылан баласын эсен-соо көргөндө, оп тартканын дароо токтотуп, көкүрөк күчүк Кенжетайын бооруна басып калат. Анан болгон ишти баласынан уккан соң, кемпирдин уулун кайра кусуп, балага кырк оролот да,

- Балама кылган жакшылыгың үчүн, кандай тилегиң болсо сура, айтканыңды аткарам, - дейт.

- Мени кусуп жатканыңда, оозуңдан мына бул Алтын кушту таап алдым эле. Балаңдан артык көрбөсөң, ушуну мага бер, - дейт бала.

Акжылан ары карап ыйлап, бери карап күлүп,

- Макул, макул. Жакшы белек сурадың, - дейт.

Бала Алтын кушту тил алдына салат да үйүнө келип,

- Апа, мен эми эр жеттим. Сиздин колуңузду узартып, үйлөнсөм, - дейт.

- Оозуңа май кулунум. Кана, кимдин кызына жуучулукка барайын, - десе,

- Хандын кызына, - дейт бала.

- Ие, ботом! Калыңга берээр чычкак улагыбыз жок. Хан да кызын кедейге бермек беле, - деп кол шилтейт.

- Канча калың десе, ошончо калың беребиз. Сиз барып калыңын бычып келе бериңиз, - деп бала болбойт.

Жалгыз уулуна же "жок" дей албай, же "хоп" дей албай, кечке ойлонот. Эртеси таң заардан хандын үйүнө келет. Дарбаза али жабык экен. Даап эшик кага албай, хандын эшигин күзгүдөй таптаза шыпырып коюп, жан адамга көрүнбөй үйүнө келе берет. Келсе, уулу сыртта күтүп отурган экен:

- Ханга жолуктуңузбу, - дейт алдынан утурлай чыгып.

- Хан ууга чыгып кетиптир, келсе жолугам, - деп кутулат энеси.

- Эртең кайра барыңыз, - дейт уулу.

Эне кантсин. Кайрадан эртеси таң заардан хандын сарайына барат экен. "Кызыңды менин уулума бер," - деп айтканга даай албай, бул жолу да эшигин күзгүдөй таптаза шыпырып коюп, келе берет.

Хан сыртка чыгып, күзгүдөй таза шыпырылган эшикти көрүп, малайын чакырат.

- Кечээтен бери эшикти ким шыпырып жатат? - дейт.


Малай билбейт. Хан, ордо малай башчысын чакырып, сурайт. Ал да ким экенин билбейт. Ошондо хан:

- Менин эшигимди мындай таза шыпырган адам жөн адам эмес. Мында бир сыр болуу керек. Бүгүн түнкү кароолду эки эсе көбөйткүлө! Эки күн эшигимди шыпырган адам, үчүнчү күнү да келээр. Келсе кармап, мага алып келгиле, - дейт.

Ушул учурда кемпир үйүнө жетип калат. Келсе уулу эшикте күтүп отурат.

- Хан уудан келиппи?

- Жо-ок, эртең келет экен... Саар менен дагы барам, - деп буп жолу да калп айтып кутулат.



- Эртең жообун алмайынча келбеңиз! - деп, бала катуу тапшырат.

Энеси кургур темселеп, үчүнчү күнү дагы барат. Хандын кызын түгүл, өмүрү хандын астанасынан аттабаган бечара, "Кой, хан кызын бербей койду," - деп көңүлүн биротоло калтырайын дейт да, күндөгү адаты боюнча, хан сарайдын алдын шыпырып кирет. Эми бүтүп, үйүнө кетейин дегенде, аңдып жаткан кароолдор шап кармап алып, хандын алдына алып барышат.

Анда хан:

- Үч күндөн бери эшигимди жашыруун шыпырып, жан адамга көрүнбөй кетип жатканыңдын сырын айт, - дейт.

- Оо, улуу урматтуу ханым! Эми айтпасам болбой калды... Менин бир жападан жалгыз жаман уулум бар эле. Ошол уулум сиздин кызыңызга жуучулукка бар деп жанымды койбогонунан, сиздин алдыңызга даап кире албай, ушул жорукту жасап жүрөм. Айып этпең, ырайымдуу ханым! - дейт көзүнөн жашы куюлуп.

- Мен жалгыз кызымды "Баланчага тий, түкүнчөгө тийбе" - деп айта албайм. Ыктыяр өзүндө. Сиз кызым менен сүйлөшүңүз. Ал макул десе, мен каршы эмесмин дейт.

Хандын сөзүнөн кийин алыстан күйгөн шамдай үмүт оту пайда болуп, хандын кызына барып, келген себебин айтат.

Анда кыз:

- Менде бир шарт бар. Ошол шартымды аткарса, уулуңузга тиемин. Шартым мындай. Мына бул алтын сарайды курчаган коргондун ичи жайы-кышы жаз болсун. Багымда өскөн алмалардын жарымы алтын болсун, жарымы күмүш болсун. Алмалар жайы-кышы бышып турсун, "а" дегенде

топулдап түшүп турсун. Бир алманын түбүндө сүт булак болсун, бир алманын түбүндө май булак болсун. Сүт булакта алтын балык болсун, май булакта күмүш балык болсун. Сүт булактагы алтын балык май булакка секирсин, май булактагы күмүш балык, сүт булакка секирсин. Дагы, алтын алмада, күмүш булбул сайрап турсун, күмүш алмада, алтын булбул сайрап турсун. Алар бири-бирине учуп өтүп турсун. Жолдон өткөн адамдар аваз кылып карашсын. Шартым ушул. Ушуну аткарса, мен макулмун, - дейт экен.

Мындай сөздү укканда кемпирдин оозу ачылып, ачылган оозу кайра жабылбай, айран-таң болуп, нес басып үйүнө келет. Жолун тосуп турган уулу алдынан чыгып,

- Кандай апа, барган жолуң болдубу, кыз көңүлгө толдубу? - дейт.

Энеси кургур уулунун сөзүнөн кийин гана эсине келип, болгон ишти айтат.

- Оо, койгон шарты оңой эле турбайбы, - дейт каткырып. Азыр артыңызга кайтып, "Айтканыңды аткардык. Тойду эртең эле баштайбыз," деп айтыңыз, - дейт уулу.

- Оо, кулунум, пенде колунан келгис шартты айтса, жок эле нерсеге кантип, "Шартты аткардык," - деп барам! - деп энеси болбойт.

- Бара бериңиз. Сиз жеткенче хан кызынын талабы аткарылат, - деп кайра жөнөтөт.

Энеси кетээри менен,

- Хан кызынын талабы аткарылсын! - дейт бала.

Ошондо тил астындагы булбул сайрап жиберет.

Анда кыш жаңы башталып калган кез экен, кар малтап кемпир кайра келсе, коргондун сырты кыш имиш да, ичи жаз имиш. Багындагы алмалардын жарымы алтын имиш да, жарымы күмүш имиш. Алтын алмада күмүш булбул сайраса, күмүш алмада алтын булбул сайрап турат имиш. Кемпир айран-таң эле калып, кызга жолугат.

Ошентип, кемпирдин жалгыз уулу хан кызына үйлөнөт. Жыл төгөрөк төрт мезгил алмасы бышып бүтпөгөн, кар жаап кыш түшпөгөн, бейиштей жерде жашап калат экен.

Бул жомокту ушуну менен эле бүтүрүп койсом да болмок, бирок, бул жомоктун өтө кызык уландысы бар экен да. Аны улап айтып бербесем, бул жомок толук болбой калат. Ошондуктан ар жагын да айтып берейин. Уландысы мындай экен.

Ошол кереметтүү жыл бою жалбырагы түшпөгөн, бышкан алмасы түгөнүп бүтпөгөн, шагынан булбул кетпеген, сүт булак, май булактарын алтын, күмүш балыктар мекендеген ажайып коргондун даңазасын ары-бери өткөн жолоочу-жүргүнчүлөр, соодагер-кербенчилер, ааламдын ар кандай булуң-бурчтарына аңыз кылып таратышат.

Ал кабар акыры Багдад деген шаардын ханына да угулат. Аны уккан хандын түн уйкусу качып, күндүз ой басып, акыры элин чакырып,

- Кимде-ким мага ошол ажайып бакты, анын бардык керемети менен бул жерге алып келип берсе, сураганын берем, - дейт.

“Мен барам," - деп эч ким чыга албайт. Ошондо, жашы сексенге барып, бели бекчейген, эки көзүн чылпак басып, чекчейген, куу чачынын түптөрүндө кырктан бит сиркелеген, оңурайган оозунда тиши жок, өзү аны менен иши жок, колу-буту калтырап, араң баскан бир бүкүр мастан кемпир бар экен, ошо чыгып:

- Мен ошол ажайып бакты, бардык керемет укмуштарын, анын Ай десе аркы, Күн десе наркы жок сулуусу менен кошо алып келип берем. Акысына он үчтөгү аял ала элек балага мени күйөөгө берсеңиз болот, - деп каргадай каркылдап күлөт.

Хан макул болот.

- Эшек бериңиз, - дейт.

Айтканы аткарылат.

Ошентип, мастан кемпир хандан алган кара эшекти, чылбыр менен башка көзгө койгулап, тарпка конгон жорудай, кара эшектин үстүндө соксойуп жолго чыгат. Ал узак-узак жол басат. Жолду карай же эшегин тындырбайт, же эшектин эки быкынын тепкилеген эки бутун тындырбай хы-хылап жүрүп отуруп, акыры кыз менен баланын коргонуна жетет экен. Кемпир эч кимге көрүнбөй эшектен түшүп, эчкинин башындай эки таш алат экен да, эшек байкуштун эки бутун сындырып, өзү дарбазанын түбүнө барып, ыйлап отуруп алат. Хандын кызы эшикке чыгып,

- Эмне ыйлап отурасыз? - дейт экен.

Анда кемпир жүлжүйгөн жыртык көзүнөн жалган жашын тамызып, мурдунун суусун агызып:

- Оо, ырайымдуу хан кызы, мен бир үйү жок жесир, балдары өлүп, каралашаар караань жок бир карыпмын. Эми минтип карыганда каңгып, кайын журтума батпай, төркүнүмдү издеп чыккан бир бечара карып элем. Мына ушул жерге келгенде мына бул карыган кара эшегим мүдүрүлүп, эки бутун сындырып алып, ай талаада калдым, – дейт.

- Каралашаарыңыз жок карып болсоңуз, биздикинде жашай бериңиз, - деп үйүнө киргизет.

Мастан кемпирдин жалган сөзүнө күйөөсү да ишенип, боор ачып, карыган неме экен деп, төргө өткөзөт. Кемпирдин уулу малайларына сары талдан замбар жасатып, буту сынып, баса албай жаткан эшекти ошол замбарга жүктөтүп, атканага киргиздирет. Жем чөбүн бердирип, өзү аркар кулжа жайлаган аскалуу тоого жөнөйт.

Аскасы асман тиреген тоолордон тоолорго, зоолордон зоолорго өтүп, акыры кара таштын жаракасынан сызылып чыккан мумиядан таап келип, буту сынган кара эшекти дарылап айыктырат. Күндөр өтөт.

Күйөөсү ууга кеткенде мастан кемпир хан кызынан сурайт экен:

- Жыл төгөрөк төрт мезгил багыңар неге жап жашыл? - деп.

- Мен билбейм. Күйөөм мага энесин жуучу жөнөткөндө ушундай шарт койсом эле, ошол күндөн ушул күнгө ушундай, - десе,



- Сен андан, "Кантип мындай кереметти жасадың?" - деп сурабадыңбы? - дейт.

- Жо-ок, - дейт хан кызы.

- Бүгүн уудан келгенде сура. Бирин бири сүйгөн эрди-катындын ортосунда, жашыруун сыр болбошу керек, - дейт.

Күйөөсү уудан келгенде аялы, "Бул кандай сыр?" - деп сурайт.

- Сен сураба, мен айтпайын, - деп коет күйөөсү. Эртеси экөө жалгыз калганда:

- И, эмне деди? - дейт мастан кемпир.

- Сен сураба, мен айтпайын деди.

- Ай-иий, ошентеби? Демек, күйөөңдүн сенде көңүлү жок окшойт. Эгерде, сени чындап сүйсө, сенден сыр жашырмак беле? - деп кыздын тынчын кетирет.

Хандын кызы бул сөзгө бушайман болуп, кечинде уудан келген эрине:

- Сенин менде көңүлүң жок экен. Болбосо менден сыр жашырат белең, - деп ыйлап кирет.

А десе болбойт, бу десе болбойт. Акыры:

- Менин тилимдин алдында, Акжылан берген Алтын кушум бар, - деп сырын ачат.

Эртеси ал кайрадан ууга кеткенде кемпир кызга келип:

- И-ии, сырын дагы эле сенден жашырып жатабы? - дейт.

- Жо-ок, ал мени сүйөт экен. Анын тилинин астында, Акжылан берген Алтын кушу бар экен, - деп баланын сырын айтып коет.

- И-ий, өтө кызык экен. Эми сен ал ууга жөнөгөндө: "Алтын кушуңду мага таштап кет," - дебейсиңби. Күйөөң уудан келгенче зерикпей, оюңа келгенди жасап, эрмек кылат элең, - дейт.

Чын эле эртеси күйөөсү ууга жөнөп жатканда,

- Сен ууга кеткенде, үйдө жалгыз калып, зеригет экенмин. Алтын кушуңду таштап кет, - дейт.

Күйөөсүнүн кой дегенине болбой асылып жатып, Алтын кушту алып калат. Ошону гана күтүп жүргөн мастан кемпир:

- Күндүн ысыгында суудагы ак кууларга кошулуп, кундуз кара чачыңды жууп албайсыңбы, - деп кызды азгырат.



Кыз ссуга келип, кундуз кара чачын ссуга салаарда:

- Кел мен кармай турайын, эңкейгенде Алтын кушуң ссуга түшүп кетпесин, - деп Алтын кушту алдап алат да, кыз башын ссуга салганда жыландай соймоңдогон тилинин астына Алтын кушту сала коюп,

- Ушул турган Алтын сарай бак-шагы, мына бул турган хан кыз менен кошо Багдад шаарында болуп калсын, - дейт.

Мастандын оозундагы булбул сайрап жиберет. Көз ачып жумганча, хан кызы, Алтын сарай бак-шагы менен Багдад шаарында болуп калат.

Алар Багдадда туруп турсун, биз уудан келген баладан кабар алалы.

Күйөөсү уудан келсе, тезегин жыттаган кара эшектен башка эчтеке жок, какыраган бош жер турат имиш. Ал дароо болгон ишти түшүнөт. Эми эмне кылсам деп, башы маң болуп турганда кара эшекке тил бүтүп:

- Эй, жигит, башыңды жерге салбагын. Менде качырдын күчү, аттын канаты бар. Какшаал мастан кара ниет оюн ишке ашыруу үчүн башка көзгө койгулап, мени алты айлык жолго минди. Анысы аз келгенсип, айыбым жок жерден эки бутумду сындырды. Аны сен айыктырдың. Мен ал жакшылыгыңды унуткан жокмун. Эми сенин башыңа мүшкүл иш түшкөндө мин жонума. Мен алар кеткен алты айлык Багдад шаарына сени таң атканча жеткирем. А менин мастан кемпирде ала албай калган кегим бар, аны алайын. А сен Алтын кушуң менен ашык болуп алган аялыңды, ажайып алма багыңды кайтарып кел, - дейт.

Эшекке тил бүтүп, адамча сүйлөп турганына бир чети таң калса, экинчиден, бул да жөнөкөй эшек эмес экенине сүйүнүп, дароо минет. Чын эле кара эшекте качырдын күчү, тулпардын канаты бар экен.

- Аңырачу кара эшек
Бир аңырап алыптыр.
Кыдыңдап жүрчү кара эшек
Күрпүлдөп кирген дайрадай,
Кыйын чуркап калыптыр.
Жылганын чөбүн жапырып,
Узун жол чаңын сапырып,
Учкан торгой кондурбай,
Конгон торгой учурбай,
Ак булуттун астынан,
Көк шибердин үстүнөн,
Сызып учуп отуруп,
Алты айлык алыс жол
Артта калып заматта,
Ай кылайып батканча,
Азанчы азан айтканча,
Жери Багдад көздөгөн,
Айткан жерге кара эшек
Алып келип калыптыр.

Кемпирдин уулу кара эшектен жерге түшүп, бийик мунаралары асман тиреген Багдад шаарына оозу ачылып карап калат. Багдаддын тегереги таштан кынап курулган бийик чеп имиш. Каракчы баскынчылар кирбесин деп, коргонду тегерете терең аң каздырып, ага суу толтуруп койгон имиш. Ал таш коргондун тогуз дарбазасы бар экен. Алар күн батканда жабылып, али ачыла элек экен. Эми эмне кылсам экен деп, жигит башын кашып турганда, кара эшекке кайрадан тил бүтүп,

- Күндүн мурду кылайганда, биринчи "Суу" дарбаза ачылат. Андан шаардын ичин сергүүндөтүү үчүн суу сепкени малайлар чыгып, суу ташышат. Биз ал дарбазадан кирбейбиз. Экинчи "Таш" дарбаза ачылат. Ага да кирбейбиз. Андан алыска сапар тартуучу кербендер чыгат. Үчүнчү "Күн" дарбаза ачылат. Ага алыстан келген кербендер кирет, биз ошолорго

кошулуп, шаарга кирип кетебиз. Эми ал жерден куу мастанды колго түшүрүү оңой эмес. Бирок эчтеке эмес. Мен да бекеринен беш жыл бою Багдадда "Эшек башы" болгон эмесмин. Мен сага жардам берем, - дейт.

- "Бул эшек мага кандай жардам берет экен," - деген ой менен, "Күн" дарбазасынын ачылышын күтүп калат. Күндүн мурду көрүнөөр менен "Суу" дарбазасы ачылып, миңдеген малайлар баканчылап суу ташып киришет. Андан соң "Таш" дарбаза ачылып, андан Индостан, Кытай, Арап, деги койчу төгөрөктүн төрт бурчунан келген кербендер, жүктөрүн эшек, төө, пилдерге артынып, чубап чыга баштайт. Күн толук чыкканда "Күн" дарбаза ачылып, сырттагы турган кербендер кире баштаганда, тиги экөө да кошо жөнөйт.

Дарбазадан киргенде эле кара эшекке жин тийгендей аңгырап, айкырык сала баштайт. Анын үнүн укканда, шаардын баардык эшектери аңгырап, канчасы жибин үзүп, канчасы атканасын бузуп, кулак тундурган ызы-чуу башталып кетиптир.

- "Хандын уйкусун бузат!" - деп жүрөгү түшкөн шаар башчысы канчалык аракет кылса да, бул күтүүсүз алааматты токтото албай коет. Айласы кеткен шаар башчы алыскы Ала-Тоодон жаңы эле келген мастан кемпирдин алдына чөгөлөп барып.


- Айланайын, Мастан эне, эмне десең аткарайын, бир айласын таап, эшектердин ызы-чуусун тынчытып бер, - дейт.

Айласы алтымыш эшекке жүк болчу мастан кемпир макул болуп, сыртка чыгат. Анын чыгышын гана күтүп турган кара эшек кара ниет мастанды как гана ээкке тебет экен.

Ошондо мастандын кемшийген ээги сынып, оозундагы Алтын куш учуп барып, суу атып турган фонтандын жанында турган жигиттин колуна түшөт. Мүрөк суусундай фонтанга Акжылан берген Алтын кушун чайкап-чайкап, тил астына салат экен да, "Хандын кызы жубайым, ажайып бакшагым менен өз жеримде болоюн", - дегенде оозундагы Алтын кушу сайрап жиберет. Көз ачып жумганча өз мекени Ала-Тоого келип, апасынын кашында жыргап-куунап жашап калышат экен.

Баса, чын-төгүнүн билбеймин, алиги буту сынган кара эшек да, алар менен кошо келе берген дешет. Ким билет... Мүмкүн, келсе келгендир....Чынында мен анысын билбейт экенмин.

Мына эми бул жомок бүттү. Эмки жомокко чейин сак саламатта болгула.



# КУУБАШ МЕНЕН АЧ КӨЗ ЧАЛ

Илгери-илгери өткөн заманда, бир жарты алачык, жаман үйдө, өтө жарды жашаган кемпир менен чал болуптур. Кемпир байкуш отун терип, от жагып дегендей, үйдүн ишин да, сырттагы ишти да жалгыз жасаган, мээнеткеч кемпир экен.

Арабаны да эки ат бирдей тартпай, аттын бири кашаң болсо, араба жакшы жүрбөйт. Ошонун сыңары, бир гана кемпири термелеп, а чалы жалкоо болгондуктан, алар кембагал болуп, өтө жарды жашашыптыр.

Күндөрдүн биринде кемпир отун тергени кайра адырга жөнөйт. Ал отун терип жүрүп, ээн жердеги бир ээси жок үйгө туш болот. Үйгө кирсе, түндүккө байланып бир сан эт менен бир куйрук май илинип турат имиш. А жерде болсо ушундай бир жайылган дасторкон турат дейт, тим эле хан сарайында жок тамак-аштардын жыты аңкып, жегенге адам жок имиш! "Мен кандай үйгө кирип калдым?" - деп эмне кыларын билбей, кемпир туруп калат. Кетейин десе, дасторкондогу тамак аштын жыты буркурап, эртеден бери оозуна наар албаган неменин шилекейин агызат. Кемпир "Эмне кылсам?" - деп ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры "Ар бир тамактан бир кашыктан ооз тийсем, эч нерсе болбос," - деп дасторкондогу бардык даамдан бир кашыктан жеп, курсагын тойгузат. "Эми жөн кетсем болбос," - деп үй ичин жыйнаштырып, эшик алдын шыпырып бүтүп, эми кетейин деп турганда, бир сарала серкенин эки мүйүзүнүн ортосуна отуруп алган, бир эти жок Куубаш бир короо кой-эчкини айдап келип калат. Ал:

- Байлангыла, жандыктар! - деп кыйкырганда, кой-эчкилер көгөндөргө байланып калат.

- Саандарың саалгын! - десе кой-эчкилер саалып,

- Сүт каймагың бир бөлөк, сүзмө айраның бир бөлөк! - дегенде, каймагы сүттөн бөлүнүп, сүттөр уюп айран болуп, айран келип капка куюлуп, каптан сары суу сарыгып, айран, сүзмө болот экен!

Мындай керемет шумдукка кемпирдин оозу ачылып, эмне дээрин да билбей делдейип калат. А эти жок Куубаш серкесинен секирип түшүп:

- Оо, түйшүгү бүтпөс, энежан! Эшигимди шыпырып, үйдүн ичин ирettеп койгонуңа рахмат! - дейт.

- Ийе, ботом, акетай! Колу-бутуң жок туруп, кой айдаган сен кимсиң?! - дейт кемпир Куубашка.

- Кылымдан кылым карыткан Куубашмын, - дейт ал.

- А мына бул мал кимдики? - десе.

- Малым, малым дебегин,
Малың тоонун чымчыгы.
Үйүм, үйүм дебегин,
Үйүң талдын чырпыгы!.. - дейт Куубаш.

- А тиги дасторкон толо тамак аш кимге? - десе,

- Тамак, тамак дебегин,

- Тамак кайып, ыраспы?

Оокат, оокат дебегин,


Насип кылса ырыскы... - деп сырдуу күлүп коёт имиш.

- А тиги түндүктөгү асылып турган бир сан эт менен куйрук май, эмне болгон эт-куйрук? - дейт кемпир.

- Ал деген Кудай чачкан ырыскынын уюткусу. Ысырап кылбай, бир оокаттык кесип жесе, кемпир чалдын бир өмүрүнө жетээр, - дейт да, Куубаш сокунун ичине түшүп жатып, уйкуга кирет.

Кемпир бул Куубаштын табышмактатып айткарына таң калган бойдон үйүнө келип, көргөн билгендерин чалына айтып берет.

Андай бекер тамак, белен үйдү укканда, чал кемпирин шаштырып, эртеси эртең менен туруп, ал үйгө жөнөшөт. Келишсе, кечээки белен тамак жок, дасторкон бош турат имиш!...



- Жанын жеген жалганчы кемпир! Сен калп айтып, мени ачка калтырдың! - деп чал кемпирин тилдеп кирет.

Кемпир Куубаштын "Ал эт менен куйрук - кудай чачкан ырыскынын уюткусу, ысырап кылбай бир оокаттык кесип жесе, кемпир менен чалдын бир өмүрүнө жетээр," - деген сөзүн эстеп, түндүктө илинип турган эт менен куйруктан кесип алып, казанга салат. Казандагы суу кайнай баштаганда, кайдан экени белгисиз, бош дасторконго ар кыл тамак-аш менен, түмөн-түркүн оокаттар пайда болот. Кемпир-чал сүйүнүп, аябай жеп тоюшат. А кесилген эт менен куйрук май кайра калыбына келип, толукталып калыптыр. Тамактан кийин чалкадан жатып чал уйкуга кирет. Кемпир үй ичин жыйнаштырып, эшикти шыпырып кирет.

Күн кечтеп, кечээки маал болгондо, малын айдап Куубаш жайыттан келет. Эшик алдынын таза шыпырылганын көрүп, курсант боло:

- Кошунаң жакшы болсо, Кудайдын бергени, кошунаң жаман болсо, Кудайдын урганы! - деп коюп сокусуна түшүп уйкуга кирет.

Ошентип, кемпир-чал Куубаштын үйүндө жашап калышат. Кемпир күн сайын түндүктөгү эт менен куйруктан бир оокаттык кесип, тамак жасайт. Дасторкон толо тамак-аш болот. Жалкоо чалга кудай берип,

бекер оокат, белен тамакты аябай жеп, эки бети тултуюп, казы байлап семиргенден семирет. Эми чалдын курсагы тоюп, казы байлагандан бери оюу бузулуп, бул Куубаштын үй оокаты гана эмес, бүт малына да эгедер болсом деп калган кези экен.

Күндөрдүн биринде,

- Ай, кемпир, жанагы Куубаш каерде жатып уктайт? - дейт.

- Ал байкуш сокунун ичинде жатып уктайт экен, - дейт оюнда эч нерсе жок неме.

Анын каерде уктаганын билген соң, Куубаш сокуда уктап жатканда акырын келип, аны сокулап, аябай жанчып, ундай майдалап, урпагын алып көккө сапырып, шамалга учуруп ийет.

- Ошентип, мурдагы ач көз чал эми ач көз бай болуп өзгөрүп, Куубаштын бардык байлыгын ээлеп жатып калат. Эми чал кериле басып малдарга келип:

- Байлангыла, саалгыла, бөлүнгүлө! - деп кыйкырчу болот.

Күндөрдүн биринде, кемпир илинип турган эт менен куйруктан бир оокаттык кесип, тамак жасайын десе:

- Эй, кемпир, сан менен куйруктун баарын казанга сал! - дейт.

- Ийе, ботом, баарын салдырып эмне кыласың? Же курсагың тойбой жатабы? - деп күндөгүдөй бир оокаттык эт менен май кесип казанга салса:

- У, каяша айткан куу кемпир десе! Мен баарын сал дегенде, баарын сал! - деп чал ордунан туруп, сан менен куйруктун баарын жиптен үзүп, казанга ыргытат экен.

Жиби үзүлгөн эт менен май казанга жетпей эле асманга учуп, куюн болуп, түндүктөн көккө көтөрүлөт экен. Ал куюн Куубаштан калган үй-жай менен мал-мүлктү да бүт асманга учуруп, белгисиз бир жакка алып кетет. Ошентип бул кайыптан келген ырыскы, кайра эле кайып болуп, кемпир байкуш болсо "Даат," - деп асманды карап ыйлап, ач көз чал менен байкуш кемпир ээн жерде эңгиреп, баягы үй да жок, короо толгон мал да жок, бар дөөлөтүн желге учуруп, боз талаада бозоруп отуруп калышат...

Кемпир чалдын ошол окуясынан кийин, “Ачка адамды тойгузса болот, ал эми ач көз адамды тойгуза албайсың!” - деген сөз калган дешет.

Мына, достор, ушинтип бул жомок да соңуна чыкты. Ушул жомокту аяктап жатып мен силерге дагы эмне деймин? Ылайым ырыскыңардын уюткусу соолубасын, берекеси качпасын, аман болгула!

# АЖЫДААР КЫЗ

Илгери-илгери өткөн заманда бир хандын жалгыз уулу болот. Ал кичинекейинен өзү теңдүү балдар менен ойнобой, жалгыз жүргөндү жакшы көрөт. Жалгыз уулум зерикпесин деп, атасы күн сайын оюн-зоок уюштуруп, анын жанынан адам үзбөйт. Жомокчулар жомок айтып, ырчылар комуз чертип ырдашат. Бала анын бирине да көңүл бурбай, тескерисинче, мунун баары аны тажаткандан тажатат. Күндөрдүн биринде, "Булар мени такыр жалгыз коюшпайт экен," - деп түн ичинде ордодон качып чыгат да, тоодон тоо ашып, башы оогон жакка кетип калат.

Ал аз жүрдүбү, көп жүрдүбү, иши кылып эч бир жерге кайрылбай, адам бар жерди айланып өтүп, кайберенче кайыптан тамак таап жеп, акыры ээн капчыгай оозуна келет. Ушул жерде бир аз эс алайын деп отурса, жанында Ай десе Ай эмес, Күн десе Күн эмес бир сулуу кыз пайда болот.

- Сен кайдан чыктың? Жинсиңби же перисиңби? - дейт хандын уулу.

- Жин да, пери да эмесмин. Мен балан жердеги, түкүн хандын кызымын. Ата-энем, - "Жалгыз кызыбыз жапгызсырап зерикпесин" - деп жаныман адам үзбөй тажатканынан, жалгыздыкты жактырып качып кеткен бирөөмүн, - дейт ай чырайлуу кыз.

- Оо, мен да так эле сендей жалгыздыкты жактырып, адамдардан качып кеткен түкүн жердеги, балан хандын жалгыз уулумун, - дейт жигит.

- Экөөбүздүн тагдырыбыз окшош экен, - дейт кыз.

- Өтө окшош экен...Бирок мен жигитмин. А сен кыз башың менен бул ээн капчыгайда жалгыз кантип коркпой жүрөсүң? - дейт жигит таң калып.

- Эмнеден коркмок элем. Мына бул капчыгай боорунда, жырткыч жетип бара алгыс, жаан жааса өтө алгыс, үңкүр болсо да үйүм бар. Мен сенин келе жатканыңды ошол жерден көрүп, "Бул ээн жерде эмне кылып жүргөн жан экен?" - деп жаныңа түшүп келдим, – дейт.

Ошентип, ал экөө аны-муну сүйлөшүп отуруп, таанышып калат.

- Экөөбүз эки элден чыгып, ээн жерде жолугушканыбыз, демек, тагдырдын жазганыдыр. Жалгыз каңгып дагы каякка бармак элең, кааласаң менин үңкүрүмдө кал. Жан адамга кошулбай, экөөбүз жалгыз тиричилик кылалы, - дейт кыз.

Жигит макул болуп, экөө ээн капчыгайдын боорундагы үңкүрдө жашап калышат. Кыз күн сайын ууга кетип, кечинде элик-теке атып келип турат. Жигиттин, "Мен да ууга чыгам," - дегенине "Азырынча кое тур. Бул жердин шартын жакшы билбейсиң. Кокус бир кырсыкка кабыласын. Азырынча менин тапканым экөөбүзгө жетет. Сен үңкүрдү кайтар, эс ала бер," - деп такыр өзү менен кошо ала кетпейт.

Адамдын табийгаты ошондой эмеспи, жигит да тез эле бекерчилик менен белен тамакка көнөт да, эчтекени ойлобой, ээндикти эрмек кылып

жашап жүрө берет. Ошентип, күндөр өтө берип, арадан он бир ай, он беш күн өтөт. Ошол он бир айдын он бешинчи күнү үңкүр оозунда жалгыз отурган жигит төмөндөгү капчыгай оозуна тигилип калган жалгыз боз үйдү көрүп калат. "Э, бул каяктан келип калган немелер?" - деп көптөн бери аялынан башка адам көрбөгөн жигит, "Бир аз сүйлөшүп келейин," - деп төмөн түшүп барат.

Сыртта кыбыр эткен жан жок. Эшик ачып үйгө кирип барса, сакалы аппак бир чал төрдө отуруптур. Жигит салам айтат. Чал алик алып, жанынан орун көрсөтөт.

- Жол болсун, балам. Каяктан каякка жол тарткан жигитсиң? - дейт чал.

- Мен ушул жерде, тээтиги асканын боорундагы үңкүрдө жашайм, - деп, капчыгайдын жогор жагын көрсөтөт.

- А бул ээн жерде эмне үчүн жалгыз жүрөсүң? - десе,

- Мен жалгыз эмесин. Аялым экөөбүз турабыз, - дейт.

- Абышка жандана түшүп, кайрадан сурады:

- А аялыңа каяктан жолуктуң, ал ким?

Жигит хандын уулу экенин, анан адамдардан тажап, өз үйүнөн качып кеткениннен бери айтып, келип:

- Аялым да так эле мага окшоп үйүнөн качып кеткен балан жердеги, түкүн хандын кызы. Экөөбүз ушул жерде табышканбыз ,- дейт.

Анда абышка жигитке шектүү карап:

- Ал эми тамакты кимиңер таап келесиңер? - деп сурайт.

- Аялым, - дейт жигит мактангандай. Абышка жигиттен чочугандай бир аз ары жылып отурат да, ойлонуп калат.

- Эмне эле мени шектүү карап, чочугандай ары жылып отурдуңуз, карыя? - дейт жигит таң калып.

- Оо, балам! Сенин айтканыңдан улам, чочумак түгүл өз оюмдан төбө чачым тик туруп, алкымым оозума тыгылып калды, - дейт чал.

- Ал эмне дегениңиз? Мында эмне деген сыр бар, айтып бериңиз,- дейт эчтеке түшүнө албаган жигит.

- Менин сага айтпаганга, а сенин мени укпаганга чараң жок эми. Эмесе, сөзүмдү бөлбөй угуп тур, жигит. Сенин аялың аял эмес эле, кадимки ажыдаар болушу мүмкүн.

- Кантип ?

- Сөзүмдү бөлбөй тур дебедимби. Биз ушул капчыгайдын төмөн жагындагы айылда турабыз. Мына бүгүн туура он бир ай, он беш күндөн бери, биздин айылды аралап өткөн бул дарыя күн сайын таңга маал бир соолуп, кайра акчу болду. "Атан төөнү агызган бул дарыяга эмне болду?" - деп айылыбыз менен тынчыбыз кетип, мунун сырын биле албай, айлабыз кетти. "Бул тегинден эмес, мында бир сыр бар. Аны билсе бир гана көп жашар бабабыз билээр," - деп айылдын эң улуусу, жүз сексенге чыккан карыянын алдына бүт баарыбыз чогулуп бардык. Көпжашар бабабыз көптөн бери сүйлөбөй, кулагы да керең тартып укпай калган. Ошондой болсо да, үмүт менен келген элди жүрөгү сездиби же, жараткан

өзү сыпаа кылдыбы билбейм, ал жаткан ордунан туруп отурду да, сүйлөп кирди.

- Көптөн бери минтип чогууңар менен алдыма келбей калдыңар эле, эмне максат менен келдиңер, айткыла, - деди элге карап.

Биз он бир айдан бери дарыянын бир соолуп кайра ага баштаганын айтып,

- Мунун сыры эмнеде? - деп сурадык. Чал көзүн жумган бойдон көпкө отуруп калды.

Биз анын жообун күтүп-күтүп, "Карыган неме уктап калдыбы," - деп ойлой баштаганыбызда,

- Оо, менин чүрпөлөрүм! Мен бала кезде, "Бул дарыя илгери да бир ушинткен," - дешээр эле карыялар. Атан төөнү агызган мындай дарыяны ажыдаар болоюн деп калган адам гана соолута алат.

- Ажыдаар болоюн деп калган адам дейсизби? Кантип? - деп бабанын айтканына түшүнбөй турган эл таң калдык.

- Жылан канчалык чоңойсо да, ал баары бир ажыдаар болбойт. Жылан жылан эле бойдон калат. Ажыдаар да ажыдаардан туулбайт, ал өлгөн адамдан пайда болот. Өлгөн адам курттаганда, курттун саны миңге жетсе, ошонун бири ажыдаар болуп чыгат, - деди.

- Ал эмне дегениңиз, түшүндүрүп айтыңыз, - деп үрөйлөрү учкан эл чурулдап жиберишти.

- Шаштырбагыла, балдарым. Ар бир өлгөн адам эле: миңге жетип курттай бербейт. Кимде ким, өз өмүрүндө бир да жолу жандуу менен жансызга мээр төгүп аябаса, өз өмүрүндө бир да жолу жакшылыкка кушубак болуп күлбөсө, мына ошол адам гана миңге жетип курттайт. Эгерде, бир эле жолу адам баласына же жараткандын жандуу менен жансызына мээр төгүп, жакшылык кылган болсо, анда бир курт кемийт. Ошондуктан, анчалык кара ниет адам кылымдарда гана бир жолу жаралат.

- Курттан кантип ай ааламды соргон ажыдаар пайда болот? - деп Көпжашардан кичүү, жүз элүүгө чыккан карыя собол берди.

- Адам мээден курттайт. Мээнин курту миңге жетсе, алды менен мээни жеп бүтүп, анан этине өтөт. Эт түгөнгөндө, бири-бирин жейт. Миңдин эң акыркы калганы аял же эркекке айланып, жер бетине чыгат да, өзүнө тескери жыныстагы адамды издеп жөнөйт. Аны жолуктургандан баштап, экөө жей турган тамакты жалгыз өзү таап, жан адам менен катташтырбай, элден бөлөк жашайт. Экөө бирге жашагандарына туура бир жыл толгон күнү аны тирүүлөй жутат. Мына ошол сааттан баштап, атса мылтык, чапса кылыч өтпөгөн ажыдаар болуп чыга келет.

- А эмне үчүн туура бир жыл жашайт? - деди жүз кыркка чыккан экинчи карыя.

- Ал чыныгы ажыдаар болушу үчүн жаныңдагы жары уктап калганда бутунан баштап күн сайын бир элиден жутуп, тирүү эттин даамына үйрөнө берет да, күндөн күнгө араанын ачып, туура бир жыл болгон күнү аны жутат. Мына ошондон баштап, кырк күндүк жердеги кербенди да оп тарткан ажыдаар болот да калат.

- Эмне үчүн аял же эркек болуп чыгат? - деп жүз отузга чыккан үчүнчү карыя собол берди.

- Анткени, адам менен жашасам, кокус тукум калабы деп үмүт кылат. Кокус ажыдаардай айбан менен адам баласынан тукум кала турган болгондо, ажыдаардын күчүн, адамдын акылын энчилеп алган андай бала жер бетиндеги бир да тирүү жанды койбой, кыямат кайымды убакты-саатынан мурда башка салмак. Ажыдаарга Алла тааланын тукум буйрубаганына миң мертебе шүгүр келтирели.

- Эмне үчүн адамдын тапканын жебей, тамакты өзү таап келет? - деп жүз жыйырмага келген төртүнчү карыя сураганда,

- Адам эмгек кылып тапкан тамактын даамы оозунда калса, бир жылда жута турган мөөнөтүнө дагы кырк күн кошулуп калат. Адам канчалык жалгыз жашаган сайын анын адамдык касиети, ой жүгүртүүсү жоголуп, колдон от жеген жаныбардай акырындап айбанга айлана берет да, касапка каршылык кыла албаган малдай жалдырап туруп берет.

- Ажыдаар адамдан пайда болсо, анда эмне үчүн өз күчүн жакшылыкка жумшабайт? - деди жүз онго чыккан бешинчи карыя.

- Анын эң алгачкы таткан тамагы өтө кара ниет адамдын муздак эти болот. Ошондуктан анын жүрөгү муздак, ою жакшылыкка жарамсыз.

- Ажыдаар болчу адам менен жашаган киши качып кетсе болобу? - деп жүзгө чыккан алтынчы карыя сурады эле,

- Жок. Өзү менен бир эле күн бирге жашап, бутунун учунан бир эле соруп калган адамын эми алты кабат асманга чыга качса да, жети кабат жер түбүнө түшө качса да, сөзсүз табат. Андай адамга эки гана жол калат. Биринчи, аны ажыдаар боло элегинде өлтүрүү, болбосо, экинчи жол, сөзсүз өлүм.

Мындай тири укмушту укканда, эл чуркурап ыйлап жиберишти. Ошондо мен ордуман тура калдым да элди тынчтандырып, Көпжашар бабага минтип кайрылдым:

- Биз бул алааматтан кантип кутула алабыз, жолу барбы?

- Жолу бардыр... - деп элди кыдырата бир карап алдыда, анан - Менде чоң бабаңардан калган албарс миздүү айбалта бар. Араңардан бирөөң ажыдаар менен жашаган адамды таап, айбалтаны ага бериши керек. Ажыдаар уктап жатканда, эки көздүн ортосуна уруп өлтүрсүн. Болбосо өзү да, жер бетиндеги адамзаты да кыргынга учурайт. Кантип гана болбосун аларды табышыңар керек. Бул акыркы үмүт, - деп Көпжашар баба сөзүн аяктады.

Ажыдаар менен жашаган адамды издөө үчүн эл мени тандап, он беш күн мурда жолго узатышты. Кудайга шүгүр, мен таптым окшойт, - деп абышка жигитке карады.

Муну укканда жигиттин колунан алы кетип, денеден жаны кетип, сүйлөйүн десе сөзү жок, бар туруп өзү жок, эки колу эки жакка шалдайып туруп калат. Абышка ордунан тура калып, жигитин бетине суу чачып, оозун апаптап, суу ичирип, бир аз өзүнө келтиргенде:

- Менин аялым ажыдаар эместир... - деди араң күбүрөп.

- Туура айтасың, мүмкүн ажыдаар эместир... Аны бөөдө өлтүрүп алып, бейкүнөө бирөөнүн убалына калып жүрбөйлү. Ошондуктан, бүгүн текшерип көр. Тузду көп салдырып атайын бир нан жаптырып алган элем. Бүгүн аялыңа "Же," - деп бересиң. Ал жебейм десе, "Сен тапкан тамакты мен бир жылдан бери жеп эле жүрөм, мен бир нан тапсам, сен эмне үчүн жебейсиң?" - деп таарынымыш бол. Ал нанды жегенден кийин үңкүрдөгү суунун баарын төгүп сал да, түнү менен уктамыш болуп жата бер. Ал суусаганда эмне кылаар экен, өз көзүң менен көрүп, анан бир чечимге келээрсиң. Эгерде ал чын эле ажыдаар болсо, анда сен үчүн эки гана жол бар, аны унутпа, - деп абышка туздуу нан менен албарс миздүү айбалтаны берет.

- Эми менин бул жерде кылаар жумушум калбады, элге кайтайын, - деп жигит менен коштошот.

Кечинде аялы уудан келгенде жигит анын алдына абышка берген бир нанды коюп,

- Же, - дейт.

Аялы чочуп кетип:

- Муну кайдан алдың? - дейт.

- Сай боюндагы жолдон таап алдым, же, - дейт нанды сунуп.

Аялы:

- Эт эле жейм, - деп болбойт.

Ошондо,

- Бир жылдан бери сен тапкан тамакты жок дебей эле жеп келем, а мен бир нан тапсам, эмне үчүн сен жебейсиң? - деп таарынымыш болуп, тетири карап отуруп алат. Айласы кеткен аялы акыры нанды жейт. Абышка айткандай үңкүрдөгү суунун баарын төгүп салып, жигит аялынын жанына жатып калат. Түн бир оокумда аялы турат да суу издейт.

- Суунун баарын үңкүрдүн ичине сээп салган элем, эртең ичесиң, уйкуну бузбай жатчы, - деп жигит калп эле коңурук тартып калат. Бир аз убакыт өткөн соң, аялы куйругун кучактатып коюп, өзү узундан узун ажыдарга айланат да, төшөктөн акырын жылып чыгып, аскадан ылдый чубалып, тээ бир чакырым төмөндөгү дарыядан суу иче баштайт. Ошондо төө агызган дарыя соолуп, күркүрөгөн капчыгай ичи жымжырт болуп калат. Муздак ажыдаардын куйругун кучактап жаткан жигит, эми чындап ажалынын жеткенине көзү жетип, "Бир өлүм башта бар экен, же бар, же жок! Тобокел!" - деп айбалтасын белендеп күтүп калат. Суусунун кандырган ажыдаар акырын жыйрылып жогору чыгып келип, аялы болуп жанына жатып калат. Аябай суусап, уктай албай жаткан ажыдаар, суусуну кангандан кийин көшүлүп катуу уйкуга киргенде, жигит акырын турат да, "Дөөт пирим колдой көр, жараткан өзүң жардам бер!" - деп албарс миздүү айбалтаны айлантып келип, эки көздүн ортосуна уруп калат. Ошондо жанар тоо жарып чыккандай, ач айкырык менен тура калып, ажыдаар жигитти издейт. Жигит болсо көмкөрүлүү казандын түбүнө жашынып калган эле. Ажыдаар аны таба албай, ажалга алты күн баш бербей алп урушуп атып, жетинчи күнү капчыгайдын ичи менен бир болуп кулап түшүп өлөт. Өлгөн ажыдаардын эти курттабай эле капчыгайдын ичи


менен кокту-колоттору, миңдеген кара чаар жыландарга толуп кеткен дешет. Жети жыл бою ал капчыгайдан адам каттай албай, ошол жерди Каракокту деп атап калышкан имиш.

Ал эми адамдан качып адашкан жигит, акыры кайтып элине барып, акылдуу бир кызга үйлөнүп, анан ата-энесин сүйүнтүп, атасы картайганда анын ордуна хан болуп, эли журту менен бактылуу жашап калган экен.

# АЛП КОЕН БААТЫР

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, кылоосу кызыл экен, бул жомоктун куйругу узун экен. Ошентип, илгери-илгери өткөн заманда, бир Орол деген тоо бар экен. Оролтоонун ичинде ордолуу калк бар экен. Ордолуу калктын ичинде чал-кемпир болуптур. Чал-кемпирдин үч уулу бар экен. Үч уулунун кичүүсүн Алп Коен баатыр дейт экен. Алп Коен баатыр эки агасын ээрчитип, ууга чыгып кеткенде, үч дөө келип, Алп Коен баатырды таба албай, ата-энесин өлтүрүп, эли-журтун чаап кетишет.

Алп Коен баатыр уудан келсе ата-энеси өлүп, эли-журту чабылган. Ошондо эки агасын ээрчитип, үч дөөнү издеп жөнөйт. Алар узак-узак жол жүрүшөт, жол жүрсө да мол жүрүшүп, үч айрылыш жолго келишет. Биринчи жолдо: "Барса келет", экинчи жолдо: "Же келет, же келбейт", ал эми үчүнчүсүндө: "Барса келбейт" деген жазуу бар экен. Үч бир тууган ошол жерден коштошуп, эң улуусу "Барса келетке", ортончусу "Же келет, же келбейтке", Алп Коен баатыр болсо, "Барса келбес" деген жолго түшүшөт.




Эки агасы өз жолдору менен кете беришсин, биз Алп Коен баатырдын артынан жүрөлү.

Алп Коен баатыр өтө алыс жол жүрөт. Жол жүрсө да мол жүрөт. Ашуусу бийик тоодон өтөт, токою калың коодон өтөт. Суугу катуу кардан өтөт, суу жеген бийик жардан өтөт. Акыры бир капкара тоого жетет. Кара тоону ашса, бир капкара үй турат имиш. Кара үйгө кирсе, кырк кулактуу казанга кырк өгүздүн этин бышырып, кара тору аял олтурат экен. Алп Коен баатырды көрүп:

- Ой, бул жакка адам келсе аягы күйөт эле, куш келсе канаты күйөт эле. Сен кимсиң? Жинсиңби, перисиңби? - дейт,

- Мен Алп Коен баатырмын.

- Анда бул эттен жеп, кымыздан ич да, Кара Дөө уудан келгенче тез келген жагыңа кет. Болбосо, бөөдө чымындай жаныңдан айрыласың, - дейт.

Алп Коен баатыр кырк кулактуу казандын башын түрө кармап, аягын бүрө кармап, так көтөрүп шорпосун жутуп, эки чайнап этин жеп, сөөктөрүн асманга бүркүп ийсе, кара үйдүн төбөсүн жылдыз-жылдыз кылып тешип кетет экен. Бурчтагы кара төөнүн терисинен жасалган чаначтын да оозун түрө кармап, аягын бүрө кармап, ичиндеги кымызын бир шимирип түгөтүп.

- Кара Дөө кайсы жол менен келет? - дейт.

- Тээтиги кара зоодон келет, - дейт кара тору аял.

- Эмесе мен Кара Дөөнүн башын кесип келем! - деп, Кара Дөөнүн келчү жолун тосуп, бир жерде жашынып турат. Бир маалда Кара Дөө ырдап келе жатат дейт.

- Орол бир Орол, Орол тоо,
Орол тоонун ичинде
Ордолуу калк бар экен.
Ордолуу калк ичинде
Чал менен кемпир бар экен.
Мына ошол чал-кемпирдин,
Үч уулу бар экен.
Үч уулунун кичүүсүн
Алп Коен баатыр дейт экен.
Биз Алп Коен баатырды таба албай
Ата-энесин өлтүрүп,
Эли журтун чапканбыз,
Ошол жерден кайтканбыз, - дегенде Кара Дөөнүн колуна кондурган кара шумкары шаңшып ийет.

- Ой, шаңшыбас менин шумкарым, сен эмне шаңшыйсың? Олжого түшөт окшойсуң? - дейт Кара Дөө чочуп.

Кара Дөөнүн ээрчиткен кара тайганы да бар экен, ал да каңшылап жиберет. Кара Дөө кайрадан чочуп:

- Ой, каңшылабас менин тайганым, сен эмнеге каңшылайсың? Сен да олжого түшөт окшойсуң? - дейт.

Ошондо Алп Коен баатыр жашынып жаткан жеринен ыргып чыгып:

- Менде атаңдын куну бар беле же энеңдин пулу бар беле? Энеңе эр кылсаң, издегениң мына мен! - деп экөө кармаша кетет. Алар: нары-нары сүрүшөт, наркы токой жоюлат. Бери-бери сүрүшөт, берки токой жоюлат. Дөң жерлер чуңкур болуп, чуңкур жерлер дөң болот. Кургак жерлер суу болот да, суулуу жерлер кургап калат.

Ал экөө жети күнү, жети түнү таймашат. Жетинчи күнү болгондо Кара Дөө Алп Коен баатырды көтөрүп чапканда, тизесине чейин жерге бата түшөт. Кара Дөө баса калганча, Алп Коен баатыр тура калып, Кара Дөөнү көтөрүп урат.

Ал киндигине чейин жерге кирип кетет. Кара Дөө ордунан турганча, Алп Коен баатыр Кара Дөөнүн башын кесип алып, кара үйдөгү кара тору аялга келет.

- Ой, эми мен эмне кыламын? - деп Кара Дөөнүн аялы ыйлап кирет.

- Кой, ыйлаба, сени мен өзүмдүн эң улуу агама алып берем, - деп, калган эки дөөнү издеп жөнөйт.

Алп Коен баатыр кайрадан узак-узак жол жүрүп, акыры бир кыпкызыл тоого келет. Кызыл тоону ашса кыпкызыл үй турат. Кызыл үйгө кирсе кыпкызыл жүздүү аял кырк кулактуу казанга кырк өгүздүн этин бышырып отурат. Алп Коен баатырды көрө коюп:

- Ой, бул жакка адам келсе аягы күйөт эле, куш келсе канаты күйөт эле. Сен жинсиңби, перисиңби? - дейт.

- Мен Алп Коен баатырмын.

- Анда мына бул эттен жеп, кымыздан ич да, Кызыл Дөө уудан келгенче тез келген жагыңа кет. Болбосо, бөөдө чымындай жаныңдан айрыласың, - дейт.

Алп Коен баатыр кырк кулактуу казандын башын түрө кармап, аягын бүрө кармап, так көтөрүп шорпосун жутуп, эки чайнап этин жеп, сөөктөрүн асманга бүркүп ийсе, үйдүн төбөсү жылдыз-жылдыз болуп тешилип кетет экен. Бурчтагы кызыл төөнүн терисинен жасалган чаначты да башынан түрө кармап, аягынан бүрө кармап туруп, ичиндеги кымызын бир шимирип түгөтүп:

- Кызыл Дөө кайсыл жол менен келет? - дейт.

- Тээтиги кызыл зоодон келет, - дейт кызыл жүздүү аял,

- Анда Мен Кызыл Дөөнүн башын кесип келем, - деп Кызыл Дөөнүн келчү жолун тосуп, бир жерде жашынып турат.

Уудан кайтаар маалы болгондо, Кызыл Дөө да ырдап келе жатат имиш:

- Орол бир Орол, Орол тоо,
Орол тоонун ичинде
Ордолуу калк бар экен.
Ордолуу калктын ичинде
Чал менен кемпир бар экен.
Чал-кемпирдин үч уулу бар экен.
Үч уулунун кичүүсүн
Алп Коен баатыр дейт экен.
Биз Алп Коен баатырды таба албай,
Эли-журтун чапканбыз.
Ата-энесин өлтүрүп,
Ошол жерден кайтканбыз, - дегенде, Кызыл Дөөнүн колуна кондурган кызыл шумкары шаңшып жиберет.

- Ой, шаңшыбас менин шумкарым, сен эмнеге шаңшыйсың? Олжого түшөт окшойсуң?! - дейт.

Кызыл Дөөнүн ээрчиткен кызыл тайганы да бар экен, ал да каңшылап жиберет. Кызыл Дөө чындап чочуп:

- Ой! Каңшылабас менин тайганым, сен эмнеге каңшылайсың? Сен да, олжого түшөт окшойсуң?! - дейт. Ошондо Алп Коен баатыр жашынып турган жеринен ыргып туруп:

- Менде атаңдын куну бар беле, же энеңдин пулу бар беле?! Энеңе эр кылсаң, издегениң мына мен! - деп экөө кармашып кетишет. Алар: нары-нары сүрүшөт наркы токой жоюлат. Бери-бери сүрүшөт, берки токой жоюлат. Дөң жерлер чуңкур болуп, чуңкур жерлер дөң болот. Кургак жерлер суу болот да, суулуу жерлер кургап калат.

Бул экөө да жети күнү, жети түнү таймашат. Жетинчи күнү Кызыл Дөө Алп Коен баатырды көтөрүп жерге чапканда, ал бел курчоосуна чейин жерге бата түшөт. Кызыл Дөө баса калганча, Алп Коен баатыр тура калып, Кызыл Дөөнү көтөрүп чабат. Ал көкүрөгүнө чейин жерге кирип кетет. Кызыл Дөөнүн көкүрөгү кысылып, оозунан кара кочкул кан кетет. Алп Коен баатыр башын кесип алганда Кызыл Дөөдөн жан кетет. Шумкары менен тайганын олжолоп, кесилген башын көтөрүп, кызыл үйдөгү кызыл жүздүү аялга келет экен.

- Ой, эми мен эмне кылам?! - деп Кызыл Дөөнүн аялы ыйлап кирет.

- Кой, ыйлаба, мен сени ортончу агама алып берем, - деп үчүнчү дөөнү издеп жөнөйт.

Алп Коен баатыр аз жүрдүбү, көп жүрдүбү иши кылып, жол жүрөт, жол жүрсө да мол жүрөт. Түбү терең көлдөн өтөт, көк мөңгүлүү белден өтүп, акыры аппак тоого жетет. Ак-Тоону ашса, тукумдай аппак үй турат. Ак үйгө кирсе, тамагынан ичкен ашы көрүнгөн, аппак аял, кырк кулактуу казанга кырк өгүздүн этин бышырып отурган экен. Алп Коен баатырды көрүп:

- Ой, бул жакка адам келсе аягы, куш келсе канаты күйөт эле. Сен жинсиңби? Перисиңби? - дейт.

- Мен Алп Коен баатырмын, - дейт.

- Ак Дөө сени келип калаар деп күтүп жатты эле. Ал уудан келгенче, мына бул эттен жеп, кымыздан ич, - дейт аял.


Алп Коен баатыр кырк кулактуу казандын башын түрө кармап, аягын бүрө кармап туруп, шорпосун жутуп, эки чайнап этин жеп, сөөктөрүн асманга бүркүп жибергенде, ак үйдүн төбөсүн жылдыз - жылдыз кылып тешип кетет. Бурчта турган ак төөнүн терисинен жасалган чаначтын да башын түрө кармап, аягын бүрө кармап туруп, бир шимирип, ичиндеги кымызын түгөтөт.

- Ак Дөөнүн корккону ндай бар окшойсуң, "Мага күчү жетсе, бир гана Алп Коен баатырдын күчү жетет. Ошондуктан аны үчөөлөп өлтүрүп келели, " - деп эки иниси менен барып, сени таппай келишкен эле, - дейт ак келин.

- А сен кимсиң? - дейт Алп Коен баатыр.

- Мен Акун хандын жалгыз кызы элем. Ак Дөө ата-энемди өлтүрүп, мени туткундап келген. Сени келсе бошотоор деп күтүп жүрдүм эле, - дейт.

- Ак Дөө кайсыл жол менен келет?



- Ал тээтигил ак зоодон келет. Этият бол, ал оңой жоо эмес, - дейт Ак сулуу.

- Камтама болбой күтүп тур, мен Ак Дөөнүн башын кесип келемин, - деп Ак Дөөнүн жолун тосуп, күтүп турат.

Уудан кайтаар маалы болгондо, Ак Дөө да ырдап келе жатат имиш:

- Орол бир Орол, Орол тоо,
Орол тоонун ичинде
Ордолуу калкы бар экен.
Ордолуу калктын ичинде
Чал менен кемпир бар экен.
Чал - кемпирдин үч уулу бар экен.
Үч уулунун кичүүсүн
Алп Коен баатыр дейт экен.
Биз Алп Коен баатырды табалбай
Эли,-журтун чапканбыз.
Ата-энесин өлтүрүп,
Ошол жерден кайтканбыз, - дегенде Ак Дөөнүн колуна кондурган ак шумкары шаңшып жиберет. Ак Дөө чочуп кетип:

- Ой, шаңшыбас менин шумкарым, сен эмнеге шаңшыйсың?! Олжого түшөт окшойсуң?! -дейт.

Ак Дөөнүн ээрчиткен ак тайганы бар экен, ал да каңшылап жиберет. Эми Ак Дөө чындап чочуп:

- Ой! Каңшылабас менин тайганым, сен эмнеге каңшылайсың? Олжого түшөт окшойсуң! - дегенде, Алп Коен баатыр жаткан жеринен ыргып туруп:

- Менде атаңдын куну бар беле же энеңдин пулу бар беле? Энеңе эр кылсаң, издегениң мына мен! - деп экөө кармаша кетишет.

Алар нары-нары сүрүшөт, наркы токой жоюлат. Бери-бери сүрүшөт, берки токой жоюлат. Дөң жерлер чуңкур болот, чуңкур жерлер дөң болот. Кургак жерлер суу болот да, суулуу жерлер кургап калат.

Бул экөө да жети күнү, жети түнү таймашат. Жети күндүн ичинде:

Адырга чыга калышат,
Арстандай барышат.
Ойго түшө калышат,
Оюп этин алышат.
Алты күнү салышат,
Акактап чарчап калышат.
Жетинчи күнү болгондо

Ак Дөө Алп Коен баатырды көтөрүп жерге бир чапканда, көкүрөгүнө дейре жерге киргизе коет. Ак Дөө башын кесип алганча, Алп Коен баатыр бир айкырып, жерди омкоруп чыгат экен да, Ак Дөөнү айлантып келип чапканда, жерден чокусу эле көрүнүп калат. Алп Коен баатыр чоюн баштуу чокмору менен Ак Дөөнү как чокуга бир уруп, мээсин чачырата коет.

Ак Дөөнүн ак шумкарын, ак тайганын олжолоп, ак үйдөгү Акун хандын Ак сулуусун өзү аялдыкка алып, жолго чыгат.

Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү иши кылып, Кара Дөө туткунда кармаган Каракаш сулуу, Кызыл Дөө туткунунда кармаган Кызылжүз сулууну алып, эки агасы менен ажырашкан, үч айрылыш жолго келсе, эки агасы ачкалыктан, куурап калган бир шыйракты талашып, мушташып атат имиш. Алп Коен баатыр ташка бекинип туруп, куржундагы боорсоктон чеңгелдеп туруп, экөөнүн үстүнө чачат. Берки экөө:

- Ой! Асмандан боорсок жаады, муну Кудай таала бердиби, же Алп Коен инибиз келдиби? - деп жер сыйпалап, терип жүрүшөт экен.

Ошондо Алп Коен баатыр ордунан тура калып, эки агасы менен кучакташып көрүшөт. Ачка болгон агаларына аз-аздап тамак бердирип, алы-күчүнө келтирет. Алты айдан бери жуунбай кокочо болуп кетишкен экен, эки күн дарыядагы сууга таш менен бастырып, кирлерин ээзип жуунтат. Сакал-муруттарын алдырып, апаппак кийим кийгизет. Эң улуу агасына Кара Дөөнүн туткунундагы Каракаш сулууну, ортончу агасына Кызыл Дөөнүн туткунундагы Кызылжүз сулууну алып берип, Орол тоонун ичинде ордолуу калкын жыйнап, өзү Акун хандын Аксулуусу менен бакты-таалайда жашап калышат экен.

# ЫР ТОКТОТКОН АЛТЫН ТЕҢГЕ

Ылгери-илгери бир байдын, ырдай эле берген бир ат багар малайы болуптур. Ал аттарга жем берeби, чөп салабы ырдаганы ырдаган экен. Аттарды жууп-тарап жатканда да ырдайт, сайга алып барып сугарып жүрүп да ырдай эле берет. Ал түгүл, аттын алдын тазалап, атканаын шыпырып жүрсө да:

- Эй дайдырдай, дайдырдай,

Жүрө берет кайгырбай, ээ-эй! - деп такыр ыры түгөнчү эмес экен.

Анын жанынан өткөн кыз - келиндер кыткылыктай күлүшүп, аларга карап, ат багар өзү да күлүп, ал жүргөн жер кандайдыр бир шаңданып турчу.

Ал эми ат багар малайдын короо толо койлору, өрүш толгон жылкысы, тоо боорунда топозу, сандык толгон алтыны туруп, ырдамак түгүл кабагы ачылып күлбөгөн, өтө бай кожоюну болуптур.

Күндөрдүн биринде ал бай бир досу менен аюу талпактын үстүндө жамбаштап, бал кымызга табити тартпай отуруп, ат кашып жатып заңкылдап ырдаган ат багарды карап, досу мындай дейт:

- Ой, Бийммурза бай, мен мына ушул ат багар томаяктын ырдаганына таң калам десең. Мунуңдун үстүнө үйрүп салаар кийими, үйүнөн үрүп чыгаар ити жок, өзүн бүт ааламдын ээсиндей эркин сезип, кайгы-капасы жок ырдаганы ырдаган да, ботом. А сенин байлыгыңа сан жетпейт, бирок сенин бир кабагың ачылып ырдаган же күлгөнүңдү көрбөдүм, досум, - деп калат.

Анда кабагы ачылбаган бай оор үшкүрүп:

- Ээ, досум, ал ырчы ат багар менин ахыбалыма түшүп калса, ыры түгүл өзү да жоголуп кетиши мүмкүн... - дейт.

- Ал эмне дегениң, бай, - дейт досу таң калып.

- Сен ал экөөбүздүн айырмабызды билгиң келсе, жүр, - деп ат багарды чакырып, бир жакка жумшайт. Ал кеткенде капчыгындагы алтын теңгеден экини алып, аттын тезегине аралаштырып, өздөрү кайра ордуларына келип, кымыз ичимиш болуп отуруп калышат. Ат багар бай жумшаган ишти бүтүрүп келип, "Эй дайдырдай, дайдырдай," - деп ырын ырдап, аттардын астын шыпырып кирет.

Бир маалда "шыңгыр" этип тезектин арасынан тегеренип кеткен алтын теңгени көрүп, тып эле үнү чыкпай, ырдаган ыры да токтоп, тезектен чыккан теңгени алып, шапа-шупа аяк-быягын оодара карап эки үч жолу тиштеп көрөт. Анан, дароо аны мыжыга кармап, алаңдаган көздөрү тезектерди теше тиктеп, кайра шыпырып кирет.

Бир маалда экинчи алтын теңге да "шыңгыр" эте жылт дейт! Кекилик алган кыргыйдай шап аны да баса калып, дагы чыгып калчудай тезектерди чукулап кирет.



Ал күнү кечке ат багардын үнү эч жерден угулбайт. Кечке маал бай дагы алтын теңгеден үчөөнү тезектин арасына таштап коет. Ат багар аны да чукулап жүрүп таап, алат. Ал түнү таң аткыча тезек аңтарып, ат багар уйкудан калат. Эртеси эч ким ат багардын авазын укпайт. Кыз-келиндер түгүл, кары-жаштын да тынчы кетип, кандайдыр айылдын куту учкандай шаң жоголуп, эчтеке түшүнбөй, адамдар делдейишет. Дайыма заңкылдап ырдап, жайдары жүргөн ат багардын дүңкүйүп, сөөмөйү менен тезек чукулап калганын көргөн айылдаштары түгүл, ал баккан аттары андан жатыркай сестенишип, таноолору диртилдеп, ал жакын келсе кетенчиктей кошкуруп, эмнегедир аны шектүү карачу болушат.

Ошондон баштап ат багар ырчынын кабагы ачылбай, оозунан ыры түшүп, элден четтей берет. Ошондо кабагы ачылбаган бай досуна кайрылып,

- Көрдүңбү, досум, бул байкуш болгону беш теңгеге ырын жоготуп, тезек чукулап калды. А менин байлыгыма сан жетпесе, анан кантип кабагым ачылат, кантип ырдай алам! - деп жер карап отуруп калган экен.



# ЖАН МЕНЕН ЧООР

Илгери-илгери күн, жер, жылдыздар да жарала элек мезгилде, азыркы биз көрүп турган ааламды көөдөй, чылк караңгылык каптап турчу. Ал караңгылык ушунчалык кап-караңгы дейсиң, тим эле кара сагыздай коюу караңгы. Ал кара сагыздай чапташкан караңгы ааламды, кудайдын касиеттүү периштелери да аралап өтө алышпай, четине баруудан коркушуп, ага жакындашчу эмес.

Анткени, ал жөн эле караңгы эмес, муздай өтө суук караңгы. Ошондуктан, бир жолу ага жакын учкан периштенин жибектей жумшак дирилдеген аппак канаттары караңгынын суугуна чыдабай, таштай тоңуп сермелбей, ошол муздак караңгылыкка кулап кетээрде, Кудай таала көрө калып, тирүү калган имиш.

Периштенин баягы окуясы себеп болгонбу, Кудайга өтө катуу таасир этет. Ошондо Кудай "Караңгылык - өлүм дүйнөсү, а жарыкчылык - тирүүлүк дүйнөсү болсун. Мен бул жүрөк үшүн алган муздак караңгыны жок кылып, ордуна жарыкчылык жаратайын," - деп алты кабат асманды, жети кабат жер түбүн жасайт экен. Анан ай, күн, жылдыздарды жаратып, көк асманга көрк кылып, жаркыратып төбөгө кадайт экен. Ай асманда суйкайып, жылдыздар көктө жымыңдашса, Күн көңүлдү көтөрүп, ааламга жарык чачат. Кудай менен анын аппак канат периштелери бул ажайып көрүнүштү карап отурушуп, жаратunion да, периштелеринин да көңүлдөрү көтөрүлүп, баары курсант болушат.

Ошентсе да бул ажайып кооздуктун бир кемчилиги бардай сезилет жаратканга. Дагы бир нерсеси жетпей жаткандай туюлат экен кудайга. - "Дагы эмне менен бул сулуулукту кооздосом экен?"- деп жараткан ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, анан биз жашап жаткан жерди жасайт.

"Андагы жашоого көрктүү болсун," - деп жети кыл боек менен кооздоп, жап-жашыл дарактарды, ар түркүн чөптөрдү, кызыл-тазыл гүлдөрдү жасап, уруктарын жер бетине сээп жиберет. Аларга учуп консун деп, капталына канат кадап, канча түркүн куш жасап, көккө учурат экен. Токой менен тоолорго түмөн түркүн кайберен жасап, жер бетине кое бериптир. Толкуган тунук көл куруп, сууларына алтын канат балыктарды сүздүрүптүр. Койчу деги, жер бетине кудай жаратпаган жаныбар калбаптыр. Алардын санына бир кудайдын гана эсеби жетпесе, адам баласынын эсеби жетпейт экен. Кыскасы, ошентип жер бетиндеги быжы-быжы жашоо башталат да калат.

Күндөрдүн биринде, жер бетиндеги жашоодон кабар алганы жараткан жер үстүнө көз салса, ал жараткан жан-жаныбардын бири да, өздөрүнө жашоо берген кудайдын чексиз кудурети менен иштери жок, ар кимиси өз курсактары менен гана алек.

Кудай тааланы ой басат. Бул жерде эң маанилүү негизги дагы бир нерсенин жетпей жатканын сезип, аппак канат, ак көңүл периштелерин чакырып:

- Оо, менин аппак канат ак ниет периштелерим! Мен көптөгөн убактымды коротуп, болгон кудурет күчүмдү сарптап, түбү жок караңгылыктын ордуна Күн, Ай, жылдыздарды жасап, жарыкчылыкты жараттым. Жер бетине ар түркүн жан жаратып, аларга жашоо бердим. Мунун баары өтө жакшы. Өзүмө да жагып турганын силерден жашыра албайм. Бирок да, дагы бир нерсе кемдей, дагы бир негизги нерсе жетпей жаткандай сезилет мага. Ошондуктан, жер бетиндеги жашоонун дагы кандай кемчилдиги бар, мага кеңешиңерди айткылачы, - дейт.

Периштелерде адам сыяктуу акыл-эс болбойт, алар жаратканддын гана буйругун аткарышат. Андыктан периштелердин өз ою, максат-тилектери да жок. Өз ойлору болбогон соң, жаратканга жарытылуу кеңеш бере алышпай баштарын кашып, бири "Эч кынтыксыз,"- десе дагы бири "Эч бир кемчилдиги жок," - дешет.

Ошондо бул ак көңүл жардамчыларын карап туруп "Периштелердей менин буйругумду гана аткарган кызматчыдан же тигил курсагы менен алышкан айбанаттан да айырмалап, акыл-эстүү инсан, адам дегенди жаратайын. Адам, Жер бетиндеги менин жардамчым болсун. Андагы алтымыш эки миң ааламга падыша болуп, мен жасаган сулуулукка суктанып, кооздукту сактап, жалпы жашоонун уланышына жетекчилик кылсын. Бул ааламга эмне жаралса, ошонун баарын жараткан менин амирим экенине түшүнүп, бардык жаралган нерсенин жашыруун сырларын ачып, руханий дүйнөсү менен мага жакындаар," -деп бир ууч топуракка өз акылынан алты тамчы кошуп, камыр сыяктуу ылайды ийлеп, андан адам сүлпөтүн жасай баштайт. Эң алгач акыл-эсти жайгаштырып, адамдын башын жасайт. "Адам акылдуу гана эмес, сулуу да болсун," - деп калем менен каш чийет. Айбандын мурдундай шаңырайтпай, кырдач кылып мурун, жоодураган эки көз, анан ооз жасайт. Аюунукундай арсайтпай, акактай тегиз отуз эки тиш жасайт. "Адамга акыл бердим, эмгектенээр. Андыктан анын эки колу эптүү болсун," - деп ар нерсеге ийкемдүү бештен манжа да жасаптыр.

Негизи, адам затын жасоо үчүн Алла таалага алты күн азбы же көппү аны мен айта албаймын, кыскасы алтынчы күнү Ааламга таң нуру шоола чачканда, адам сүлпөтү даяр болот. Жараткан аны ары өтүп карап, бери өтүп карап, "Адам сүлпөтү өтө сулуу болду, бирок эмнегедир жүзүндө жылдыз, өңүндө ажар жок. Демек, адамга жылмаюу менен күлкүнү да кошуп берейин. Адамзаттын айбанаттан дагы бир артыкчылыгы - алдына максат коюп, ага жеткендеги сүйүнүчү - жылмаюу, кубанычы күлкү болсун," - деп адам баласына күлкү менен жылмаюуну бериптир. Ошентип адам сүлпөтүн жасап бүтүптүр.

Бирок адамзаты үчүн атайын жан жарата элек жараткан ойлонуп туруп, - "Өзү ылайдан жаралса да, жаны нурдан болсун," - деп периштелерге жасап койгон даяр жандардын бирин алып, адам сүлпөтүнө салмакчы болот. Жан болсо чочуп, чыркырап ыйлап:

- Мен нурдан жаралган периште үчүн жасалган жан болсом, анан эмне үчүн ылайдан жасалган адамга салынып, каяктагы айбандардын мекени болгон жер бетинде жүрүшүм керек? - деп көзүнүн жашын көл кылып, адамдын мурдунан салса, оозунан чыга качып, оозунан салса мурдунан чыга качып, жаратканга жалбарып, этегин өөп, бутуна жыгылып:

- Адамыңа өз акылыңдан кошуп, камырын жуурудуң. Аның эми периштедей сенин гана буйругуңду аткарып, жөн жашайт дейсиңби? Сен берген акылды, жакшылыкка, жамандыкка, арам менен адалга ылгабай жумшап, зээнимди кейитип, жанымды кыйнайт. Ал гана эмес сенин амириң менен аткарылган иштерди, "Өзүм жасадым, мен кылдым!" - деп, өзүңө тең ата чыгаар. Ошондуктан аны менен чогуу жүрүп, таза жанымды күнөөгө батырып, жерде жашагандан көрө, ай жылдыздуу асманда жашагым келет. Же менин өз тели-теңтуштарымдын арасында жашоого акым жокпу, - деп буркурап ыйлап, бутун кучактап, бótoдой боздоп, Кудай тааланын айласын кетирет.

Жаратқандын айкөлдүгүнө, мээрбандыгы менен сабырдуулугуна чек жок! Болбосо, өзү жараткан жанга каттуу эле "Барасың!" - деп кесе айтса да болмок. Бирок Кудай таала антпептир. Ушул кымындай жандын көңүлүн оорутпай, "Буга кандай айла кылсам?" - деп аны кайра ой басат. Ойлонуп-ойлонуп отуруп, Кудайым буга да сонун жол табат. Кадимки эле камышты кыя кесип, чоор жасайт. Адамдан мурда жаралган жан-жаныбар түгүл, жада калса периштелерге да бербеген обондуу мукам күү жаратып, аны чоорго салып, сыбызгыта ойной баштайт.

Мындай керемет күүнү укканда, кыйыктанган жандын жан дүйнөсү балкып, көңүлү эргийт. Өзүнчө эле колу-буту балкылдап, бийлегиси келе баштайт.

А чоор болсо:
- Жаркыраган жашоонун
Маңызын айтып сыбызгыйт.
Адамзаттын акылын
Ааламга даңктап сыбызгыйт.
Жаратканга эң сүйкүм
Адамды айтып сыбызгыйт.
Жаралган жанды бүт баккан
Жер эне деп сыбызгыйт.
Асманда жок жерде өскөн
Гүлдөрдү айтып сыбызгыйт.
Сүйүүдөн өмүр уланткан
Жашоону айтып сыбызгыйт.
Сыбызгыйт чоор сыбызгыйт,
Бүт баарын айтып сыбызгыйт!

Ошондо, чоор үнүн угуп отуруп, жылдыздан жылдызга учуп жүргөндөн көрө, жердеги жашоонун айырмасы сонун экенин жан түшүнө баштайт. "Бейиштин ашын көрмөк бар да, ичмек жок," - дейт экен.

Асмандагы Бейиштин алмасынан үзүп жей албагандан көрө, жер бетинде өскөн мөмө-жемиштин даамын сезүү алда канча жогору турганына толук ынана баштайт.

Чоор үнү токтоп, жараткан жанга караса, баякы кыйык жандын кыйыктыгынан кыпындай дарек жок, Адам менен кошо жер бетине кеткенге дилгирленип турганын байкап,

- Бул чоор үнү сага жактыбы? - дейт.
- Өтө, өтө жакты!

- Анда сага кошуп, адамдын дилине ыр менен күүнүн сыйкырдуу касиетин кошо салайын. Чоор үнүн укканда көңүлүң көккө көтөрүлүп, бүт аалам сенин алаканыңда болсун, - деп кайрадан чоор ойнойт. Чоор үнү сыбызгып, жарык дүйнөгө жети түс ыраң өң чачып, жети кыл үндүү күү чалып, музыка үнү шаңшыганда, ансыз деле кооз дүйнө ого бетер кооз да, сулуу да, көрктүү да көрүнүп, жандын жан дүйнөсүн сыйкырлайт. Кудай таала чоор үнүнөн жаралган музыканын сыйкырдуу касиетин адам дилине орното баштайт. Мөлтүр булак суусундай музыка ыргактары жүрөккө агат. Музыканын сыйкыр үнүнө эргиген жан кантип ылайдан жасалган адамдын мурдунан кирип, жүрөгүнөн орун алып калганын өзү да байкабай калган экен.

Ошентип көптөгөн машакаттар менен адам пендеси жаралыптыр. Ал эми - "Адам менен жер бетине барбайм," - деп кежирденген жан бул жакты өтө сүйүп, жер бетин такыр таштагысы келбей, жер бетинде түбөлүк жашоого аракет кылат экен...

# АТА-БАЛА
## (Жомок - аңгеме)

Илгери-илгери өткөн заманда, бир чалдын картайганда көргөн жападан жалгыз уулу болуптур. Атасы жалгыз уулун ушунчалык жакшы көргөндүктөн, аны жанынан карыш чыгарчу эмес.

"Уулум эл таанысын, жер таанысын, жакшы адам болсун," - деп каякка барбасын учкаштырып, өзү менен кошо ала жүрөт.

Күндөрдүн биринде ата-бала жайлоого жөнөп калышат. Жолдо келе жатып, тоонун эң бийик жеринде жүргөн топоздорду алгач көргөн баласы:

- Ата, ата, тээтиги тоодо жүргөндөр аюуларбы? - дейт.

- Жо-ок, уулум, ал деген топоздор. Алар кадимки эле уйдун бир түрү. Бирок, алар уйга окшоп өзөндө эмес, дайыма тоодо жашап, Кайберен сыяктуу өмүр сүрүшөт. Топоздун баласын музоо дебей мамалак дешет. Кышы-жайы зоо-таштын арасында жашап, жүндөрү сен айткан аюунукундай апсайган үчүн, топоздун баласын мамалак дешет. Топоз мамалагын ак кар, көк муздун үстүнө тууйт. Карышкырга алдырбайт, - дейт.

Уулу оозун ачып, "Аа" деп ата-бала андан ары кете беришет. Дагы бир жерге келгенде, асманда калкып жүргөн айры куйрукту көрсөтөт.

- Ата, ата. Тээтиги асмандагы бүркүтпү? - десе,

- Жоок, уулум, ал деген айры куйрук. Айры куйрук бүркүт сыяктуу чоң болгону менен, кыраан эмес, кайберен ала албайт, - деп айры куйруктун эмне жеп, кандай жашаганын шашпай айтып берет.

Ошентип жүрүп отуруп, дагы бир жерге келгенде:

- Ата, ата, тээтиги дөңдө бизди карап турган ким? - десе,

- Ал деген адам эмес, тик турган таш. Алыстан адамга окшоп көрүнүп жатпайбы. Ошондуктан ал жерди Кароол таш деп коет, - деп баласына түшүндүрүп, сапарларын уланта беришет.

Арадан жылдар өтөт. Бир кездеги көк ала сакал атасы картайып, аппак сакал абышка болуптур. Эми анын белинен күчү, көзүнүн курчу кайтыптыр. Мурдагыдай уулун учкаштырып, өйдө-төмөн жүргөн күндөр артта калып, эми өзү жалгыз ат да минип жүрө албай калган куракка келиптир. А уулу болсо чоң жигит болуп, белине кубат, билегине күч толуп турган кези экен.

Күндөрдүн биринде эми картайган атасын учкаштырып, жигит жайлоого жөнөп калыптыр. Бир жерге келгенде,

- Ээ, балам, тээтиги тоо боорунда жүргөн аюу эмеспи? - деп сурап калат.

- Бул жерде каяктагы аюу болсун, ал топоз, - дейт атын капталга бир тээп.

Андан ары жүрүп отурушуп, дагы бир жерге келгенде,

- Ээ, балам, тээтиги асманда айланып учкан бүркүтпү? - дейт көккө тигиле.

- Бүркүт бул жерде бок жейби! Ал айры куйрук! - деп аттын тизгинин бир кагып, өз жайында келе жаткан атка камчы басат. Ат жаныбар чоочуп кетип, бир мөңкүп алат. Беймарал отурган чал аз жерден кулап түшпөй, уулун кучактап калат...

Алар андан ары да бир топ жол жүрүшөт. Дагы бир жерге келгенде:

- Ээ, балам, тээтигинде бизди бирөө күтүп турабы? - дейт алды жакты көрсөтүп.

- Бул ээн тоодо сизди ким эле күтүп турсун! Ал таш!... Ар нерсени сурай бербей, жөн болуңузчу! - деп ачуусун аттан чыгарып, каңк дегизе башка көзгө чаап - чаап жибериптир.

Ошондо, токсонго чыгып, бала кыял болуп калган атасы башынан түшкөн калпагына карабай, баланы жеңинен тартып.

- Ай, балам, ай, баламай, атты башка урба, атты башка урба!... - деп, буладай аппак башы калтаң-калтаң дей түшөт, уулунун белиндеги берки колун акырын тартып алып, ээрдин кырын кармалап калат.

Ата-бала андан ары кете беришет...

Арадан ай өтүп, аксакал ааламдан өтөт. Анан чалдын баласы балалуу болот экен. Эми атасы аны мурда кандай жакшы көрсө, ал өз уулун ошондой жакшы көрүп, анан ал өз атасындай уулун аркасына учкаштырып, дайыма өзү менен ала жүрчү болуптур.

Күндөрдүн биринде ата-бала атчан жайлоого бара жатса, уулу сурайт имиш:

- Ата, ата, тээтиги аюубу, - деп.

- Жоок, уулум, ал топоз, - дептир атасы...

Кайра эле жылдар өтөт экен.. Эми баягы жигит аппак сакал чал болот экен... Анан ал өзү ат минип жүрө албай калып, уулуна учкашып баратып:

- Ээ, балам, тээтиги аюубу? - деп сурайт...

Эмесе, кымбаттуу жомокту жакшы көргөн жомок угармандарым, сөздүн кыскасы, жомоктун нускасы ушул экен: бул жомоктун аягы - ал жомоктун башы. Тегеренген тынбаган - тегирмендин ташы. Кылоосу кызыл, куйругу бүтпөй, ушундай уз-уун экен...

# МАНДИКЕРГЕ БАРГАНДА

**(Жомок-аңгеме)**

Биз анда жаш балдар элек, алма жегени алма бакка келчүбүз. Жерге түшкөн алмаларды кесип, кышында жегенге как салып, чоң атабыз көлөкөдө отурган болоор эле.

- Чоң ата, жомок айтып бериңиз, - дечүбүз аны тегеректеп.

- Күндүзү жомок айтса болбойт, - деп койчу жарыктык киши, башыбыздан сылап.

- Эмне үчүн? - дейбиз чурулдап.

- Жаман болот... - дейт сырдуу жылмайып.

- Кантип жаман болот? Эмнеге жаман болот? - дей баштасак, бир жашыруун сырды айткансып, акырын шыбырап:

- Күндүзү жомок айтса, көчүгүнө тиш чыгып калат имиш, - дечү.

Биз чочуп калчубуз.

- Ошондуктан, жомокту иштен кийин, кечинде беймарал отурганда айтып берем. Азыр болсо силер мага жардам бергиле, жерге түшкөн алмаларды терип келсеңер, мен аларды кескенче тээ илгери биз кантип мандикерге барганыбызды айтып берем, - дечү.

Биз чуркап жүрүп бир паста алмаларды терип келебиз. Чоң атам иш үстүндө сүйлөп кирет.

- Кана, эми отургулачы, "мандикерди" баштайлы, - дейт.

Баарыбыз тегеректеп отуруп, чоң атамдын оозун тиктейбиз... Чоң атам "мандикерин" баштайт.

- Илгери бир жылы биздин жерге жамгыр жаабай коюп, катуу кургакчылык болду. Оо... кургакчылык болгон жерде ачарчылык башталат. Ал эми ачарчылык болгон жердеги адамдар, бала-чакасын багыш үчүн эгини жакшы болгон башка жактарга барып, бирөөлөрдүн шалысын оруп, эгиндерин жыйнап, мандикер иштечү.

Ошентип, биз жакка жамгыр жаабай, эккен эгиндерибиз чыкпай калып, мен, Төлөн, Капар, Папы, Бөрүбай бешөөбүз мандикерге жөнөп калдык. Таңга маал чыккан бешөөбүз күн шашке болгондо Ошко жетип келдик. Чайканадан чай ичтик. Анан болгон акчабызды топтоп, базардан бир кадак, демек, бир килодой мейиз алдык. Аны чарчыга түйүп, "Курсак ачканда жейбиз," - деп менин белиме байлап беришти.

Эми биз барчу Булак Башыга жол алыс. Жолдо досторумду ээрчип, аркаларынан келе жатып, чарчыдагы мейизден бирден алып жеп келе берипмин, бирден алып жеп келе берипмин,.. бир маалда карасам, бир кадак мейизден, бир ууч эле мейиз калыптыр. “И, өлдү!” - дедим чочуп кетип, "Эми булар токмоктошот!" – деп корккonуман калган бир ууч мейизди чөнтөгүмө бекитип, чарчынын бир жерин тештим да, кайра белиме курчанып, эч нерсе көрбөгөн, эч нерсе билбеген киши болуп, аркаларынан ээрчип бара бердим.

Бир жерге келгенде:

- Ой, Ауке, мейизди алып кел. Күн да ысып, курсак да ачты дешти.

Мен калп эле чарчыны чечип:

- Ай-иий, чарчы тешик турбайбы! Мейиздин баары төгүлүп калыптыр! - деп чарчыдагы тешиктен сөөмөйүмдү көргөзсөм, курсак-тары ачка досторум ызасына чыдабай мени аябай сабашып, ошол жерге таштап кетип калышты.

Кайда бараарымды билбей, бир жерге келсем, эли көп базарга туш болдум. Күн отуруп көз байланып калган эле, "Каякка барып жатсам?" - деп турсам, бала көтөргөн бир аял келип:

- Ой, аке, мына бул баланы карай туруңузчу, мен эт алып келе коеюн, - деп баласын мага көтөртүп, өзү эт алганы бир жакка кетти.

Ошол кеткен бойдон жок. Ана келет, мына келет менен күтүп атып, түн бир маал болду! Баягы аял жок! Баласы ыйлайт. Ал ыйлаган сайын, чөнтөгүмдө калган мейизден алып берип коем. Мейизди жеп бала ыйлабай калат. Бир аз туруп дагы ыйлайт, дагы мейизден берип коем. Ошентип отуруп, акыры эл жатаар маал болгондо сетирейип баягы аял келди бир жактан.

- Бу, таза кызык адам экенсиз го! Баланы мага көтөртүп коюп, адамды жолдон калтырып!.. - десем:

- Ой, атасы, өз балаңызды өзүңүз карайсыз да анан! - дейт.

- Э, мен муну биринчи жолу бүгүн көрүп отурсам же сизди тааныбасам, анан каяктан жүрүп менин балам болот?! - дедим ачуум келип.

- Ваай, атасы, кайсы бетиңиз менен өз катыныңыз менен өзүңүздүн кара чечекей балаңызды "Тааныбайм!" дейсиз?! О, шорум! - деп бакыра баштаса болобу.

- Бир паста эл чогулуп: "Эмне болду, эмне болду?" - деп бизди тегеректеп калышты.

- Э, мына бул аял, "Баламды карап тургун, эт алып чыга коеюн" - деген бойдон жоок-жок, анан эми эл жатаарда араң келип, эми бул баланы, "Сенин балаң, а мен сенин аялыңмын!" - деп жатат дедим.



Тиги аял болсо:

- Оо, мусулмандар! Мен бул кишинин катынымын, бул болсо өзүнүн кара чечекей баласы! Мен эт алып чыкканча эле айнып: - "Мен силерди тааныбайм! Сен менин катыным эмессиң, бул менин балам эмес!" - деп калыптыр. Оо, эл журт! Жардам бергиле! - деп ыйлап кирсе болобу.

Мен айраң-таң эле калып, эмне дээримди да билбей калдым.

Дал ошол учурда, кечки намазды окушуп, мечиттен чалдар чыгып калышты.

Алар бизге келип:

- Бул жерде эмне болуп жатат? - деп сурап калышты.

- Мен Ноокаттан мандикерге бара жаткан бир мусаапырмын, - дедим. - Бул аялды да, анын баласын да тааныбайм, биринчи көрүшүм! Бул аял болсо, "Сен менин күйөөмсүң, а бул бала сенин балаң," - деп догурунуп жатат - дедим ыйлагыдай болуп.

- Оо, садагаң кетейин эл журт! Бул менин күйөөм! А бул болсо, өзүнүн эле уулу. Мен эт алып чыкканча эле көңүлү бузулуп калыптыр. Эми, "Силерди тааныбайм," - деп жатат десе болобу!

Ошондо ал жердин молдосу:

- Азыр аныгын билебиз, кана, мечитке жүргүлө, - деди.

Молдону ээрчип, мечитке кирдик. Молдо мени бир бурчка, тиги аялды экинчи бурчка отургузуп, баланы ортого койду да:

- Оо, катын, кана, баланы чакыр, - деди.

Аял:

- Оо, Абдысаттар, кел мага, - десе бала мурдун чүйрүп, тетири карап, апасына барбай койду.

Молдо мага:

- Эми сен чакыр, - деди.

Мен апасын туурап:

- Оо, Абдысаттар, кел мага, - десем эле, ыйлаган сайын ага мейиз берип атып, мага көнө түшкөнбү же мени дагы мейиз берет дедиби билбейм, арбалаңдап-тарбалаңдап эле мени көздөй жөнөсө болобу!

Аны көрүп мечиттеги чалдар:

- Ой, сенин эле балаң турбайбы, эмнеге калп айтасың?! - дешип көптөп мени сабай турган болушту.

- Катының менен жөн жаша, болбосо бизден бирди көрөсүң! - деп баланы көтөртүп, жанагы аялга кошуп беришти.

Арга жок, "Бир нерсе десем, дагы бир балээси чыгып жүрбөсүн," - деп Абдысаттар баланы көтөрүп, бейтааныш аялды ээрчип жөнөдүм. Ал үйүнө алып келип, аябай келиштирип палоо демдеп, мени сыйлады. Анысында кеп жок!

- Оо, катын, атың ким? - десем,

- Хусуротхан, атасы, - дейт.

Ошентип, Хусуротхандыкында жатып калдым. Эртеси эртең менен:

- Ваай, атасы, туруң, үйдүн артындагы бедени оруп коюң, - деп колума орокту карматып койду.

Мен орокту алып, үйдүн артына жөнөсөм, Абдысаттар бала мени ээрчип, чырылдап ыйлап калды.

- Ва-ай, атасы, мейли, жаныңызга алып алың, - деп орокко кошуп, баланы да көтөртүп койду.

Эртең мененки салкында баланы шакка отургузуп, мен бедени шуулдатып оруп кирдим. Бир маалда бош жүргөн бир торпок келип, мен оргон бедени майкандап чача баштады. Айдасам кайра эле келип, дагы айдасам, дагы келип, аябай жиниме тийгенде, "Мына сага беде чачыш!" - деп колумдагы орок менен атып урдум эле, орогум ал чычкак торпокко тийбей, үстүнөн кайып "каңк" этип, Абдысаттардын башына бир тийсе болобу! "Чарр" эле дей түштү! Чуркап эле жетип баланы ала койсом, оң кулакты учунан чырпып кетиптир. Анаа, шыркырап кан кетти! Абдысаттар болсо айкырат!

Атырылып бурчтан чыккан Хусуротхан катындын ач кемердей өңүн көргөндө, кантип ордуман атып туруп, чымын-куюн болуп качып бергенимди өзүм да сезбей калыптырмын. Хусуротхан артымдан кууп келе жаткансып, чуркап отуруп, чуркап отуруп, бир жерге келгенде карасам, айылдан качан эле чыгып, бир ээн сайдын ичинде тызылдап баратыпмын. Дагы кыйла жүгүрүп отуруп, өпкөм өпкөмө батпай, акактап калганда гана, бир талдын түбүнө келип, сулап жыгылдым.

Ал жерде кыйла жатып, өзүмө бир аз келгенде, бир жолго түшүп, курсагым ачка келе жатсам, бир байдын кемпири тандырга нан жаап жатыптыр. Оозуман кара шилекейим агып кетти! Өтө ачка кишинин мурду аябай сезгич болуп калат экен, ысык нандын жыты тим эле таноону жарат! Эмне кылаарымды билбей кыйла турдум да, анан чөптүн арасы менен өрмөлөп барып, тандырдын аркасына бекинип калдым. Кемпир нанды үзүп, себетке таштап, дагы нан үзгөнү башын тандырга тыкканда, мен себеттеги нанды ала коюп, койнума каттым. Ал үзгөн нанды себетке таштап, башын кайра тандырга тыкканда, дагы бир нанды ала койдум да, чөптүн арасы менен барып, байдын атканасына кирип кеттим.

Акырга беймарал жатып алып, ысык нанды жеп, курсакты тойгуздум. Анан бутту акырга асып коюп, уктап калган экенмин, бир маалда эле күбүр-шыбыр үндөн ойгонуп кеттим. Көзүмдү ачсам, түн кирип калган экен, караңгыдан эч нерсе көрүнбөйт. Бир аял менен бир эркектин үнү чыгат. Алар менин жаныма келип сүйлөшүп жатты. Аялдын үнү:

- Сен кечке кой кайтарып, талаада жүрүп, курсагың да аябай ачкан чыгаар. Сен үнүңдү чыгарбай мында отура тур, мен барып байдын палоосунан бир табак салып келейин, бир тоюп ал, - деп аял чыгып кетти.

Мен үнүмдү чыгарбай отура бердим. Койчуман жанында отурган мени билген жок. Бир маалда аял келип:

- Кел, колуңду жууп ал - деп, койчумандын колуна суу куя баштады.

Мен да койчунун кол астына колумду тосо коюп, кол жуудум. Аял ортого палоону коюп:

- Кана, ала бер, - дегенде, мен бир жагынан, койчу менен аял экинчи жактан кол салдык!

Үн чыгарбай алып жатабыз, жеп жатабыз, алып жатабыз, жеп жатабыз!.. Бир маалда палоо түгөнүп калган экен, караңгыда аны билбей калып, бирибиздин колубузду бири-биз кармап алыппыз, койчуман чочуп кетип:

- Ой, бул жерде дагы бирөө бар экен! - деп бакырып ийсе болобу!

- Ой, сен кимсин?! А өзүң кимсин?! - деп бакырышып калган экенбиз, байдын дөбөттөрү үрүп, жигиттери чуркап келишти. Карай салсам, аткананын жогору жагында бир тешик бар экен:

- Мени буттап кой, - дедим койчуга.

Койчуман буттай койду эле, тешиктен тамдын башына чыгып кеттим, тешиктен колумду сунуп:

- Келе колуңду, - дедим эңкейип.

Койчуман колун берди. Колунан тартып, эми тешиктен чыгарайын дегенде, палоо жеп, майланышкан колдорубуз жылмышып, шалак этип койчуман кулап түштү. Аны байдын жигиттери баса калып, токмоктоп эле калышты. Эки жагымды карасам, дөмпөйүп бир нерсе турат. Жакын барсам, эшектин чому. Аны алып келдим да, койчуманды токмоктоп жаткан жигиттерди мээлеп туруп урдум эле, куюшканы бутума илинип калган экен, өзүм да чом менен кошо "күп" этип, жигиттердин үстүнө кулап түшсөм болобу!

- Ой, булар көп экен! - деп байдын жигиттери качып беришти. Аркасынан биз да качып, экөөбүз эки жакка кеттик!

Эртеси күн ысып кетип, башыма ысык өтө баштаганынан, чарыгымы чечип, желкеге салып, баягы мейиз салган чарчымды селде кылып, башымды ороп алып келе жатсам, бир эле атчан киши атына камчы ургулап чаап келип:

- Ээ, молдо аке, молдо аке! - деп артыман жетип келсе болобу!

Анын аты шалактап, өзү алактап калыптыр...

- Ээ, молдо аке, ырас гана жолукпадыңызбы! Биздин айылда, жалгыз гана бир молдобуз бар эле, ошол өлүп калып, мына үч күндөн бери жаназасын окуганга бир да молдо таппай, сөөгүн жерге кое албай отурабыз. Кана, молдо аке, жүрүңүз. Ошол молдонун жаназасын окуп, башында туруп бериңиз, - деп калса болобу.

- Ой, мен молдо эмесмин, - десем:

- Жо-ок, молдосуз, аябай жакшы молдосуз! Сиз молдо болбогондо, ким молдо болмок эле! Бул аймакта сизден башка бир да селде оронгон киши жок, - деп жалдырап калганынан, "Эгерде менден башка бир да селде оронгон киши жок болсо, демек, менин эмне деп окуганымды деле териштирген киши жоктур. Анын үстүнө, өзү о дүйнөнү жакшы түшүнүп туруп, "Акыры бир күн өлүп кетсем, артымда окуучум калсын," - деп өзүнө шакирт калтырбаган андай молдонун жаназасына, чарчысын селде кылган мендей "молдолор" деле жарай берет," - дедим ичимден.

Анан макул болуп бардым да, жаназага туруп:

- Бисмилла ирохмаан... - деп баратып, калганын ичимден күбүрөй бердим, күбүрөй бердим. Бир маалда, үнүмдү чыгарып кайра, "Бис-милла

ирохмаан..." - деп коем да, кайра эле шыбырай бердим, күбүрөй бердим. Ошентип жети жолу кайталап туруп:

- Мына эми жаназасы окулуп бүттү, бирок молдоңор молдомун деп, көп эле жолу ар нерсе деген экен, көп эле жолу ар нерсени жеген экен. Ошондуктан муну жуунтуп коелу - деп, сайдын боюна алып бардым да, шыйрагынан кармап, сайдын аркы өйүзүнө бир сүйрөп өтүп, берки өйүзүнө бир сүйрөп өттүм да:

- Эми жайга кое бергиле, - дедим.

Адамдар барып көмүп келишти.

- Жаназасын аябай жакшы окудуңуз, - деп өтө ыраазы болушуп, мага бир эчки, бир кой, бир эшекке күрүч жүктөп берип, үйүмө кетчү жолго салып коюшту.

Жолдо келе жатсам, баягы мени токмоктоп, Хуссуротхандын махалласына таштап кеткен досторум мандикерден таш балакет табыша албай, куру кол кайтып келе жатышкандарын көрүп:

- Минтип куру кол үйүңөргө кайтсаңар, бала-чакаңар томсоруп калат. Мен жоготуп койгон бир кадак мейизиңердин ордуна муну чогуу бөлүп алалы, - деп бир кап күрүчтү бешке бөлүп алдык. Койду болсо үйгө келгенде союп, айлыбыз менен чогуу жедик. Эчкини саап, аш катык кылып турдук, - деп чоң атам жомок сыяктуу ушул окуясын айтып берген эле.

- Чоң ата, жерге түшкөн алмаларды эртең да келип теришебиз, – десек.

- А, анда өтө жакшы, кечинде келгиле беймарал отуруп, "Көкөтай мергенди" айтып берейин, - деген...

Оо, чоң атамдын "Көкөтай мерген" деген жомогу - менин эң жакшы көргөн жомокторумдун бири!

# САРЫМСАК БАЙДЫН ӨЛҮМҮ
**(Насыят-жомок)**

Ылгери-илгери өткөн заманда Сарымсак деген бай болуптур. Сарымсак байдын койлору ушунчалык көптүгүнөн, ал койлорго Сарымсак байдын өзүнүн так эсеби жеткен эмес дешет. Маселен, анын койлору суу ичкени төрт чакырым жерге чубап келгенде, койдун алды сууга жетсе, аягы араң козголчу дешет. Кокустан Сарымсак байдын бардык койлору, бир мезгилде сайдан суу ичсе, сайдын суусу соолуп козудай балыктар кодураңдап, койдой балыктар томураңдап калчу.

Ал Сарымсак бай ошончолук бай болгону менен анын жалгыз шымы менен бир эле көйнөгү болуптур. Ал шымын кемпири жууп койгондо, эл менен кошо аш-тойлорго бара албай, жуурканга оронуп, шымы кургаганча үйүнөн чыга албай, калган өмүрүн элге кошулбай, кой менен жүрүп өткөрүптүр.

Анын үйүнө конок келгенде же туугандарынан бирөө жарым келип калганда, кемпири байга барып, "Оо, бай, үйгө конок келди, кан чыгарып бирдеме соелубу," - десе:

- Кой, кой, байбиче, бул бечаралар көзүн жалдыратып турса, кантип гана мууздайсың? Бар, барып курут-пурут эзип эле жөнөтүп ий - деп, коногуна чычкак улак сойбой койчу экен.

Күндөрдүн биринде, анын үйүнө кечки конок болуп бир бечара дубана келип калат. Байбичеси ал карып дубананы аяп, байына келип:

- Оо байым, бир улакка таш кулап, бели сынып калыптыр. Эми ал мал деле болбойт, эмне кылайын? Анын үстүнө бир дубана кечки конок болуп келиптир, - дейт.

- А, бечарам ай, бечарам!... Мейли эми, сойдурсаң сойдур. Меймандын ырыскысы кошулуп калыптыр, - дейт Сарымсак бай.

Кемпири келип, койчуманга бир улакты сойдуруп, дубананы сыйлап жөнөтөт. Болгону ошол болуп, ошондон башка бир мал союлбайт.

Арадан жылдар өтүп, бир жылы кыш оор түшүп, кар өтө калың жаайт. Ач калган койлор биринин жүнүн бири жеп, бир эле жуманын ичинде бүт койлору кырылып калат. Кечээки коюна сан жетпеген Сарымсак бай, бүгүн итке минген кедей болот.

Кышында кокту-колотто тоңуп өлгөн койлордун эти жазда эрип, курттап, сасып кетет. Анын сасыгына адам түгүл ит чыдабай, Сарымсак байдын жайытына кой эмес, жору менен кузгундар толуп кетет.

Ошол эле жылы арам өлгөн койлорунун артынан Сарымсак бай бул жалган дүйнө менен кош айтышып, о дүйнөгө сапар алат.

Өлгөн байдын ариетине соелу десе, чычкак улагы жок, жаназасы окулбай, тажыячы эл туруп калышат. Тууган уруктары: "Тим кой, курут-пурут эзип, кудайысын өткөрө берсин," - дешип эч кимиси бир улак

бербей, тескери карашат. "Эми эмне болот," - деп эл аңырайып турса, кайдан экени белгисиз, бир чолок улак жетелеген дубана келип калат:

- Оо, калайык, мына бул улакты бир момун адам садага берген эле... Бул улактан кан чыгарып, жаназасын окуп коелу. Ылайым, ар кимдин тапкан-туткандары өздөрүнө насип этип, ар пенденин эки дүйнөсүн тең Кудай таала абаат кылсын! Кана, "Оомиин" деп коюңуздар! - дейт дубана.

Ошондо карап турган адамдар да "Оо-миин," - дешип анан Сарымсак байдын сөөгү жерге коюлган экен.

Чын эле, дубана айткандай ылайым ар кимдин тапканы өзүнө насип этсин! Кана, биз да "Оомиин" деп коелу! Оомиин!

# БАЯН СУЛУУ

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, илгери өткөн заманда, Сарыбай менен Карабай деген эки мерген болгон экен. Кайсы бир жылы, экөөнүн айылы кошуна конуп, экөө эки тоого ууга чыгышыптыр. Анан ал экөө уудан бир мезгилде кайтышат. Бир жерден жолугуп калышат.

- Ээ, Карабай, сага эмне жолукту? - дейт Сарыбай.

- Мага бир бооз кийик жолукту эле атканым жок. Сагачы, - дептир Карабай.

- Ээ, мага да бир бооз кийик жолукту...

- Ии, анан?

- Мен да атканым жок. Себеби менин да аялымдын боюнда бар эле, - дейт Сарыбай.

- Оо, менин да аялымдын боюнда бар! Мен да ошондуктан аткан эмесмин!

- Оо, кел анда, экөөбүздүн тең аялдарыбыз уул төрөсө, дос кылалы!

- Ал эми бири уул, бири кыз төрөсө, куда бололу!

- Экөө тең кыз болсо, орток кылалы! - дешип Сарыбай менен Карабай бабырашып келе жатышса, тээ алыста чымындай нерсе эрбеңдеп көрүнөт имиш. "Ой бул эмине болду экен?" - деп карап калышат. Ал караан уламдан улам жакындаган сайын чоңоюп, каргадай болуптур. Анан келип-келип козудай болот. Анан жакын келгенде караса, адам!

- Ой, Карабай, сүйүнчү, сенин аялың уул төрөдү! Ой, Сарыбай, сенин аялың кыз төрөдү! - дейт келген чабарман.

Сарыбай менен Карабай кубанычтары коюнга батпай, кучак жая бирин бири куттукташып:

- Демек, кудай кошкон, куда болдук! - дешип кол алыша, төш кагыша кудалашып, анан аттарын чу коюп чаап келе жатышып, бир көпүрөдөн өтө бергенде, Карабайдын аты жаза басып жыгылып, мойну кайрылып, Карабай кокустан өлүп калат.

Бул жалган дүйнө ушундай жаралган окшобойбу, өлүм менен өмүр, жарык менен караңгы жанаша жүрөт экен.. Кырсык болуп кудасынан айрылган Сарыбай үңкүйүп үйүнө келип, Карабай кудасын жерге коюшат.

А жаңы туулган баланын атын Алыке мырза, кыздын атын Баян коюшат.

Күндөр өтүп, бала менен кыз үчкө чыгыптыр. Ошондо, Карабай менен кудалашып койгонун эстеп, Сарыбай эки келинин чакырып:

- Барып, күйөө баланы көрүп келгилечи, - дейт. Келиндери Карабайдын жесиринин үйүнө келгенде жаңы эле мөндүр жааган экен, наристе Алыке мырза ит аякка түшкөн мөндүрдөн алып жеп отурганын көрүшөт. Кайра үйгө келишкенде, бир келини:

- Ээ, ата, жетимдин иши жетим да, күйөө бала ит аякка түшкөн мөндүрдү терип жеп отурат, - деп коёт.

- Оо, жок! Мен ит аяктан тамак жеген жетимге кыз бербеймин! - деп Сарыбай Ала-Тоодон малын айдап, эч ким билбеген Казактын бир ээн талаасына көчүп кетет.

Күндөр өтүп, жылдар алмашат. Алыке мырза он алтыга чыгат. Ноорузда ал теңдүү балдардын энелери кудалашкан кыздарга белек-бечкектерди алып барышса, анын гана апасы, "Сенин кайлыгың баланча кыз," - деп белек алып, бир жерге да барбаганына камтама болуп:

- Апа, эмне үчүн башка балдардын сөйкө салган кыздары бар, бир гана менин кайлыгым жок? - дейт.

Ошондо апасы көзүнүн жашын жеңи менен аарчып:

- Оо, балам, сенин атаң кудалашып кеткен, Баян деген кайлыгың бар эле. Сарыбай куда сени жетим деп теңине албай, малын айдап, көз көрүп, кулак укпаган бир жакка көчүп кеткен. Баян кыздын азыр кайсыл жерде жүргөнүн билген адам жок, - дейт.

- Андай болсо, мен барып кайлыгым Баянды таап келем! - дейт Алыке мырза.

- Кой, балам, жакын жерде болгондо, эмдигиче бир кабары угулаар эле, барба, - дегенине көнбөй:

- Жок апа, барам! - деп Алыке аттанууга даярданат.

Кандай болсо да уулун бул опурталдуу жолдон калтырыш үчүн:

- Оо, балам,
Короо толгон коюңду,
Муну бир кимге тапшырдың, оу?
Жайыт толгон төөңдү,
Муну бир кимге тапшырдың, оу?
Өрүш толгон жылкыңды,
Муну бир кимге тапшырдың, оу?
Карыганда энеңди,
Муну бир кимге тапшырдың, оу?- дейт.
Анда Алыке мырза,
- Ээ, энеке,
Короо бир толгон коюмду
Бөрү акеме тапшырдым!
Жайыт бир толгон төөмдү
Көк чымынга тапшырдым!
Өрүш бир толгон жылкымды
Жаталакка тапшырдым! - деп ар кимисинин өлө турган апаатын айтып,
- А карыганда энемди
Бир кудайга тапшырдым! - деп баары бир жөнөй турган болот.

Апасы кайра Алыкени токтотуп,
- Оо, балам, ук мени,
Кырдың- кырдың жер келет,

Кырк бөрүсү тең келет,
Мындан бир кантип өтөсүң?
Ойдуң-ойдуң жер келет,
Он бөрүсү тең келет,
Мындан бир кантип өтөсүң?
Чытырман токой, чылк токой,
Кез келсе кантип өтөсүң?
Агын дарыя, арбын суу,
Аны бир кантип кечесиң? - дейт.

Анда ашыгын тапканга ашыгып турган Алыке мырза, апасына мынтип жооп берет:

- Оо, апаке,
Кырдың-кырдың жер келсе,
Кырк бөрүсү тең келсе,
Көп болсо, кырк огум кетээр, апа!
Ойдуң - ойдуң жер келсе,
Он бөрүсү тең келсе,
Ана, он огум кетээр, апа!
Чытырман токой, чылк токой,
Чын жолума туш келсе,
Атаман калган Ак-Кылыч,
Жапыра чаап жол ачам, апа-ов!
Агын дарыя, суу жатса,
Атамын аса таягын таап,
Туура таштап бир паста,
Көпүрө салып өтөмүн, апа-ов!
Чу, жаныбарым! - деп атына камчы басып, жөнөп кетет.
Жүрүп-жүрүп отуруп, чын эле апасы айткандай,
Кырдың - кырдың жер келет,
Кырк бөрүсү тең келет,
Алыке кыркын кырк жакка атат, сулатып!
Ойдуң - ойдуң жер келет,
Он бөрүсү тең келет,
Алыке онун он жакка атат,
Мылтыктан түтүн булатып!
Анан чытырман токой, чылк токой туш болот,
Алыке кылыч менен шилтеп жапырат,
Алдынан кеңири жол ачылат!
Агын дарыя, арбын суу бөгөйт,
Алыке туруп караса,
Дарыянын жээгинде,
Өзү издеген баягы,
Жатыптыр, атасынын таягы!
Ошону суунга салса,
Көпүрө болот калкылдап,
Алыке мындан өтөт, шартылдап!

Ошентип бардык тоскоолдуктардан өтүп алгандан кийин да, Алыке аябай узак жол жүрөт, жол жүрсө да мол жүрөт. Акыры бир күн бешим маал болгондо бир жерге келсе, баканчылап суу көтөрүп, бир келин келе жатыптыр. Аны дароо алдынан тосуп,

- Алмадан бакан, ак челек, жеңе, ай,
Термелет бакан, тик жака, жеңе, ай,
Жок жоготтум, көрдүңбү, жеңе, ай?
Карды бир салык карт атан
Бул дагы бизден жоголду.
Боору бир сүттүү желмаян
Бул дагы бизден жоголду.
Жез гүүлөлүү нар тайлак
Бул дагы бизден жоголду, - дейт Алыке.
Анда суу көтөргөн келин айтат экен:
- Карды бир салык карт атан,
Кайнатаңыз болбосун...
Боору бир сүттүү желмаян
Кайненеңиз болбосун...
Жез гүүлөлүү нар тайлак
Кайлыгыңыз болбосун... Эгер ошондой болсо, ушул кырды ашсаңыз, издегениңизге жетесиз, - деп суусун көтөргөн бойдон кырды ашып кетет.

Кечтин киришин күтүп, Алыке мырза атын отко коюп, өзү жамбаштап жатып калат. Күн кечтеп калганда дагы бир келин шашып сууга келип калат. Алыке анын да жолун утурлай, алдынан тосуп,

- Алмадан бакан, ак челек, жеңе ай,
Термелет бакан, тик жака, жеңе ай,
Жок жоготтум, көрдүңбү, жеңе ай? - деп карт атан, желмаян, нар тайлак жөнүндөгү жанагы суроосун кайталайт.

Ошондо, келин жигитке жылмая карап:

- Мен ошол сиз издеген "Карт атан" кишинин келини болом, - дейт.

Көрсө, ал келин Сарыбайдын келини, Баян сулуунун "ынак" жеңеси экен. Мурдагы сууга келген келин Баян сулуунун "чунак" жеңеси экен. (Аны Алыке кийин билип жүрбөйбү) Алыке мырза сүйүнүп:

- Баян сулуу менин кудалашып койгон кайлыгым экен. Мен аны кантип көрсөм болот? - дейт.

- Баян сулууну көрө албайсыз. Ал азыр кырк өргөөнүн ары жагында, кайтарууда турат...

- Эмне үчүн?...

- Себеби, кырк буттуу тулпар аты бар, Ыбан деген каардуу хан келип: "Баян сулууну мага бересиңер, болбосо элиңерди чаап, башыңарга каран түн түшүрөм!" - деп коркутуп, Баян сулууга куда түшүп жатат, - дейт келин.

Алыке муну угуп:

- Айланайын, жеңетай, үргүлөйүн, жеңетай! Баянымды бир көргөнгө арга таба көр! - деп жалбарат.

- Айласы ушул, - дейт келин.  Кайнатама койчуман болуңуз. Кайнатама койчуман болуш үчүн, алдагы атыңызды катып коюп, койчумандай узун таяк алып, эртең тээтиги кырга келиңиз. Кайнатамдын азыр койчуманы жок, койлорун өзү кайтарып, "Бөрү жатыш" болуп ооруп, кыйналып жүрөт. Мен кайнатама тамак алып келгенде, сизди чакырам, - деп Баяндын "ынак" жеңеси кетет.

Алыке атын өкчөмө ашык кылып өкчөп, сака кылып чөнтөгүнө салып коюп, келе жатса, беш коюн кайтарып, бир жыдыма таз отурат имиш. Алыке жакын келип:

- Ассалоом алейкум! - десе жыдыма таз алик алгандын ордуна, кыт-кыт күлөт дейт:

- Эй, сен эмне салам айтсам, алик албайсың?! - дейт ачууланып.

- Ой, акетай, саламың эмине, алигиң эмине, мен андайды билбеймин. Мага жолуккан эле киши "таз" деп колу жеткени муштап өтөт, буту жеткени тээп өтөт, - дейт таз бала.

- Ээ, Тазбаймат, сен тагдырыңа таарынба. Анткеним, "Ат жакшысы боз болот, эр жакшысы таз болот!" - дейт. Кел андан көрө экөөбүз дос бололу! - дейт тазга колун сунуп.

- Ой акетай, андай күн кайда! - деп колун берип, А достугубуздун белгиси эмне болсун? - дегенде:

- Сенин кой кайтарган таягың болсун! - дейт Алыке мырза.

- Ой достум, анда эле ме! - деп таз бала Алыкеге таягын берет.

Ошентип таз менен достошуп, таягын алып, баягы келин айткан кырга келсе, келин Сарыбайга тамак алып келип, Алыкени эле күтүп турган экен, аны көрө сала, шашкалактап:

- Ата, ата, койчуман өтүп баратат, чакырайынбы? - дейт.

- Чакыр, балам, чакыр, - дейт Сарыбай чал.

- А-аа, койчуман, бери кел,  бер кел! - деп кыйкырат.

Алыке келсе:

- Эй, бала, беш койго бир жыл койчумандыкка жүрөсүңбү? - дейт Сарыбай.

- Оо, беш койго бир жыл койчумандыкка жүрсө болот, - деп Алыке Сарыбайга койчуман болот.

Алыке Сарыбайдын коюна койчуман болуп, үч ай жүрсө да, алты ай жүрсө да Баян сулууну бир көрө албайт. Ошондо арманы аттын башындай болгон Алыке мырза, жатса-турса жаагы тынбай,

- Алты ай бактым коюңду,
Бир көрбөдүм боюңду!
Бир көрсөм сенин боюңду,
Кылаар элем тоюңду!.. - деп боздоп, басса-турса ырдай берет. Башка ырды ырдабайт. Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде, ошол айылдын бир аксакалы, Алыкеге келип:

- Ой, бала, күндө ырдаганың жалгыз гана ушул ыр, мунун кандай сыры бар? - деп калат.

- Ээ, ата, Сарыбайдын кызы - менин кудалашып койгон кайлыгым эле. Атам жашымда өтүп, мен жетим калганда, Сарыбай "Мен жетимге кыз бербеймин!" - деп Баянды алып, Ала-Тоодон ушул жакка көчүп келе берген экен. Мен ошол кайлыгымды бир көрүүгө зар болуп чыгарган ырым, - дейт.

- Ээ... андай болсо мен сага жардам берейин. Баян сулуунун бир желмаян төөсү бар. Сен барып ал желмаянды тиздеп кой. Тизде дегеним, тушап, буттарын байлап кой дегеним. Азыр орозо. Элдин баары ооз ачканы үйлөрүнө киргенде, мен кырк аттын дүбүртү менен атты чаап, "Ал, Сарыбай, жоо келди! Ал, Сарыбай, жоо келди!" - деп, айылды аралап өтүп кетем. Ошондо Сарыбай качат. А Баян сулуу желмаянын таба албай туруп калганда, сен аны көрүп аласың, - дейт.

Ошентип сөздү бекитишип, аксакал кетет. Алыке барып желмаянды кармап, эки бутунан жип менен байлап тиздеп койот. Күн бата, эл ооз ачканы отурганда, кырк аттын дүбүртү менен, аксакал айылды аралап:

- Ал, Сарыбай, жоо келди! Ал, Сарыбай, жоо келди! - деп айгай салып атын чаап өтөт.

Сарыбай айылы менен качып жөнөйт. Желмаянын таба албай, Бити деген күңү менен Баян сулуу калып калат. Ошондо, Алыке мырза Баян сулууну эң алгач көрөт. Чын эле Баян сулуу, сулуу эмей эле, чүрөк экен. Карап турса, Баяндын ар бир баскан изинен гүлдөр өсүп, анын баскан басыгы, белестен жел соккондой майин экен! Беш көкүлү жер чийип, нөшөр жаан төккөндөй экен. Keриле баскан мүчөсү, аскадагы аркардай экен... Деги койчу, Алыке мырза Баянды көрөм деп, аз жерден акылынан ажырап кала жаздап, аны араң көргөндө, эмне деп сөз баштаарын билбей делдейип, анан эсине келгенде калдактап барып, желмаян төөсүн алып келип берет. Баян сулуу Бити күңүн учкаштырган бойдон, Алыкени карап да койбой, жөнөп калат. Ошондо Баян сулууну токтотуш үчүн:

- Оо, Баян, бери токточу!
Кой калды, Баян, мында кой калды,
Тогузга токту тең калды!
Атаңыздын сүймөлүк,
Карабашыл серке бу калды, - дейт.

- Э, калса, кала берсин, - деп карабашыл серкени карап да койбой, Баян жөнөй берет. Баян токтобой койгондо, Алыке аркасынан жетип:

- Кой калды, Баян, кой калды,
Тогузга токту тең калды!
Энеңиздин сүймөлүк,
Сарыбашыл серке бу калды, - дейт. Баян сулуу буга да көңүл бурбайт. Айласы кеткен Алыке:

- Кой калды, Баян, кой калды,
Тогузга токту тең калды!
Өзүңүзгө сүймөлүк,

Алабашыл серке бу калды, - дегенде ошондо Баян эчкирип ыйлап, минген желмаянын токтотуп:

- Оо, Алабашыл серке, Алыке мырзадай асылым эле! Мен аны таштабайм! Бар, барып алып кел, - деп Бити күңүн жумшайт экен.

Бити Алабашыл серкени тутуп, желмаянга өңөртөйүн десе алы жетпей, Алыке мырзаны жардамга чакырат. Алыке серкени бир аз көтөрүп, Баян сулууга жетейин дегенде кайра төмөн тартып, кайра көтөрүп, дагы тартып тура берет. Бити күңдүн тили чулдур экен:

- Ой, өлүгүңдү көйөйүн, чен ач ичкенчиңби же ач ичкен эмеччиңби? Көтөй деп жатам! Болбочо тачтап ийем, - деп каргап-шилейт. Бити серкени өңөрө албай акыры таштап ийет. Серкенин мүйүзү келип Алыкеге бир тийет. Алыке калп эле эси ооп, созулуп жатып калганда:

- Ай, оңбогур күң, бирөөнүн баласын бөөдө өлтүрүп коюп, кун төлөйт окшойбуз! - деп Желмаян төөсүн чөктүрүп, жерге түшүп, Бити күң экөөлөп серкени бир жагына, Алыкени бир жагына артышмакчы болушат.

Ошондо серке ооп, серкени тартса Алыке ооп, тигилердин айласын кетирет. Акыры Баян сулуу серкени таштап, койлорду Бити күңгө кайтартып коюп, өзү Алыкени учкаштырып жөнөп кетет.

Бир жерге келгенде, Алыке сөз баштап, ошол жерден экөө таанышып, желмаяндын үстүндө табышат. Алыкенин ким экенин билген соң, айылына жеткенде кырк өргөөнүн баш жагына алып келип, атасына мындай дейт:

- Атаке, Бити күң серкени көтөрө албай, түшүрүп ийип, бүрөөнүн баласын бөөдө өлтүрүп кою жаздады. Мунун жараты айыкканча, үч төрт күн өзүм карай турайын, - дегенине атасы макул болот.

Ошентип Алыке үч күн эс алганча, Баян сулуу мингенге ат, жегенге азык камдап, төртүнчү күнү кечинде, экөө качып кетишет.

Баян менен Алыкенин качканын эки жеңесинен башка эч ким билбей калат. Ошол күндөрү атасы кайрадан "бөрү жатыш" болуп кеткендиктен, тердейин деп жылаңач үстүнө ысык буудайдан бастырып коюп жатса, баягы "чунак" жеңеси бешиктеги баласын терметимиш болуп:

- Алдей балам, алдей! Алдей, балам, алдей! Эми сени термете турган эжең да кетип калды... - деп коёт имиш.

Ныксырап жаткан атасы, келиндин сөзүнө жакшы түшүнө бербей:

- Эмне дейт?! - деп ордунан тура калганда, "ынак" жеңеси чуркап келип: - Ой, ата, эми тердейин деп калдыңыз. Жакшы оронуп жата туруңуз, - деп, кайра ордуна жаткызат.

Анан шылтоо айтып, "чунак" жеңесин сыртка чакырып кетет. Бир аздан соң ал кайра келип, калп эле баласын сооротумуш болуп:

- Алдей, балам, алдей! Алдей, балам, алдей! Эми сени көтөрө турган эжең да кетип калды...- деп коет.

- Эмне дейт, чунак келин?! - деп Сарыбай ордунан ыргып туруп, кызынын өргөөсүнө келсе, Баян кызы жок! Эшик ачык.

Сарыбай кайындаган каардуу хандын ачуусунан коркуп, Ыбан ханга кабар жөнөтөт. Ыбан хан кырк буттуу атын минейин десе, Алыке менен Баян сулуу кетээринде ошол кырк буттуу аттын туяктарын күйгүзүп

кетишкен экен, шарт минип кете албай, аттын туяктарын дарылап айыктырганча, бир кыйла күн өтөт. Ага чейин беркилер бир топ алыстап кетишет. Аттын буттары айыгаары менен, Ыбан хан куугунга түшөт. Кырк буттун дүбүртү Алыкелерге он күнчөлүк жерден угулуптур! Ошондо бул куугундан кутула албастарын сезип:

- Ээ Кудай, биз ашыктыктын айынан азапты аябай тартып, акыры араң табыштык эле, бизге канат бере көр! - деп, жаратканга жалынышканда, жаратқандын мээри төгүлүп, экөөнө канат бүтүп, экөө тең көгүчкөн болуп учуп кетишет.

Каардуу хан ага карабай, көгүчкөндөрдүн көлөкөсүн кууп, аркасынан калбай кете берет экен. Хандан коркуп эч жерге коно албай, канаттары талып, шилтенбей калганда, Мустак деген тоо бар экен, ошого конушуптур. Ыбан хан да ошо тоого чыгып келип:

- Эй, Алыке мырза, мен да сен сыяктуу Баян сулууну чындап сүйүп калганмын. Эми минтип бирибиз качып, бирибиз кууп жүрө бербейли. Кел, атышалы. Кимибиз жеңсек, ошонубуз Баян сулууга үйлөнөлү! - дептир.

Алыке ал шартка макул болуп, экөө үч күн, үч түн атышат экен. Акыры Алыке Ыбан ханды тырайта атып салат. Анан аны атына жүктөп, элин карай айдап жиберет да, өздөрү кайрадан жолго чыгышат.

Алар узак-узак жол жүрүшөт, жол жүрүшсө да мол жүрүшөт. Алардын ошончолук узак жол жүргөндөрүн ушудан билиңиздер, Баян сулуунун боюна бүтүп, эми төрөй турган маалга жеткенче жол жүрүшүптүр!

Акыры бир көлдүн жээгине келгенде, Баян сулуу бир эркек бала төрөп, атын Сейилбек коюшат.

- Эми мен тиги көрүнгөн айылга барып, сага бир ысык тамак жасатып келейин, силер мында тура тургула, - деп Баян менен Сейилбек уулун бир чынардын үстүнө чыгарып, өзү айылга түшүп кетет.

Ошол маалда бир күң кыз суу алганы көлгө келип, челегине суу алайын деп эңкейгенде, суудагы Баян сулуунун ушундай бир чырайлуу өңүн, пендеде жок сулуу жүзүн суудан көрүп, өзүм экен деп ойлоп:

- Ай-иий, мен ушундай чырай - өң менен ханга ылайык экенмин го! Мен ушундай сулуу жүз менен бекке ылайык экенмин го! Бекер эле суу ташып, кор болуп жүргөн турбаймынбы, - деп, эки челегин эки жакка ыргытып ийип, чуркаган бойдон айылга кетет.

Ал кеткен соң, Баян сулуу Сейилбек уулу менен жерге түшүп, чынардын көлөкөсүнө отурушат.

Күң кыз айылга барса, байбиче өлө токмоктоп, кайра суугa жөнөтүптүр. Күң ыйлап көлгө келип, чынар түбүндөгү Баян сулууну көрүп:

- Ой, ал жерде эмне отурасыз? Чаалыккан түрүңүз бар. Келиңиз мен чачыңыздан кармап турайын, а сиз көлгө түшүп, үстү башыңызды чайкап алыңыз, - дейт.

Баян сулуу буга макул болот. Күң кызга чачын карматып, өзү суугa түшүп баратканда:

- Баса, балаңыздын аты ким? - деп сураптыр.

- Сейилбек, - дейт Баян.

Баланын атын билип алгандан кийин, күң Баяндын чачын кое берип, Баянды көлгө чөктүрүп ийет. Анан Баяндын кийимдерин кийип, Сейилбекти кучактап отуруп калат.

Бир маалда Алыке мырза ысык тамак жасатып келсе, бир эле кебетеси суук бирөө, Сейилбекти кучактап отурат имиш.

- Ой, сен кимсиң, Баян сулуу кайда ? - дейт Алыке.

- Ии-ий, атасы, чиз бизди таштап кеткенде, кайга-кузгун учуп келип, тилибижди чокуп, бижди адам таанығыч кылып кетти, - дейт күң.

Алыке айран-таң эле калып, акыры "Ээ, карга-кузгун тилин чокуп, ашыгым Баянды ушундай адам таанығыс кылып койсо, демек менин тагдырым ушундай экен да," - деп үшкүрүп отуруп калат.

Отуруп-отуруп акыры кайрадан жолго чыгышат.

Алар бир жерге келгенде Алыкенин алдынан бир тай жолугат.

- Ээй, жаныбар, татынакай тай экен, муну жетелеп алайынчы, Сейилбегим чоңойгондо минээр, - дегенде:

- Коюңуз хандын тайыбы, бектин тайыбы, аркабыздан куугун келсе уят болобуз, - деп күң катын тайды алдырбай коет.

Жүрүп-жүрүп отуруп дагы бир жерге келгенде бир сулуу тайлак жолугат. Күң катын муну да алдырбай коет. Андан ары камчы жолугат, Алыке аны эңип алайын десе:

- Ээ, коюңчу, хандыкыбы, бектикиби, аркабыздан куугун келсе уят болобуз, - деп муну да алдырбайт.

Колуна куш келип конот,

- Баланы чокуп коет деп, аны да алдырбай жүрүп, акыры Алыкенин элине жетишет.

Келишсе, "Алыке келди, Баян сулууну алып келди!" - деп эл чогулат. Карашса, Баян сулуу дегендери, күңдөй көрөңдөнгөн бирөө!!! Калың журт айран-таң эле калышат. Аялдын кейпин көрүп туруп, бир да бирөө "той кылалы" дегенге ооздору барбай, акырын жылып эл тарап кетет.

Ошол учурда, Алыке мырзанын бир досу алыскы бир жактан келе жатса, бир эле Ак куу безилдеп, казал айтып жүрөт имиш. Тыңшаса:

- Ээ, акылы жок Алыке мырза,
Сейилбегим болбогондо,
Кетет элем элиме,
Жетет элем жериме!
Кулун болуп көрүндүм,
Миндирбеди сасык күң!
Тайлак болуп көрүндүм,
Алдырбады сасык күң!
Камчы болуп жолуктум,
Эңдирбеди сасык күң!
Ак куш болуп көрүндүм,
Кондурбады сасык күң!
Көзүңдү чылпак басканбы, Алыке,

Акылың таштай катканбы, Алыке? - деп бир Ак куунун боздоп жүргөнүн көрүп, Алыкеге досу келип:

- Бери жүрчү, - деп баягы жерге алып келет. Асманда учкан Ак куу боздоп ыйлап, баягысын кайталайт.

Ошондо Алыкемырза кайра келип, жүзү кара, бетпак күңдүн бетин тилип, туз сээп, ээн таалага айдап жиберет. Анан Сейилбекти көтөрүп Ак кууга келсе:

- Сейилбегим сасык күң жыттанып жатат - деп жерге конбой Ак куу учуп кетет.

- Чоң чарага боз бээнин сүтүн толтуруп, Сейилбекти жуунтуп, кайра Ак кууга алып келет.

- Дагы эле сасык күңдүн жыты бар, - деп Ак куу конбойт.

Ошондо ак төөлөрдүн сүтү менен чараны кайра толтуруп, Сейилбекти дагы бир жолу жуунтушат. Анан баланы алып келгенде, Ак куу жерге конуп, айтылуу Баян сулууга айланыптыр!

Баян сулуу баласын көздөй келатса, анын ар бир баскан изинен гүлдөр өсүп, баласын бооруна басып күлгөн сайын, десте-десте гүлдөр оозунан чачылып туруптур. – Мына, бул биздин чыныгы Баян сулуу! - дешип чогулган эл да кубанып, отуз күн оюн, кырк күн тоюн кылып, Алыке мырза менен Баян сулуу калган өмүрлөрүн жомоктогудай жыргап-куунап жашап калышкан экен.

# ГҮРСКҮЛДӨ БАЛБАН

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, кылоосу кызыл экен, бул жомоктун да куйругу узун экен.

Илгери- илгери өткөн заманда, бир хандын Ай десе аркы жок, Күн десе наркы жок, жападан жалгыз кызын бир аюу келип, ала качып кетет экен.

Ошондо хан бүт элин чакырып,

- Кимде-ким менин кызымды эсен-аман таап келсе, кызымды ал жигитке кара суга нике кыйып берем, - деп жар салат.

Бул жарлыкты уккан мергендердин баары кызды издеп, шашыла тоого жөнөшөт.

Бир мерген гана шашпай, алгач ок-дарыдан аябай көп камдап, анан тоого жөнөйт. Ал жүрүп отуруп бир жерге келсе, кызды алып кеткен аюу үңкүрдөн чыгып, адам көтөрө алгыс чоң таштар менен үңкүрдүн оозун корумдап, тосуп жатат имиш. Аюу тамак издеп алыстап кеткенде, мерген акырын келип, үйдөй таштардын алдын казып, адам баткыдай тешик жасап,

- Мен сени алып кеткени келдим. Мына бул тешиктен чык, - дейт шаштырып.

- Жок, аюу бизди кууп жетип, экөөбүздү тең өлтүрүп коет, - деп болбойт.

- Сен коркпой чыга бер. Менин огум аябай көп, аюу келсе атып өлтүрөм, - деп кызды чыгарып, качып жөнөшөт.

Аюу аларды алыстан көрүп калат да, "АА-УУ!!!" - деп аска-зоону жаңыртып, жүрөктүн үшүн алган ач кыйкырык менен кууп калат. Кууганда да ушунчалык каттуу кууйт экен, тим эле аттын алты аттаганын Аюу бир аттап кууйт. Ошондо бул Аюудан качып кутула албасын билип, мерген ат менен кызды бир жерге бекитип, оозунан ак көбүк аралаш кан чачып, өлөөрүнө карабай, арбаландап келе жаткан аюуну жүрөк тушуна алты ок кадап, араң жыгат. Анан аю жыгылган жерге келсе, анын жүрөгүнөн атып чыккан кан, кан эмес эле чок агып жаткандай, кан аккан жердин чөптөрү кыпкызыл болуп күйүп жатат имиш.

Эми ал аюу каны жеткен жердин чөбүн өрттөп ал кала берсин, биз болсо кыз менен мергенди ээрчип, хандын алтын сарайына келели.

Аюу ала качкан кызын аман-эсен көргөн хан сөзүндө туруп, отуз күн оюн, кырк күн тоюн өткөрүп, кызын кара суга нике кыйып, мерген жигитке берет.

Арадан күндөр өтүп, хандын кызы алты күн катар толготуп, акыры бир уул төрөйт. Анын атын Гүрскүлдө коюшат. Апасы алты күн толготуп, араң төрөгөн баласы жөнөкөй бала эмес, Кудайдын кудурети менен башы адам, калган денеси аюунукундай түк баскан бала төрөлөт. Андан да кызыгы, ал алты эле күндө "Апа" деп сүйлөп, бирге толгон балдардай тайтаңдап басып кетиптир. Ал эми алты айлык болгондо, жети-сегиздеги

балдар менен алыша кетсе, көтөрүп чаап, өзү алтыга чыкканда, менмин деген жигиттердин да ага алы жетпеген балбан болот.

Бирок анын күчү жигиттей болгону менен, кулк-мүнөзү, акыл-эси бала эле бойдон калат. Өзү теңдүү жаш балдар менен ойноп, алар менен чырдаша кеткенде катуурак кармап койсо, биринин колу сынып, биринин буту майып болуп, айылдагылардын тынчын кетире баштайт.

Ошондо ата-энелер чогулуп ханга арызга келишет.

- Бу сиздин неберeңиз бала эмес, башыбызга балээ чыкты, ханым!.. Айылыбызда анын колу тийип, майып болбогон бир да бала калган жок. Ошондуктан бизди анын кордугунан куткарыңыз, - дешет.

Хан ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры вазирин чакырат.

- Ээ, акылман вазирим, иш ушундай. Неберем айылга тынчтык бербей, эл нараазы болуп жатат. Анын үстүнө бул бала, балага да окшош эмес... Жарымы адам, жарымы аюу... Эми канткенде элдин талабын аткарабыз? - дейт.

- Ханым, түшүндүм. Сиз аны отун алып кел деп, токойго жөнөтүңүз. Ал жердеги аюу, карышкыр, жолборстор аны жеп коюшат, - деп кеңеш берет.

Хан вазири айткандай, Гүрскүлдөн чакырып:

- Балам, отунубуз жок, аябай кыйналып жатабыз. Сен токойго барып отун алып келчи, - дейт.

- Макул таята. Андай болсо, мага кырк балбан араң көтөргөн чалгы чаптырып бериңиз мен токойду чаап келейин, - дейт Гүрскүлдө.

"Астапырылда! Токойду балта менен кыйчу эле, чалгы менен чаап келейин дегени эмнеси?" - деп кырк устага кырк балбан араң көтөргөн, эптүү, чоң эмес чалгы чаптырып келсе, аны ары-бери кармалап көрүп:

- Бир аз чагыраак болуптур.., а мейли, бул деле боло берет, - деп, чалгысын мүрүгө салып, заңкылдап ырдаса тоо жаңырып, токойго жөнөйт.

Токойго келип, бир заматта токойдун бир топ жерин шылый чаап, анан барып аюу, жолборс, карышкыр, а түгүл түлкүлөрдү да тирүүлөй кармап келип, отунду жүктөп кирет. Аю, жолборс, карышкыр, түлкүлөр гана эмес, койчу деги ал отун жүктөбөгөн бир да токойдо жырткыч калбаптыр.

Гүрскүлдөнүн токойго кеткенине үч күн болгондо кыбыла жактан бир эле чаң чыгат имиш! Чыккан чаң тим эле булутка жетет имиш! "Бул кандай чаң болду?" - деп элдин үрөйү учуп карап турса, сан жетпеген жырткыч айбандарга отунду жүктөп, аркасында Гүрскүлдө бала келе жатат имиш, шаңкылдап ырдап. Аны көргөндө, хандын жүрөгү түшүп:

-Ой, нары ташта эле, нары ташта! - деп башындагы хан таажысын ала коюп булгалап, таятасы безилдейт.

Гүрскүлдө болсо:

- Мейли, нары болсо, нары таштайын, - деп эчтеке менен иши жок, эшектен жүк түшүргөндөй гана кенебей барып, жолборстон отунду алып:

- Бар, бара бер, сен эми кутулдуң, - деп токойго айдап, анан аюудан, карышкырдан, түлкүдөн да отундарды түшүрүп, айылдын айланасын он жыл жакса да түгөнбөй турган отунга толтуруп жиберет.

Ошондо Гүрскүлдөнүн жакын бир досу бар экен, ал келип:

- Ай, Гүрскүлдө досум, таятаң сени отунга эмес, өлүмгө жумшаган эле, - деп болгон иштин чынын айтып берет.

- Ээ.., андай болсо, башымды алып бул жерден өзүм эле чыгып кетейин да, бактымды башка жактан издеп көрөйүн - деп башы оогон жакка жол тартат.

Ал жүрүп отуруп бир жерге келсе, бир балбан, бир чынар теректи тамыры менен жулуп алып, бир колунан бир колуна ыргытып, оюнчуктай ойноп келе жатат имиш.

- Ээ, балбан, каякка бара жатасың? - дейт Гүрскүлдө.

- Ээ, бир Гүрскүлдө деген балбан чыгыптыр, ошону менен күч сынашып, күрөшкөнү баратам, - дейт имиш ал.

- Аа, анда мен ошол Гүрскүлдөнүн досу болом. Мени жыксаң аны да жыгасың. Кел күрөшөлү, - дейт.

Тиги балбан макул болуп, экөө күрөшө кетет. Наркы балбан Гүрскүлдөнү көтөрүп чапканда, Гүрскүлдөнүн буту кызыл ашыкка чейин жерге кирет. А Гүрскүлдө көтөрүп чапканда, ал мурдуна чейин жерге кирип, эки кулагы гана көрүнүп калат.

- Ой, тарт эле, тарт! Мен сага жан жолдош болоюн, - деп жалдырап жиберет.

- Макул - деп, аны акырын кулагынан тартып, сууруп алып,

- Атың ким балбан? - десе.

- Саралтай, - дейт тиги балбан.

Ошентип ал экөө достошуп, андан ары жөнөшөт.

Алар жүрүп отуруп бир жерге келишсе,

- Ал тоо менен бул тоону кагыштырып ийсем, - деп дагы бир балбан келе жатат дейт.

- Ой, балбан, эки тоону кагыштырсам деп, сен каякка баратасың? - дешет экөө.

- Бир Гүрскүлдө балбан чыккан имиш, ошону менен күрөшүп, күчүмдү сынаганы баратам, - дейт ал.

- Оо, анда жакшы. Мына бул жигит ошол Гүрскүлдө балбандын досу болот. Эгер муну жыксаң, Гүрскүлдө балбанды да жыгасың. Каалаcаң муну менен күрөшүп, күчүңдү сынап көр, - дейт Саралтай балбан.

- Макул, - деп экөө бел кармаша кетишет.

- Мурда сен чаап көр, - деп Гүрскүлдө жол берет.

Тиги балбан Гүрскүлдөнү көтөрүп туруп чапканда, ал тизесине чейин араң жерге батат. Эми Гүрсүкүлдө айлантып келип чапканда, тиги башына чейин жерге кирип, чокусу гана көрүнүп калат экен.

- Ой, тарт эле, тарт, мен сага жан жолдош болоюн! - деп бакырып жиберет.

Аны да Гүрскүлдө акырын тартып алып:

- Атың ким балбан? - деп сурайт.

- Агалтай, - дейт тиги балбан.

Ошентип аны менен да достошуп, эми үчөө шерик болуп, андан ары бара жатышса, бир топ кыз-келиндер чогулуп, селкинчек тээп

атышыптыр. Гүрскүлдө балбан акырын барып, эң сулуу бир кызды ала качат да, жүрүп отуруп бир жерге келишсе, бир бош үй туруптур. Ал үйгө кирип:

- Биз эми сени карындаш кылып алалы. Биз ууга кеткенде, сен отту өчүрбөй, бизге тамак даярдап берсең болду. Мындан ары биз сени Чаным деп жүрөлү, - деп кыздын атын Чаным коюшат.

Ошентип берки үчөө ууга чыгып, Чанымкыз отту өчүрбөй, агаларына тамак даярдап, ал төртөө чогуу жашап калышат. Бир күнү ууга кетип баратып, Гүрскүлдө балбан Чаным карындашын чакырып:

- Чаным, сен биз жокто казанга этти салганда, боорду кошо салбагын, отуң өчүп калат, - деп эскертет.

Алар ууга кеткенде, "Боорду кошо салса, кантип эле от өчүп калсын," - деп казанга этти салаарда, боорду кошо салган экен, чын эле оту өчүп калат. "Ой, эми агаларым чарчап келишсе, ач калат экен! Эми кандай кылсам?! - деп сыртка чыгып, эки жакты караса, жылт-жылт этип бир жерден жарык чыгат имиш. "От алып келейин," - деп ал жерге чымын-куюн болуп чуркап барса, очогуна от жагып, бир Желмогуз кемпир отуруптур.

Кыз кемпирди көрүп:

- Арыбаңыз, эне, - дейт сылык гана.

- У, кан оозуңа кан толгур! Жин оозуңа жин толгур! Кокус салам айтпаганыңда саам саатка койбойт элем! Кана айт, эмне жумуш менен келдиң? - дейт Желмогуз кемпир.

- Отум өчүп, от сурап келдим, - дейт Чаным.

Желмогуз кемпирдин казаны кыпкызыл болуп какшып, очокто асылып турган экен, какач баскан башын карт-карт тырмап:

- Күүч-күүч, - деп чакырса, бир апсыйган ити чуркап келип, какшып турган казанга силкинип ийет. А иттен түшкөн биттер барс-барс жарылып, бадырак болуп калат.

- Тос этегиңди, - деп этектин бир жерин тешип, куурулган биттерди салып берип:

- Эми артыңды карабай, тез кеткин, - дейт.

Чаным артын карабай чуркап кете берет, а этегиндеги тешиктен түшкөн биттер жерге түшсө эле тал терек болуп, ошол замат аркасынан өсүп, Чанымдын каякка кеткен изин билгизип, узун жол болуп калат. Кыз аны билбейт. Үйүнө келип, отун күйгүзүп, агаларына тамагын даярдап коет.

Эртеси агалары ууга кеткенде, тал теректер менен Чанымды таап, Желмогуз кемпир келет да:

- Келчи, башыңды карап берейин, - деп кыздын чачын карамыш болуп, башынан канын соруп-соруп:

- Менин келгенимди агаларыңа айтпа, - деп кетип калат.

Ошондон баштап күн сайын агалары жокто Желмогуз кемпир келип:

- Чаным, Чаным, кел башыңды карап берейин, - деп башынан канын соруп кете берет.

Арадан күндөр өтөт. Күн өткөн сайын Чанымдын арыктап, өңүнөн азып баратканын Гүрскүлдө байкап калып:

- Карындашым Чаным, сен эмнеге эле өңүңдөн азып, күндөн-күнгө арыктап баратасың? Же "Этке кошуп боорду салба" - десем болбой, боорду кошо салып, отуң өчүп, анан Желмогуз кемпирден от алып келем деп, каныңды сордуруп ийген жоксуңбу? - дейт чачынан сылап.

Эреркеп кеткен карындашы эчкирип ыйлап жиберет да, агасын мойнунан кучактап:

- Ооба, байке, ошол от алып келген күндөн баштап, сиздер ууга кеткенде күн сайын келип, башымдан канымды соруп жатат, - деп болгон ишти толук айтып берет.

Эртеси ууга жөнөөрдө Гүрскүлдө балбан болгон ишти берки экөөнө айтат.

- Андай болсо, бүгүн мен ууга чыкпай, мында кароол болуп калайын, - деп Саралтай балбан суранып, Чанымды кайтарып калат.

Ак кылычын алып, эшик артына бекинип турса, Желмогуз кемпир келип, (Саралтайдын мында экенин билгендей),

- Сары бир кылыч колго алып Чаным,

Саралтай агаң үйдөбү Чаным? - дейт.

Саралтай агасынын мында турганы, Чаным кызга бел болуп,

- Сары бир кылыч колго алып, как баш, Саралтай агам үйдө жок, как баш! - деп жооп берет.

- О, өлүк-тиригиңди көрөйүн, Чаным! Тилиң гана чыгып калыптыр! Каныңды гана сорбосомбу! - деп үйгө кире бергенде, Саралтай шашып кетип чала чаап алган экен, кылыч тийбей, Желмогуз кемпир үйдөн чыга качып:

- Каап, шашпай тур! Сага эле бирди кылбасамбы!- деп муштумун кезеп, кетип калат.

Агалтай менен Гүрскүлдө уудан келип:

- Ии, туттуңбу? - десе.

- Жоок, качырып ийдим, - дейт башын шылкыйтып.

- Сен кармай албасаң, анда мен калайын, - деп эртеси Агалтай калат.

Агалтай агасы эшик оозунда бекинип турса, Желмогуз кемпир келип:

- Акалбарс кылыч колго алып, Чаным,

- Агалтай агаң үйдөбү, Чаным?! - дегенде:

- Агалтай агам үйдө жок, как баш Акалбарс кылыч колдо жок, как баш, - дейт Чаным.

- О, өлүк канаңды көрөйүн десе! Кечээтен бери тилиң узарып калды э! Каныңды гана сорбосомбу! - деп үйгө кирип келгенде, Агалтай да шашып кетип, чала чаап алган экен, кылыч тийбей, бу сапар да Желмогуз кемпир:

- Каап, сага да бирди кылбасамбы? - деп муштумун мезеп, сөөмөйүн кезеп качып кетет.

Кечинде берки экөө уудан келип,

- Кана кармадынбы? - дешсе,

- Жок, кармай албадым, - дейт Агалтай.

- Ээ, экөөң тең болбодуң, - деп үчүнчү күнү Гүрскүлдө өзү калат.

Бир маалда Желмогуз кемпир келип:

- Гүрскүлдө агаң үйдөбү, Чаным,

- Күмүш сап кылыч колдобу, Чаным? - дегенде Гүрскүлдө үйдөн чыгып, кылычсыз эле колу менен кармап, Желмогуздун колу-бутунан төрт жакка кере байлап:

- Мына бул кыздын канын сордуң беле?- дейт.

- Соргом, - дептир кемпир жашырбай.

- Канын соруп, өңүнөн аздырдыңбы?

- Аздырдым.

- Бул кызды жутасыңбы?

- Жутайын.. жут десең жутайын.

- Мурдагысынан да чырайлуу, мурдагысынан да сулуу кылып кайра кусасыңбы?

- Кусайын, балбан, кусайын..

- Анда жут! - деп Гүрскүлдө кылычын көтөргөндө Желмогуз кемпир Чанымды жутуп, мурдагысынан да чырайлуу, мурдагысынан да сулуу, сындуу да кылып, кайра кусуп берет.

Ага чейин Саралтай менен Агалтай да келип калышат.

- Мына бул досторумду да жутуп, азыркысынан үч эсе күчтүү, азыркысынан үч эсе балбан кылып, кайра кусасыңбы?! - дегенде,

- Ооба! - деп алгач Саралтайды, анан Агалтайды жутуп, мурдагысынан үч эсе балбан кылып, кайра кусуп берет.

- Эми мени да жутасыңбы?..

- Жутайын..

- Кайра кусасыңбы?..

- Кусам, - дегенде Гүрскүлдө балбан эки досуна минтип эскертет:

- Бул Желмогуз өлүп кетсе да мени кайра куспайт. Ошондуктан, ал мени жуткандан кийин, аны союп, бүт денесин тилип, мени издеп тапкыла, - дейт.

Анан Желмогуз кемпирге келип:

- Эми жут, - дейт экен.

Желмогуз аны жутуп, чын эле кайра куспай коет. Ошондо эки досу кемпирди союп, ичин жарса, Гүрскүлдө жок! Ичек-карындарын аңтарса да жок! - "Оозунда калып калбасын," - деп жаагын жарып, тиштеринин арасын, тилдин астын карап чыкса да, такыр таба алышпай, мукурап, эми эмне кылаарын билбей калганда, бир чымчык келип:

- Чирр-ик, чирр-ик, чыпалак, чирр-ик, чирр-ик чыпалак, - дей берет экен.

- Ээ, токточу, - деп Желмогуздун чыпалагын жарып жиберсе, Гүрскүлдө балбан ошол жерде малдаш токунуп отурат имиш! (Гүрскүлдө балбан анын чыпалагына эле баткан болсо, демек Желмогуз кемпир аябагандай эле чоң нерсе болгон экен го!!!)

Ошентип Гүрскүлдө балбан эсен-аман чыпалактан чыккандан кийин карашса тим эле карагандын көзү тайгылган сулуу, мурдагысынан да келбети келишкен сымбатуу жигит болуптур.

- Эми, баарыңарга чоң рахмат! Ушунча чогуу жолдош болуп, Желмогузду жеңдик. Ушунча мезгил чогуу жүрүп, чыныгы достордон боло алдык. Ушунча мезгил биз менен бирге жүрүп, отубузду өчүрбөй, тамагыбызды даярдап, бир тууган карындашыбыз боло алган Чаным сулуу, баарынан да сага рахмат! Эми сен өз ата-энеңе барып, сүйгөнүң менен баш кошуп, бактылуу бол! Биз да өз теңибизди таап, өз тиричилигибизди кылалы. Эмесе, ар кимибиз өз бактыбызды тапканы, көк кептер болуп учалы, - деп баары көк кептер болуп учуп кетишиптир.

Алар азыр да бири-бирин сагынганда көк кептер болуп учушуп, тез-тез жолугуп турушат имиш...

# Эмнеге ит мышыкка, мышык чычканга өч

Илгери-илгери өткөн заманда ит менен мышык, чычкан үчөө бир айылда чогуу жашашып, чогуу эле жашабай, өтө ынтымакта болуп, жөн гана ынтымакта эмес, бирин бири конокко чакырып, бир табактан тамак жеп, ал эми курсактары тойгондо, чычкан комуз чертсе, мышык бийлеп, ит созолонто ырдап, өтө ынтымакта жашап жүрүшкөн экен.

Ошол кой үстүнө торгой уялаган заманда ит түнкүсүн короо кайтарса, күндүз жайытка кой жайчу. Ал эми эмне иш кылаарын билбеген мышык ошондо деле жылуу жерде уктаганды жакшы көрсө, тынчы жок чычкан колунан көөр төгүлгөн өтүкчү болуптур.

Күндөрдүн биринде ит мышыкка мындай кеңеш берет:

- Адамдардын "Жигит кишиге кырк өнөр аздык кылат," дешкенин көп эле угуп жүрөм. Сенин минтип жүргөнүң болбостур. Жок дегенде бир өнөр үйрөнүп ал, - дейт.

- Өнөрдүн эң жашысы кайсы? - дейт мышык калжактап.

- "Өнөрдүн жаманы болбойт" дешет адамдар. Кайсы өнөрдү үйрөнсөң, өнөрдүн эң жакшысы ошол болот. Кааласаң тоокторго кошулуп конок, таруу эгип, дыйканчылыкты үйрөн.

- Жо-жок, жаздан күзгө чейин жер чапчылаган тоокторго гана жарашат, - деп мышык баш чайкайт.

- Анда эмесе, каз өрдөккө кошулуп арык казып, сугатчы бол!

- Мен күн сайын алты жолу бетимди жууп, тазалыкты жакшы көргөн жанмын. Чалчык менен балчыкка баткан каз өрдөккө гана жарашат, - деп мурутун сылайт мышык.


- Аа, жылуу жерди жакшы көрчү элең, анда чычканга шакирт болуп, өтүк тиккенди үйрөн, - дейт дөбөт.

Жылуу үйдө отуруп, чычкандын өтүк тиккени мышыкка жага берип, эртеси чычканга шакирт болуп кирет. Окуунун биринчи күнү чычкан майлуу терини кантип ашатканды көрсөтө баштаганда, мышык жактыра бербей минтет:

- Жо-жок, тери ашаткандын мага кереги жок, аны мага айтпай эле өзүң ашата бер. Бүгүнчө мен эс ала турайын, - деп очок жанындагы талпакка жатып уктап калат.

Эртеси чычкан келип, ашатылган терини кантип ийлөөнү үйрөтө баштаганда:

- Терини ийлегендин мага кереги жок. Мен өтүк тиккенди үйрөнсөм болот, Сен териңди ийлей бер, а мен бүгүн да эс ала турайын, - деп дагы очок жанында уктап калат.



Үчүнчү күнү уста чычкан териден кантип кайыш жип тилгенди айта баштаганда эле:

- Ой, андай майда-чүйдөлөрдүн мага кереги эмне, бүгүн да эс ала берейин, - деп жүрүп кантип тери ашатканды, ийлегенди, бычканды, кантип боеш керек сыяктуу эң керектүү өтүкчүлүктүн сырларын үйрөнбөй, уйку менен үч айлык мөөнөтүн өткөрүп жиберет.

Үч ай толгон күнү уста чычкан бычылган кайыш, ийрилген жип, калып, шибеге ийнелерин алдына коюп:

- Мышык мырза, өтүк тигүү үчүн керектүү бардык нерсе даяр болду. Бүгүн өтүк тигүүнү баштайбыз. Шибегени бул жагынан сайып, ийнени ал жагынан сайып, анан шибегени артка тартып, ийнени алга түртүп, мунусун бери, тигисин ары тартып тиге беребиз, - деп тигүү жолдорун үйрөтө баштайт.

- Аа, болду-болду, шибегени бул жагынан сайып, ийнени ал жагынан сайып, анан шибегени артка тартып, ийнени алга түртүп, мунусун бери, тигисин ары тартып, тиге берет экенмин да. Мени үч ай бою бекер кыйнабай, окуунун мына ушул жеринен эле баштабаган сен начар устат окшойсуң. Мен өтүккана ачканы кеттим, - деп көчөгө чуркап чыгат.

- Мен өтүкчү болдум, кимге өтүк керек болсо, мына мага келе бергиле! - деп жар салат.

- Тоодо кой айдап жүрүп, чокоюм жыртылып калды эле, кылычын алып кыш да келип калды, мага бир өтүк тигип бер, досум, - деп ит тери көтөрүп, мышык "устага" келет.

- Оо, албетте, досум, шибегени бул жагынан сайып, ийнени ал жагынан сайып, шибегени артка тартып, ийнени алга түртүп, беркисин бери тартып, келишкен өтүк тигип берем - деп мышык досун узатат.

Иш башталардын алдыңда эң биринчи очокко оттон улуу жагып, отурчу жерин жумшактап, өтүк тигүү үчүн ит алып келген терини колуна алат. Калдайган каттуу терини ары кармалап, бери кармалап, ашатканга акылы жетпей, ийлегенди эстей албай, бычканга баамы жетпей, мени жакшы үйрөтпөптүр деп, эмне кылаарын билбей, башы катып маң болуп, кандай кылчу эле деп таң болуп, эси кетип жүрүп, үч күндү текке кетирет. Үчүнчү күнү ит досу кабар алганы келип:

- Ии, уста мышык, өтүк жакындайын дедиби? - десе:

- Оо, алып келген териң майлуу экен, ашатып жатам минтип, - деп жыдыбаган жүндү жулмалап,

- Эмки аптада кел, - деп жолго салат.



Бир аптадан кийин өтүгүн сурап ит келсе:

- Оо, таштап кеткен териң каттуу экен, мына минтип ийлеп жатам, - деп дагы жолго салат.

Эки апта өткөндө өтүгүн сурап ит дагы келет.

- Оо, майлуу териңди ашаттым, анан калдайып өтө эле катуу экен, аны ийлеп жумшарттым. Эми минтип бычып жатам, - деп ой келди жыртып:

- Эми бир айда кел, - дейт.

- Ой, уста мышык, күрөгүн алып күз келди, эми тездет, - деп ит кетет.

Аш- быш дегенче бир ай да өтүп, адыр менен ойду аппак кар басат. Өтүгүн сурап жылаң аяк ит дагы келет.

- Оо, досум, шибегени бул жагынан минтип артка тартып, анан ийнени минтип алга түртүп, мунусун бери тартып, тигинисин ары тартып, өтүгүңдү бүгүн тиге баштадым, - деп чакчалекей жыртылган терини ой келди жерден сайгылап.

- Эми, эки айда келсең бүтөт, - дегенде:

- У-уу, уста болбой умуран калган мышык! Кой-эчки менен ат, уйлар эбак эле уста чычканга эң сонун өтүк тиктирип, кычыраган кышты тоготпой кийип жүрөт! Кылычын алып кыш келди, өтүгүмдү бер! Болбосо... Ар-рр!!! - деп азууларын арсайтканда, өмүрү иттин ачууланганын көрө элек мышык, коркконуна чыдабай, качып берет.

Ал чуркап отуруп чычканга келет.

- Сен мага өтүк тиккенди начар үйрөтүпсүн! Мыйаяуу! - деп бечара устатына бакырганда, уйкучу мышыктын мынчалык ачууланганын эч көрбөгөн уста, тигип жаткан өтүгүн ыргыткан бойдон ийинге кире качат.

Ошол күндөн бери мышыктан аябай коркуп калган чычкан, устачылыкты таштап салыптыр.

А мышыкка ишенген ит азырга чейин жылаң аяк жүрбөйбү. Ошондуктан ит мышыкты көргөндө "Өтүгүмдү бер" деп кубаласа, "Сен мени начар үйрөтүпсүң!" - деп мышык чычканды кууп, илгерки ынтымактуу үч дос бири бирине өч болуп калышкан экен.

# КЕНЖЕ УУЛ ЧАГАТАЙ

Илгери-илгери өткөн заманда, бир байдын үч уулу болуптур. Бай эки уулун үйлөп-жайлап, экөөнө тең өз энчилерин бөлүп берип, алардан көңүлү тынат экен.

Эми байдын Чагатай деген эң кенже уулу калыптыр. Баса, ал баланын өз аты Атабек экен. Айылдагы оюн-зоок болобу же иттер талашып тытышкан жер болобу, кыскасы, кайсы жерде ызы-чуу чыкса, ошол жердин чордонунда сөзсүз Чагатай жүрчү экен. Чын эле ал айылда Чагатайсыз иттер талашып, жайыттагы жылкы үркпөйт экен. Чагатайсыз оюн-зоок уюшулуп, бала-чака да топтолчу эмес экен.

А бай болсо, "Мейли, бала дегендин шогу эле жакшы, тентек бала тез токтолот. Алтын башы аман болсо, Чагатайым жакшы адам болот. Анын азыркы шоктугу - эл менен болгусу келгени," - деп койчу экен.

Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде кокустан эле байдын аялы каза болот. Жыл айлантпай, ага-тууган чогулуп, байды экинчи жолу үйлөндүрүп коюшат. Байдын ал аялы да үч уул төрөйт экен. Кийинки балдары төрөлгөндө, байга утур алардын кичинекейи ширин көрүнүп, мурдагы мураскор Чагатайы эми акырын четке сүрүлөт. Албетте өгөй эне өгөйлөбөй, инилери күнүлөбөй койбойт...

Ошентип ал өгөй эненин колунда калып, аталаш инилери менен чоңойот. Бирок Чагатай жигит болгондо деле токтолбой, баягы Чагатай бойдон кала берет...

Күндөрдүн биринде ал атасына келип:


- Ата, мен эл кыдырып, жер көрүп дегендей, өз бактымды издеп көрөйүн, - дейт.

"Эл, жер көрсө башы бышып токтолоор," - деп бай уруксат берет.

Чагатай ошол кеткен бойдон кабары чыкпай көпкө жоголот. Анын эмне иш кылып, кайда жүргөнүн эч ким билбейт. Ошентип дайыны чыкпай жүргөн Чагатай бир күнү айылга кайтып келет. Чагатайдын аман-эсен келгенине сүйүнүп, бай союшун сойдуруп, конокторду чакырат. Кошуна колоң, тууган-урук топтолот.

- Бу, Чагатай, кайда бардың, эмне иш кылдың, сүйлөп отур, - дешет келгендер.

Ошондо тентек Чагатай башын шылкыйтып: - Ээ... Мен эл кыдырып, жер көрдүм. Акыры бир кербенге кошулуп, соодага чыктым. Менин соодадан жолум болбой, бирөөлөргө үч миң алтын теңге карыз болуп калдым. Аны төлөйм деп көп аракет кылдым, бирок, эптей албай койдум. Акыры аргам кеткенде асынып алсамбы деп ойлодум... Өлөйүн десем жан таттуу, өлбөйүн десем, убаданы бузуп, уят болгону турам. Иш ушундай! - дейт экен.



Чагатайдын бул айтканын угуп, тууган-урук баш чайкашат, унчугушпайт. Акырын аңдып бай жакты карашат... Ата деген канетсин, ойлонуп отуруп калат.

Анан эл кеткенде:

- Эртең ал адамдарыңды чакырчы, сүйлөшөйүн, - дейт бай.

Чагатай ал күнү жатып калып, эртеси барып эки адамды эрчитип келиптир.

- Менин уулум силерге канча карыз эле? - дейт бай экөөнө.

- Үч миң алтын теңге, - дешет келгендер.

- Ал үч миң алтын теңгени качан төлөш керек эле? - дейт бай экөөнө.

- Убада бүгүнкүгө болгон...

- Азыр менде анчалык даяр теңге жок. Бирок да бүгүн мен ал карыздын тең жарымын төлөйүн, калганын үч айдын ичинде таап берсем макулсуңарбы? - дейт.

Тигилер макул болушуп, бир жарым миң алтын теңгени алып:

- Эми сиз калган акчаны төлөп бүткөнчө, Чагатай биз менен кетет, - дешет тигилер.

Арга жок, бай макул болуп, уулун тигилер алып кетишет. Арадан бир ай өткөрбөй, бай миң теңгени даярдап коёт. Тигилер келип, "Эми биз эки айдан кийин келебиз," - деп акча менен кошо, Чагатайды кайра алып кетишет. Күндөр өтүп, бай калган беш жүз теңгени да таап күтүп жүрсө, бир күнү эле келишкен сонун ат минип, Чагатай өзү жалгыз келип:

- Ээ, ата, ишим жакшы болуп, бир топ акча кылдым. Эми калган беш жүз теңгени өзүм төлөйм, - деп кайра кетет.

Бирок, кандай иш баштаганын, кайда жүргөнүн айтпай кетет.

Ошол ошол болот, ошол жолугушуудан кийин туура үч жыл өтөт. Үч жыл бою бай уулунан бир да кабар укпайт. Албетте, ата деген уулунан тынчсызданып, сарсанаа болуп жүргөн күндөрдүн биринде, жанына жан жолдош алып, атын алып байлаган жигити менен Чагатай келип калат да:

- Атаке, биз менен жүрсөңүз, мен сизге бир нерсе көрсөтөйүн - дептир.

Атасы атына минип, Чагатай менен жолго чыгат. Алар жүрүп отуруп, бир тоого келишет. Ал тоонун түбүндө бир үңкүр бар экен. Ал үңкүрдөн бир тегирмен суу чыгып турат имиш. Суунун өйүз-бүйүзүндө алтын жууган адамдар кум чайкап, андан ары жуулган алтынды эритип, кырктан ашык зергерлер иштеп жатышыптыр. Бай мындай алтын кен туурасында такыр уккан эмес экен, ошондуктан:

- Бул кимдики? - деп сурайт.

- Сиздики ата.. жүрүңүз, - деп, андан ары эрчитип, бир Ак сарайга алып барат. Ак сарайга киришсе, келиштире салынган дасторкон турат имиш. Дасторкон бетине жер үстүндө өскөн бардык даамдар коюлуптур. Дасторконду тейлеп кызмат кылгандардын буту бутуна тийбей жүрүшөт дейт, лепилдеп.

- Кана, ата, төргө өтүңүз, - деп, жамбашына пар жаздыктан кабаттата койдуруп, атасын төргө отургузат. Бай таң калат, бирок кексе неме сабыр кылып, ашыкча собол салбайт. Алдыга келген тамак аш желип, колго суу куюлгандан кийин, Чагатай уулу эки колун бооруна алып, атасына мындай дейт экен:

- Атаке, мен мындан үч жыл илгери, "Бирөөлөрдөн үч миң алтын теңге карызмын," - деп алдыңызга барган элем. Сиз ал карызды төлөгөнсүз...

- Уланта бер, уулум, кулагым сенде, - дейт атасы.

- Ошондо мен калп айткан элем... Ата, мен "Эл кыдырып, жер көрөм," - деп үйдөн кеткенден баштап, аз сүйлөп, көп укканга, көп иштеп, аз уктаганга аракет кылдым. Билимдүүнүн илимин, өнөрлүүнүн кесибин үйрөнгөнгө аракет кылдым. Ошентип эл кыдырып, жер көрүп, бир карыган зергерге шакирт болдум. Ал зергер-зергерлердин үлкөнү экен!. Алтын, күмүш, каухардын тилин билип, алар менен адамдай сүйлөшө алган жан экен... Күндөрдүн бир күнүндө ал устазым катуу ооруп, жаздыкка баш койду. Мен анын жанынан карыш жылбадым. Бир күнү таңга маал "Жаныма жакын отур," - деди. Мен отурдум. Устатым сөзүн улады. "Зер кадырын зергер билет. Зергердин залкары - байлык үчүн зер чаппайт, сулуулук үчүн зер чабат. Жөн гана сулуулук эмес, сулуулуктун тазалыгы үчүн, тазалыктын да тунуктугу үчүн зер чабат. Ушуну унутпа!" - деп суу сурагандай колун жаңсады. Мен бир чөйчөк суу бердим. Устат суудан бир ууртап, "Убакыт аз, ошондуктан негизги сөздү айтайын. Мына бул тоо түбүнөн чыккан сууну байкадыңбы? Ал суунун көзүн ачып иштесең, түгөнбөгөн алтын табасың... Тээ илгери мен бала кезде, кытайлар бул

жерден алтын кен таап, аны жаңы эле каза баштаганда, Манас баатыр кол курап, калмак, кытайды сүрүп кирди. Ошондо бул кенди бекитип, оозун жаап кетишкен..." - дегенди араң айтып, устазым көз жумду...

Анан мен бир нече айлап, бул жерди ар тараптан аңдап көрдүм. Карыялардан сурамжылап, алтын жайын билгендер менен кеңештим... Акыры бул жерде алтын бар экенине көзүм жетти. Эми андай чоң ишти баштаганга чоң акча керек болчу. Атаке, өзүңүз жакшы билесиз, мен жаш кезимде апам өлүп, сиз башка аял алдыңыз. Ал апабыз да үч уул төрөдү. Мурдагы мага калчу чоң мурас, эми аталаш инилериме калмай болгон.. Ошондо мен ачыгын айтып акча сурасам, азыркы апабыз да, берки инилерим да каршы болуп, мендей тентекке акча бермек эмессиздер. Аргам кеткенде бала кездеги шоктугумду карматып, - "Канткенде да атам, "карызмын" десем таштай албас," - деп өзүңүзгө калп айтканга аргасыз болгом. Сиз чын эле мени таштабай, жардам бердиңиз. Мен ал акчанын баарысын бул кенди ачканга жумшадым.

Эми, Кудайга шүгүр, мына кен ачылып, ар кырк күндүн биринде төөлөргө алтын жүктөп, бул жагы Индостан, ал жагы Бежинге чейин соодагерлерди жөнөтүп турам. Ата, менин аргасыз болсом да калп сүйлөгөнүмдү кечириңиз? Мен эми устатымдай зергер болсом дейм. Зергер деген байлыкка эмес, сулуулукка, тазалыкка, тунуктукка умтулат экен. Тиги алтын кен да, бул турган Ак сарай да сиздики ата, алыңыз! - дейт экен Чагатай зергер.

Ошондо бай көзүнө жаш алып, Чагатай уулун кучактап, бооруна басыптыр. Анан акырын далысына таптап туруп:

- Тапканыңды өзүңө насип этсин, уулум! Мен сага ыраазымын! - деп ак батасын берип, эми бул "тентек" уулунан да көңүлү тынып, анан кийинки балдарын да үйлөнтүп-жайлантып, алардан да көңүлү тынып, бул өмүрүнө шүгүр деп, жакшы жашап өткөн экен.

# ШЫЙБЫЛЧАК

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, илгери өткөн заманда, бир куу Түлкү болгон экен. Ал алыс бир жактан келе жатып, бир шыйбылчак таап алыптыр. (Илгери козу-улактын шыйрагын "шыйбылчак" деп койчу экен). Шыйбылчакты таап алып, "Эх-ээ муну бир нерсеге жаратайын," - деп шыйбылчакты көтөрүп жолго түшүптүр.

Келе бериптир, келе бериптир, акыры күн кечтеп калганда, бир байдын үйүнө келип:

- Оо, бай аба, алыстан келген конок элем, түнкү конок болуп кетейин, - дейт.

- Мейли, мейли Түкөбай, төргө өт, мейманым бол, - деп түлкүнү төргө өткөрүп, алдына дасторкон жаят.

Түмөн-түркүн тамак коюлат. Түлкү да шыйбылчагын алып, дасторконго коет. Бай куураган шыйбылчакты көрүп:

- Оо, мейман, шыйбылчагыңды сыртка эле кое тур, эртең аласың. А бүгүн менин сыйымды көр, - дейт.

- Сырттан жоголуп кетсечи? - дейт куу Түлкү.

- Жоголуп кетсе, ордуна бир далымчек эле берейин дейт бай. (Илгери козу-улактын далысын "далымчек" деп койчу экен).

"Хе, куураган шыйбылчактын ордуна, жумшак далымчек алсам жаманбы?" - деп шыйбылчакты сыртка коюп келет.

Тамак желип, баары жатып укташат. Түн жарым болгондо Түлкү акырын сыртка чыгып, шыйбылчакты байдын дөбөтүнө салып берет. Эртеси:

- Ой, менин шыйбылчагым жок! - деп башын койгулап ыйлай баштайт.

- Кой, ыйлаба, мына шыйбылчагыңдын ордуна далымчек ал деп, козунун жумшак далымчегин карматат. Түлкү далымчекти алып жолуна түшөт. Жолдо келе жатып:

- Шыйбылчак, шыйбылчак,
Шыйбылчакка далымчек!
Ох-ох-ой, эх-эх-эй,
Шыйбылчакка далымчек, - деп ырдап келе берет.

Бир маалда күн кечтеп, дагы бир байдын үйүнө келип:

- Оо, бай аба, мен бир алыстан келген жолоочу элем, түнкү конок болуп кетейин, - дейт.

- Кел-кел, төргө өт, мейманым бол, - деп төргө өткөрүп, алдына дасторкон жаят.

Түмөн-түркүн тамак коюлат. Түлкү да далымчегин алып, дасторконго коет. Эти жок куу далыны көргөндө:

- Оо, мейман, далымчегиңди сыртка эле коюп кел, эртең аласың. А бүгүн менин сыйымды көр, - дейт бай.

- Сырттан жоголуп кетсечи? - дейт куу Түлкү. Байдын жини келип:

- Э, ошол далымчегиң жоголсо, ордуна бир токту эле берейинчи! - дейт.

Түлкү ичинен жым этип, дароо далымчегин сыртка коюп келет. Тамак желип, баары жатып укташат. Түн жарым болгондо Түлкү акырын туруп, далымчегин талаага ыргытып келип, жатып калат. А эртеси туруп эле:

- Ой, менин далымчегимди ит көтөрүп кетиптир! - деп ыйлай баштайт.

Бай жоголуп кеткен далымчектин ордуна бир токту берип, Түлкүнү узатат. Токтуну айдап:

- Шыйбылчак, шыйбылчак,

Шыйбылчакка далымчек!

Далымчекке бир токту,

Ох-ох-ой, эх-эх-эй! - деп ырдап келе берет да, кеч киргенде, дагы бир байдын үйүнө келип:

- Оо, бай ата, түнкү конок элем, түнөп кетейин, - дейт.

- Кел, кел коногум, үйгө бут кирсе, кут кирет дейт, төргө өт, - дейт бай.

Түлкү токтусун жетелеген бойдон, төрдүн төбөсүнө өтө баштайт.

- Ай-хай, мейман, токтуңду короодогу эле койлорго кошуп кой, эртең аласың, - десе:

- А жоголуп кетсечи? - дейт куу Түлкү.

- Э, ошончо койдун арасынан, жалгыз сенин токтуң жоголсо, ордуна тогуз эле кой берейинчи! Меймандын токтусун короодогу койлорго кошуп койгула, - дейт жигиттерине.

Алар токтуну алып чыгып, короодогу койлорго кошуп коюшат. Бай Түлкүнү аябай конок кылып, анан калыңдата төшөк салдырып жаткызат. А куу Түлкү калп эле уктамыш болуп жатып, үйдөгүлөр тегиз уктаганда, акырын сыртка чыгып, токтусун талаага айдап жиберет.

Эртеси эртең менен:

- Ой, менин токтум жоголуп кетиптир! - деп ызы-чуу салып, ыйлай баштайт.

А десе да болбойт, бу десе да болбойт. Акыры "Элге шерменде болбоюн,"- деп бир токтунун ордуна тогуз кой берип, араң узатышат. Кымыңдаган куу Түлкү жолдо келе жатып:

- Шыйбылчак, шыйбылчак,

Шыйбылчакка далымчек!

Далымчекке бир токту,

Бир токтуга тогуз кой!

Ох-ох-ой, эх-эх-эй! - деп өз алдынча кыткылыктап, ырдап келе жатса, бир топ киши бирөөнү табытка салып, көрүстөнгө бара жатышат.

- Эй, бурадарлар, өлгөн ким? - деп сурайт экен.

- Бир байдын кызы, - дешет адамдар.

- А мына бул тогуз койго өлүк кызды сатасыңарбы? - десе,

- А сен муну эмне кыласың? - дешет тигилер.

- Мен аны касиетүү "Шыйбылчак" мазарына алып барып коем, - дейт Түлкү.

Өлүктү жол боюна коюп коюшуп, адамдар күдү-күдү күбүрөшөт экен, шыбы-шыбы шыбырашат экен, анан макул болушат экен.

Ошентип, Түлкү тогуз коюн аларга берип, өлүк кызды алат экен да, жакшылап жасантып, кийинтип көтөрүп жолго чыгат.

Бир жерге келгенде күн кечтеп, дагы бир байдын үйүнө токтойт. Түнкү конок сурайт. Бай макул болот. Түлкү өлүк кызын тикесинен эшик оозуна жөлөп коюп, өзү төргө өтөт.

Байдын бир сулуу кызы бар экен, эшикке жөлөнүп турган кызга келип:

- Ай кыз, жүр ойнойбуз, - дейт.

Өлүк кыз унчукпайт. Байдын кызы жанына келип,

- Жүр, ойнойбуз, - деп колунан тартканда, жөлөнүп турган өлүк кыз кулап түшөт. Түлкү тура калып:

- Ой, менин кызымды өлтүрүп койду! - деп чачын жулуп ыйлай баштайт. Бай менен байбиче, эмне кылышаарын билбей калышат.

- Кызымды төлөп бергиле же казынын алдына жүргүлө, - деп айгай салып, догурунат.

Айла жок, өлгөн кыздын ордуна, бай өзүнүн кызын берет.

Түлкү кызды алып, кайрадан жолго чыгат. Күн кечтеп калганда, адамдар кызды көрбөсүн деп, капка салып көтөрүп алып, дагы бир байдын үйүнө келет. Түнкү конок сурайт. Бай макул болот. Капты эшик оозуна коюп, Түлкү төргө өтөт. Бай жакшылап конок кылып, жатаарда төшөк салдырат. Жол жүрүп аябай чарчаган Түлкү, башы жаздыкка тийээри менен уйкуга кетет. Ошондо байдын байбичеси өтө кыраакы кемпир экен: "Бу Түлкү деген куу неме болчу эле, капка эмне салып алды экен?" - деп каптын оозун ачса, бир эле сулуудан сулуу кыз ыйлап отурат имиш.

- Ой, сен эмне үчүн каптын ичинде ыйлап отурасың? - десе, кыз көзүнүн жашын көл кылып, башынан өткөн окуяны айтып берет.

- Уу, өлүк тиригиңди гана көрөйүн куу Түлкү десе! Кой, ыйлаба кызым, мен сени куу Түлкүгө бергенче, өзүм кыз кылып аламын, деп, кызды каптан чыгарып, ордуна бир алгыр тайганды салып, каптын оозун өзүндөй кылып бууп коет. Таң заарда Түлкү кабын көтөрүп, үйүн көздөй жөнөйт.

Жолдо:

- Шыйбылчак, шыйбылчак,
Шыйбылчакка далымчек!
Далымчекке бир токту,
Бир токтуга тогуз кой!
Тогуз койго өлүк кыз,
Өлүк кызга тирик кыз! - деп ырдап келе жатып, каптагы кызды чымчып койсо, тайган "каңк-каңк" деп кыңшылап ийет экен. Түлкү бул добушка өтө курсант болуп:

- Оо, кылыктуу кыз окшойсуң! - деп кыткылыктап, кайра эле:

- Шыйбылчак, шыйбылчак,
Шыйбылчакка далымчек!
Далымчекке бир токту,
Бир токтуга тогуз кой!
Тогуз койго өлүк кыз,
Өлүк кызга тирик кыз! - деп ырдап келе жатып, каптагы кызды кайра чымчып койсо, тайган каңшылап жиберет.

- Ох-оо, чын эле кылыктуу кыз экенсиң! - деп сүйүнүп, капты жерге түшүрүп, боосун чечип оозун ачканда, жини келип турган тайган "Арр!!!"- деп чыга калыптыр.

Тайганды көргөндө, Түлкүдө жан калабы?! Тура калып, качып берет. Тайган кууп калат. Тайган кууп отуруп эми жетип, толорсуктан аларда, оң жакка ойт берип, Түлкү бир кутулат экен. Тайган дагы жетип, эми толорсуктан аларда, сол жакка ойт берип, Түлкү экинчи жолу да аман калат экен. Ошондо тайгандын чындап жини келип, бир секирип жеткенде, Түлкү Кашкулактын ийинине кире качып, тайган болсо куу Түлкүнүн булаңдаган куйругун гана жулуп, сыртта калыптыр.

Жүрөгү түшкөн куу Түлкү куйругун итке жулдуруп, түнү менен ийинде жатат. Эртеси үйүнө келсе, куйругу жок куу Түлкүнү көрүп, башка түлкүлөр аябай шылдыңдап, "Чолток, чолток!" - дешип, үйүрүнө кошпой коюшат. Ошондо куу Түлкү кекенип:

- Шашпагыла, силерге бирди кылбасамбы! - деп жолго чыгат.

Жолдо келе жатып, бирөөдөн түшүп калган эки даана жүзүмдү таап алат да, ал эки даана жүзүмдү эки мурдуна тыгып алып, берки түлкүлөрдүн жанына кайра келип:

- Ах!... Ох!...- эле дейт, мурдун кайра- кайра көккө көтөрүп.

Буга таң калган түлкүлөр:

- Ой, чолток, сага эмне болду? - дешет аны тегеректешип.

- Ах! Ох! Бир жерге барсам, жүзүм деген нерсе бир бышыптыр дегиле, бир бышыптыр! Шиңгил-шиңгил жүзүмдөрдү алып жей берип, жей берип, ох, мына мурдумдан да чыгып кетти! Ох! - дейт экен, мурдун көрсөтүп.

Караса, чын эле эки мурдунан тең жүзүм чыгып турат!

- Э-эй, чолток дос, бизди да ошол жүзүм бакка алып барчы, - деп түлкүлөр жалдырай баштaшат.

- Мейли, жалдырап калдыңар, алып барса алып барайын. Бирок бир шарт менен алып барам, - дейт.

- Кандай шарт койсоң да биз макулбуз, иши кылып жүзүм бакка алып барсаң болду, - дешет аябай жүзүм жегилери келген берки түлкүлөр.

- Анда бириңдин куйругуңа бириң байлангыла! - дейт чолток куу Түлкү.

Түлкүлөр бири-бирине куйруктарын байлашат.

- Эми көзүңөрдү таңамын да, жүзүм бакка жеткенде, "Көзүңөрдү ачкыла!" - дейм, ошондо көзүңөрдү чечип, жүзүм мурдуңардан чыкканча

жей бересиңер, - деп баарынын көздөрүн таңып, шагыратып айдап жөнөйт.

Кете берет, кете берет, акыры бир жерге келгенде:

- Ой, чолток дос, жүзүм бакка жетейин дедикпи? - дешет көзү таңылуу түлкүлөр.

- Жарым жолго жеттик, - деп коет чолток Түлкү.

Дагы бир топ жүргөндөн кийин:

- Эмичи? - дешсе,

- А эми аз калды... - деп жүрүп отуруп, мергенчилер ууга чыкчу кырга айдап келет. Алдынан кырк тайган ээрчиткен мергендер көрүнгөндө:

- Жүзүм бакка жеттиңер! Көзүңөрдү ачкыла! - деп өзү артын көздөй качып берет.

Бир үйүр түлкүнү көргөндө, "Ал!" - деп мергенчилер тайган-дарды агытышат. Көздөрүн ачкан түлкүлөр, зуулдап келе жаткан тайгандарды көргөндө, куйруктары байлануу байкуштар ызы-чуу түшүп, бири ары тартса, бири бери тартып, тайгандан корккон түлкүлөр куйруктарын жулуп, качканы качып, кача албаганын тайгандар алып, чоң алаамат болот! Акыры ажалы жетпей аман калгандары куйруктарын үздүрүп, үйлөрүнө келсе, дөңдө чолток Түлкү отурат имиш:

- Ии, мен да чолток,  
Сен чолток!  
Мен да чолток,  
Сен чолток! - деп ырдап.

Ачуусу келген түлкүлөр аны аябай сабап, үйүрүнө кошпой, тобунан алыс кууп чыгышыптыр.

Куу түлкүнүн куйругу үзүлүп, чолток болуп калганы, бат эле элге маалым болот, эч ким аны түнкү конокко калтырмак түгүл, кайра ага тайган иттерин тукурушуп, эми чолток Түлкүң айыл аралай албай калыптыр.

Азыр да адырма- адыр тентип жүргөн ал түлкүнү, кез-кезде көрүп калган кишилер бар дешет. А бирок мен өзүм бир да жолу чолток түлкү көрө элекмин.

Ушуну менен, курсагы ачкандар тамакты күттү, а Токтош абаңар жомокту бүттү.

Анда эмесе, эмки жомокко чейин кайыр кош.

## МАЗМУНУ


АРАП МЕРГЕН ........ 3
БҮБҮАЙША-КУУРЧАК ........ 6
КАЙЫПТАР АЙЫЛЫ ........ 9
АМАТБЕК МЕНЕН ЖУСУПБЕК ........ 18
КЫЗЫЛБАШ ХАНДЫН ТҮШҮ ........ 19
МАГЯДАЙ СЭЭРЧИ *(СЫЙКЫРЧЫ)* ........ 22
АЗГЫРУУ ........ 25
БОЗЖИГИТ МЕНЕН КЫРК ЖИГИТ ........ 27
КАРАКӨЗДҮН МАХАБАТЫ ........ 29
КҮТҮҮСҮЗ БАЙЛАНЫШ ........ 31
ТӨЛӨГӨНДҮН ЖАРДАМЫ ........ 34
ЭНЕ ........ 36
АПЕНДИ УУРУЛУК КЫЛГАНДА ........ 38
АКЫЛДУУ ЭШЕК ........ 42
АПЕНДИ  УУДАН КАЙТКАНДА ........ 43
АПЕНДИ КАРООЛ БОЛГОНДО ........ 44
АПЕНДИНИН НАСИПКЕ ТААРЫНГАНЫ ........ 46
АПЕНДИНИН ТЕЛЕВИЗОРУ ........ 46
МОЛДОЛОР ЖОЛДОН ЧЫКПАСЫН ........ 46
АСАНДЫН АТЫ КИМ ЭЛЕ? ........ 47
БЕТИ ЧОТУР ЧАЙХАНАЧЫ ........ 47
АПЕНДИНИН ЖУУЧУЛУГУ ........ 48
БАЙДЫН "БИТ", "ИТ" УУЛУ ........ 48
КӨКӨТАЙ МЕРГЕН ЖАНА АНЫН ЭКИ УУЛУ ........ 49
ГЕРКӨКҮЛДҮН ЭКИНЧИ ЖОРТУУЛУ ........ 55
ӨНГӨН ДАНЕК ........ 61
КУМУРСКА МЕНЕН ЖАЛКОО ........ 66
БОЗКОЁН МЕНЕН ЖАЛИЯР ........ 69
ӨЗ АТАМ ТУУЛА ЭЛЕКТЕ… ........ 80
КУЛАГЫН ЖЕГЕН ЭКЕН ........ 82
КАЙБЕРЕНДИН КӨЗ ЖАШЫ ........ 84
АКЖЫЛАН БЕРГЕН АЛТЫН КУШ ........ 87
КУУБАШ МЕНЕН АЧ КӨЗ ЧАЛ ........ 97

АЖЫДААР КЫЗ....................100
АЛП КОЕН БААТЫР....................106
ЫР ТОКТОТКОН АЛТЫН ТЕҢГЕ....................112
ЖАН МЕНЕН ЧООР....................114
АТА-БАЛА....................118
МАНДИКЕРГЕ БАРГАНДА....................120
САРЫМСАК БАЙДЫН ӨЛҮМҮ....................126
БАЯН СУЛУУ....................128
ГҮРСКҮЛДӨ БАЛБАН....................138
ЭМНЕГЕ ИТ МЫШЫККА, МЫШЫК ЧЫЧКАНГА ӨЧ....................145
КЕНЖЕ УУЛ ЧАГАТАЙ....................149
ШЫЙБЫЛЧАК....................153

Токтош Абыкеев

**Кайберендин көз жашы**
*(Жомоктор жыйнагы)*

*Чыгышына жооптуу: Н. Рымбекова*
*Редактору: С. Кубатова*
*Компьютердик калыпка салган: Ж. Курмушуева*

*Сүрөтчүлөр:* У. Жалиев, А. Курмамбетов, К. Батырканов, А. Боронбаев,
Т. Жумабаев, С. Арыков, Н. Шаршенов, А. Турсункулов,
А. Алайчиев, Б. Молдошев

Басууга 08.05.2013-ж. кол коюлду

Форматы: 21x29,70
Көлөмү 13,2 эсептик басма табак
Тапшырык №533
Нускасы: 500 даана

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду
тарабынан сунушталды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент)
Материалдарды даярдоо жана полиграфия башкармалыгында
басмага даярдалып, басылып чыкты.



***ТОКТОШ АБЫКЕЕВ***
***Москва шаарындагы М. Щепкин атындагы Жогорку театралдык окуу жайын артыкчылык диплому менен аяктаган.***
***«Шумкар» аттуу көркөм видеофильмдин жана «Кыткылык» сатиралык телеберүүсүнүн автору жана режиссеру.***
***Балдарга арналган «Жаңы жомоктор», «Балдар үчүн жомоктор», «Табыптын сыры», «Арап мерген», «Кумурска менен жалкоо», «Ажыдаар кыз» аттуу китептердин автору.***
***Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү.***